
Султан АШЫРКУЛОВ
Түбү-өлүк...
Түр-муш...
Жаш-оо...


Көзүн ачып жаралганча чыгарма,
Колдоп - коштоп, кошо тарткан убайыма.
Мээрим төккөн жубай менен кыз берген,
Миң мертебе ыраазымын кудайга!

**Султан Ашыркулов**

# Түбү - өлүк.... Тур - муш.... Жаш - оо....

Бишкек - 2020
ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
А 98

Китептин чыгышына колдоо көрсөткөн
КР. Журналисттер кошуунунун мүчөсү, акын
**Эшназаров Мухамедалы Адылбековичке**
терең ыраазылык билдирем!

А 98 Ашыркулов Султан:
Түбү-өлүк.... Тур-муш.... Жаш-оо: *Ырлар топтому*
Б. ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА 2020.288 б.

ISBN 978-9967-9211-4-6

Султаналы Ашыркуловдун бир топ ыры буга чейин Чаткал райондук "Чаткал оттору" гезитинде жарык көрүп, окурман журту тарабынан жылуу кабыл алынган.

А 4702300200-19

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-9211-4-6

© Ашыркулов Султан 2020

Канча жылдар келсем дагы жашырып,
Бир сыйкыр күч батпай койду койнума.
Тагдырымдын жазганына баш ийип,
Ыр жазууну алдым акыры мойнума.
Чыгармама өмүр тилеп силер да,
Кутман элим - бата берип койгула.

# Түбү - өлүк.... Тур - муш .... Жаш - оо....

Султаналы Ашыркулов турмуштук тажрыйбага бай, акындык көрөңгөсү кенен жана жашоонун ар кандай кырдаалдарын баамдай билген кыраакы инсан.

Ал 1956-жылы 27-августта Чаткал районунун Чандалаш айылдык советине караштуу Коргон-Төбө кыштагында кызматчынын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Бала чагынан кең Чаткалдын улуу тоолорунун бийиктигин, мөлтүр булактарынын тазалыгын, табиятынын өзгөчө сулуулугун боюна сиңирип, ошол сырдуу жана сыйкырдуу кубулуштарга суугарылып өскөн. 1973-жылы Чаткал орто мектебин ийгиликтүү аяктаган соң, Фрунзедеги политехникалык институтунун өндүрүш жана граждандык курулуш факультетине тапшырып, аталган жогорку окуу жайын аяктап инженер-куруучу адистигине ээ болгон. Советтер Союзу ураган мезгилге чейин курулуш тармагында мастер, прораб болуп бир нече жыл эмгектенген. Ал белгилүү кыргыз акыны Омор Султановду мисал кылып:

-Жашоодон Омор байкем чарчап келсе,
Мен болсо чарчабастан чорт-чорт сындым.
Байлардын, балбандардын кулагына,
Жетпеди жүрөгүмдөн чыккан ыйым.
Каргышка, бүт дүйнөнү ээлеп алган,
Багынып, башым ийип акыр тындым.

- деп жазгандай, Советтер Союзу таркаган соң өлкөдө жүз берген алдамчылык, куру кошомат ж.б.у.с. пас көрүнүштөр менен келише албай, ара жолдо жумушсуз калган. Андан кийин үй бүлөсү менен турмуштун эчендеген кыйынчылыктарын тартса да адамдар арасындагы

турмуштук пас мамилелер менен турмуш кечирүүдөн баш тартып, өзүнүн кара жанды карч урган эмгеги менен үй бүлөсүн багып келди. Канчалык кыйналса да калемин колдон түшүрбөй, жашоодо баштан кечирген ар бир кырдаалды ырга айлантып ак кагазга түшүрүп топтоп жүрө берген. Бүгүн минтип, топтолгон ырларын мaанилештирип, оңдоп-түзөп көлөмдүү ыр жыйнагын чыгарып олтурат. Акындын ырлары окуганга жеңилдиги, турмуштук терең мааниге ээ экендиги менен окурманды өзүнө тартат.

Акындын акын болмогу бу учу-түбү жок дүйнөнү өз жүрөгүнөн өткөрүп, жашоонун мыйзамдарын өзүнчө таанып, ошол дүйнө таанымын көркөм сөз каражаттары – өзүнүн сүрөткерлик дареметти менен чагылдыра алгандыгында. Адам өмүрү, адамдын жан дүйнөсү ыйык экендигин аңдап, инсандык асыл сапаттардын, бабалардан бери келаткан нарк-насилдердин келечек муундарга өтүүсүнө жол чаба билгендигинде. Ошончүн кезинде авардын залкар акыны Расул Гамзатов өзүнүн “Бийик жылдыздар” аттуу китебинде: “Адамдар эң алыскы жылдыздарга да учуп жетишти. Бирок, мен үчүн андан да бийик жылдыздар бар, ал – адамдардын жан дүйнөсү”, - деген оюн айтат.

Султаналы Ашыркулов да турмуштун оор сыноолорун баштан кечирип, атайын адабий даярдыгы болбосо дагы өз жан дүйнөсүндөгү буулуккан сезимдерин окурмандарга ыр менен тартуулайт. Дүйнө-өмүрдүн далай көйгөйлөрү көкүрөгүнө көкөй кести болуп кадалган Сукемдин сезимдери төмөнкүчө серпилет:

Өмүрүм түшүп жатат күндө топ-топ,
Үзүлгөн сабагынан алмага окшоп.
Саяпкер күлүк атып сүрөгөндөй,

Убакыт сүрөп алган аны коштоп.
Өткөнүң бир кайрылбай кетет чиркин,
Ыйласаң, жалынсаң да аны жоктоп.
Мерчемдүү марасына жеткен кезде,
Калат го бизге айттырбай жүрөк токтоп.
Андыктан тобо кылып тизгиниң тарт,
Бүгүндү эртеңкиге болбойт болжоп.
Пенделер пенделигиң сезе жүргүн,
Барар жер бирөө гана башка жол жок.
Каласың бир күн эле дөбө болуп,
Башкалар сөз да кылбайт сени козгоп.
Кутулуп көр тириликтин көйгөйүнөн,
Жатаарсың эч нерседен кабарың жок.
Эч нерсе колго кармап кете албайсың,
Топурак болот энчиң сенин бопбоз.
Не болду бул дүйнөгө келдиң-кеттиң,
А сенин ордуң калаар эми бопбош.
Тырмалап жаңы үйүлгөн топуракты,
Жүрөттүр ачка калган түлкү жойлоп.

Бир жактан шашып келген шамал гана,
Тураттыр мүрзө үстүндө балким боздоп.

Чыга албай чырмалышкан сансыз ойдон,
Аралап базар ичин, эл жык толгон.
Келатсам кайыр сурап мунжу олтурат,
Бир кезде Мекени үчүн майып болгон.
Бир жакка качып гана кеткиң келет,
Кайрылбай бул жашоого ошол бойдон.

Жашоодогу алдым-жуттумдукка, эл тагдырын ойлобой өз көмөчүнө күл тарткан байбачаларга наразы болгон акын жашоонун оош-кыйышы, түбү-өлүк турмуш тууралуу

ташпишке түшүп, өз тарыйкасы тууралуу төмөнкүдөй ой калчайт:

Мезгилдин көз ирмемин тынбай санап,
Айларым жылды чукуп секин тамат.
Чогулуп бир дайрага өмүр болуп,
Шашылыш ойку-кайкы жылдар агат.
Ар качан боштуктарга умтуламын,
Жоктордон болбогон бир барды самап.
Кетемби ушул бойдон жерге сиңип,
Эч нерсе колдон келбей атаганат.

Ушул эле жүрөктү эзген санаасы тынчыбай автор андан ары минтип ой тегеретет:

Коркомун көзүм жетпей келечектен,
Заманым кайда карай бара жатат?
Тонолуп тытылгандан соо жери жок,
Оор онтоп, араң гана жер айланат.
Томолоп тунгуюкка кетпесе экен,
Билбеймин эми бизди кайда алпарат.
Ойлосом адамзаттын ач көздүгүн,
Эзгилеп көөдөнүмдү сыздайт жарат.
Калчудай дүнүйөгө устун болуп,
“Өзүмө болсо экен!” – деп, баарын самайт.
Алдуусу алсыздарын баса калып,
Күчтүүсү күчсүздөрүн тоноп, талайт.
Сорсок да Жер-Эненин көкүрөгүн,
Кылабыз кайра ага биз акаарат.

Китептеги көркөм дасмиянын баары тууралуу кеп кылып, талдап берүүнүн зарылчылыгы жок. Аны окурман өзү окуп, өз алдынча ой калчаганы дурус.

Албетте, Султаналы аке бала күнүнөн тартып поэзиянын артынан сая түшүп, ыр жазууну техникаларын терең өздөштүргөн профессионал акын эмес. Буйруса, ушул татаал жана түйшүктүү жолдо агабыз дагы далай-далай жакшы ырларды, мааниси терең чыгармаларды жарататат деп үмүт байлап туралы. Эмесе, арышыңыз кеңип, улам жаңы бийиктиктерге умтула бериңиз, Султаналы аке! Поэзия айдыңында Сизге ак жол каалайм!

***Атантай Акбаров,***
*Эл аралык Жалалиддин Руми атындагы*
*жана республикалык Алыкул Осмонов,*
*Молдо Нияз атындагы*
*сыйлыктардын ээси,*
*белгилүү акын.*

Атакем өтө ыр жандуу адам болгон,
Апакем ашса ашкандыр кем болбогон.
Ээрчишип аркасынан мен да келем,
Чыга албай алар салган ошол жолдон.
Элесин жүрөгүмө сактап келем,
Күнү да түнү дагы чыкпай ойдон.
Дүйнөдө теңдеши жок жакшы ыр
жазып, Экөөнө тартуу кылсам деп
ойлогом. Билбеймин арбагыңар
кечиреби,
Силерге бир чыгарма жазбай койсом.

Арманым өтө эле кеч жазып калдым,
Көзүңөр бул дүйнөдөн өткөндөн соң.
Кечиргин алсыз начар чыгып калса,
Күчүмдүн жеткен чеги ушул болгон.
Ар жагын турмуш өзү сындап алаар,
Жасадым эмгегимди келген колдон.

Кабыл ал балаңардын сунган сыйын,
Эстелик ушул болсун менин койгон.

Маңдай тер мээнет менен табылбаса,
Алтындын тыйынчалык асылы жок.
Башынан айрылууну өткөрбөсө,
Сүйгөм деп сүйлөгөндүн акылы жок.
Жаңылып зым тордо да олтурбаса,
Эркиндикти сезүүгө акысы жок.
Кадыры акындыктын кайда калат,
Турбаса жазган ырың сезим козгоп.

Өмүрдүн кайсы күнү кечи кирет,
Жараткан Алла Таала өзү билет.
Жашоонун жылдар эмес жыйынтыгы,
Жасаган эмгек менен эсептелет.

Ишенбе байлыгыңа бир жутчулук,
Ишенбе бийлигиңе бир ышкырык.
Жамандык-жакшылыгын эл көтөрөт,
Жашагын өз элиңди медер тутуп.

Бечаранын керегине жарасам,
Ошол болоор бул дүйнөдөн аласам.
Кыйындыкта турса дагы өз башым,
Көрбөсөм дейм өзгөлөрдүн көз жашын.

Таттуубу, балким ачуубу?
Кое албайт эч ким даам сызбай.
Турмуштун уусун жутпасаң,
Сезилет балы даамсыздай.

Өзүмө берип суроо,
Жооп табам кайтып
дароо. Кош сөздөн

куралыптыр, Башкача
болбойт атоо.
Тургандай өзү айтып,
Түбү - өлүк, тур - муш, жаш - оо.

Кубантып капыс жерден,
Бирөөгө баарын берет.
Ыйлатып кокусунан,
Бирөөгө заарын берет.
Түбү - өлүк, тур - муш, жаш -
оо,
Ошентип тегеренет.

Канатып жүрөгүңдү,
Жакының таштап кетет.
Какшаткан тикенектен,
Гүл өнүп чыга келет.
Түбү - өлүк, тур - муш, жаш - оо,
Бардыгы келме - кезек.

Закымбы карматпаган,
Турмуш бул мынча азоо.
Өкчөгөн каалагандай,
Тагдырдын боору таш-оо.
Сан миң жыл кайталанат,
Түбү - өлүк, тур - муш, жаш - оо.

Бардыгы көз каранды,
Напсине, ниетине.

Жол изде түбөлүккө,
Кетесиң кези келсе.
Тандоону сага койгон,
Ойлонгун, ойлон пенде.

Гамзатовдун мындай деген сөзү бар,
Мезгилинде акындардын эң тыңы:
Жүрөгүмдүн каалаганын көчүргөм,
Коездоп, түздөп олтурбастан мен
чыны.
Бирөөлөргө жагынуу үчүн жазбагам,
Бирдей болгон кара сөзү, ак ыры.

Таңдайыңдан турса дагы ыр агып,
Ыр дебегин уйкаштыкка алданып.
Ар бир сөздү болом десең чын
акын,
Бөлөп ташта кан-жаныңа суугарып.
Жетсин десең жүрөгүңө башканын,
Чын дилден жаз жүрөгүңдөн чыгарып.

Билим алуу Максим Горький айткандай,
Ийне менен болсо кудук казгандай.
Акын болуу сууруп алып жүрөктү,
Эки таштын ортосуна жанчкандай.
Көтөрөөрсүң артылбаган жүктөрдү,
Бүт азапты маңдайына жазгандай.

Көмөкөйдөн турса дагы чаң чыгып,
Начар сөздөр калат кээде кыпчылып.
Бүт ырыңа жалгыз сөздү таба албай,
Кыйналасың кирпик какпай, баш сынып.
Акын күндө толгоо тарткан энедей,
Кааласаң да, каалабасаң – бул чындык.

Белсенип ыр жазууга бердим октос,
Колдосун ырдын пири болуп жолдош.
Акындар түшүнүшүп кечирээр дейм,
Байкабай кээ бир жери болсо окшош.
Себебин түшүнүшөөр алар деле,
Ыр жазуу нан жегендей оңой болбос.

Советтер Союзу таркагандан кийин чынчыл, ак ниет адамдар куу, шумдардын таасирине туруштук бере албай, жашоодон четтеп калышты. Мен дагы бул жат көрүнүшкө аралашып кете албадым. Күнүмдүк турмушум жалган сүйлөп, жагына албаган адам катары өтө оорлоду.

Ачык айтып ак сүйлөөдөн уялбайм,
Жашырып не жашырбасам Кудайдан.
Турмуш кыйнап ач жыланач жүргөнүм,
Мен бирөөдөн жашырганда не кылам.
Башкалардай чыкпадым мен базарга,
Колдон келбейт, мен эч нерсе
сатпагам.

Куулук - шумдук башка менен ишим
жок, Кантмек элем мен ошондой
жаралсам. Бул заманга ылайыктуу
болсо да,
Тил бурулбайт айта албаймын эч жалган.
Колумда эмес аны менин бузууга,
Ички дүйнөм дал ошондой
калыптанган.

Буту - колум, башым туруп чарадай,
Чыгып калдым айла барбы мен сандан.
Болбогон соң колумда бир кызматым,
Мен жумушун аялымдын аткаргам.
Көтөрөсүң турмуш башка салганды,
Идиш жууп, бала багып, нан жапкам.

Кабыргамды кайыштырып турганда,
Жаагын жанып бешиктеги жаш балам.
Эптеп эле тойгузууга курсагын,

Чайнап - чайнап мен оозуна нан салам.
Аттиң дүйнө, бир куруса баары жок,
Кантмек элем сүттүк акча таппасам.
Үй ишинен колум бошой калганда,
Жата калып калем кармап ыр жазгам.
Көчүп жүрсөм тынбай эле сандалып,
Мен байкушта стол болсун каяктан.

Эптеп - септеп эки ооз ыр жазгыча,
Чыр дей түшөт кызым шымын булгаган.
Бут баарына чыдайт тура адамзат,
Мен мынчалык кыйынчылык тартпагам.
Келе калып маңдайыма элеңдеп,
Эки жаштан эми гана жаңы ашкан.
Же байкайбы капа болуп турганым,
Кызым айтат: “Коюң ата ыйлабаң”.
Ийне сайып көңүлүмө тыз этип,
Көңүл чөгүп андан бетер кыйналам.
Кайра алаксып оюнуна тез эле,
Акча бер - дейт - мен көчөдөн кант алам.
Мен ичимден наалат айтам тагдырга,
Ал сөзүнө кандай кылып жооп табам.
Жеңилирээк болоор беле деп кетем,
Неге такыр дудук болуп калбагам.

Жети өмүрүм жерге кирип басына,
Таарый түшөт заматта эле кең аалам.
Колумда жок алып берип коюуга,
Не демекмин бир сом иштеп
таппасам.
Эптеп эле убакытты созууга,
Шылтоо кылып ардемени кармалайм.

Үмүтүмө өзүм дагы алданып,
Жалган эле чөнтөктөрүм аңтарам.

Алданганым аз келгенсип турмушка,
Кандай болот жаш баланы алдасам.
Колу-бутум кадимкидей соо туруп,
Бир кило кант таппаганга арданам.
“Шашпа кызым апаң алып келет” - деп,
Тайсалдата жооп айтамын мен аган.
Кайдан билдим турмуш мындай болоорун,
Бакытыма суктанышчу кыйла адам.
Элим байкуш баеолуктан куруду,
Көпчүлүгү мендей болуп багат жан.

Эгемендик алабыз деп оолугуп,
Кыйын болду бечарага бул заман.
Күнүмдүктүн көйгөйүнөн чыга албай,
Куурасам да эптеп эле келатам.
Мына ошентип бүгүн дагы кеч кирди,
Болбойт эми тамак жасап турбасам.

Силердин да ырысыңар бар чыгар,
Жаркыным деп, Алтыным деп жалбарам.
Менин дагы “карга чычаар” колума,
Сезимимде үмүт жанат кайрадан.
Басып келип эшигимди бир күнү,
Чертип калаар бакыт, байлык жайнаган.

Азырынча жүрүшкөндүр ээрчишип,
Табыша албай кайсыл менин
дарбазам.
Аман болсом берээрлигин унутпас,
Насип бардыр Кудай өзү жалгаган.
Ажеп эмес алгын кулум деп койсо,
Көңүл буруп көөнү сүйүп Жараткан.

Кантейин ушундайбы менин бактым,
Билбеймин кай жеримден аша чаптым.
Саргарып сакая албай өңдөн аздым,

Мынчалык тынымы жок кыйналгыдай,
Түшүнбөйм, куу турмушка неден жаздым .

Элге окшоп же бир жерге турук албай,
Ар жерде кор болду го алтын башым.
Келүүчү күндү эмес саат санап,
Тереңдейт бетимдеги тырыштарым.
Күзгүдөн эртең менен көргөнүмдө,
Боёлуп калат дагы бир топ чачым.

Ичиме толуп, ташып тебет ызаа,
Күйүтүм ким түшүнөт, кимге айтамын.
Кокустан сезип калса таба кылаар,
Бекитем кокус бирөө байкабасын.
Өзүнчө болоор беле бир дарыя,
Сел болуп, көкүрөктөн аккан жашым.
Мойнунан байланган ит ууга деги,
Билет го баарысы эле жарабасын.
Кайрадан шаарга неге көчүп келип,
Неге мен билип туруп кара бастым.

Тыгылып балдар менен тар бөлмөдө,
Үйүмдө кээде нан жок алып жээгө.
Канчалык ойлонбоюн башым катып,
Аягын көзүм жетпейт элестөөгө.
Ушунча жашка келип билбептирмин,
Мынчалык тарлыгыңды аттиң дүйнө.
Балдарым кардым ач деп ыйлап турса,
Жумуш жок иштээриңе кайда барба.
Жээриңе бир үзүм нан таба албасаң,
Башыңды ташка ургун, зарла, ыйла.
Сен барчу жолдор баары жабык болсо,
Дүйнөнүн кеңдигинен эмне пайда.
Мынчалык кор болгудай неден жаздым,
Кээ бирде наалып кетем Жаратканга.

Турмуш турат баш көтөртпөй басмырлап,
Кайра - кайра көз ачырбай камчылап.
Алда неге алаксыйын десем да,
Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн кан чыгат.
Тагдыр..., тагдыр..., неге мынча карыштың,
Ала албаган менде өчүң барчылап.

Тагдыр менин тосуп чыгып каршыман,
Өйдө умтулсам тартат келип артыман.
Дасторконум жылан сойлоп кеткенсип,
Кээде жээгө таппай калам жарты нан.
Кол куушуруп жыгылчудай бутуна,
Карыз сурайм тааныш болгон сартыман.

Дайыма мени гана кыйналсын деп,
Турмушум тура бербес колун кезеп.
Ач болсоң, тогу дагы бар эмеспи,
Бир күнү буга дагы чыгаар эсеп.
Булуттан күн чыккандай нурун чачып,
Айланып мага дагы келээр кезек.
Мен дагы ууртумдан жылмаярмын,
Аркада ач - жылаңач күндөрдү эстеп.

Артыма кайрылууга мүмкүн эмес,
Эр жигит намыс үчүн өлөт дешет.
Баш ийип кыйындыкка мөгдүрөбөй,
Жашоого милдеттүүмүн дайым демек.
Ар кандай соккуларга даяр туруп,
Ишенгим келечекке менин келет.
Өзүмчө ойлоп турсам акыл куруп,
Байлыкка умтулбадым колум сунуп.
Кызматы менден өйдө адамдарга,
Турбадым жалган жерден кулдук уруп.
Намысым чыдатпады андайларга,
Бийликтен, байлыктан да өйдө туруп.

Суу кошпой дайым айттым чынын кептин,
Акты ак, караны мен кара дедим.
Болбогур бир нерсеге бой көтөрүп,
Жөнү жок такыр эле керилбедим.
Кемсинтип бирөөлөрдү кемдиги үчүн,
Кылыгын туурабадым кээ бирлердин.
Бүт эле куулар, шумдар ээлеп алган,
Дүйнөгө ашык баштай сезилемин.
эАйла жок сыр алдырбай жүргөн
менен, Ичимен күйүп кетем эзилемин.
Жүгүрүп ары - бери далбасалап,
Биле албай баканда этти кантип жээрин.
Акыры айла кетип түңүлгөн соң,
жБилемин мышык аны сасык дээрин.
Мышыктай көп нерсеге жетпей калып,
Жөн эле ич күйгөндөн айтат дээрсиң.
Уялам жалынуудан, жагынуудан,
Андайга табитим да тартпайт менин.
Башканын байлыгына сугум артпай,
Өзүмдүн мээнет менен алып жээрмин.

Оозуна алы жетпей мени айтышаар,
Бир жерге турук алып байсал кылбай.
Жонуна таңылчагын артып алып,
Дайыма көчүп жүрчү тыным албай.
Менчиктүү тамы да жок үй күтпөйт деп.
Артыман ушак ээрчиир андай - мындай.
Кудайдан башкадан эч карызым жок,
Бирөөдөн пейилим жок басырынмай.
Терип жеп насибимди жашап келем,
Калп сүйлөп, же болбосо ууру кылбай.
Байлыктын көзү менен караганда,
Бирөөгө мен жылаңач болсом дырдай.
Башымда кедейликтен уялбайм да,
Жер чукуп мөгдүрөбөйм, көңүлүм бай.
Байлыктын мага башка кереги жок,

Ден соолук, жаман катын, балдарым бар.
Билемин алтын башым аман болсо,
Байлыгың, бакытың да качпайт алар.
Аяктан жомоктогу чылк алтындан,
Мен дагы суу ичээрмин далай - далай.
Жаралуу сезимдерди дарыласам,
Дүйнөдөн өтөөр элем арман кылбай.

Жараса керегине бирөөлөрдүн, Түн
термеп толгонуп мен жазган ырлар.
Ичинен жакшылары болуп калса,
Кээсинин жүрөгүнөн түнөк табаар.
Сулуу кыз, же карыя окуп жатса,
Мээнетим эчен жылдык менин кайтаар.
Башкадан өз ырымды угуп калсам,
Өмүрдөн ошол болоор сыйым алаар.
Ырларым эл алдына чыгып калса,
Жокчулук кыйналганым унутулаар.

Өзүмө өзүм көңүл айтам - ээ баатыр,
Жаның кыйнап боло бербе кабатыр.
Ушул бойдон кейип жүрүп өтпөссүң,
Бул жашоонун бир белеги саа бардыр.
Салып жерге салаңдатпай башыңды,
Турмуш сени кордоп, күлсө сен каткыр.
Акыл - эстүү ошон үчүн адамсың,
Караңгыдан жарык кылып таң атыр.
Уят эмес мээнет менен нан тапкан,
Кейибегин кедейликке таптакыр.
"Бир байкуш" - деп болбос жерден
кемсинтип,
Ким айтса да аны бекер айтыптыр.
Мансапкорлук туткунунан чыга алгыс,
Чындыгында дал ошолор мусаапыр.
Башкалардын байлыгына көз артпа,

Деп ойлобо “алар бай да, мен жакыр”.
Кадимкидей байлар деле ыйлашат,
Эч адамга боору оорубай куу тагдыр.
Өзү билет ар ким кандай жашаса,
Бул дүнүйө бир берилген сынактыр.
Байлык, бийлик түбөлүктүү нерсе эмес,
Бирге барып жай алабыз биз акыр.
Бирөөлөрдү бул дүйнөдө сыздатса,
Өзү дагы ал дүйнөдө сыздайттыр. Бул
байлыкты кандай кылып тапканын,
Жараткан да о дүйнөдө сурайттыр.
Байкуш менен бечаранын акысын,
Кайтара албай ошол жакта куурайттыр.
Жебирейил күрсү менен соккондо,
Дудуктанып жооп бере албай тураттыр.
Ач көздүгү өз башына муш болуп,
Аңкүр - мүңкүр бурамасын бурайттыр.
Эч болбосо ошол чындык дүйнөдө,
Сага дагы кезек келээр бир акыр.
Мына ошондо карап турсаң жанында,
Чериң жазып, чын көңүлдөн бир
каткыр.

Өмүрүм түшүп жатат күндө топ - топ,
Үзүлгөн сабагынан алмага окшоп.
Саяпкер күлүк атын сүрөгөндөй,
Убакыт сүрөп алган аны коштоп.
Өткөнүң бир кайрылбай кетет чиркин,
Ыйласаң, жалынсаң да аны жоктоп.
Мерчемдүү марасына жеткен кезде,
Калат го бизге айттырбай жүрөк токтоп.
Андыктан тобо кылып тизгиниң тарт,
Бүгүндү эртенкиге болбойт болжоп.
Пенделер пенделигиң сезе жүргүн,
Барар жер бирөө гана башка жол жок.
Каласың бир күн эле дөбө болуп,

Башкалар сөз да кылбайт сени козгоп.
Кутулуп көр тириликтин көйгөйүнөн,
Жатаарсың эч нерседен кабарың жок.
Эч нерсе колго кармап кете албайсын,
Топурак болот энчиң сенин боп-боз.
Не болду, бул дүйнөгө келдиң, кеттиң,
А сенин ордуң калаар эми боп - бош.
Тырмалап жаңы үйүлгөн топуракты,
Жүрөттүр ачка калган түлкү жойлоп.
Бир жактан шашып келген шамал гана,
Тураттыр мүрзө үстүндө балким
боздоп.

Турмушта ойлогонго колум жетпей,
Өмүрдүн өрүн көздөй келе бермей.
Билинбей дагы бир күн өтүп кетти,
Максаттуу эч нерседен кабар бербей.
Колуңдан бир жакшылык келбеген соң,
Ошентип эптеп - септеп жашай бермей.

"Өлө албай жатып, өлөң айтат", - дегендей, өзүм эмне кылаарымды, кантип бала - чака багаарымды билбей жатып, башкалар тууралуу баш катырам. Заман жаман, заман бузулду. Ар ким өз очогуна күл тартат, элди ойлогон эч ким жок.

Адам өзүнүн ач көздүгү, ичи тарлыгы менен акыр заманды өз колу менен жаратып жатат.

Сыртыман сыр алдырбас болгон
менен, Чыгарбай үнүмдү мен ыйлап
келем. Чынында не кылаарга башым
жетпей, Аргасыз өлүк бүгүн менин
денем.
Бир гана бакыт үчүн жаралат - деп,
Неге анда айтышышат "Адам деген".
Пенденин пенделигин көрүп туруп,
Өзүнчө коомайланып четтеп элден.

Эч кимге кереги жок байкуш болуп,
Чындык да каяккадыр качып кеткен.
Көзүнө тик кароого дитим барбай,
Уятым жер каратып чымчыйт беттен.

Мезгилдин көз ирмемин тынбай санап,
Күндөрүм айды чукуп секин тамат.
Чогулуп бир дайрага өмүр болуп,
Шашылыш ойку - кайкы жылдар агат.
Ар качан боштуктарга умтуламын,
Жоктордон болбогур бир барды самап.
Кетемби ушул бойдон жерге сиңип,
Эч нерсе колдон келбей, атаганат.
Коркомун көзүм жетпей келечектен,
Заманым кайда, кайда бара жатат.
Тонолуп тытылгандан соо жери жок,
Оор онтоп араң гана Жер айланат.
Томолоп туңгуюкка кетпесе экен,
Билбеймин эми бизди кайда алып барат.
Ойлосом адамзаттын ач көздүгүн,
Эзгилеп көөдөнүмдү сыздайт жараат.
Калчудай дүнүйөгө устун болуп.
Өзүмө алсам го деп - баарын самайт.
Алдуусу алсыздарын баса калып,
Күчтүүсү күчсүздөрүн тоноп, талайт.
Сорсок да Жер Эненин көкүрөгүн,
Кылабыз кайра ага биз акаарат.

Адамдар, башың жетти баарысына,
Ал эмес багындырып космосту да.
Анда не Жерге салкын карайбыз биз,
Ырбатып, ийне сайып жарасына.
Шашылбай назар таштап карап көрчү,
Турмуштун айландырган парасына.
Адамдар акылыбыз жетээр бекен,

Ал бизди кайда алып бараарына.
Кезексиз жарыла албай араң турат,
Водород, канчалаган атом бомба.
Неге сен билип туруп билгиң келбейт,
Майдалап бөлүп - бөлүп салаарына.
Пенделер моюнга алып түшүнсөңчү,
Бир күнү күлгө айланып калаарыңа.
Туш келди көздү жумуп кете бербей,
Адамдар алды артына карагыла.
Жазабыз мындан ары эми не деп,
Ансыз да түгөп калган барагына.
Адамдар көрүп туруп кор болбойлу,
Жарыктан умтулбайлы караңгыга.
Замандаш жаман жорук - жосун менен,
Каршылык көрсөтпөйлү Жаратканга.
Өзүбүз күнөөбүздүн оордугунан,
Албайлы себеп болуп кыяматка.

Кем болбой перзенттерим жашасын деп,
Жер эне көңүлдөнүп бизге ишенип.
Кем кылбай эч нерседен багып жатат,
Нефтисин, таш көмүрүн, газын берип.
Андыктан Жер Энени сактайлычы,
Кетпестен эне сүтүн такыр жерип.

Тебелеп көмүп салып акыркы окту,
Пенделер согушканды токтотолу.
Биригип кесип эле таштайлычы,
Куралга сунулса эгер кимдин колу.
Жашайлы бир туугандай ынтымакта,
Баарынын бир болсунчу басаар жолу.

Кайда барсаң кылаарга жумуш жок, адамдын баасы сокур тыйынча да болбой калды. Ууру, бөрү, карга, кузгундун заманы башталды. Таза жүргөн чынчыл адамдарга өтө эле кыйын боло баштады.

Чыга албай чырмалышкан сансыз ойдон,
Аралап базар ичин эл жык толгон.
Келатсам кайыр сурап мунжу олтурат,
Бир кезде мекени үчүн майып болгон.
Бир жакка качып гана кеткиң келет,
Кайрылбай бул жашоого ошол бойдон.
Меникин, муну алгын деп соодагерлер,
Талашат ырыскыңды жулуп колдон.
Чыдайсың башка жол жок, айла канча,
Маңдайга, бешенеге жазып койгон.
Кайрадан үмүт жанып тооба кылам,
Башыма ойлор келет толгон - толгон.

Болбосо, же тынч алып үйдө жатпайм,
Эч нерсе алып чыгып, же бир сатпайм.
Кол сунуп оюм менен ага - буга,
Буулугуп өзүмчө эле чабалактайм.
Ушинтип эч нерсеге жетпей жүрсөм,
Билбеймин эл ишенчин кантип актайм.
Кетемби ушул бойдон күлгө айланып,
Суроомо өзүм дагы жооп таппайм.

Бирде бар да, бирде жок, бирде ачка, бирде ток болуп күндөр чубашып өтүп жатты. Эртеден кечке жумуш издейм, эч жерден жумуш табылбайт. Жетимиш жыл курган Союзду эки - үч жылда талап - тоноп жок кылышты.

Адамдардын ач көздүгү чектен ашты. Адам бири - бирине дос, жолдош эмес, карышкыр боло баштады. Бири - бирин тебелеп - тепсеп, талап - тоноодон кайра тартпай калды.

Чынында “Кыйын болду кыргызга”, - дегендей, кыйын эле заман келди. Бир ууч атка минээрлердин, өзүн - өзү билип, өтүгүн төргө илгендердин арааны жүрдү. Мына бүгүн дагы ачка калган түлкүдөй базар аралап келе жатсам маанайы пас адамдар, кайыр сурап отурган мунжулар..., көңүл чөгөт. Байкоосуздан алдымдан агам чыгып калды. Агамдыкында той бар экен, шылтоолорду

айтып эптеп барбай коюуга аракет кылсам да, болбогонума койбой үйүнө алып кетти. Биз баргандан кийин меймандардын баары чогулушту. Алардын арасында койлорго кошуп койгон текедей бөлүнгөн бир адам олтурду, кийген кийими өтө жупуну, олтурушу коомай бул олтурушка эч тиешеси жоктой сезим жаратат, андай болсо эмне үчүн бул жерде олтурат? Олтурушуна караганда башка бир ааламдан келип калгандай сезим калтырат, бирок жакшылап назар салсам көздөрү оттой жанып, көөдөнүндө көп күч бугуп жаткандай. Бирок бул жашоодон көөнү калып, бардыгына кайдыгер, айлана - чөйрө кызыктырбай калгандай. Бул кишини тиктеп олтуруп негедир экөөбүздүн ортобузда көп окшоштуктар бардай сезилет. “Кайда жашап, эмне жумуш жасаар экен”, - деп ойлоном. Кандай болсо да аны менен таанышып, сырдашууга бел байладым.

Таба албай бүгүн дагы бир сом ашык,
Чөнтөктү кармап коём улам кашып.
Жылдырбай мени дагы тушап алган,
Турмуштун салмоор ташы белден басып.
Байкоостон агам келип кармап калды,
Эч жакка барбайсың - деп колдон алып.
Көңүлүн кыя албастан мейли эми - деп,
Үйүнө кирип бардык эшик ачып.

Билбепмин агамдыкында той бар экен,
Чогулуп дос-жолдоштор баары келген.
Агам да балпаңдаган адам өзү,
Бакыттан башкадан да кудай берген.
Күйүмдүү меймандостук жактарынан,
Кем эмес, ашып түшөт андан жеңем.
Береке мейман үчүн чачылыптыр,
Көз тоёт, бардыгы бар, эмне десең.

Ортосунда кен жайылган дасторкон,
Баары тааныш, баары эски достордон.

Сөз сүйлөшөт бакыт, таалай болсун - деп,
Бири - бирине каалап жакшы тосттордон.
Аралашып күбө болуп олтурдум,
Алып коюп ара - чоло боорсоктон.
Бирөө гана ашыкча суз олтурат,
Өткөндү ойлоп кабак чытып мостойгон.

Көрүнүп ак кылдары кара чачтан,
Кийими үстүндөгү чыккан сандан.
Мындагы болуп жаткан олтурушка,
Адашып келгенсийт ал башка жактан.
Жаш эмес, бирок өтө кары да эмес,
Кырктардан же ашкандыр, же ашпаган.
Ичинде айтып бүткүс дүйнө жатат,
Көзүнө назар салып абайласам.

Билгизип аябастан төккөн каарын,
Калтырып тагдыр деген тамга - тагын.
Убакыт жууп - жуктап бүтүрсө да,
Бир кезде толуп турган өң чырайын.
Жашында сымбаттуу өтө болгондугун,
Көздөрү айтып турат анын дайын.
Байкадым карап туруп ирeңинен,
Көөдөндө көп күч бууп жаткандыгын.

Жакшылап ал тарапка салсам сереп,
Өзүнчө олтурушу бир керемет.
Негедир салыштырып көрбөсөм да,
Шумкардай шукшурулган элес берет.
Жашоодон мынча көңүл калганына,
Болду экен ойлоп турам кандай себеп.
Дайрасын кайгы - муңдун белден кечкен,
Эмикинин Тариэли болсо керек.
Олтурат көңүлдөрү мынча чөгүп,
Койбойт ал айланага көңүл бөлүп.

Же кайтып адамдардан калды бекен,
Ишеничи бир кездерде турган өнүп.
Сүйүүсү, ойлогон ой - тилектери,
Калгандыр капыс эле жерден өлүп.
Жыргалын бул дүйнөнүн баарын кечип,
Койгонбу мезгилинен эрте көмүп.
Сеземин көп окшоштук бар экенин,
Өзүмдү ал кишиге теңеп көрүп.

Ал дагы мага окшогон бир пендедир,
Тагдырдан алда качып кетпегендир.
Бирөөсүн турмуш жайган көп тузактын,
Ал дагы балким бир күн тепсегендир.
Илинип көрө албастар тузагына,
Асылдар өтүшкөн го не бир не бир.
Башынан ойлоп келген максатына,
Андыктан ал байкем да жетпегендир.

Олтуруш улам - улам кызып барып,
Жаңырат күчтүү обондор аба жарып.
Ал адам былк этпестен баягыдай,
Олтурат дагы деле башты салып.
Аяшы ыр кесени сунган кезде,
Акырын күлүп койду колуна алып.
Ошондо башка түргө келе түштү,
Көздөрү балбылдаган оттой жанып.

Уламдан - улам бийик obологон,
Укмуштай таза, тунук үнүн созгон.
Ушундай уккулуктуу болоорбу деп
Ишенбей кулагыма келген тообом .
Көөдөнгө кең ааламды батыргандай,
Эңсөөгө, кусалыкка жык - жык толгон.
Ал ырын уккан сайын “Узартса” - деп,
Секелек кыздан бетер ашык болгом.

Дагы - лап түп көтөрө коштосо да,
Узатып ыр кесени ойго чөктү.
Айланып бечарага заматта эле,
Маңдайда жанып турган жылдызы өчтү.
Ичинде бороон улуп, ызгаар уруп,
А балким эскерүүнүн жүрдү көчкү.
Шаттыктын, шайырдыктын изи да жок,
Баштагы абалына кайра көчтү.
Алдыга келгендерден койбойт татып,
Жаткандай түр көрсөтөт өтө шашып.
Кысылып үйгө батпай өзүнчө эле,
Кеткиси келип турат чыга качып.
Түшүнүп ичинде бир күйүт барын,
Сурагым келип кетет жакын барып.
Айланып сөз кезеги келген кезде,
Мындай деп тост көтөрттү сөз узатып.

Толтура тост көтөртөм, бокалдарды,
Курдаштар кана, тегиз колуңа алчы.
Убайым санаалардан алыс болуп,
Тосолу чын көңүлдөн бул майрамды.
Көңүл ач, күнүмдүк көр тириликти,
Бүгүнчө эч болбосо унуталы.

Дайыма асманыңар ачык болсун,
Жеримен алыс кылсын согуш отун.
Жамандык, кайгылардан алыс жүрүп,
Тынчтыкта балдарыңар бойтоңдосун.
Тилегиң ар бириңдин кудай берип,
Ылайым ар бир үйдө той тойлонсун.

Тилегим ырысыңар бийик болсун,
Баарыңдын дасторконуң нанга толсун.
Токчулук, молчулуктар дайым коштоп,
Башыңа кетпес дөөлөт, бакыт консун.

Ойдогуң аткарылып дайым жетсин,
Каалаган максатыңа сунган колуң.

Каалары̇м араңарда эркегиңди,
Колдосун бардык жерде жигит пири.
Бак берип аялдарга Умай эне,
Дайыма алга кетсин кылган иши.
Көз жаштан, кайгылардан
Кудай сактап,
Тынч болсун жамандыктан элдин ичи.
Ортого өзүнүн суук колун салып,
Бөлбөсүн араңарды арамзалык.
Ак чачтуу, кадыр - барктуу кары болуп,
Алдыңар жашагыла жүзгө барып.
Жетелеп жөжүрөгөн неберени,
Бактыңар толуп турсун ашып - ташып.

Уулуңдан, келиниңден убай көргүн,
Болбосун ажыратып эрте өлүм.
Балпайган берекелүү байбичелер.
Силерге чын дилимден айтаар сөзүм:
Кор кылбай чын убагы келген кезде,
Чалыңды бир - эки күн эрте көмгүн.

Каалаган түбүнө жет тилек, ойдун,
Күбөсү бирге олтурган ушул тойдун.
Алдыда боло турган жакшылыкка,
Силерге тилегимди айтып болдум.
Канакей дос, аяштар ушул тостту,
Калтырбай аппак кылып алып койгун.

Кыскасы бардыгыңар болгула аман,
Жакшылык тилеймин да, не деймин анан.
Башына эч кимиңдин түшпөсүнчү,

Баарынан жалгыз калуу - ошол жаман
Деди да стаканды коюп койду,
Жолдоштор кечиргиле мен иче албайм.
Сыртынан сыр бергиси келбесе да,
Иреңи өчө түштү, өңү саман.

Чыгарып алып келгенде алдыга этти,
Ал сурап кайра – кайра кечиримди.
Узатып келейинби агай - десем,
Ийин кысып, түшүнүксүз чыгып кетти.
Бир барып кайда болсо жеткирүүгө,
Ошондо чын көңүлдөн бурдум ниетти.
Жанына жете барып катарлашсам,
Билмексен кадам санап кете берди.

“Мейли эми үйгө чейин ээрчип келдиң,
Негедир түшүп турат сага мээрим.
Жашырбай жан дүйнөмдү ачып берем,
Кадырын түшүнө алсаң айткан кептин.
Байкадым өтө зирек бала экениң,
Иничек нени билдиң, нени сездиң”
Жакшы эле жашагансып жүргөн менен,
Жан дүйнөм сизге окшогон жалгыз, - дедим.

Ошентип тар кепеде жапыз, эски,
Жер үйдө адамдардан алыс четки.
Мейли эми угуп алгын сабак болоор,
Деди да сыр сандыктын оозун чечти.
Жөн эле сөз жамгырын нөшөрлөтүп,
Төктү го мен укпаган далай кепти.

Байкемин үйүнө азыр көп - көп барам,
Ойлоймун ал жөнүндө кантип жазсам.
Сөздөрү жууса дагы кеткис болуп,
Көңүлдүн тереңине сиңип калган.
Илинсе чебер адам кайырмагына,

Өзүнчө болоор беле бир чоң дастан.
Көпкө чейин батына албай коркуп жүрдүм,
Колуман келбейт менин кантип баштайм.

Сөзгө мен акындардай болбой эпчил,
Чыгармам кээ бир жери болсо кемчил.
Жазганда кээ жеринен аша чапсам,
Агатай суранаарым мени кечир.
Мээнетин кайтарууга далбас кылган,
Жөн эле иниңдин бул сыйы деп бил.
Колунда ушул турган ак кагаздай,
Таза го сага деген мендеги дил.

Мындай деп сөз баштады анда байкем,
Сөзүмө кулак салып уккунуң сен.
Кейибе ал жетпейт деп, бул жетпейт, - деп,
Хандын да тузу кемип калат экен.
Дүйнөдө арманы жок адам болбос,
Бир жери бул жашоонун дайыма кем.
Артында бир гана атак калса болду,
Бай эмес, бий да эмес «Адам» деген

Улуунун айткандарын дайым уккун,
Сыйлагын аялыңды - үйдүн кутун.
Башкалар сенден алыс озуп кетсе,
Ичи таарлык кылбагыhandling, тоспо бутуң.
Дайыма ниетиңди таза кармап,
Кудайдын улуулугун ыйык тутун.
Жаманга колдон келсе жакшылык кыл,
Бир гана арт жагыңда калат ушул.

Иничек жолдо болгун, жүргүн үйдө,
Эч кимге оопа кылбайт жалган дүйнө.
Баары бир түбөлүктүү болбогон соң,
Балээни өз башына өзүң үйбө.

Башыңа кылыч кармап турса дагы,
Ак айтып, ойдогуну ачык сүйлө.
Башканын насибине сугуң артып,
Эч качан кечирилгис кылба күнөө.
Берилип чын дилиңден кызмат кылгын,
Башканы сен да урматта, сени сүйсө.
Кошулуп сен да ага азабын тарт,
Бирөөнүн көөнү ооруп, жаны күйсө. Бир
ишти жасаарыңда миң жолу ойлон,
Өкүнүп, бармак тиштеп кийин жүрбө.
Жасаган башкаларга жамандыгың,
Башыңа токмок болуп өтөөр күбө.

Аларды кор тутууга акың да жок,
Жандуунун бардыгына Жараткан ээ.
Бакытты жамандыктан издебегин,
Бакытка жетүү оңой кудай берсе.
Кичине бир жардамсыз макулук деп,
Корсунтуп кумурсканы тебелебе.
Жаралган эч нерсенин ашыгы жок,
Өлчөнүү табиятта ар бир нерсе.
Жыландын баласына жакшылык кыл,
Сен аны чагып алат уулуу - дебе.
Ар качан жол бошотуп айланып өт,
Эркелет кадимкидей колдон келсе.
Түшүнүп жакшылыгың билип турат,
Бир гана адам эмес айбан деле.
Билсек да башкаларды көзгө илбей,
Алабыз жамандыкты тилеп дале.
Биз кылган ишибизге жооп болуп,
Кайрылып өзүбүзгө кайтат балээ.

Жашасам деп эч нерседен болбой кем,
Күнү - түнү ойлойбуз го сен да, мен.
Баса калып ырыскысын бирөөнүн,
Оңой гана жегиң келет ал жемден.

Кудай берген ырыскыңды терип жеп,
Жарашпайбы тообо кылып жөн жүрсөң.
Билип туруп азгыртабыз шайтанга,
Орун алып жатаарлыкты сыз жерден.
Акыреттин сурагынан кутулуп, Бирөө
барбы ошол жактан, же келген. Барган
кезде адил соттун алдына, Ойлонолу
жооп беришти эмитен.

Жаның кыйнап, башка түшсө көп мээнет,
Капа болбо өзүңчө эле кайгы жеп.
Колдон келбес жок нерсеге өкүнбөй,
Жаса дайым бир нерсеге каниет.
Сага болгон ырыскыңды уурдашып,
Алдым-жуттум болуп жатат чоң себеп.
Акчалуулар сатып алып баарысын,
Жүрүшкөндүр намысыңды тебелеп.
Кордугу үчүн бул дүйнөдө көрсөткөн,
Ал кайгыңа мына ошолор жооп берет.

Ооруп калсаң эки көзүң чачырап,
Жараткандын өзү берген ал илдет.
Башың ийип тагдырыңа тообо кыл,
Көтөрбөскө чара барбы ал милдет.
Кайгы тартсаң, оору сени кыйнаса,
Түшүнгүнүң күнөөм жуулуп жатат деп.
Сыйлашкыла көзүң тирүү кезинде,
Дагы канча жашоо берет ким билет.
Сүттөн дагы ниетиң болсун таптаза,
Бул дүйнөгө аппак келип, аппак кет.
Жетпедим деп наалый бербей жетпеске,
Колдо барга жасай билгин каниет.
Оозу бүтүн, түбү тешик өмүрдө,
Кээде ыйлаарсың, жээриңе нан жок болуп.
Бакыт кушу кокусунан жылмайса,
Ыргыштаарсың так түйүлө шоктонуп.

Оош - кыйыш өтө берет өмүрүң,
Бир нерсени кыйратууга окшошуп.
Эч нерсеге жетпегенин билесиң,
Калган кезде акыл экчеп, токтолуп.

Ар ким көрөт пешенеге сызганын,
Баары жашайт колдон келген алынча.
Бул дүйнөнүн белеги көп камдаган,
Ал насиптир, бирок сенден башкага.
Деп ойлойсуң кайра баштан жаралсам,
Жашайт элем эми такыр башкача.
Себептерин башка жактан издебей,
Өзүңдөн көр башың шорго малынса.

Тур - муш өзү айтып эле тургандай, адамдардын ортосундагы оюн, бирөө утат бирөө - уттурат, тээ байыртадан бери ушундай болуп келе жатат. Бул - жашоонун мыйзамы. Ар бир адам пешенеге жазганын гана көрөт, андан ашып кете албайт. Бирок үмүтсүз адам болбойт, Үмүтсүз адам - саман тыгылган каптан айырмасы жок болот. Үмүт гана адамды алдыга жетелейт. Үмүтсүз бир гана шайтан болот. Ал эртеңкисин эмес бүгүнкүсүн гана көздөйт. Заманды оңдоо үчүн калайык калк көрүнгөндү ээрчибей, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу керек.

Турмуш оюн, колго терген картадай,
Аралашып жүрөбүз биз байкабай.
Дайыма эле “Туз” тергендей колуна,
Жүрөт алар кайгы билбей, чалкалай.
Жакшы карта колго тийбей калган соң,
Арман менен өтөт өмүр кайрылбай.
Ошон үчүн жоош момунга орун жок,
Уттурушат куу шумдарга, аттиң ай.

Карта сымал куу турмушту шалдашат,
Көзгө илешпей колдон-колго алмашат.
Арасында уттургансып азыраак,

Алар сени көз буугучтай алдашат.
Байлар, бийлер, аларыңдын тили
бир, Карга көзүн карга такыр чукубайт.
Илгеркиден болуп келген ушундай,
Кедей атын бай эч качан токубайт.

Кайра дагы колго карта аласың,
Өжөрлөнүп кайра жаңы ачасың.
Баштан эле алар терип койгон соң,
Дагы кайра, дагы жаздым басасың.
Мына эми кийинкиде утам деп,
Карыздарга кайра дагы батасың.
Акырына жетип - жетпей оюндун,
Сен ошентип жыпжылаңач каласың.

Кокусунан бербесе эле кудайым,
Көрдүң беле акчасы жок утканын.
Үмүт менен ача берип жаңысын,
Мен да ошентип турмуш уусун жуткамын.
Жеткенден соң чындыгына жалгандын,
Эч нерсеге көңүл келбей сууп калдым.

Жалгыз “алты” кандай кызмат аткарат,
Кандайынан болсо дагы “Туз” басат.
Колго бирдей чогулганда үч “алты”,
Мына ошондо үч тузуңду былчыйтат.
Жүрө берсең буйруганы ушул деп,
Зарлаганың, какшаганың ким угат.
Ошондуктан байкуш менен бечара,
Бир муштумга түйүлгөндө гана утат.

Байлар алып жакшы карта кутурса,
Кедей байкуш дайым ага уттурса.
Тилиң чоркок, колуң кыска болгон соң,
Анда неге жаралабыз турмушка.

Жүрө бербей бешенебиз ушул деп,
Мөгдүрөгөн бечаралар умтулса.
Ошондуктан бүт бардыгы биригип,
Үч алтыны каршы койсо үч тузга.

Жашоодо түрлүү адамдар кезигет. Бири жоош момун, бири корс, кээ бири кошоматчы, ушакчы. Баарынан жаман адат кошоматчылык - бул өтө коркунучтуу мүнөз. Колунда барларды коштоп, элдин белин ийген да кошоматчылык жана эки жүздүүлүк.

Адамдар түркүн мүнөз көрүп туруп,
Ойлонуп кээ бир кезде мен таң калам.
Акыл - эс, кайгы - кубаныч кошо берип,
Адамды жаратканда кудай таалам.
Бири кем, бири андан өөдөсүнүп,
Аралаш жашайт туура жакшы - жаман.
Тирүүлөр арасында жүргөн менен,
Түлкүсү, бөрүсү бар, кээси каман.
Түлкүсү качан болсо дайым эле,
Бүгүлүп кол куушуруп жалайт таман.
Бир гана ойлогону ошол гана,
Чоңдорго, колдо барга кантип жагам.

Элинин керегине жарасын деп,
Чоңойткон үмүт менен эне - атаң.
Мынчалык асыл башты кор тутпаса,
Өмүрү бир берилген сыйлык аган.
Кай жери артык ошол бай акеңдин,
Экөөңө бирдей эле кудай таалам.

Өзүңдү мынча неге кор тутасың,
Андайдын пайдасы не жүрүп аман.
Кичине кайрат кылып ардансаңчы,
Башыңа түшсө дагы акыр заман.
Бир азга акыл салып ойлоп көрчү,
Ошонун дал өзүндөй сен дагы адам.

Өңүң өчүп дене боюң калтырап,
Кээде тоңгун кыш чилденин музуна.
Чабалактап жаның коёр жер таппай,
Мейли күйүп, алоолонгун жалынга.
Мейли бар бол, мейли жок бол бирок да,
Кайда болсоң адамдыгың унутпа.

Күндөрдүн биринде сүйлөшүп олтурууну ниет кылып, бөтөлкөдөн жанга салып алып, ал агамдыкына барып калдым.

Ал алыстан эле мени көрүп көптөн бери күтүп жүргөн, сагынган адамындай кубаныч менен кучак жая тосуп алды. "Мен сага аз күндө эле ушунчалык көнө түшүптүрмүн, келгениң жакшы болду. Мен арасында бирдемелерди чийгилей койчумун. Эми аларды сага өткөрүп берип, бул оорудан кутулайын" - деп чын ниетинен каткырды.

Ал күнү бөтөлкөдөн сала келип,
Сунганда стаканга куюп берип.
Акырын колумду ары түртүп койду,
Кечиргин мунуңа мен болбойм шерик.
Деди да мага карап күлүп койду,
Кылганбыз бул экөөбүз далай эрдик.
Койгомун башым жерге киргичекти,
Экинчи колго албаска касам берип.

Батырган жүрөгүнө бүткүл аалам,
Бир кезде, азыр болдум алсыз адам.
Бакыттан келечектен, сүйүүдөн да,
Баарынан билип туруп куру калгам.
Балдарды, аялымды кошуп туруп,
Баардыгын арак менен ичип салгам.
Өткөнүм эми такыр кайрылбастыр,
Мен үчүн тирүү жүргөн өзү арман.

Эмесе айтканыма кулак салсаң,

Пайдасы тийип калаар билип алсаң.
Бир кезде көктө сызган шумкар болчу,
Олтурган азыр минтип жаман агаң.
Кээ бирлер чындап сыйлап, кээси коркчу,
Шуулдап канатымын кагышынан.
Эми мен турган кезим жору болуп,
Эч нерсе колдон келбей тарп аңдыган.

Калаар деп жаңы кайра канат бүтүп,
Жашоодон дале жүрөм үмүт этип.
Кайрадан көктү карап атырылып,
Алсам дейм тээ асманда эргип - эргип.
Антүүгө мүмкүн эми такыр кечтир,
Калса го экинчи ирет кезек келип.
Арман жок көкүрөктү ташка соксом,
Кармашта чындык үчүн жанды берип.

Бир кездерде шайыр элем, шок элем,
Чечен элем эч кимге сөз бербеген.
Олтурушта, жыйындарда көз болуп,
Жигиттердин бири болчум мен деген.
Мындай болуп калаарымды акыры,
Анда кайдан такыр эле сезбегем.

Сезимим түрмөктөлөт күчкө толуп,
Атылып кетүүчүдөй фонтан болуп.
Элиме бир жакшылык кылсам го деп,
Кыйналам күнү - түнү көп ойлонуп.
Чоочуймун аруу сезим, таттуу тилек,
Түгөнүп калабы деп такыр соолуп.
Чогулуп түшүнбөстүк көрө албастык
Коёбу менин дагы каным соруп.
Турмуштун ой - чуңкурун ойлой берип,
Заматта чыгат менин башым ооруп.

Чуурутуп көз алдынан жатса керек,
Сүйлөбөй калды дагы көпкө ойлонуп.
Мен ага чын көңүлдөн мындай дедим:
Не керек ага - буга капа болуп.
Акмактар көп жамандык кылган менен,
Кала албайт этек менен айды тосуп.
Сиз мага сезилесиз ушул чакта,
Нур чаччу он бешинде Айдай болуп.

Улаңыз сөзүңүздү андан ары,
Укканда сезимиме болсун дары.
Мен сизди улукмандай улуу сезем,
Дегенде бир жарк этип күлүп алды.
Кылт эткен кыймылына кулак төшөп,
Не дээрин күтүп турам андан ары.
Зергердей өтө кылдат тактык менен,
Баянын токтоп калган ал улады:

Турмуштун уудан күчтүү ачуу даамын,
Мүмкүн мен башкалардан ашык
таттым.
Себеби өңүмдө эмес, түшүмдө да,
Мекеним тынч болсо деп түйшүк тарттым.
Бир күнү жердин кокус огу бошоп, Коркомун
туңгуюкка куланбасын.

Ооруймун оорулуулар ооруп жатса,
Ыйлаймын жаш баланын боору катса.
Кыйналам билбейм неге андан бетер,
Көчөдө кайыр сурап мунжу олтурса.
Тартамын тартып келем, тартаар экем,
Азабын бул дүйнөнүн дагы канча.
Дүйнөнүн бир жеринен жалын чыкса,
Күйгүзөт менин дагы жүрөгүмдү.

Тезирээк тутанбастан өчсө экен деп,
Билемин алым куруп жүдөөрүмдү.
Көтөрүп артылбаган жашоо жүгүн,
Бир гана билбейм канча жүрөөрүмдү.

Кубанып ысыгына жашап келем,
Калтырап суугуна тоңот денем.
Жакшылык - жамандыгы аралашып,
Экөөсү эриш - аркак жүрөт билем.
Кубанычтан кайгыны анча көп көтөргөн,
Ойлосом ошон үчүн адам экем.

Жашоодон Омор байкем чарчап келсе,
Мен болсо чарчабастан чорт - чорт
сындым. Байлардын балбандардын
кулагына, Жетпеди жүрөгүмдөн чыккан
ыйым.
Байкушка билип туруп кол суна албай
Өмүрдө билбейм канча күнөө кылдым.
Каргышка бул дүйнөнү ээлеп алган,
Багынып, башым ийип акыр тындым.

Бир кезде менин дагы үйүм толгон,
Менде да аял болгон, бала болгон.
Асырап ала албастан бакытымды,
Алмашып арак менен ичип койгом.
Күнөлүү жалгыз гана арак эмес,
А балким бешенеме жазып койгон.
Көңүлчөөк өтө ашыкча болгомбу деп,
Чыга албайм чырмалышкан ошол ойдон.

Мелт - калт болуп толуп - ташып бокалдай,
Бакытымда толуп турчу ошондой.
Чакырышып мейман кылып үйүнө,
Сый - урматтан жүрөөр элем бошонбой.
Томолонуп кайра бутка тура албай,

Бара берди куюшканым бошоңдой.
Текке кетип бардык кылган аракет,
Иштерим да артка кетти оңолбой.
Кала бердим ээн талаада жапжалгыз,
Кереги жок эми эч кимге жан болуп.
Кече гана көзүм карап жүргөндөр,
Турмушунан алда кайда кетти озуп.
Шылдың кылып мени тагдыр оюну,
Алганым да башка адамга жар болуп.
Тамырына капыс балта урулган,
Дарак болдум убагынан бат соолуп.

Жылдар жылып бубак басып саамайды,
Мезгил учкул, мезгил закым, мезгил шок.
Көп нерсени тилек кылып жүрчү элем,
Өткөн өттү эми алардын бири жок.
Ойлогон ой тилегиме жеткирбей,
Турмуш болду сая кеткен аткан ок.

Жолдоштордон алда качан кол жуугам,
Инилер жок башта турчу агалап.
Кагаз берип дары алууга жөнөтсөм,
Баламда жок чуркап бараар аталап.
Калдыратып сынык чыны, чайнекти,
Ажал жүрдү босогомдо сагалап.

Оору, сыркоо жетишээрлик чогулуп,
Муундурат коё бербей жакалап.
Таба албастан канчанчы деп катарым,
Ажал коёт тетрадын кармалап.
Көздөн учуп адамзаттын карааны,
Суук үйдө жатам көзүм жалдырап.
Саяр такыр кайырмакка этим жок,
Тери калган жалаң сөөктө шалдырап.
Ажал дагы алып кет деп сурансам,
Кетип калды тетрадын бир карап.

Кечип деле кетем десем өмүрдөн,
Эч болбосо жолум болбой өлүмдөн.
Албай койду жада калса ажал да,
Качан болсо колдогудай көрүнгөн.
Ал жакка да кереги жок окшоймун,
Туруп алды чыкпай такыр көңүлдөн.
Жиним келип эрегиштим эртеңге,
Ажал мени шылдың кылып кеткенге.
Бойго жыйнап эң акыркы күчүмдү,
Даяр элем кармап алып тепкенге.
Адамдарга тийгис кылып экинчи,
Муунтмакмын күчүм ага жеткенде.

Мына ошентип жаным дагы тынч алып,
Келе бердим күндөн күнгө чыйралып.
Келди ордуна ден соолугум аз - аздан,
Денем дагы акырындап күч алып.
Кээде гана жокчулуктун айынан,
Калчу болдум тамак - аштан кыйналып.
Колдо баарын чогултушуп ошондо,
Келип турду алкаш достор жыйналып.

Өксүймүн жатып алып көмкөрөмдөн,
Дос, жолдош кайда кеткен көптү
бөлгөн. Өзүмө калбаса да бөлүп
берип, Кезинде жакшылыгым далай
көргөн. Аларды ушунчалык
жадаттымбы,
Унутуп тирүү бойдон неге көмгөн.
Жакшылык арты келип ушул беле,
Ичиме чок түшкөндөй күйөт көөдөн.

Өзүмө имерчиктеп турчу башта,
Ойлоймун достор кана жолдош кана.
Таштарым өйдө кулап турган кезде,

Баарысы тууган болуп чыкчу мага.
Алтын баш кыйындыкка кабылганда,
Рахмат көрүп турган алкаштарга.

Боорукер, акылдуулар мен билгенден,
Канчасы таштай албай ичип кеткен.
Көп эле же эт эмес, балык эмес,
Тымтыйып бекитишип ичкен жеген.
Таң калам өзү куйту, ичи тардан,
Көрүнөө ичип жүргөн жок санда экен.
Кор кылган жакшыларды жамандарга,
Бул дагы табияттын сыры белем.
Үмүтү алдейлеген бүт алданып,
Сүйүүдөн жашоодон да көөнү калып.
Ант кылып эч нерсени ойлобоого,
Жүргөндүр ал өзүнөн - өзү качып.
Унутууга кайгысын ичип жүрүп,
Калгандыр арак менен аралашып.
Аргасыз ичимдиктен баш тарта албай,
Алкаш деп атка конгон акыр барып.

Алкаштар баары эле адам болгон,
Кезинде кыз да сүйгөн, той тойлогон.
Акыры сандан чыгып калышаарын,
Жөн эле убагында ойлошпогон.
Алдырып жүзү кара түлкүлөргө,
Колдору эч нерсеге жетпеген соң.
Дүйнөнүн жалганына көзү жетип,
Түкүрүп бул жашоого эми койгон.

Көп күттүм дос жолдошту, түшүнсө алар,
Ичинде агы да бар, карасы бар.
Баратып катар басып байкамаксан,
Кээсинин бутка тээп жыккысы бар.
Өлгөндө өзү менен кошо кетээр,
Кээсинин көңүлүндө жарасы бар.

Көр дүйнө, жакшы кызмат болсо болду,
Адамдык абийириңди урбайт алар.

Баарысын жолдоштордун жаман дебейм,
Ичинде жакшысы көп пейли кенен.
Кууларга ооздогусун алдырышып,
Жүрүшөт көр тирилик көйгөй менен.

Түшүнүп ички сезим актыгыма,
Рахмат келип турган алкаштарга.
Ошондой акыбалда калган кезде,
Ыйлабай курсагыма ачтыгына.
Досторго тыйынчалык кадырым жок,
Ыйладым кор болгон мен кадырыма.

Ыйманга камчы чаппай калыс болсоң,
Төрөлүп калышпаган алкаш бойдон.
Ичинде намысы өлүп, сүйүүсү өлүп,
Күйүтүн басуу үчүн ичип койгон
Акыры өзү дагы сезбей жүрүп,
Кайгырса ичүү ага адат болгон.

Аларга жан тартпаймын мен ишенчээк,
Ичкенде чындыгында жок келечек.
Коркомун жашоо өзү мас болбойбу,
Ушинтип ала барман кете берсек.
Көзгө илбей билермандар келечекти,
Жүрүшөт көпчүлүктүн акысын жеп.
Алкаштан анча эмес, соодон корком,
Замана акыр барып не болот деп.

Оозунан кайтып келип даяр көрдүн,
Ордуна эскилердин баарын көмдүм.
Тагдырың башка салса айла барбы,
Кантмекмин буга дагы чыдап көндүм.
Ушинтип коколой баш, жаман тамда,

Калганым иним өзүң - баарын көрдүң.

Деги эле бул турмуштан жолум болбой,
Не кылам башым катат ойлой - ойлой.
Жүргүчө эл катары жашай албай,
Төрөлүп бул дүйнөгө келбей койбой.
Келатам эптеп эле күн өткөрүп,
Кээде бар, кээде калат курсак тойбой.
Көрүүгө же үйүмдө теле да жок,
Ойлордон чарчаганда томолонмой.

Ошентип эптеп - септеп жашап келем,
Ойлоймун эми кимге керекмин мен.
Өмүрүм колго токтоор жери да жок,
Өзүң бил өткөнүмдү жазам десең.
Жылт эткен жылдыз сымал өчүп калгам
Кааласаң эң башынан айтып берем.

Көп жолу жазууга мен умтулганмын,
Колума калем кармап ойлоп - ойлоп.
Бирок да тарткынчыктап жүрө бергем,
Койчу эми сен жазганың эмне болмок.
Тобокел жазам дедим ажеп эмес,
Алгын - деп койсо эгер эгем колдоп.

Оюнда кайда учпайт адам деген,
Жазууну өзүм дагы эңсеп келгем.
Тобокел эми колдон чыгарбайын,
Бир жолу мага дагы кезек келген.
Ичимен келме айтып кайрат кыла,
Айтыңыз, колдон келсе жазам - дегем.

Баштады ушундайдыр, же пешенем,
Маңдайга тагдыр өзү жазган белем.
Мынчалык жаратканга неден жаздым,
Канчалык күнөө кылдым ойлой берем.

Башында бир убакта ушул мен да,
Күнөөсүз тунук таза бала элем.

Тоолорго тегиз орноп күндүн тагы,
Билгенге бейиш болуп жердин баары.
Төрөлүп бул дүйнөгө келгенимде,
Толукшуп турган экен август айы.
Береке молчулукка көңүл тоюп,
Жарылып жаткан экен ак төө карды.

Арча отун алоолонуп кемегеде,
Самоордо борк - борк этип кайнап
чайы. Карылар бакылдашат сакал
сылап,
Үйүлөт таттуу, боорсок, каймак, майы.
Атайын жаштар үчүн алып койгон,
Тизилип шагырашат “беркидейи”.
Келин, кыз кирип - чыгып чымчылашат,
Жай болуп алар үчүн чыгдан арты.

Куйруктуу алып келип койду союп,
Колдо бар тамактардын баарын коюп.
Бериптир баталарын тегиз баары,
Жүрсүн деп бөксөрбөстөн бакыт толуп.
Кыдырдын өзү дайым жылоолосун,
Жанында жигит пири кошо болуп.

Апакем эмизиптир аппак сүтүн,
Атакем аябаптыр болгон күчүн.
Кем болбой эч нерседен өссө экен деп,
Мээнетти жасашыптыр балдары үчүн.
Экөөлөп бир тилекти тилешиптир,
Болсо деп акылга бай, боору бүтүн.

Балалык бул - жаралуунун башаты, Кол
тие элек шыңгыр аккан мөл булак.
Куулук, шумдук башкаң менен ишиң жок,
Жаткан мейкин кадам тийбей даңгырап.
Кол тие эле как кагаздын бетиндей,
Турган кези аппак бойдон шуудурап.

Мезгил деген тынбай учуп көз ирмем,
Жаткан мейкин кадам тийип этине.
Тагдыр деген андан алыс кете албай,
Жол салынат ак кагаздын бетине.
Турмуш деген тез эле алып ыргытат,
Балалыктан сени жетээр чегиңе.

Жаткан мейкин кадам тийип этине,
Балалыктан андан ары жол улап.
Кээ бир жерден араң - араң өтөсүң,
Же калаарсың ортосунда сен кулап.
Жашоо болсо тобун бузбас турналар,
Андан ары кете берет кыйкуулап.

Жаткан мейкин кадам батып этине,
Турмуш – деңиз, кеме минип сүзөөрсүң.
Кемең бекем, капитаны зор болсо,
Ары жээкке күлүп - жайнап өтөөрсүң.
Кемең жыртык, башкаруучуң көр болсо,
Ара жолдо тумчугаарсың, чөгөөрсүң.
Же чөкпөстөн, ары жээкке же жетпей,
Жаның кыйнап, же арманда өтөөрсүң.

Жол салынып ак кагаздын бетине,
Ал жол турмуш тереңине алып барат.
Алмашылып күндө өмүр барагы,
Жаман - жакшы баары ага жазылат.
Эми гана колуң оозго тиерде,
Күлүп турган Күнүң тоого жашынат.

Балалык кирсиз тунук таза дүйнө,
Курсактан башка менен иш албаган.
Калыптануу дүйнөсү да таза бойдон,
Башкача түргө келип сырдалбаган.
Өмүрдүн, келечектин күүсүн чертип,
Балалык бүтпөгөн ыр башталбаган.

Балалык коюнунда эчен - эчен,
Мен дагы далай - далай эркелегем.
Абийирди алдагандык болоор эле,
Балалык кыйындыкта өттү десем.
Алтындай балалыктын даамын татып,
Насибин буйруганча терип жегем.

Балалык, кымбатыңа жоктур ченем,
Айрылгым дале келбейт азыр сенден.
Балдарга ата болуп калсам дагы,
Эмигече оюнуңа канбай келем.
Көңүлүм ачык кезде азыр деле,
Байкабай тайраланңдап бийлеп ийем.

Баары эсте, бир жүгүрүп жетип - жетпей,
Чыйылдап кубалашып жүргөн кездер.
Тазалык, адалдыкка үндөгөнсүң,
Турат го көз алдымда дале кетпей.
Кайрадан бала болуп калгым келет,
Өткөндү азыр деле эстей - эстей.

Топтолуп канаттуулар какса канат,
Өткөн кез балалыкты эске салат.
Асмандан көпкө чейин көзүм албай,
Белгисиз, делөөрүтөт ошол тарап.
Айланып кокус эле канаттууга,
Учууну балалыкка кетем самап.

Ошентип жети жашка келип жашым,
Мектепке китеп ташып окуп калдым.
Элетте кыргыз балдар окусун деп,
Атайын ачкан орус класстарын.
Айылда жалгыз орус эжекебиз,
Колунда мен ошонун билим алдым.

Көбүнчө бешке окуп сабактардан,
Мен элем эң алдыңкы окуучудан.
Билбеймин башкалардан шок
болгомбу,
Өзгөчө начар элем тартип жактан.
Жөн эле балалык кез болсо керек,
Кечирем азыр аны ойлой калсам.

Денимде пайда болуп күчтүү эргүү,
Чогулуп балдар менен өзүм теңдүү.
Кыдырып аска ташты конуп - түнөп,
Жашымда адат болчу мага тентүү.
Көңүлдү делөөрүтүп белгисиздик,
Бой таштап аскалардан учкум келчү.

Өтө шок, арбаңдаган арык бала,
Тартылат эми деле көз алдыма.
Атылып кетүүчүдөй жебе болуп,
Дүйнөдө чек жок эле шоктугума.
Жер баспай, көбүнчө учуп жүрөөр элем,
Буттарым кысып алып колтугума.
Дүрмөттүү мылтыктын дал өзү болчум,
Кол тийбей араң турган оттугуна.

Биз үчүн чоң мектептин ичи тарып,
Туруучу ызы - чуулар аба жарып.
Жашыруун сырыбызды биз бекиткен,
Коюшса кокусунан агайга айтып.

Беш мүнөт тыныгууга чыккан кезде,
Кыздарды ыйлатчубуз чачтан тартып.

Агайлар далай ирет кулак чойгон,
Эжейлер сызгыч менен көзүм ойгон.
Өчөшүп агайларга, эжейлерге,
Сабактан качып чыгып келбей койгом.
Ал кезде мындайлыгын кайдан билдим,
Турбашым бала болуп ошол бойдон.
Башкалар жанын таштап тарбиялап,
Ошол кез кымбат тура эми ойлосом.
Түшүнсөк кадырына анын жетип,
Мугалим бардыгынан ыйык кесип.
Ирмелген кирпигинен окуучунун,
Турат го не болгонун таамай сезип.
Кайгысы, капалыгы ар биринин,
Жүрөгүн мугалимдин кетет эзип.

Эжеке окуучу үчүн экинчи эне,
Агайды жаңылбайбыз ата десе.
Боор толгоп үстүбүзгө түшө калып,
Күйүшөт алар бизге кадыресе.
Эмгеги мугалимдин бизге кылган,
Эң бийик алкыштарга гана тете.

Мугалим жашоо көрктүү сени менен,
Кубаттуу сен бар үчүн Ата Мекен.
Максатка алга койгон албан - албан,
Жетээрмин билим менен өзүң берген.
Сен кылган жакшылыгың жер көтөргүс,
Алдында башым ийип таазим этем.

Мектепке эң биринчи таштап кадам,
Биринчи акыл, өнөр сенден алгам.
Биз үчүн ичкен ашын жерге коюп,

Жан үрөп окутканын кантип танам.
Тилегин баарыбыздын тилегенсиз,
Чыкса деп ушулардан жакшы адам.

Тилегим окутуучу болсом экен,
Жашымдан бул кесипти дегдеп келем.
Силердей татаал кесип ээси болуп,
Балдарга чын дилимден сабак берсем.
Жасасак аракетти биргелешип,
Жоголмок мектептерде "эки" деген.

Кош эми, кагылайын алтын мектеп,
Жүрөөрмүн сенде калган күндөрдү эстеп.
Кайрадан бир көрүүнү эңсегенде,
Коермун сырт жагыңдан тиктеп - тиктеп.
Миңдеген жеткинчекти жетилте бер,
Ушундай сага каалар биздин тилек.

Мага жашоо жалаң эле жакшылыктардан, оюн - күлкүдөн тургандай сезилчү ал кезде. Дүйнөдө айрылуу, өлүү деген нерселер бар экендиги такыр эле оюма келчү эмес. Көрсө, бул дүйнөдө кайгы менен кубаныч тутумдаш болуп аралап жүрөт турбайбы. Ойноп - күлүп жүргөн убагымда мени да кыйгап өтпөй, капысынан турмуш биринчи соккусун урду. Жетимдик деген суук нерсе күтүп турган экен.

Кем болбой жүргөн кезим эч нерседен,
Ошентип бул дүйнөдө бактылуу элем.
Билгизбей күтүлбөгөн жерден туруп,
Биринчи сокку урду тагдыр экен.
Мектепте отурганда кабар уктум,
Атасы бул баланын өлдү - деген.

Капыстан көңүлүмө бүлүк түшүп,

Гүлгө окшоп жаздын күнү үшүк урган.
Түшүнүп - түшүнбөстөн не болгонун,
Партадан чыга албастан ыйлап тургам.
“Атаке кимге таштап кеттиң бизди,
Ушундай болоорлугун жүрөк туйган”.

Жетелеп мени ал жерге алып келгенде,
Калыптыр там жанына боз үй конуп.
Өкүрүп ызы - чуулар аба жарып,
Туруптур эчак эле элдер толуп.
Өлбөстөй мага дайым көрүнчү эле,
Жүргөнүн кайдан билдим ажал тооруп.
“Атаке бизди таштап кетпечи” - деп,
Сыз жерге томолондум боюм уруп.
“Атам ай, атаке” - деп башка сөз жок,
Калыпмын ошол бойдон үнүм соолуп.

Шолоктоп күйүтүмө чыдай албай,
Ыйлагам мүрзө үстүндө зарлай - зарлай.
Сезилип тирилчүдөй тура бергем,
Топурак салганга да колум барбай.
Кайталап ичтен күйүп жана бергем,
“Атакем, атам менин, атакебай”.

Кырчоосуна башым коюп боз үйдүн,
Ой - чуңкурун ойлой берем өмүрдүн.
Керексиздей эми баары бир болуп,
Кунары жок эсеби өттү көп күндүн.
Капыс жерден балалыкка чок түшүп,
Ичтен сызып кантемин деп көп күйдүм.

Аңгыча эски Ай өлүп, жаңы Ай туулуп,
Шаштырат кечегини бүгүнкү кууп.
Убакыт бир аз дагы токтобостон,
Ансайын кете берди топурак сууп.

Атамдын жоруктарын эстей калсам,
Жоктоймун журтта калган иттей улуп.

Ооруй калып калптан эле жөтөлүп,
Кое бербей ээрчип алчумун көгөрүп.
Бүркүт чеңгээл жумшак мыкчып желкемден,
Жерден илип алчу атка өңөрүп.
Эми чындап жүрөк ооруп турганда,
Жоксуң эми, жоксуң кантем түбөлүк.

Ошол кезде көңүлүмө жат болуп,
Сиңип калган энекемдин кошогу.
Көзү соолуп кан жөткүрүп турса да,
Уккулуктуу сонун эле обону.
Эстей берем канча жылдар өтсө да,
Аз болсо да эскерейин ошону.

Энекем башкача эле кошкон кошок,
Азыр мен айта албаймын ага окшоп.
Билбеймин сүйүү күчү болсо керек,
Билинбес бир жылуулук турчу коштоп.
Мынчалык чыгынган соң болбос эми,
Айтайын эч болбосо божомолдоп.

Кошкондо кошок дайыма,
Жаңылып сөздөн шашпачу.
Жоолугун түзөп башында,
Үшкүрүп көзүн жаштачу.
Тетири карап боз үйдө,
Апакем минтип баштачу:
Кымбатын кийген торконун,
Жакшысын минген жоргонун.
Алты айланта имерген,
Урабас менин коргонум.
Жулдуруп колдон ажалга,
Кымбатым күйүттүү болуп жоктодум.

Жол жүргөн сайын семирген,
Бууданды миндиң элирген.
Чечендик менен көсөмдүк,
Төгүлүп турчу кебиңден.
Күттүрбөй туруп тез эле,
Байкушум бөлүнүп кеттиң элиңден.

Кийимди тандап кийдирген,
Суу жукпас жорго миндирген.
Тотудай кылып жасантып,
Түгөйү кимдин дедирген.
Күйүткө салып теңиңди,
Койчу эми, кайрылбай кеттиң жан биргем.

Чулудай болгон таштардан,
Чогултуп келип там салган.
Кыдырдын өзү жылоолоп,
Эмгегинен даңкталган.
Көтөрүп жүгүн доорунун, Кайраным,
көп жылы элин башкарган.

Бийиктеп өскөн чынарым,
Жагылып турчу чырагым.
Акыл бир салып өзүңө,
Сөз айтсам мени угаарым.
Кыялың сенин көп ойлоп,
Кененим, көз өткөнчө ыйлаармын.

Кызыл бир жүзүң алчадай,
Жаш элең тоодо арчадай.
Жулдуруп ийдим ажалга,
Жөн эле жүрүп байкабай.
Бири кем дүйнө ушулбу,
Берекем, бармагым тиштейм, аттиң ай.

Жаным бир күйүп от болду,
Оопасыз дүйнө ушулбу.
Темселеп калдым мен жалгыз,
Учуруп ийип кушумду.
Көрүнөө колдон жулдурдум,
Кырааным, башыма конгон кутумду.

Тагдырлаш менин өнөгүм,
Өйдөгө чыксам жөлөгүм.
Сүйөчү дайым колтуктан,
Ылдыйга түшсөм өбөгүм.
Дүнүйө салып неге эрте,
Дарканым, дарексиз жакка жөнөдүң.

Ой кууп санаам бөлүнөт,
Көзүмөн жашым төгүлөт.
Жатсам да мейли турсам да,
Элесиң көзгө көрүнөт.
Артыңда калып не кылам,
Айбатым, айттырбай мени ала кет.

Аскада чуркап ойногон,
Ой - түзүн далай жойлогон.
Илбээсин аңдып атаарда,
Илбирстей болуп сойлогон.
Өзү үчүн кылбай аңчылык,
Эрмегим элинин камын ойлогон.

Үйүндө тайган байлаган,
Далай көп эмгек сарптаган.
Алгыр бир чыгып анысы,
Эчен коён, түлкү алган.
Илбээсин этин жедирип,
Илгирим, аңчылыктан бак тапкан.

Ак бараң аскан жонуна,

Куш кондурган колуна.
Кекилик, чилин алдырып,
Аябай баткан сонунга.
Керилип гана жүрчү эле,
Жолборсум, жамандык албай оюна.
Таштары тынбай кулаган,
Шумкарды баккан уядан.
Алдына сурап келгенге,
Жок дегенден уялган.
Баарына бирдей тең эле,
Урматтуум, ушундай эле көл адам.

Аскага чыгып ал барган,
Мумия издеп көп алган.
Ашыктай койбой өзүнө,
Дарылык үчүн тараткан.
“Сакайып кетсин” - деп койчу,
Берекем, боорукер болуп жаралган.

Тоготпой мейли ач калса,
Жол салган далай аскага.
Таратып турчу тапканын,
“Алгыла баарын, ме сага”.
Адамдан мындай жаралбас,
Бекзатым, берешен эле башкача.

Дасторкон жайган күнүгө,
Мейманы батпай үйүнө.
Досторуң сыйлап турчу элең,
Тамак - ашың төгүлө.
Досторуң калып өзүң жок,
Айдыңым, аттиң ай арман дүнүйө.
Коркпостон такыр кармаштан,
Аюулар менен кармашкан.

Уюгу менен кубалап,
Карышкырды какшаткан.
Адамдан башка зирегим, Береним,
бүркүттөр менен антташкан.

Кыдырып келип жон - жондон,
Кайберен жүрчү жолдордон.
Баласын кармап шериңдин,
Боору ооруп аны жөн койгон.
Илбирстер менен алышып,
Оо шерим, шилекей алып дос болгон.
Күмүштөн болчу жүгөнү,
Алтындан бүткөн жүрөгү.
Камынып жолго чыкканда,
Белгисиз кайда жүрөөрү.
Булутка турчу илинип,
Барчыным, байырлап токтоор түнөгү.

Түнүндө тынчып жатпаган,
Күлүк ат таптап байлаган.
Жеткирбей келип күлүгү,
Биринчи байге көп алган.
Кемтиги толбойт сөзүмдүн,
Сырттаным, саяпкер жагын айтпасам.

Жарышка салса туйбаган,
Тулпары кызып туйлаган.
Байгесин бөлүп баарына,
Үйүнө катып турбаган.
“Бечара байкуш алсын” - деп,
Ойронум, ошондой болчу туура адам.
Күлүктөр болчу чүрөктөй,
Кермеге тарткан сүрөттөй.
Кадырлап таза күтүүчү,
Чабылаар кезде түнөтпөй.
Тулпарын жакшы көрчү эле,

Жоодарым, жанаша бүткөн жүрөктөй.

Көңүлүң коюп аябай, Күтчү
элең атты баладай.
Уйкудан безип күн - түнү,
Кыйналсаң ага карабай.
Күлүгүң калып байлоодо,
Кыйыным, кумарың кетти тарабай.

Ак сарайым дубалы,
Күтүүсүз жерден кулады.
Шум ажал келип бузду го,
Көп жылдар курган уяны.
Боортоктоп жерди кучактап,
Оо байым, боздосом бирөө угабы.
Зарласам кайдан табамын,
Буйругу болсо Алланын.
Өмүрү кыска болобу,
Чын эле жакшы адамдын.
Күчүмдү жашка чыгарам,
Таалайым, түбүнө жетпей санаанын.

Келишкен эле сымбатың,
Өмүрлөш менин кымбатым.
Тарашып тууган, дос кетээр,
Өткөрүп ызаат - зыйнатын.
Сапар бир тартып неге эрте,
Эрмегим, эмине мынча кыйнадың.

Алдыда дагы жаз болоор,
Жайлоого көчүп эл коноор.
Тигилген сенин ак өргөөң,
Баш адамы кем болоор.
Сагынып күтөөр өзүң жок,
Көсөмүм, көзүмдөн жашым шорголоор.

Кошок кошуп, ыр курап,
Кыздарың ыйлайт буркурап.
Уккан бир адам чыдабай,
Денеси кетет дүркүрөп.
Кыздарыңдын доорунда,
Жолборсум, жүрсөң болмок күркүрөп.
Уулдарың сенин жаш калды,
Жетилбей али канаты.
Өксүгөн үнү "аталап", Жаралап
жүрөк канатты.
Убайын кеттиң көрбөстөн,
Кургурум, кудайым неге жаратты.

Кыялың калып өзүң жок,
Жоктоймун сени күндө ойлоп.
Балдарың бойго жеткирип,
Жүрбөдүң бирге той тойлоп.
Айланып арсыз жетимге,
Балдарың калды ой - бойлоп.
Элесиң калып өзүң жок,
Учуп бир кеткен кушка
окшоп.
Төрөлгөн жерде өлүү бар,
Ушундай экен дүйнө шок.
Колумдан келбейт, не кылам,
Эми, курандан башка пайда жок.

Уул - кызыңдын көз жашы,
Жүрөгүм мыкчып канатты.
Мезгилсиз өлөөр болгон соң,
Кудайым неге жаратты.
Кейисем колдон не келет,
Эрмегим эми, ал жактан берсин жаннатты.

Эми жараткандан сураарым,
Ал жактын көргүн убайын.

Уул - кызың эстеп күндө айткан,
Сообу эле тийсин курандын.
Кайырлуу болуп арт жагы,
Бейпилим бейиште болсун турагың.

Пайдасыз эле жан кыйнап,
Көп айтпайын кейишти.
Алганым эми кирип бар,
Кенен ачып эшикти.
Ошол жактан буйрусун,
Асылым, аралап жүргүн бейишти.
Угуп алып энекемдин кошогун,
Ыйлай бергем, канча жолу боздодум.
Капыс жерден кирип келсе дечүмүн,
Кайдан билдим эч бир андай
болбошун.
Акыр билдим башка жол жок экенин,
Кош атаке! Түбөлүккө кош болгун!

Уга берип энекемдин кошогун,
Жазуу болуп кулагыма жатталган.
Таасирленип балалыктын дүйнөсүн,
Мен да күйүп атама арнап ыр жазгам.
Ал ыр эмес кыйкырыгы жүрөктүн,
Ошол ырым мына мындай башталган:
Бой жеткис көлөкөлүү чынар кана,
Жыттасам моокум канчу тумар кана.
Зарлатып бизди кимге таштап кеттиң,
Алдыга көзүм жетпей болом капа.
Жашоонун тузу кемип калмак беле,
Биз менен дагы бир аз жашаганда.

Атаке алып кетти капыс жерден,
Эми мен кайда барам, кимге ишенем.
Атакем аскар тоодой, арка белим,
Тургузуп колтугумдан сүйөйт дегем.

Адашсам албуут турмуш деңизинде,
Мен үчүн багыт берээр маяк элең.
Тар кечүү, тайгак жолдо калсам кулап,
Ордумдан эми мени ким тургузат.
Бир жактан капа болуп келгенимде,
Өзүмдү кулак салып ким эми угат.

Кайрадан жандандырып сезимимди,
Үзүлгөн үмүтүмдү кимдер улайт.
Кудайдын буйругуна барбы айла,
Тирилтип алчу дары болсо кана.
Бир болсо болоор эле өзүң жүргөн,
Бут жеткис бийик аска - зоолоруңда.
Балалык тунук, таза сезим менен,
Ал жакка сапар тартам ойлорумда.

Миң күнү уктабай жол бассам дагы,
Белгисиз ашууларды ашсам дагы.
Жыңайлак бел курчоодон карды жиреп,
Мөңгүнү тырмак менен казсам дагы.
Баары бир издеп жүрүп таппайт белем,
Өлбөскө болсо эгер чындап дары.

Мейли эле кетсе дагы бойдон кубат,
Турса да ачарчылык жанды кыйнап.
Кар уруп, бороон - чапкын көз ачырбай,
Тар кечүү, тайгак жолдо калсам кулап.
Баары бир ал дарыны табат элем,
Акыркы денедеги күчтү жумшап.
Билемин андай дары табылбасын,
Жашыруун сыры болуп табигаттын.
Кош болгун сени күтөт башка дүйнө,
Сырына киришкенге жоктур акым.
Ылайым топурагың торко болуп,
Калганын ошол жактан кудай айтсын.

Атакем көзгө атаар мерген болчу,
Тоолордон тандап жүрүп кийик аткан.
Тартыштык, кыйынчылык мезгилдерде,
Бир айыл, андан да көп элди баккан.
Асканын арасында түнөп жүрүп,
Кыдырдын дал өзүнөн бата алган.

Боор толгоп, жетим-жесир бечарага,
Ошого катар эле анын башы.
Дайыма элдин камын ойлогондо,
Колунан ыргып кетчү ичкен ашы.
Карыпты эт - аш менен камсыз кылып,
Ал болчу азыркынын Кожожашы.
Иш десе күнү - түнү жанын таштап,
Түшпөстөн казан асып ат жалына.
Жаштыгын, күч - кубатын аябастан,
Иштептир түрдүү - түрдүү кызматтарда.
Көтөрүп моюнга таккан элдин жүгүн,
Көп жылы болуп турган ал башкарма.

Атакем өтө сүрдүү адам болчу,
Ушакчы, калпычыны жаман көргөн.
Биз анда кандай жумуш жасасак да,
Өткөрүп туруучу эле дайым көздөн.
Көрүнөө үй боорунда даяр болуп,
Илинип турчу эле камчысы өргөн.

Күрөктөй чеңгээл менен мыжып койчу,
Көбүнчө жакшы иш жасап, же «5» алсам.
Талашып, же мушташып калганымды,
Жашырып жүрчүмүн мен дайым андан.
Көзүмөн чолок жашты көрүп калса,
Дээр эле “чыкпайт сенден жакшы
адам”.
Чогулуп “чоң казатка” катышканда,
Кокустан таяк жесем чоң балдардан.

“Чала” - деп атам кайра сабайт го деп,
Коркчумун үйгө келип даттангандан.
Мажирөө, пастыкты өтө жаман көрчү,
Кыялын мурда эле билип алгам.

Бетибизди, башыбызды көп жарып,
Балалыкта канча кылдык бейбаштык.
Атабыздын чылк кайыштан өрүлгөн,
Камчысына далай ирээт учкаштык.
Катуу мүнөз эркектиктин артында,
Тураар эле назик сүйүү, жумшактык.

Болгонбу дейм ошол камчы жетишсиз,
Оңдоп турса болмок экен кечиккис.
Комузга окшоп толгоосунан кемиген,
Кала бердик баш - көзү жок, тетиксиз.
Секин бурап залкар күүгө келтирээр,
Мына эми атасы жок жетимбиз.

Атакем күлүк таптап, тайган бакчу,
Иттери карышкырды баса калчу.
Мүнүшкөр жагынан да куру калбай,
Кай бирде көкөлөтө шумкар салчу.
Кай жерде кандай жумуш жасаса да,
Артынан - Бали! - деген сөз тарачу.
Чүрөктөй кенен соору, шам кулактуу,
Атакем күлүк таптап, күлүк чапчу.
Карганын баласындай көрбөй такыр,
Анысы дайым мени ала каччу.
Шамалды шылдың кылып кеткенимде,
Көзүмөн кубанычтын жашы тамчу.

Жаныбар, жал куйругу сапырылчу,
Кулагы кайчы болуп жапырылчу.
Канчалык чуркаса да чарчоо билбей,
Марага жетээр кезде атырылчу.

Куюлуп каректери оттой жанып,
Өзү да көркөм эле бала сындуу.

Кара жер бут алдына түтпөй келип,
Уччу эле, учаар эле арыш керип.
Аркада топ күлүккө караандатпай,
Туу жыкчу алда канча алыс келип.
Кетчүмүн Толубайдын чаар атынан,
Алдымда жаныбарды артык сезип.

Кош эми түбөлүккө, кайран атам,
Карекке шумкар болуп сиңип калган.
Түбөлүк жоготуунун орду толбос,
Бейопа дүнүйөнүн баары жалган.
Көңүлдүн бир чекесин боштук ээлеп,
Арылбай өмүр бою калаар арман.

Күндө чыгып батыш жакка Күн шашып,
Туңгуюкка түшүп жатты куланып.
Багыты жок, бараар жери белгисиз,
Күндөр өтөт кербендердей чубашып.
Жетим деген сөз калтырып бир гана,
Турмуш кетти андан ары уланып.

Алмашып боз уланга бала кезим,
Ошентип он алтыга чыга келдим.
Кыз, бала аралашып ошол жайда,
Биринчи чөбүн чаптык кутман жердин.
Өзгөртүп кыздар менен мамилени,
Ойгонгон алгачкы ирээт тунук сезим.
Денимде эми гана өнүп угут,
Башкача табиятка көңүл буруп.
Түйшөлүп көпкө чейин уктай албай,
Жатчумун саратандын ырын угуп.
Бакалар “кыз беришип, келин алып”,
Чардашып жатышчу эле сайран куруп.

Керемет жайдын толгон кези артыкча,
Айлана толуп турчу каткырыкка.
Келиндей эми чыккан көшөгөдөн,
Керилип чыга келчу алтын Ай да.
Безене өчү бардай булбул сайрап,
Толтурчу айлананы кубанычка.
Таң аткандан кыйын эле кеч кирмек,
Бөлүнүшүп ойноор элек бекинчек.
Колдон тартып кыйначубуз кыздарды,
Ушул жерге мени менен бекин деп.
Жаңы гана мандалактай жер жарган,
Тийип кетсе "ток" жиберчү кош эмчек.

Түбүндө ойночубуз тоонун улуу,
Ай сулуу, андан дагы кыздар сулуу.
А кыздар баштагыдан коомай тартып,
Тиктешчү көзүбүзгө өтө сырдуу.
Ошол кез өмүрүмдө болсо керек,
Алдында чон турмуштун аз тыныгуу.

Өзүмдүн жылдызымды табаар бекем,
Асманды көпкө - көпкө караар элем.
Элиртип кандайдыр бир белгисиз күч,
Уктабай чабалактайт күйүп денем.
Балалык кыял менен кош айтышып,
Ошондо жигиттикке өткөн экем.

Уйкуга кеткен кезде көз илинип,
Калган кез түштөрүмө кыздар кирип.
Мегин - деп төрт бүктөлгөн кагаз берди,
Колума бир күн эле бирөө келип.
Ал кагаз жүрөк сыры кыздын экен,
Ал катта жазылыптыр мындай делип:
…………….. Жүрөсүзбү аман -эсен,
Билбестик менден кетсе айып этпең.

Сураймын алдын ала кечиримди,
Түшүнбөй жаштык кылыпката кетсем.
Эркиме сүйүү күчү баш ийбеди,
Бул катты сизге эч качан жазбай дегем.

Чыгалбай туткунунан сансыз ойдун,
“Кантсем” - деп күнү - түнү көп ойлондум.
Уялбай кыз атына шек келтирип,
Ойлобоң кат жазганы кандай болсун.
Жалбарып жаш шумкарга ашык болгон,
Арманын угуп коюң боз торгойдун.

Бет келишип калсам турам тайсалдай,
Сүрдөйм сизден, түшүнбөймүн бул кандай.
Аралашып дайым бирге жүрсөк да,
Канча жолу кайрат кылып айта албай.
Мен түшүрүп жүрөк сырын кагазга,
Акырында коё албадым кат жазбай.

Өз эркиме башым ийбей жүрөгүм,
Сиз жөнүндө дайым ойлоп жүрөмүн.
Чындыгында бара - бара түшүндүм,
Жүрөк каалап сизди гана сүйөөрүн.
Тандаганым бир гана сиз болсо дейм,
Өмүр бою сыйлап алаар түгөйүм.

Канча балдар ашык болуп жатса да,
Канчалары сүйүү катын жазса да.
Түшүнбөймүн өзүм дагы эмне үчүн,
Жактырбаймын, көңүл бурбайм башкага.
Элесиңиз көз алдымдан кетпестен,
Медер тутуп ойлогонум сиз гана.

Түн ичинде уктай албай тынч алып,
Жүрөм дайым чоочун көздөн кызганып.
Сүйүү күчү болсо керек бул өзү,

Башкалардан артык көрөм мынчалык.
Кокус бирөө менден мурун озунуп,
Ээлеп алып жүрбөсө дейм кыйналып.
“Койгула” - деп каткырчумун ишенбей,
Сүйүү бир күн алат десе кишендей.
Мына эми чырмап алды мени да,
Темтеңдеймин арак ичкен кишидей.
Көөдөн ысып көкүрөгүм оолугат,
Менин денем өзүмө да баш бербей.

Жоодураган көздөрүңдөн анан да,
Жүрөгүңдөн мээрим издеп үшүдүм.
Бийик көктөн жамгыр жааса төгүлүп,
Ошол менин көз жашым деп түшүнүң.
Сезет го деп ушул катты арнадым,
Сизге деген ниетин кызыл гүлүмдүн.
Чыңгыздын каарманы Мырзагүлдөй,
Кыялга берилгенде кээде элжиреп.
Кирпигим ийне кылып, тамырдан жип,
Жүз аарчы тигип сизге бергим келет.
Башыма кылыч кармап турса кайтпайм,
Сүйөмүн сизди чындап, сүйөм демек.

Кыз дебеңиз обу жок, кандай кызык,
Жазаарымда кыйналдым түзөп, сызып.
Каршы туруп сүйүүгө намыс деген,
Арасында канча ирет салдым тытып.
Сүйүүдө жаш-карысы жок эмеспи,
Жатат деп ойлобоңуз жаштык кылып.

Кээде жашыл, кээде кызыл көйнөкчөн,
Тандап кийип жаныңыздан көп өтөм.
Же мен жакка назар салбай атайлап,
Көрсөңүз да боло бересиз көрмөксөн.
Тургандырсыз ичиңизден шылдыңдап,
“Ана, дагы келе жатат жел өпкөм”.

Шылдыңдаңыз, шылдыңга да чыдайын,
Андан башка кандай арга кылайын.
Акыл - эси болбогон соң ойлоорсуз,
Суга чылап ичмек белем чырайын.
Тобокелге бел байладым аргасыз,
Мен сүйүүнүн этегине чыгайын.
Сүйүп келем, жанып келем кыйладан,
Жорук жасап кыз башына сыйбаган.
Жашым төгүп элесиңе сыйынып,
Тынч ала албай күнү - түнү кыйналам.
Башкалардан артык көрүп башкача,
Мен бир байкуш сизди ашыкча сыйлаган.
Жок дей көрбө, махабатым өлтүрбө,
Түгөйүм бол өмүр бою сыйлаган.

Түндөн коркпой учуп келип көкөлөп,
Жанын таштап ийип шайтан көпөлөк.
Кайталангыс тунук, таза сүйүү үчүн,
Күйүп турган шамды барып бир өбөт.
Боюн урат билип туруп жалынга,
Дарман келбей тырп этээрге ал өлөт.
Өтө кыска көз ирмемге жетпестен,
Ошо менен сүйүүсү анын түгөнөт.
Махабат деп жанын берген ажалга,
Чын сүйүүнүн символундай көрүнөт.

Билсе да ушунчалык өмүр азын,
Тартынбай тике барат сайып башын.
Урматтайм кичинекей көпөлөктүн,
Сүйүүсүн ажал менен талашканын.
Элесин көз албастан карай берем,
Эрдигин кайталангыс жактырамын.

Ошол алсыз, ошол байкуш көпөлөк,
Капарына алат дейсиз ким ойлоп.

Умтулганы караңгыдан жарыкка,
Сүйүүсүнүн тереңинде ченем жок.
Сүйүү үчүн тике чыгып ажалга,
Бактысы үчүн жандан кечкен эрге окшойт.

Ошол сизсиз мен умтулган чырагым,
Мейли коркпойм каалашыңча сынагын.
Сизди көздөй көпөлөктөй умтулуп,
Керек болсо жанды деле кыямын.
Жалыныңа күйүп барам өрттөнүп,
Ойлой көргүн көпөлөктүн убалын.

Көпөлөк умтулгандай карап өттү,
Мен дагы сунуп келем сизге колду.
Тагдырын көпөлөктүн корком ойлоп,
Көп нерсе башка салат турмуш оюну.
Катыма терс жооп берип сизге жазган,
Күйгүзүп салбасаңыз мени болду.

Бирге болуп биздин ойлоор оюбуз,
Бир болсо дейм узак сапар жолубуз.
Турмуш жолун биргелешип бассак дейм,
Бек кармашып жүрсө деймин колубуз.
Кат аркылуу билдирүүнү суранам,
Кандайлыгын мага болгон оюңуз.

Күн эмес кайра-кайра санап мүнөт,
Жүрөгүм сизден келээр жоопту күтөт.
Өзүңдөн бир жооп уксам болбойт
деген, Билбеймин көкүрөгүм кантип
түтөт. Калаармын өмүр бою арман
ичте, Мен үчүн мындан ары сүйүү
бүтөт.

Катымды ушул бойдон кыскартайын,
Койбоймун числосун, менин атым.
Ошол деп сөөмөй сайып көрсөтпөсүн,
Коркомун шылдыңынан кыз - балдардын.
Жүрөктүн каалоосуна башым ийдим,
Ар жагын сиз өзүңүз талдап алың.

Кол шилтеп ошол катка мага келген,
Калтырып жоопсуз бойдон жүрө
бергем. Жүрөгүм такыр аны каалабаса,
Жок дебей андан башка кантмек элем.
Кечиргин кыз сүйүүгө али эрте деп,
“Болбойт” - деп кыз сүйүүсүн мен өчүргөм.
Кечирим бербестигин бул жалгандын,
Түшүнбөй убагында калгандырмын.
Сүйүү издеп бир сулуунун жүрөгүнөн,
Билбепмин далай каттар жазаарлыгым.
Билбепмин мен да шайтан көпөлөктөй,
Акыры отко күйүп калаарлыгым.
Билбепмин башым шорго малынаарын,
Тагдырга далай ирет жалынаарым.
Дүйнөдө жалгыз калып, тизем бүгүп,
Акыры куу турмушка багынаарым.
Кайрылбай өткөн өттү, кеткен кетти,
Айтканда эмне пайда эми баарын.

Жолугуп ошол кызга кээде калам,
Капкачан өз бактысын таап алган.
Жылмая күлүп коюп кабыл алат,
Кокустан жолукканда берсем салам.
Эсен жүр менин шайтан көпөлөгүм,
Чын дилден сага көп - көп бакыт каалайм.

Ал кызды көргөн сайын капыстан мен,
Өзүмдү күнөөлүүдөй сезип кетем.

Өткөндү кайра кайрый албаган соң,
Күйгөндөн боло берет кандай десең.
Артынан куусаң качып, качсан кууп,
Ошондой болот тура тагдыр деген.

Жүргөн кез колтукташып кагаз - китеп,
Кыз - балдар бири - бирине сырдуу тиктеп.
Жадырап жаз айынын келген кези,
Жакында коштошууга келет кезек.
Он жылы билим алган мектебинен,
Баарысы туш тарапка учуп кетет.

"Өлбөгөн жанга жаз келди" - дегендей мына, жадырап - жайнап жаз келди. Жыл мезгилдеринин баарынан мен негедир жаз айын өтө жакшы көрөм. Жаз бул - бардык жаңылануу, жаралуулардын башаты. Сүйүүлөр да жазда башталат. Көңүлдөр толкуп, кыялдар ала качат. Жаз - деген бул ички дүйнөнүн тазалануусу. Ошол жаз менин окуучулук күндөрүмдүн акыркы жазы болчу. Балалык менен коштошуунун, чоң турмушка кадам таштоонун жазы болчу.

Жылуулук жан эритээр күлкү чачкан,
Жаз айын жакшы көрөм бардык айдан.
Төрөлүү, жаңылануу башаты деп,
Жаз айын айтышат го байыртадан.
Төгүлүп жылуу мээрим көздөрүнөн,
Куттуктап кубанышат ар бир адам.
Кучактап көкүрөккө кыскым келет,
Жаз айы айланайын, салам - салам!

Жаз эми там - туң баскан, тороло элек,
Агарып тескейлерде карлар жатат.
Тили да жакшы чыгып үлгүрө элек,
Чулдурап муз түбүндө булак агат.
Үшүккө алдырбаймын деген өңдүү,
Бооруна кысып жазды күн жылмаят.

Апакай тунжураган кар үстүндө,
Көрдүңбү кара - кара темгилдерин.
Курсагы борсоюңку жаш энедей,
Карачы бетиндеги сепкилдерин.
Камынып көз жарууга араң турат,
Жаз жакын, боюнда бар Жер эненин.

Ачылбай көңүлдөрү кабак бүркөп,
Жаткансыйт өзүнчө эле убайым жеп.
Бийиктен күнү ачуу күркүрөсө,
Түшүнөм жер эненин толгоосу деп.
Толгоонун катуусуна чыдай албай,
Жөн эле туруп - туруп ыйлап ийет.

Бүркөлүп жаш баланын кабагындай,
Түнөрүп асман бир аз ойго чөксө.
Азыраак таарынгандай дымып туруп,
Артынан шатырата жамгыр төксө.
Бир жылдык уйкусунан ойгонушуп,
Кан ойнойт дарактарга, ташка, чөпкө.
Кыз жытын биринчи ирет жыттагандай,
Көңүлүм алып – учуп, толот көксөө.

Караган, шилбилердин боюнда бар,
Тал - терек алгач ирет бүчүр ачып.
Алсырап кыштын жазга күчү жетпей,
Бaратат жерге сиңип, бууга айланып.
Жаз болсо улам жаңы күчкө кирет,
Жаштыктын жаңылануу күүсүн чалып.
Жер балкып магдыратып күндүн табы,
Боюнан аман - эсен бошоп алды.
Кучактап көкүрөккө гүлдү, чөптү,
Жер эне перзенттерин сүйүп жатты.
Куюлуп көкүрөктөн ылдый көздөй,
Тоюнтуп жердин сүтү - булак акты.

Чымырап Жер эненин бою бошоп,
Ал көз жаш кубанычтын келген жашы.
Анакей колу - буту тарбалаңдап,
Көрүндү байчечекей төлдүн башы.
Алыста бири - бирине сүйүнчүлөп,
Кыйкырат аскалары, тоосу, ташы.
Табият кучагында бирге болуп,
Ал кезди карап туруу кандай жакшы.
Күн дагы бирде ыйлап, бирде жыргап,
Жашынмак булут менен ойноп жатат.
Там берип таң каласың табиятка,
Көз салып айлананды турсаң карап.
Жомоктун дал өзүнө кабылгандай,
Кулактын курчун алат куштар сайрап.

Жаз айы кереметиң башкача го,
Жайнаса сууну жээктей айыл конуп.
Чөнтөктөн күзгү түшпөй сакал серпе,
Чалдарың кемпирлердин алдын тооруп.

Тепкилеп белгисиз күч көөдөндөрдү,
Калгансыйт он сегизде жигит болуп.

Ансайын кемпирлер да кекирээ,
Өздөрүн күчкө сала өөдө болот.
Мүнөткө жылт - дей түшүп жаш курагы,
Жүргөндөр эске түшөт кашты боёп.
Сырларын алдырбашка тырышса да,
Колдордо бирден таяк сорок - сорок.

Жаз келсе жакшынакай сулуу болуп,
Жандануунун кучагы бүт жазга толуп.
Кыйкырат кекирейе арык короз,

Короодо мекияндын алдын тооруп.
Аруулап көкүрөккө жандуу, жансыз,
Баарысы жазды күтөт кучак тосуп.

Жаш элек ошол кезде өтө жашпыз,
Жаз эле айлана да, биз да жазбыз.
Баягы жакшы ниеттер унутулуп,
Ар кими өзүбүзчө калдык жалгыз.
Калдык го көңүлүбүз улам кирдеп,
Калгандай караңгы түн алтын Айсыз.

Убакыт мезгилден да алдыга озуп,
Утурлап чуркачубуз жазды тосуп.
Сезилчү эч жеринде кемтиги жок,
Жашоодо жалаң эле бүт жаз болуп.
Курбулар бир туугандан жакын элек,
Ал кездер жылдар жууп кетти оңуп.

Бүтүрүү кечеси - айтканга оңой. Он жыл бирге окуган, бир туугандай болуп калган классташтар, мектебим, агай-эжелерим....

Балдарды тегерете турган курчап,
Айланып ак бантик кыз келет чуркап.
Алдыда ажырашуу өкүнүчү,
Бүт бардык жүрөктөрдү алган чулгап.
Сезимди түшүнүксүз коркуу ээлеп,
Турушат кыздарыбыз тегиз ыйлап.
Жакынкы коштошуудан кабар берип,
Акыркы коңгуроонун үнү сыздайт.

Көздөрүм менин дагы жашка толуп,
Турамын өзүмчө эле кызык болуп.
Денемди түз кармоого алым келбей,
Ийнине курдашымдын, колум коюп.
Күчтөнүп өзүмдү өзүм араң тыям,

Бакырып, баштап ийбей болбос жорук.
Башымды улам ылдый салаңдатам,
Согончок кирип барат жерди оюп.

Шыңгыры коңгуроонун жүрөктү эзет,
Тарашып аз күндөрдө баары кетет.
Жетилүү аттестатын колуна алып,
Баарысы өз алдынча дүйнө кезет.
Турмуш чөл, анын түпсүз тереңине,
Жолдоштор билинбестен сиңип кетет.

Кесип көп кээ бирибиз врач болсок,
Дайыма ден соолуктун камын ойлоп.
Бирибиз жанын таштап эл жер үчүн,
Тураарбыз чек арада мекен коргоп.
Бирибиз кетмен алып, суу суугарып,
Жүрөөрбүз таң заарынан арык бойлоп.
Ичинде кээлеринин тилеги бар,
Түз эле учуп барып Айга конмок.
Учкуч бол, жазуучу бол, жумушчу бол,
Баарыбыз келечекти тең ойлосок.
Кайда жүр классташтар аман болуп,
Эстей жүр эң башкысы “Адам” болмок.

Билимдин ушунча жыл төккөн сырын,
Эжейлер, агайларды таштоо кыйын.
Жумшаган эмгегиңер кайтып калса,
Силерге ошол болоор менин сыйым.
Элесиң түбөлүккө эсте калаар,
Аман бол эжейлерим, агайларым.

Арадан мезгил учуп, өтөөр жылдар,
Жүрөөрбүз күндө эртең - деп жолуга албай.
Парталар биз олтурган келип кезек,
Ээлешээр өзүбүздүн балдар, кыздар.
Баягы коңгуроочон ак бантик кыз,

Дайыма эсибизден калаар чыкпай.
Сагыныч көөдөндөрдү жүрөөр бийлеп,
Акыркы коңгуроонун добушундай.

Ошентип мектепти да бүтүп алып,
Апамдын тапкандарын жанга салып.
Жөнөтүп ак батасын берип апам,
Жалбара дарбазадан калды узатып.
Таалайым тагдыр менен талашууга,
Бараттым чоң турмушка эшик ачып.

Тоолорду карап коём кылчак - кылчак,
Сүрдөнтүп мени күтөт белгисиз жак.
Артыма кайра кайтып келбечүдөй,
Көөдөндү ачыштырып тилет бычак.
Жакшы тур убактынча элим, жерим,
Учууга өз алдынча келди дейм чак.

Узатып жатышканда мени ошондо,
Турганым эске түшөт аэропортто.
Байкатпай теңтуштарым көрбөсүн деп,
Томуктай ташты алдым анан колго.
Ташын да ыйык тутуп туулган жердин,
Көп жылы сактап жүрдүм аны колдо.
Көргөндө кадимкидей кубат алчуум,
Көңүлүм бир нерсеге капа болсо.

Ассалоому алейкум борбор шаарым,
Балаңды жаңы келген, тосуп алгын.
Эч нерсе түшүнө элек таза бойдон,
Көңүлдө кири да жок карапайым.
Сыр каткан турмушуна аралашып,
Эркимче билим алсам деп самаймын.

Тапшырсам экен деймин кайсы окууга,
Жашыман кызыкчумун көк асманга.

Шыбырап шыкак берет ички сезим,
Жаңылбай болгун эми бирин танда.
Врачпы, учкучубу, инженерби,
Кесиптин баары сыйлуу ошол маалда.

Кайсыга кирүү али болбой дайын,  Көп
тандап жүрүп калдым окуу жайын.
Жүрчүмүн мен дайыма учууну эңсеп,
Ойлодум учкучтукка тапшырайын.
Айланып ителгидей аба жарып,
Арнасам бүт өмүрүм, күчтүн баарын.
Насибим бирок менин башкада экен,
Тапшырып Политехке окуп калдым.

Алдыда келечегиң көзгө элестеп,
Студент болуу кандай баары билет.
Өзүнчө бир ачылыш жаратчудай,
Көңүлүң көп нерсени самап, дегдеп.
Чындасаң кармап аны алуучудай,
Асманда жылдыздарга колду сермеп.
Таманың өзүнчө эле жерди баспай,
Талпынып ай - ааламга учкуң келет.

Кем болбой эч нерседен жашап келем,
Кийим да, тамак - ашта кекиртектен.
Замана эркелетип турган кези, Эсеби
кыйналмай жок баары белен. Чын эле
бүт баарысы дайын болуп, Заматта
аткарылчу эмне десең.
Андагы молчулукту ойлой калсам,
Жаралчу кокусунан жомокпу дейм.

Ошентип студент кез, жаштык курак,
Кыйкырат кайгы билбей ойноп -
жыргап.

Шаарымдын гүл оронгон бульварында,
Басамын эртели кеч кыз колтуктап. Кыз
жыты, гүлдүн жыты аралашып, Көңүлдү
делөөрүтөт, оолуктурат. Ошондой
көңүл учуп турган кезде, Коёмун
арасында ырлар курап.

Жаш болгон, баарында эле жаштык болгон,
Күнү - түнү кыздар чыкпай жүрөм ойдон.
Аралаш кыздар менен жүрсөм дагы,
Жүрөктү дарт чала элек таза бойдон. Мен
дагы ниет кылам башкалардай, Бир кызга
чын берилип ашык болсом. Алоолоп
махабаттын жалынына,
Башымды ага арнап сайып койсом.

Жамгыр жаап турган болчу али эсимде,
Кадимки жаз айынын бир кечинде.
Капыстан автобустан жолуктурдум,
Жомокто перизаттын өзү беле. Канча
жыл карек талып издегеним, Чынында
ушул эле, ушул эле. Болбосо атып
чыгып кетүүчүдөй, Оолугат жүрөк
кургур анда неге.

Тушалып жыла албастан колу - бутум,  Нес
болуп бир орунда катып турдум. Аярлап
кылыч мизин баскандай мен, Акырын ал
кыз жакка кадам койдум. Шылтоолоп
кандай кылып таанышсам деп, Чыгалбайм
туткунунан ошол ойдун. Ургулап көкүрөктү
жүргөн менен,
Алсыз бир жан экеним эми туйдум.

Автобус араң жылат кашаң аттай,
Ичине эл шыкалат толуп батпай.

Элдердин шары менен кошо жылып,
Жанына туруп калдым мен байкатпай.
Уурдана кокус байкап калбасын деп,
Алдыртан көз жиберем аны карай.

Сулуулар андай чанда жаралат го,
Сүрөттөп айта аламын эми кандай.

Шатырап жанын үрөп катуу төккөн, Бир
өпсө бетин анын жамгыр өпкөп.
Ыргалган ак кайыңды элестетет,
Сүрөткө тартылгандай чебер, көркөм.
Таланттуу художник бир жараткандай,
Аракет кылып жүрүп өтө көптөн.

Ошончо көп адамдын арасында, Гүлгө
окшойт ал бөтөнчө өзүнчө өскөн.

Эх чиркин, карап турсаң бир керемет,
Жөн эле сугун артып көзүң тиет.
Бетинде упа эндиктин изи да жок, Өзү
да элет жерден болсо керек.
Бир тиктеш, көздөрүнүн учкунунан,
Денеме ток тийгендей кеттим тердеп.
Көргөндө ар бир жигит суктангыдай,
Ушул кыз менин жарым болсо го деп.

Ой кетет кокусунан акын болсом,
Сүрөттөп бой мүчөсүн жазып койсом.
Талантын Алыкулдун берип калса,
Теңесем он бешинде айга толгон.
Кынтыксыз жарашыктуу бой келбетин,
Карекке тартып алсам ошол бойдон.
Тил кыска андан артык сүрөттөөгө,
Канчалык талпынсам да келбес колдон.

Ушул кыз кайда окуйт, ким болду экен,
Ар кандай чалды - куйду ойго кетем.
Ээлигип желдей учуп жүргөнүндө,
Озунуп бирөө ээлеп койду бекен.
Өзүмө өзүм ичтен кайрат берип,
“Жанына жакын барып таанышкын” - дейм.
Чыныгы оттой күйгөн жигит болсоң, Чыгарбай
эми колдон карма бекем.

Кыз келээр аялдама аны күтүп,
Акырын жылмайды да кетти түшүп.
Нес болуп бир орунда тура берип,
Калчылдап акырында кеттим үшүп.
Акыркы автобустар кайтып жатты,
Бүгүнкү жасай турган иши бүтүп.
Жөн кетпей, жүрөгүмдү ала кетти,
Баары бир табам го деп кылдым үмүт.

Жаткан кез бак - дарактар гүлүн төгүп,
Окуудан экинчиден үчкө өтүп. Ыр
жазбайм, баягыдай бийге барбайм,
Жүрөмүн маңдайымда жылдыз өчүп.
Таптакыр жер үстүндө кабары жок,
Кеткендей каяккадыр такыр көчүп.
Жоготтум эми аны таппайм го деп,
Калганда такыр эле үмүт өчүп.
Общиттен ачык турган терезеден, Ал
кызды капысынан калдым көрүп.
Окуурун билип алып русслиттен,
Барамын жолугам деп күндө келем.
Ошончо көп кыздардын арасынан,
Караанын анын гана издей берем.
Жанымдан өтүп кетсе сөз айта албайм,
Мындайды мурда баштан кечирбегем.
Сөзсүз мен кийинкиде жолугам деп,
Күндөрүм өтүп жатты күтүү менен.

Жолобой жандарына эч бир адам,
Көчөдө, бульварларда жалгыз басам.
Жолдоштор тамашалап сөз айтышса,
Жактырбай өзүмчө эле туталанам.
Жүрөктүн тереңинде бир дарт күчөп,
Басылбай бир нерсеге кусаланам. Эч
нерсе көңүлүмдү алаксытпайт, Мен
үчүн бош калгандай бүткүл аалам.

Саргартып санаа эзет жүрөгүмдү,
Бир көргөн таппай келем чүрөгүмдү.
Экинчи издесем да жолуга албай, Ал
кызды өмүр бою күтөмүнбү?
Алдынан тосуп туруп таанышсам дейм.
Антүүгө күч жетеби? Түтөмүнбү?
Тартынып таанышууга алым келбей,
Арманда бул дүйнөдөн өтөмүнбү?

Баары бир таанышууга мен умтулуп,
Бир күнү жолун тосуп күтүп туруп.
“Сулуу кыз жакшысызбы”, - десем ага,
Карабай өтүп кетти көңүл буруп.
Уяттын өлүмдөн да катуулугун, Ошондо
биринчи ирет билдим туюп. Ал кыздын
общитине келдим ээрчип, Өчөшүп,
өжөрлүгүм менин тутуп.

Мен анда тобокелге башты сайдым,
Болууга бир жактама бел байладым.
“Эмине дүлөйсүңбү? Дудуксуңбу?
Саламга алик албас кандай жансың?
Атыңды айтмайынча коё бербейм,
Урушкун, мейли ыйлагын, капалангын.
Жетишээр байкамаксан болгондоруң”,
Дедим да жылдырбастан кармап калдым.

Кылбастан сөздөрүмө эч каяша, Өзүнчө
мулуң этип бир башкача.
Кайрылып кайра өзүмө суроо берет,
“Сиз дагы жашайсызбы ушул шаарда?
Сиз мага ини болуп чыгып калбаң,
Жашыңыз айта коюң канчаларда? Мен
сизге кечиресиз эже болом,
А сенин издегениң башкадыр да”.

Күйгөндөн жанып кеттим күлгө
айланып, Не дээрге сөз таба албайм
туталанып. Баштагы айтамын деп
камдап келген, Сөздөрүм каяккадыр
кетти качып. “Жакшы тур иничегим” -
деди дагы, Общитке кирип кетти секин
басып. Жаткандай жер титиреп
капысынан, Ордумда туруп калдым
оозум ачып.

Баягы кайда кеткен курчтуктарым,
Бул көздөн неге мынча корунамын.
“Иничек” - деген сөзүн эстей калып,
Өзүмөн өзүм эле уяламын. Өзүмдүн
оройлугум түздөп кетти, Ушундай
сөз беле же угаарым. Кайрадан
жолугууга шылтоо издейм,
Билбеймин эми кантип жолугаарым.

Кызынан бир күнү курсташ, кабар бердим,
“Бир жигит сени эшикте күтөт” - дегин. Көп
деле күттүрбөстөн басып келип,
Деп айтты: “Чакырыпсыз жигит келдим”.
Баягы сөзүнө жооп берейин деп,
Жүзүнө тике карап мындай дедим:

“Эжеме бир эркелеп кетейин деп, Жөн
эле келип калды иничегиң”.

Туурадыр, туура эместир менин мунум,
Түз эле таанышууга колум сундум.
Баарысын айтып берем жашырбастан,
Атымды, анан дагы кайда окуурум. Бир
ирет жолуктуруп автобустан, Ошондон
ойлой берип мен курудум. Өзүмдү
башкарууга алым жетпей, Сүйүү оту
мойнума илди укуругун.

Ойлоймун сени такыр кирпик какпай,
Ойдолойм бир орунда тынчып жатпай.
Канчалык көп болсо да шаарыбызда,
Көрүнбөйт бир сенчелик бүт кыз атпай.
Койдуң го биринчи ирет кезиккенде,
Атыңды эч болбосо окууңду айтпай.
Өзүңдү баардык жерден издеп келем,
Кайда деп жүрөгүмдүн ээсин таппай.

Кыз айтты: -“Шар кетпеңиз анча жигит,
Сүйлөңүз алды - артын ойлоп, билип.
Башынан тааныш эмес кыздарга сөз,
Калаарын түшүнүңүз катуу тийип.

Бүт кыздар жок дебейт деп ойлойсузбу,
Жолунан тосуп калсаң”, - деди күлүп.
Жүрөктүн орунунда өпкө эмеспи, Алиге
тааныша элек калсаң сүйүп”.

Болуптур кызарба да, уялбагын.
Эмесе …… менин атым. Жаңыртып
кийин дагы сурап жүрбөй, Унутпай
эсиңизге сактап алың.
“Кошуңуз кетейин”, - деп кол бергенде,

Биле албай не кылаарым шашып калдым.

Ойлонуп кетирбестен мен амалын,
Деп айттым - эки адамга билет алдым.

Күтөмүн сени кинотеатрдан,
Өткөндө кырк беш мүнөт туура
алтыдан. Түшүнбөйм өзүм дагы не
болоорун, Кокустан сен кечигип келбей
калсаң. Ичимде айта турган сырларым
көп, Киного келишиңди мен суранам.
Эмесе кечке чейин жакшы тур – деп,
Мен дагы ага кошуп колду сунгам.

Кассага чуркабастан учуп жеттим,
Билеттин ысыгынан экөө - дедим.
Ошентип ана келет мына келет, Ары
да бери басып, күтө бердим.
Киносу башталчу маал болуп өттү,
Жебе да үстүн басты жетилердин.
Ошентип тогуз болду, он да болду,
Баары бир ошол күнү сен келбедиң.

Айрылбай калгандагы ошол билет,
Азыр да түркүн - түркүн ойлор келет.
Жолубуз башында эле эки ачабы,
Аягын билсе жалгыз кудай билет.
Кантет - деп мени атайын сынагандыр,
Болгондур же болбосо башка себеп.
Перинин өзү болуп кетсе дагы,
Жолобойм эми ал кызга экинчи ирет.
Ал кезде али чыны бала экем,
Таарынып жөн - жок эле жүрө бергем.
Эмесе кудай уруп чакырамбы, Качпайт
го эч каякка кино деген. Киного
жүргүнүң деп шаштыргыдай, Жолдошу

же жакыны болсом экен. Андагы
кылыгымды ойлой калып, Кийин да
уялгандан көп тердегем.

Таарынып көпкө жүрдүм мен мурчуңдай,
Жаныман өтсө дале көңүл бурбай.
Көңүлдү бурбай коюу балээниби,
Жүрөгүм ошол кыз дейт тыным албай.
Кайрадан шылдың дагы боломбу дейм,
Кат жазсам койсочу деп кабылдабай.
Жүрөгүм ак кагазга салып туруп, Ал
кызга кат жөнөттүм мына мындай:

Карындаш ден соолугуң, окууң кандай,
Биринчи ата салты учурашмай.
Катымды сага жазган ачып оку,
Ыргытып же болбосо тытып салбай.
Жигиттер кат жазышкан кыздарга арнап,
Илгертен болуп келген шарт ушундай.
Эмесе ток этээрин мен айтайын, Алыска
өрдөгүмдү көп учурбай.

Өзүмдүн издегеним таппай жүрүп,
Калганмын автобустан сени көрүп.
Жылт эткен бир көз караш учкунунан,
Элесиң карегиме калды чөгүп. Мен
сени бир көргөндө чыга келген,
Көңүлдүн тереңинен сүйүү өнүп. А
сыртта кубанчымды коштогондой,
Турду эле шатырата жамгыр төгүп.

Азыр да сени ойлонуп көздү жумсам,
Элестейт автобуста баратканың.
Эркимди эч нерсесиз байлап алып,
Өзүңө кайра - кайра каратканың.

Сени ойлоп такыр эле эстен чыккан,
Өзүмдүн кайсыл жакка баратканым.
Аябай бой мүчөнү, узун чачты,
Бериптир марттык менен жаратканым.

Мынча көрк, сулуулукту, мынча келбет,
Жараткан баарына эле бере бербейт.
Көрбөгөм сендей сулуу адамзаттан,
Ишенгим көзүмө да келбей кетет. А
мүмкүн перилерге арнаганын, Көөнү
ийип сага берип койсо керек.

Болбосо бир көргөндө анда неге,
Кабынан атылчудай ыргыйт жүрөк?

Мейли мен көчөдөбү, кайда жүрсөм,
Түшүмдө, өңүмдө да сени көрөм. Сен
менен кол кармашып баса албасам,
Бакытым жарты болоор толбос көксөөм.
Кокустан жетпей калса сунган колум,
Баары бир өмүр бою сен деп өтөм. Бой
сала суу боюнда эркин өскөн,
Сеңселген жалбырагы кайың көрсөм.
Жанына анын басып барам дагы,
Эрдимди тийгизем да секин өбөм.
Акырын колум менен сылагылайм,
Бутагын окшоштуруп чачыңа өргөн.
Туптунук боюн ыргап аппапакай,
Элесиң ак кайыңдан сенин көрөм.

Дарактан, гүлдөрдөн да бардык
жерден, Бир сага окшоштукту издей
берем. Сен качан тилегимди
түшүнөсүң, Мен сага кантип жетем,
кантип жетем. Сүйүүнүн таразасы

болсо өлчөгүч, Бүт бардык көрсөткүчүн
басаар элем.
Сүйүүмдүн тереңдигин салыштырып,
Теңөөгө башка сөз жок кандай десем.

Акактап жалын болуп күйүп денем,
Адашып суусуз чөлдө чаңкап келем.
Кээ бирде албууттанган дайралардан,
Бой уруп кечүүсү жок жерден кечем.
Сен үчүн мейли кандай кыйындыкты,
Жеңүүгө даяр элем эчен - эчен. Кол
тийгис улуу тоонун мөңгүсүндөй,
Ишенгин сүйүүм тунук сага деген.

Күйүксөң аба жетпей жай чилдеде,
Көктөгү булутка мен айланайын.
Болбосо секин соккон шамал болуп,
Көзүңдөн, чачтарыңдан аймалайын.
Кылчылдап кыш чилдеде үшүп тоңсоң,
От болуп кучагыма калкалайын.
Тутанып - туталанып жана берем,
Оюнду мага болгон байкамайын.

Шылдырап тунук аккан булак болсоң,
Жол жүргөн жолоочуга айланайын.
Атайылап жата калып оозум менен,
Шимирип суусунумду кандырайын.
Көзүңө арчалардан кирпик сайып,
Жанынан карыш жылбай байланайын.
Төшүнө махабаттан көчөт тигип,
Сүйүүнүн эстелигин калтырайын.

Гүл болсоң татынакай сулуу, көркөм,
Акырын сабагыңдан сылап көрсөм.
Чөгөлөй башым ийе таазим кылып,
Жыпардай жытын жыттап сени өпсөм.

Жаздагы катуу төккөн жамгыр болуп,
Аймалап чачтарыңдан катуу төксөм.
Куланып андан ары таман көздөй,
Сарыгып моюнуңдан денеңе өтсөм.

Эң бийик ашуу болсоң сен тирелген,
Өтүүгө эч жагынан жол бербеген.
Колдон күч, буттан каруу кетсе дагы,
Кайрадан чабуул жасап келе берем.
Байкабай бир жеринен жаза басып,
Коркпоймун кокус эле учуп кетсем.

Таң берип тагдырыма ыраазымын,
Сүйүүнүн урматы үчүн жандан кечсем.

Сен болсоң кечүү бербес улуу дайра,
Мен ага бой урмакмын кайра-кайра.
Кубанып суу чымчыктай ойномокмун,
Азоодон катуу серпкен толкунуңда.
Жүгөндөп башка жакка нугун буруп,
Көшөрүп багынтмакмын акырында.
Кокустан тилегиме жетпей калып,
Мейли эле денем сенде чөгүп калса.

Эгер сен гүлүн ачкан алма болсоң,
Колума күрөк алып багбан болом.
Алыстан атайылап буруп келип,
Чаңкасаң убагында мен суу коем.
Жайнасаң сабагында алча болуп, Түбүндө
кароол болуп кайтармакмын. Жаныңдан
ким болбосун карыш жылбай, Баары бир
тилегимди аткармакмын.

Баштараак мен өзүмчө кыйын элем,
Кыздарды анча жанга теңебеген.
Өзгөртүп тез арада сүйүү күчү, Азырчы,

байкуш болдум шөмтүрөгөн. Ар дайым жалгыздыкка даба болоор, Жооп издейм көздөрүнөн үмүт этем. Эми мен ээн талаада жалгыз калып, Өзүмдүн дайыным таппай тентип келем.

Жакшынай жазда өскөн кызыл гүлүм,
Кыйкырып колду сунсам жетеби үнүм.
Соо болуп кадимкидей сопсоо туруп,
Өрттөндүм тозогуна мен күйүттүн.
Уулантып мынча неге ачуу даамы,
Азабы ушундайбы чын сүйүүнүн. “Бир күнү бакыт кушу жылт этээр” - деп,
Аргасыз үмүт үзбөй күтүп жүрүм.

Карындаш, аша чапсам кечирип кой,
Менде жок сага деген жамандык ой.
Байлады сүйүү оту багындырып,
Өзүмдүн эркиме да же жөн койбой.
Күн сайын сени гана көргүм келип,
Сагынам кусаланам ойлой - ойлой.
Кезигип автобуста келе калдым,
Өзүңдү же ошондо көрбөй койбой.

Оо кийин, терезеден турган ачык,
Көргөндө андан бетер болгом ашык.
Кайрадан көздөрүмө ишене албай,
Ордумдан жыла албастан тургам катып.

Уурумду бирөө кармап алуучудай,
Айламды таба албастан калгам шашып.

Бир жүргөн кыздарыңдан сурап көрсөм,
Айтышты айылыңды туулуп өскөн.

Экөөбүз бир район болуп туруп, Таң
калам эмдигиче неге көрбөйм. Жайлачу
жайлообуз бирге болуп, Мен дагы ошол
эле жерде өскөм. Ал тоонун бер
жагында сен жашасаң, Ошол тоо ары
жагы менин өлкөм.

Туямын сен мен үчүн жаралганың,
Жүрөгүм сезип турат анын баарын.
Артыңдан көлөкөңдөй ээрчий берем,
Мейли уруш, капалангын, мейли таарын.
Өмүрдө башка эч нерсе керек эмес, Жетишет
бул дүйнөдө сенин барың. Билбеймин капыс
жерден ажыратып, Салбаса ортобузга
турмуш каарын.

Катымды ушул менен аяктайын,  Мен
жаздым жүрөгүмдүн каалаганын.
Зарыга үмүт менен жообун күтөм,
Эки ооз сөзүң менден аябагын.
Сүйөөрүм сени гана айдан ачык,
Калганын өзүң билип талдап алгын.
Кош дебейм жолукканча саламат бол,
Кайрадан көрүшкөнчө жакшы калгын.
Үмүттүү кала бердим катым кетип,
Өзүм да куурап бүттүм күтө берип,
Аргасыз үмүт эми үзүлөөрдө, Ал
кыздан жооп алдым көп кечигип.
Ал катты шашып - бушуп окуп көрсөм,
Эки ооз сөз жазылыптыр мындай
делип:
“Мен сага кат жаза албайм ырлар менен,
Жолуккун сөзүң болсо - өзүң келип.”
Ал кыздын “Жолук” - деген алып жообун,
Ашка да, ишке дагы барбай колум.
Ойлонуп кандай болуп кезигүүнү,

Өзүмчө жерге батпай учуп - кондум. Эң
жакшы кийимимди тандап кийип,
Ал кыздын общитине кадам койдум.
Жоготуп болгон бардык курчтугумду,
Кайрадан жолукканда дудук болдум.

Келебиз биз жанаша бак аралап,
Акырын сынагандай кадам санап. Ал
жакка байкатпастан көз таштасам,
Жүрөгүм алып учуп, күйүп жанат.
Камдаган сөздөрүмдүн бири да жок,
Айтууга сөз таба албайм ага карап.
Сезгендей менден такыр сөз
чыкпашын, Керекке кетти кайра өзү
жарап.

Бүшүркөп баштан эле мен шектенгем,
Сыртымдан мени ал кыз тааныйт белем.
Билсе да өзү жердеш экенимди,
Билмексен эч нерседен шек бербеген. Өзү
да жөн жайынча таанышсам деп, Ичинен
тилек кылып жүргөн экен.
Алардын бүт бардыгын өзү айтып,
Ошондо сырлуу тиктеп мага күлгөн.

Башынан өтөт – өтөт, өтпөйт кимдин,
Сүйүүнүн башкача го, күчү чиркин.
Чын сүйсөң таяк алып дубана бол, Отко
түш, кечүүсү жок сууну кечкин.
Канчалык жакындасаң алыстаса,
Сен анын түшүнөсүң бийиктигин.
Сүйүүнүн урматы үчүн не болсоң да,
Күнөөнү коё да албайт сага эч ким.

Ойлогон ойлорубуз бирге болуп, Кош
жүрөк биригишип бирге согуп.

Топтоло толуп ташып кемтиги жок,
Дүйнөбүз баары түгөл, баары толук.
Коюнда кубанчыбыз ашып - ташат,
Алдыга жакшы-жакшы максат коюп.
Ошондо кайдан билдим сезбептирмин,
Жүргөнүн бир балекет алдым тооруп.

Жаштыгым турган кезде ырдап,
бийлеп, Башыма кайдан келди бул
балекет. Өмүрдө өчүрө алгыс чоң так
калды, Канчалык жууган менен эми
кетпейт. Тагдырга тан бербешке айла
барбы, Өмүрүм капыс жерден калды
кирдеп. Билдирбей эркелетип туруп
эле, Тагдырым сокку урду экинчи ирет.
Сен камалып олтурганда түрмөдө, Не
келгениң түшүнөсүң дүйнөгө.

Бардык эле адам өзү каалаган максатка жете бербейт тура. Адам баласы канчалык аракет кылган менен пешенесине жазылганын гана көрөт дешет.Тагдыр сызган сызыктан эч бир пенде чыгып кете албайт турбайбы - деп ал агам терең үшкүрүп алып кайрадан ойго чөктү.

Ал агам үшкүрүнүп, жумуп көздү,
Өзүнчө мелтиреген ойго чөктү.
Өткөнү көз алдына келе калып, Чаңызгып
көңүлүндө жүрдү көчкү. Жаткандыр
тынчтык бербей жанын кыйнап, Качанкы
толбой калган бир бөксөсү. Адам деген бир
куураса кыйын го, Дарак эмес кайра жазда
көктөчү.

Иничек, мына ушундай - деди дагы,
Ал башын көпкө чейин жерге салды.

Мындайча сезип турам ойлогонун:
“Калганын айтсамбы же айтпасамбы”?
Тигиле бир чекитти карап алып, Ичинде
катуу уруш жүрүп жатты. “Мейли эми
мынча болду тыңшагын”, - деп, Кыйнала
андан ары сөз улады.

Башкача боло албастан калбай аргам,
Күнөөсүн бирөөлөрдүн мойнума алгам.
Кайрылып канатымдын калаарлыгын,
Күтпөгөм андайлыгын билдим кайдан.
Жакшылык кайра айланып
жамандыкка, Кадалды ийне болуп
тепчип сайган.
Анымды адамдардан жашырып не,
Ошентип мен түрмөгө түшүп калгам.

Жатамын КПЗда көз чачырап,
Күттүрбөй жасоолдору карап турат.
Илгертен ала албаган өчү бардай,
Аларың аябастан тебет, урат.
Керсейип чала сабат тергөөчүсү, Кыйкырат
“мойнуңа ал!” - деп стол муштап. Эсиң ооп,
демиң чыкпай калган кезде,
Алып барып камерага кайра ыргытат.

Жатканың сыз жер болуп жалаң
цемент, Күнүгө болоор - болбос тамак
берет. Кардың ач, жеген таяк
запкысынан, Жер көчүп айланкөчөк
тегеренет. Анысы аз келгенсип бир
жагынан, Мыжыгып көкүрөктү күйүт
эзет.
Кордукка ушунчалык чыдай албай,
Жаныңдан аша кечип кеткиң келет.

Сен басчу жер үстүндө жолдор тарып,
Жан дүйнөң тар бөлмөгө калат батып.
Зар кылып күндүн бетин бир көрүүгө,
Үстүңдөн басып турат караңгылык.
Атайлап тандап коюп коюшкандай, Ал
жерге бүт чогулган айбанчылык.
Шылдыңдайт маймыл кармап келишкенсип,
Адамдан сени малга айландырып.
Көрсөтпөйт жолугууга келгендерди,
Калтырбай жалап - жуктайт бергендерди.
Адамдык сапатыңды тебелешип,
Укканың жалаң гана "оо, энеңди!".
Кокустан бир сөз эле каяша айтсаң,
Токмоктойт калтырбастан соо жериңди.
Айбанча көптөп сени баса калып, Койбостон
койдой сыйрыйт жон териңди.

Камалып тар бөлмөдө дүнүйөң тар,
Адам жок көңүл бөлүп дартың сураар.
Канчалык баш катырып ойлосоң да,
Алдыңда белгисиздик, артында жар.
Бир күндө талкаланып ойрон болду,
Ойлогон көп жылдары ой - максаттар.
Башыңа түшкөндөн соң айла барбы,
Эми сен ыйлаганда зарлай - зарлай.

Эжемдер күндө ыйлап келип кетет,
Колунан ыйдан башка эмне келмек.
Бул жерден айла барбы бошонууга,
Ким мага эми кантип жардам берет.
Кыйналам жан коёрго жер таба албайм,
Жүргөн кез эркиндикте көзгө элестеп.
Алдыга көз жүгүртсөм коркуп кетем,
Канча жыл эми мага сот берет деп.

Камалып Камчыбектин түрмөсүндө,
Кантала каным сорсо түндөсүндө.
Дубактар түрткүлөшүп короңдошуп, Көз
көрүнөө каның сорот күндүзүндө. Тик
карап тил кайрууга укугуң жок, Акыйкат
барбы дейсиң жер үстүндө. Тартипти
түшүнбөдүм ким үйрөтөт, Топтошуп
сени карап баары үрсө.

Корсоюп басып келет начальниги,
Кимсиң сен - адамсыңбы - болбойт
иши. Топтошуп аркасынан ээрчип алат,
Шыйпаңдап кур калгансып бир топ
“ити”.
Көрүшөт жансыз өлүк камагандай,
Кордукка чыдай алгыс деги киши.
Тумчугуп дем алууга аба жетпей,
Сасык жыт толуп алган камера ичи.

Камалып түрмөсүндө мен жатсам да,
Акыйкат жоктугуна болом капа. Алдуусу
алсыздарын тебелемей, Акыйкат ырас
эле болсо кана.
Адамдар билип туруп түшүнүшпөйт,
Кылбашын бул дүнүйө эч кимге оопа.
Ушунча мерездиктер кайдан чыккан,
Ичимден келме айтып кылам тооба.

Кезигет бул жерде да түрдүү адам,
Момундар кой оозуна чөп албаган.
Аткарып “байкелердин” буйруктарын,
Байкабай аңкоолуктан түшүп калган.
Соттоочу чоңдор үчүн же сот жокпу,
Түрмөдө негизинен бечара адам.
Пулу көп канча күнөө кылса дагы, Жөн
эле жүрүшпөйбү куруп сайран.

Соту да териштирбей өкүм кылат, Чай
кайнам убакытта өкүм чыгат.
Ишенип сотко жүргөн үмүттөрүң,
Заматта күлгө айланып, шагың сынат.
Жалгандан сот өкүмүн окуп жатса,
Айла жок тиштенесиң эптеп чыдап.
Бийлиги эч жерге анын өтпөгөн соң,
Жалгандан боорун толгойт сага адвокат.

Соттору май кармаса бармак жалайт,
Бирдеме өнөбү деп колуң карайт. Ал
сенин ак экениң, кара экениң, Ал
жагын абийиринен эч сурабайт.
Жасабай өз ишине кайдыгерлик, Сот
деген болуу керек эң акыйкат.
Тагдырын адамдардын алар чечип,
Алланын аты менен өкүм кылат.
Болбосо сүйөп турчу же бир аркаң,
Каяша айтышууга барбы аргаң.
Орун жок байкуш менен бечарага,
Дүйнөнү жалаң шумдар ээлеп алган.
Аттиң ай, оомал - төкмөл бул жалганда,
Чындыктын жоктугуна капаланам.
Өзүмчө ага катуу жаным кейип,
Мен минтип чындыкка арнап бир ыр жазгам:

“Чындык, чындык, чыны менен жоксуң сен,
Табам го деп эчен ирет дегдегем.
Көкүрөктө арман калбайт эле го, Бир жолу
эле сени менен бет келсем. Бекер эле
болот окшойм убара, Жүрөк сыздайт жок
экениң эстесем.

Чындык, чындык, түшүнгүнүң сен муну,
Чындык азыр акчалуунун бир кулу.
Чындык ошол эгер кимдин колунда,
Болсо эгер бийлик жана көп пулу.
Чындыктын да бечара адам колунда,
Сары чака тыйынчалык жок куну.

Алакандай тар көрүнүп кең аалам,
Чындык үчүн жан талашкан канча жан.
Акыйкаттын аягына жете албай, Бул
дүйнөдөн арманда өткөн көп адам.
Чындык өзү бийик туруп асманда,
Тепкичи анын курулабы акчадан.”

Чындыктын кор болгонун турсам эстеп,
Чыркырап бут алдында тебеленет.
Үстүнөн арамзалык басып турса,
Ойлочу андай чындык кимге керек.
Бошонуп туткунунан наадандыктын,
Чындыкты майрамдоочу келээр кезек.

Айдалып “этап” болуп бара жаттым,
Кол артта курчоосунда солдаттардын.
Жетилип эми учаар кез келгенде,
Кайрылып сынып калды канаттарым.
Эми эле көп ишеничин аткараарда,
Ажырап эл - жеримден камактамын.

Зонанын бар өзүнчө закондору, Ар
кимдин өз - өзүнчө табаар орду.
Табылгыс жакшы адамдар көп болсо
да, Ичинен чыкпай койбойт
“козёлдору”. Андыктан жөн жок эле
сүйлөй бербей, Жүрөсүң өтө этият
тыйып оозду. Жакшыны жамандыкты
тескеп турчу, Өзүнчө ал жердин да

болот соту. Кокустан жалган сүйлөп,
ушак айтып, Бирөөгө жөн жок эле тийип
койчу. Кичине багытыңды өзгөрттүңбү,
Тепкилеп ортого алат “разбору”.

Ал жерде төштөрүнө номур тагат,
Конвойлор койчосунан айдап алат. Бир
кадам сени өзүнчө бастырбастан,
Түгөлдөп ар бириңди күндө санайт.
Аралаш жакшы менен жамандары,
Адамдар ал жерде да толуп жатат.
“Козёлдор” таман жалаар шумпайлары,
Чагымдап көз көрүнөө сени сатат.
Таштабай кээси жаман адаттарын,
Шыйпаңдап жүрүшкөнү жанга батат.
Түгөнүп башы көргө киргичекти,
Өзгөрбөй калат окшойт андай адат.

Ал жерде өтө жакшы адамдар бар,
Бирөөгө эч жамандык кылбайт алар.
Кайра алар сүйөп - таяп жардам берет,
Кыйналып азап тартса бечаралар.
Өзүнө калбаса да бөлүп берип, Иш
түшсө чын жүрөктөн жардамдашаар.
Өзүнүн жаны кейип турса дагы, Башкага
жардам берип көңүл сураар. Тилеймин
андай адам көп болсо деп, Дүйнөнүн
жарасынан айыктыраар.
Кээлери көктө сызып айлангандыр,
Акыйкат чындык үчүн кармашкандыр.
Акмактар көптүгүнөн алы жетпей, Кор
болуп эки колу байлангандыр.
Ошентип ак жеринен караланып,
Аргасыз ушу жакка айдалгандыр.
Белгисиз келечекти болжоп болбойт,

Нелерди башка салбайт бул куу
тагдыр.

Алардын бири иниң, бири агаң,  Сен
ага баш оорутуп калбагын таң.
Көйгөйүн тартып жүрүп көр турмуштун,
Аргасыз ушул торго түшүп калган.
Бирөөгө балким башын ийбегендир,
Ар намыс өйдө туруп бардыгынан.
Кээлери кунөөсү жок күнөөлүүдүр,
Тагдырдын дал өзүнөн өчү алган.

Кээ бирде адамдыктын ашып чегин,
Келебиз дале билбей ким - кимдигин.
Күнүгө колго кармап жүрсөк дагы,
Кадырын көп билбейбиз эркиндиктин.
Бактыбыз өзүбүздүн колдо туруп,
Камын көп ойлобойбуз келечектин.
Таалайсыз көкүрөк көр пенде болуп,
Ушундай жаралыппыз, канттик иним.
Кыйналып отко түшүп менин жаным,
Аргасыз айрылуунун даамын таттым.
Апамдын боздогонун көргөнүмдө,
Канчалык ачуулугун сездим анын.
“Кайрылып эл - жеримди көрөмбү” -
деп, Кудайга далай ирет жалынаармын.
Өскөн жер, эли-жерим бир туугандар,
Аман тур көрүшкөнчө кагылайын.

Тагдырым тайкы болсо кантмек элем,
Адамзат бардыгына чыдайт экен.
Байкабай кокус күнөө кылганымды,
Кечиргин тентек уулуң алтын энем.
Канчалык ден - соолугуң кетээрлигин,
Балаңды ойлой берип - аны билем.
Өзүңдүн баштан эле сөзүң бар го,

Эгерде “Бала болсоң шок бол!” - деген.
Күтө тур, андан башка не дээр элем,
Кайрылып, аман болсоң кайтып келем.
Бирөөнүн денесине колум тийип,
Жасаган күнөөмдү мен колум менен.
Түбөлүк доо кетирбей абийириме, Ак
эмгек мээнет менен актап берем.

Ансыз да жарым жаның аяй көргүн,
Айдалып алыс кетсем эми сенден.

Досторум бирге жүргөн жоро - жолдош,
Бир тууган, ага - инилер болгула кош.
Билээрсиң жүрөгүмдүн эзилээрин,
Эми аны ойлогондо кантем боордош.
Качан мен кайра айланып кайтып келем,
Белгисиз алды жакты кыйын болжош.
Тагдырдын буйругуна моюн сунган,
Дүйнөдө адам азбы мага окшош. Аргасыз
колду байлап зым тор арты,  Тосконум
эске түшөт ошол жазды.
Жадырап кыз колтуктап жүрөөр кезде,
Жаштыгым жайнап турган, муңга айланды.
Томсоруп ошол аткан бир таңда эле, Ал
жакта канчалаган өмүр калды. Жасаган
болоор - болбос күнөөм үчүн, Жараткан
мынча неге жазалады.

Тоолорго мен жашаган ал тарапка,
Топтошуп канаттуулар өтүп жатса.
Сагыныч көкүрөктү ууландырып,
Мөлтүрөп каректерим толот жашка.
Байланып колу - бутун кишенделүү,
Аргасыз чыдайсың да арга канча.

Өзүңдөн кайда качып кутулмаксың,
Тикен зым айлананңды курчап турса.

Сел агып көздөрүңдүн карасынан, Кан
агып жүрөгүңдүн жарасынан.
Жазды сен тостуң беле бираар жолу,
Чырмалган тикен зымдын аркасынан.

Жазды сен көрдүң беле бираар жолу,
Адамдар кара кийген, арасынан.
Жараткан эгер чындап кулум десе,
Андайды алыс кылсын пендесинен.

Айланаң жалаң зым тор, бүт курчалган,
Бөлөнгөн тикенекке бүткүл аалам.
Кызарып денесинен каны тамат, Күндүн
да батуусуна жакын калган. Тикен зым
Айдын дагы бетин тосуп, Кан тамат
анын дагы жарасынан. Кан тамат миң -
миллион жүрөктөрдөн, Дүйнөгө назар
салып карап турсам.

Күнөөсүз - күнөөлүүмүн туткун болуп,
Бир канча убагынан эрте соолуп.
Сүйгөнүм эске түшсө кайра - кайра,
Көзүмө келе калат жашым толуп.
Таппаймын түбөлүккө эми жоксуң, Мен
үчүн сүйсөм дагы ошончолук. Атайлап
эми сага жолуга албайм, Айылым эми
сенден алыс конуп.

Түгөйүм эми сен жок болгондон соң,
Бөксөргөн өмүр бою толбос бактым.
Канчалык сени сезүү бакыт эле,
Аларды кантип, кантип унутайын.
Жүрөктө сенин ордуң бопбош калып,

Айыккыс кайра болуп жараландым.
Айрылып жолдорубуз эки ача, Аргасыз жарым жолдо түшүп калдым. Сен эми мени күтүп жолдон калба,
Каалаган максатыңа жетип алгын.
Баары бир эми эстебе, эстей жүргүн,
Бир кезги таалайы жок сапарлашың.
Мен эми өмүр бою сен деп өтөм,
Элесиң өмүр бою унутпаймын.
Тагдырдын буйругуна айла барбы,
Тилекке эңсеп жүргөн жетпей калдым. Сен менен кол кармашып күлүп - жайнап,
Түбөлүк бирге өмүр сүрө албадым.
Ишенип эми кантем сенден башка, Мен эми жүрөк дартын кимге айтамын. Бул жактан кийин бошоп барганымда, Сен жоксуң эми сендей таба албаймын.
Түшүнөм, басаар жолуң башка болуп,
Эси жок “туремшикти” күтө албашың.
Жолубуз эки башка болсо дагы, Баш ийип таазим кылам кабыл алгын.
Коштошом кайра баштан кезикпөөгө,
Кош болгун менин алгач махабатым.
Андыктан бакыт каалайм ыйлап туруп,
Бактыңды, не демекмин, кудай ачсын.

Баш катырып ойлонбогун ардагым, Өтө алыс, жолуга алгыс жактамын.
Ойлобогун чыккынчылык кылды - деп,
Сүйүүбүзгө экөөбүздүн, оо жаным.
Сенин мага кылчалык да күнөөң жок,
Сенден эмес, мен башкага капамын.
Капыс эле түз бараткан жолумда, Басып алдым тагдыр салган капканын. Өзүм дагы байкабадым кокустан, Кырсык мени кантип белден чапканын. Соолуп бүтөөр

сага арнаган сезимдер, Ичте калаар эми менин арманым. “Туремщик” - деп ушул айткан жалгыз сөз, Салып тураар өмүр бою салмагын. Мен алдырып капыс жерден жаштыкка, Не болот деп эми тиштейм бармагым. Сен тазасың сүйүүдөн да, мен үчүн, Таза бойдон өмүрүмдө каласың. Мага эми кезигем деп ойлобо, Ачыштырып сыйрып жүрөк жарасын. Зарласам да кайра артка бара албайм, Бул турмуштун чимирилткен парасын. Бириктирээр эми такыр кез жоктур, Экөөбүздү бөлгөн жолдор арасын. Тикен зымдар бөлүп турат чектерди, Тикен басты сүйүүбүздүн талаасын. А мен эми ушул чектен өтө албайм,

Сен ал жээкте алыс - алыс калаарсың.
Эми сени кучагыма кыса албайм, Сага бараар ак жолумдан адаштым. Айла канча менден дагы жакшыраак,
Каалайм эми өз теңиңди табаарың.
Бир жагынан ошол башка бирөөгө,
Ыраа көрбөйм өзүң эмес тырмагың.
Түшүнө албай оорутаттыр көңүлүң,
Кызганаттыр сулуулугуң алганың.
Ойлогонум, эми колдон не келет,
Кантмек элем, кантмек элем ардагым.
Биз экөөбүз болобуз деп бактылуу,
Өзүмдү эмес, сени кошо алдадым.
Кечире көр, мага болгон ишенич,
Тилегиңди орундата албадым.

Ойлой берип эзилээрмин бүтөөрмүн,
Ичте калаар эми менин арманым.

Нени тапты экөөбүздү бөлгөндө, Мен
тагдырга ошон үчүн капамын.
Арасында сурамжылай жүрөөрмүн,
Баштагыдай билбейм эми кабарың.
Кош болгунуң аргасыздан коштошом,
Ушул болду менин болсо табаарым.
Сага болсо узун өмүр, ден соолук,
Анан дагы бакыт эми кааларым. Мен
болбодум, сен бактылуу боло көр,
Ачылса экен сенин бакты - таалайың.

Мен анда бардыгына даяр элем, Ал
жерде болот эле жандан кечсем. Боор
токтоп, жерди муштап калабы деп,
Аядым карааныңды сенин, энем.

Талпынып эми гана учаар кезде,
Келечек ырысыма балта чаптым.
Тумандуу көзүм жетпей алды жакка,
Чамалуу болуп калды эми чактым.
Элинин керегине жарасын деп,
Жумшаган мээнетиңди актабадым.
Энеке, үмүт кылып ушунча жыл,
Уйкусуз далай түндөр неге бактың.
Ал кезде такыр эле сезбептирмин,
Башкача туулган жердин кереметин.
Канчалык жакындыгын, кымбаттыгын,
Байлоодо жүргөн кезде кийин сездим.
Тартылып тоосу, ташы көз алдыма,
Элеси тынчтык бербейт тууган элдин.
Бөбөктү күлүп турган мотураңдап,
Баарысын көздөн учуп көп эстеймин.
Боорума кысып алып өппөйт белем,
Мынчалык кымбаттыгын кайдан билдим.
Кайгысыз канат күүлөп каткырчумун, Олтуруп
канатына эрке желдин.

Кайгырып кайра - кайра үшкүрүнөм, Бул
жерге кандай болуп, кантип келдим.
Мени ойлоп күндө ыйлап жатабы деп,
Көз жашы тынчтык бербейт энекемдин.

Эңсетет тоо боорунда мөлтүр булак,
Адамга жашоо берген, өмүр улап.
Туптунук, ушунчалык тазалыгы,
Шыңгыры кулагыма дале угулат.
Дайым мен барганда тосуучу эле,
Жаш кыздай күлүмсүрөп жайып кучак.
Эмичи, эми болсо мына минтип, Тикен
зым айланамды турат курчап.
Көөдөндү, көкүрөктү ачыштырып,
Ымдашып моюнумдан ылдый кулап.
Ээ бербей канчалык көп тырышсам да,
Өзүмдүн көздөрүмдөн агат булак.

Чыкпастыр оңой менен дале эсте,
Койнуңда мен эркелеп жүргөн кезде.
Баарысы, көпөлөгү, чымчыгыбы,
Тоолору, дарыясы, ташы деле.
Кайдадыр кыялымды алып учуп,
Дайыма ырга айланып келүүчү эле.

Саат сайын жүрөгүмдү ийне көзөп,
Убакыт тушалгандай секин өтөт.
Кыяртып ден соолукту, ишеничти,
Акыры мезгил жетип бүттү мөөнөт.
Кетирген жаштык менен кемчиликти,
Эки жыл өмүр менен бердим төлөп.
Сагынчым - туулган жерим кайдасың - деп, Минутка
буйдалбастан кеттим жөнөп.

Калтырып аралыкты алга чуркап,

Жарышып поезд менен кыял сызат.
Ашыгып болушунча тез жетүүгө,
Көөдөндөн сагынычым учуп чыгат.
Өзүнчө бир орунга тынч ала албай,
Оолугат жүрөк кургур тыбырчылап.
Сагыныч жек көрүүлөр аралашып,
Жаралдык мынча назик, мынча кылдат.
Тез эле топурагын жыттасам дейм, Ар
кимге туулган жери дайым кымбат.
Поезд да катуулабай өчөшкөнсүп,
Кыбырап неге мынча кашаӊ жылат?

Алыста таяк кармап калган энем,
Көрүүгө умтуламын көздөн учат.
Жүрөгүӊ сезип менин бараарымды,
Жаткандыр ээлик бербей тыбырчылап.
Апаке, куудай болгон чачтарыӊды,
Өзүмчө элесимде барам жыттап.
Чүрүшкөн чыканактай арык денеӊ,
Тезирээк кыссам экен, мен кучактап.

Шашылыш тууган жерге келип жеттим,
Ийиле тоо - ташына таазим эттим. Оо
аны сүрөттөөгө тил жетпестир,
Сагынып көрүшкөнүн энекемдин.
Жарыкка жаӊы келген наристедей,
Жөн эле кучагында ээрип кеттим.
Коюуга учурашып келгендерге,
Көрүштүм амандыгын сурап элдин.
Арадан анча убакыт өткөн кезде,
Жазылды сагынычым таркап черим.
Чогулуп тууган - урук кеӊеш куруп, Шаар
болду кайра кайтып бараар жерим.
Таштаган окуумду улантууга,
Кайрадан тобокел деп кылдым чечим.

Көп күтпөй дал ошонун эртесинде,
Олтуруп самолётко учуп кеттим.
Убакыт ылдамдыкка башын ийип,
Кыйналбай ошол күнү шаарга жеттим.
Өзүм да барганымды билбей калдым,
Түз эле общитине русслиттин.
Уялбай эми кантип жолугам деп,
Чыдабай койду такыр менин бетим.
“Жоголуп ушунча жыл шылдың кылып,
Неге эми келдиң” - десе анда неттим.
Бир жолу кабарымды билгизбестен,
Неге анын намысын мен тебеледим. Ал
жерге жүрөгүмдү сууруп таштап,
Айрылуу, жалгыздыкпы менин теңим.
Өксүй – өксүй, баары бир эми болуп,
Көпкө чейин шаар аралап темселедим.
Айланам боз мунарык боштук, боштук,
Келүүчү бул жашоодон тентип кетким.
Кур калып сүйгөнүмдөн басып жүрбөй,
Кол салып, же өзүмө жандан кечким.

Ак куудай түгөйүнөн ажыраган, Мен
эми жалгыз калып неге жеттим.
Баарынан ыйык туткан чын сүйүүмө,
Жеткирбей жазаладың, оо тенирим.
Сүйүүмдү колум менен өзүм көмгөн,
Канча эми кайгырбайын таппайм, иним.

Арадан жылдар жылып эчен - эчен,
Экинчи мен ал кызды көрбөйм дегем. Кээ
бирде арасында эстесем да, Чынында
чыга жаздап калган эстен.  Тагдырдын
буйругуна айла барбы, Кайрадан
жолугуштук насип экен. Билбестен не
кылаарым селт дей түшүп, Капыстан
жолукканга чоочуп кеткем.

Баягы келбетинин бири да жок,
Калыптыр көп ооруган адамга окшоп.
Жанымдан арагыраак өтүп барып,
Калтаарый аргасыздан калды токтоп.
Жер карайт күнөөлүүдөй батына албай,
Өчүптүр жанып турчу көздөрү шок.
Элестеп колтукташып жүргөн кездер,
Жүрөгүм өткөндөрдү жатты жоктоп.
Күнөөнү билбейм кимге коёрумду, Бир
гана сага койбойм, койбойм жок, жок.

Тагдыры аны дагы аябаптыр, Кор
кылып жүрөктөрүн жаралаптыр.
Жараксыз бир буюмдай уйпаланып,
Мурдагы өң - келбеттен ажыраптыр.
Кокустан таалайына туш болгонбу,
Түшүнбөс сулуулукту кудай аткыр. Туш
кылып бир жаманды бир жакшыга,
Өзүнүн каалаганын жасайт тагдыр.

Күлгүндөй жаштыгына кеч кириптир,
Ал кыз да менден бетер эскириптир.
Сүйүүбүз экөөбүздүн арман дүйнө,  А
мүмкүн унутулбай дале эстедир.
Болоору баары болуп өткөн өттү,
Кайрылып кайра баштан бир
келбестир. Ичимен дале эзилип турган
менен, Турмушту кайра баштоо эми
кечтир. Мен сенин кадырыңа жете
албадым, Сүйгөнүм, махабатым мени
кечир.

Имерип алдыртадан көздү кадап,
Көпкөче кыйып кетпей турдук карап.

Ичиңден сен да ойлоп жаткандырсың,
Эч качан кайрылбасты кайра самап. Жөн
эле бул дүйнөгө кыйноо үчүн, Адамды
жаратабы тамашалап. Сүйгөндөр баш
кошо албай көбүнчө эле, Жүрөктөр анда
неге жараланат.
Көп болуп ажырашуу, айрылуулар,
Тагдыры сүйгөндөргө - салат тузак. Биз
дагы ошолордун бири болуп, Түбөлүк
кайрылбаска кеттик узап.

Акырын башты салып бара жатам,
Тарабай эми деле ичте капам.
Кайрадан бир кездеги кылыгымды,
Унутпай бир башынан ойлоп барам.
Ал кызга - азыр эми ал чоң аял, Бир
гүлдү тилек кылып мен арнагам.
Аябай мээнетимди эчен күндүк,
Апкелип көк мелжиген аскалардан.
Көгөрсө сүйүүм кошо көгөрөт деп, Ал
гүлдү төлгө кылып отургузгам.
Канчалык жаным таштап карасам да,
Көктөбөй ал тез эле соолуп калган.
Ортодо экөөбүздүн чын сүйүүбүз, Ал
гүлдүн дал өзүндөй болду арман. Ар
жерден үзүп – кесип, чокулабай,
Азыр мен ал жөнүндө баштан айтам.

Гүл бар деп өтө сейрек бир жаралган,
Көңүлгө бала кезден сиңип калган.
Ышкырган бороондордун туулган жери,
Чокусун түбөлүктүү мөңгү баскан.
Адамзат колу такыр жеткис болуп,
Айланта чептер тосот аскалардан. Чын
сүйгөн адам гана жетсе болот, Деп
уккам бир карыя аксакалдан. Башкача

көктүк кылып кечип жандан, Алсам деп ошол гүлдү көп самагам. Майтарып учуп кетүү коркунучун, Жолу жок жерлер менен чыгып баргам. Ылдыйды карабоого тырышамын, Кээ бирде бут илинет араң - араң. Аскага канча жолу чабуул жасап,  Тырмактап ошол гүлдү казып алгам.

Тамырын көйнөгүмө ороп келип, Ниет кылып келечектен үмүт этип. Этият ошол гүлдү ырым кылып, Бапестеп көрүнөө жерге койдум тигип. Суу коюп сылап - сыйпап айланчыктап, Көп күттүм көгөрөөр деп санаа чегип. Саргайып, өңү өчүп бара берди, Жасаган канча мээнет текке кетип.

Аракет текке кетип көп жумшаган,
Ушунча мээнетимди актабастан.
Канчалык жанды таштап карасам да,
Баары бир ошол гүлүм соолуп калган.
Башынан ошондойдур табияты,
Мажирөө, пастык менен жарашпаган.
Көнүгүп кадимкидей тамыр жайып,
Которсо башка жерге өспөй турган.
Күч менен зордуктоого башын ийбес,
Ал гүлдүн же шертидир, жаралгандан.

Бороонго кайыкпастан эркин өскөн, Башкадыр мүмкүн сенин жашоо чөйрөң. Ошондон соолуп, куурап калгандырсың, Жакпастыр пас турмушу эрке, көйрөң. Кол тийгис сулуулуктун ханышасы,  Бетиңден бороон менен ак кар өпкөн. Тагдырын каалагандай

өзгөртө алгыс, Кеч билдим ыйыктыгын
сенин өлкөң.

Кызыдыр эркелеткен, кар мөңгүнүн,
Жер менен сүйүүсүнөн бүткөн күндүн.
Башкадан бийик болуп жаралганын,
Байкабай ыйыктыгын ошол гүлдүн.
Жакпасын башка чөйрө неге билбей,
Акылга өлчөп бычпай неге үздүм.
Кечирим сурайм эми жер энеден,
Байкабай сулуулугун бузган үчүн.
Канчадан канча аракет кылсам дагы,
Өткөндү кайтарууга келбес күчүм.
Ошонун балким болуп кайтарымы, Жер
эне алып жатат менден өчүн.

Кадамым акырындап барат жайлап,
Аскада гүл элестейт турган жайнап.
Түшүнбөйм табиятын ошол гүлдүн,
Көгөрүп тигемин деп алгам жайлап.
Ошондо үзгөндөгү жалгыз гүлдөн,
Табият сулуулугу кемип калбайт.
Бирок да башкалардан айырмаланып,
Андай гүл миң жылдарда бир жаралат.
Ал учун ар бир гүлдү үзөөр кезде,
Ойлонуп алды - артты абайласак.  Ким
сактайт дүнүйөнүн сулуулугун, Өзүбүз
адам болуп сактабасак.

Ошол гүл окшош болчу ошол кызга,
Экөө тең өтө сейрек жаралса да.
Сулуулук, назиктикти кээде чанып,
Кадырын көп билбейбиз убагында.
Ылайлуу өтүк менен тебелейбиз,
Өзүбүз каршы туруп сулуулукка. Жөн
эле көкүрөктү ургулайбыз, Билбестик,

түшүнбөстүк көп турмушта. Биринчи
жасап анан ойлобостон, Адамдар
алдын ала ойлонушса.

Ал гүл да жер эненин табылгасы, Ал
кыздын эми кемдир табылмагы.
Учурда кадырыңа жетпей калып,
Экөөң тең соолуп калдың садагасы.
Өтө морт, бир жыгылса кайра тургус,
Жаратат неге мынча жакшыларды.
Жашыруун эмдигиче ачыла элек, Не
деген табияттын табышмагы?
Адамдар сулуулукту сактай билсек,
Бир канча сулуу болмок жашоо дагы.

Андыктан айлананын баарын курчап,
Көп болуп сулуу гүлдөр жаралсачы.
Дайыма жакшылыктын үрөнүн сээп, Көп
туулуп сулуу кыздар таралсачы.
Сулуулук жердин бетин тегиз каптап,
Дарылап айыктырса жараларды.
Дүйнөдө мээрим, тынчтык тегиз орноп,
Туу тутуп күтүп алсак биз аларды.

Бирибиз - бирибизден калып көңүл,
Чарпылып жок нерсеге өтөт өмүр. Бир
келген өмүрүңдө андан көрө, Жаздагы
нөшөр болуп катуу төгүл.
Соолуса өз ордуна кайра келбес,
Адамдын жан дүйнөсү жайнаган гүл.
Өмүрүң бир берилген, бошко кетсе,
Кайрадан жаралбайсың ушуну бил.

Кайгыны жаштык жеңип, күчтүү, күлгүн,
Окуумду кайра улантып окуп бүттүм.
Жалгыздык барган сайын жанга батып,

Тапсам деп өз теңимди мен да күттүм.
Жолдоштор мен курактуу алда качан,
Өзүнчө булатышкан баары түтүн.
Жаныма өз теңимди кошуп барып,
Тезирээк аткарсам дейм эне үмүтүн.
Табышмак түйүнү көп болгондуктан,
Тан берем мен турмушка ошон үчүн.
Далдаадан мени күткөн тагдырыма,
Жолуктум капысынан эле бир күн.

Чын эле жолукканын капыс жерден,
Ошондой пешенеме жазган белем.
Ойлорду ой артынан ой кубалап,
Эмгиче жооп таба албай ойлой берем.
Чоочун кыз такыр эле мен күтпөгөн,
«агатай сизди көптөн сүйөм»,-деген.
Ойлодум мен сүйүүмө жетпей калдым,
Бул кызга эми бакыт берсем экен.

Мынча неге мактанат деп ой тообо,
Иним мени “көйрөңбү?”-деп ойлобо.
Жашырбастан ичтегини не жетсин,
Сөз келгенде чынын айтып койгонго.
Буйрубады, арман ичте келемин, Жаш
кезектин гүлүн гана соргонго.

Элесимди көрүп алып сүрөттөн, Далай
кыздар кат жазышып жүдөткөн.
Кээ бирге окшоп мен аларды алдабай,
Чын сөзүмдү айткам, чыккан жүрөктөн.
Келечегин ойлобостон алардын,
Кайдан болсун кумар үчүн түнөткөн. Үкү
дагы бир аз ойдо эмеспи,
Жүнү түшүп уйпаланган чүрөктөн.
Үйлөнөөр убакыт да келип жетти, Ал
кызга чын көңүлдөн бурдум ниетти.

Эзилип кадимки эле кыз - жигиттей,
Өткөрөм аны менен эрте - кечти.
Кээ бирде көздөрүнөн, сөздөрүнөн,
Байкаймын мактанчаактык, көйрөң кепти.
“Оңолоор, али жаш” - деп ойлонгуча, Ортодон
дагы бир жыл өтүп кетти.

Экөөбүз баш кошууга ниет кылдык,
Биригип бир чечимге келип тындык.
Келишкен өңү - түсү, бой - келбети,
Сыртынан көргөн адам таппайт кынтык.
Тагдырдын буйруганы ушудур деп,
Айылга алып бардым, нике кыйдык.

Чогулуп жоро - жолдош куттукташты, Мени
да, мен алып келген перизатты. Топурап
той да болду, ырым - жырым, Жасадык
келин алчу бардык салтты. Турмушка
аргасыздан башым ийип, Милдетим үй
бүлөлүк эшик какты. Сыртыман сыр
алдырбай жылмайсам да, Жүрөгүм боп -
бош калып ыйлап жатты.

Баш кошуу болбогон соң жарым күндүк,
Экөөбүз жакшынакай жашап жүрдүк.
Малынып махабаттын майрамына,
Кадимки ашыктардай ойноп, күлдүк.
Жашоого аралашып эл катары,
Көтөрдүк өзүбүзчө биз да түндүк.
Мен ага көнүп кеттим бара - бара, Бар
эле менде сүйүү бир өмүрлүк.

Кадимки индиянын киносундай, Башында
болуп берди жакшы жубай. Сырт жактан
көргөндөр көп тамшанышчу, Бул экөө

бир табышкан кокус жуп, ай!-. Жашообуз чыны жакшы өтүп жатты, Көргөндө ар бир адам суктанчудай. Иштерим менин дагы кетип жатты, Күн сайын көтөрүлүп алга карай.

Үй бүлөмдү отургузуп кашыма,
Мингендерим өкмөт берген машина.
Мейманчылап күндө майрам, күндө той, Жакшы-жаман баары мага ашына.
Тегиз көрүп дос, душманды ылгабай,
Жашоо балын татып жаттым шашыла.
Өмүр бою түгөнбөстөй көрүнчү,
Кайра айланып конгон бакыт башыма.

Ишке ашып көптөн күткөн - акыры оюм,
Аңгыча эки кызга ата болдум.
Жактырып көп аттардын арасынан,
Алардын атын тандап өзүм койдум.
Там алып, кызмат күтүп баары жакшы,
Турмуштан эми гана таптым ордум.
Акырын турмушум да тикеленип,
Даңгырап дайын болду басаар жолум.

Дүнүйөм турбаса да ашып - ташып,
Алганым окусун деп акылдашып.
Жумушум чачымдан көп болсо дагы,
Калдым мен айылымда кыздарды алып.
Жүрөгүм сезген экен, сезген экен,
Жатканын аны ал жакта балээ басып.
Калганын терип тепчип айтканда не,
Баарына күбө болдум издеп барып.

Турмуш ушуну менен үч жолу сокку урду. Биринчисинде атам оо дүйнө салганда, экинчиси - түрмөгө түшүп калганда, үчүнчүсү - аялым көзүмө чөп салганда. Иничек, ошентип жашап келем арманда. Үчүнчүсү мага аябай оор жоготуу болду. Адамдарга болгон ишенич, аялдарга болгон сүйүү, бардыгы талкаланып жок болду. Менин жан дүйнөмө чок түшүп, бүт ишеничим, үмүтүм, мындан аркы жашоом күйүп жатты. Эми менин тирүү өлүктөн айырмам кайсы? Мени өксүткөн тагдырыма өчөшүп арак ичип, убактылуу болсо да алаксууну адат кылып алдым. Соолукканда күйүтүм кайра эки эсе күчөйт. Өзүмдөн өзүм качып жүрдүм, дүйнөнүн кылчалык дагы кызыгы калбады. Өзүмдүн жанымды кыюуга дагы аракет жасап көрдүм, ажал менден качып туруп алды. Эми мага о дүйнө, бу дүйнө баары бирдей сезилет, эч нерсе жасоого колум барбайт. Кыздарымды эстегенде гана жүрөгүм жанчылып, кыздарымды көргүм келет. Наристелерде эмне күнөө деп ойлойм. Бирок аялымдан ушунчалык көөнүм калгандыктан басып барбайм, эстебөөгө тырышам. Аялымдын мени сатып кеткени жүрөгүмө канжар малгандан оор болду. Кайгыны адам баласына көтөрөт деп берген окшойт. Убакыт дары - убакыт баарын дарылайт дешет. Кантмекмин “үмүтсүз -шайтан”, - дешет. Орустар “Надежда умирает последней” - дешет. Үмүт жетелейт, кайрат кылам. Кудай берген өмүрдү жашоого милдеттүүмүн деп өзүмдү өзүм сооротуп жашап келем.

Кыйналам ойлой калсам кечээгимди,
Билбепмин турмуш уусун кечээримди.
Өңү суук кайдагыны таптың десем,
Андан сен айланып кет дегеничи. Жооп
кылып жакшылыкка жаман менен, Ал
анын мага арнаган белегиби.

Айланып чоң кудайдан сени берген,
Бакыттан экөөбүздүн үмүт эткем.
Тилегим бассам - турсам ошол болчу,
Турмушта болбойлу деп бирөөдөн кем.

Баалабай бир берилген бакытыңды,
Башыңды өзүң болдуң аттап кеткен.

Көздөрүм соолуп кургап болгон менен,
Жүрөктөн жаш төгүүдөн уялбадым.
Наристе балдарымдын урматы үчүн,
Сен менин сыйлаганым туя албадың.
Кадырым кантмек элем түшүнбөсөң,
Башыңа эми жетсин өз убалың.

Эгер чындап түшүнө алсаң сөз жөнүн,
Чыккынчыга жалгыз жаза ал - өлүм.
Өлтүрүүгө колдорум барбаса да, Ичим
муздап, кеткисиз калды көөнүм.
Кыялаган кылыктарың билсем да,
Акмактыгың билбептирмин сен
“төөнүн”. Кубаныпмын ага башым
кошкондо, Жалгады деп айланайын
кудайым.

Билбептирмин бир шайтанга жолугуп,
Жалгоо эмес кайра кудай ураарын.
Билбептирмин ак жолумдан адашып,
Башка жакка турмуш нугун бураарын.

Кыздан - кызды тандап жүрүп алганым,
“Жорго” чыкты дал ошентип салдырма.
Күйүп кетти сүйүү, ишенич баарысы,
Жүрөк ысыйт от койгондой тандырга.
Күйүтүмдү басалбастан эч жерге, Арак
ичтим, өчөгүшүп тагдырга.

Аны баштан аламын деп үйрөтүп,
Калыптырмын бир акмакка үйлөнүп.
Мен сыйлоочу энеси эмес балдардын,
Ал мен үчүн болуп калды бир сөйрүк.

Ортобуздан бириге алгыс жик кетти, Ал
мен үчүн эми болду тирүү өлүк.

Иштерине көп алаксып өкмөттүн, Эми
ойлосом анча деле көппөпмүн.
Ишенчектик, ак көңүлдүк жайыман,
Акмактыгын анык такыр көрбөпмүн.
Окусун деп жибербесем шаарга мен,
Ушул бойдон балким билбей өтмөкмүн.

Өзүнүн абийирине камчы салды,
Түбөлүк өз уясын бузуп алды.
Бети жок чыккынчыдай айрып алгыс,
Мен эми не кылмакмын андай жарды.
Болоору баары болуп бүткөндөн соң,
Эми өтпөс бут кучактап жалынганы.

Көп жүрдүм капа болуп, жүрөк канап,
Кайрылып үчүнчү ирет сынды канат.
Баарынан улуу санап жүрчү элем,
Армандуу немесиңби, оо махабат.
Качандыр көзүм өтүп кеткичекти, Калды
го көңүлүмдөн өчпөс жараат.

Оо иним, андан көрө таамай болжоп,
Жүрөккө канжар малса жеңил болмок.
Шал болуп колу - бутум, деним өлүп,
Жан дүйнөм аңтарыла жатты боздоп.
Өзүмдү коерго жер таппай кетем,
Азырда ал кылыгын ойлоп-ойлоп.
Айыкмак далай жарат эмдигиче, Бирок
да, андай жараатта айыкмай жок.

Белгисиз кызыктырып алды тарап,

Турмуштан көптү күткөм көптү самап.
Бакытка эми колум жетээр кезде,
Алганым көздү боеп болду наалат.
Сыртымдан сыр алдырбас болгон менен,
Ичимден ыйлап туруп койдум талак.
Күйүтүм күчтүү болуп уудан дагы, Өчөшүп
тагдырыма, ичтим арак.

Куу тагдырдан ойлоптурмун ошондо,
Арак менен аламын деп өчүмдү. Же
иштен жок, же аштан жок сандалып,
Адамдыктан айбандыкка көчүрдү.
“Алкаш” - деген атка кондум акыры,
“Адам” - деген улуу атым өчүрдү.

Жашоодогу кышка айланып бүт жазым,
Арак ичип арамдыкка да бардым.
Билип туруп күйүтүмө чыдабай,
Өчөгүшүп мен өзүмө көр каздым.
Бир азыраак алаксытаар бекен деп,
Аракка арнап, аялга арнап ыр жаздым.

Кулак төшөп кана иничек, угуп тур,
Ошол ырлар өзүмдү - өзүм алдоодур.
Өмүрдөгү жетпей калган нерсени, Ал
жөн гана эңсөө жана самоодур.
Баары “по…”деп орус тууган айткандай, Балким
болгом өз каалоомдон “самодур”.

Арак ичип алдырганда кыялга,
Ырлар жаздым арнап арак, аялга.
Бардыгыңды кемсинтпеймин аялдар,
Оңой жерден таап алгандай табылга.
Балким көптүр аша чапкан жерлерим,
Ушул жазган ырларымдын сабында.

Баардыгыңды жаман дебейм аялдар,
Бириң эне, бириң болсо сүйгөн жар.
Бирге жатып алган эрин сатуучу,
Араңарда бирин - серин сөйрүк бар. Ар
намысын жерге чабат жигиттин, Бул
жашоонун ошон үчүн жолу тар.

Баш ийип, бастырбагын ар кыл ойго,
Алгының андан көрө, кана колго.
Өмүргө бир гана ирет жаралган соң,
Өткөрбөй кезегиңди күлгүн, ойно.
Табылаар чирик дүйнө, жалган атак,
Алдагы алтын башың аман болсо.

Жаралып көп турбайсың бул жалганда,
Кызыкпа жалган атак, кур мансапка.
Жашоонун дайым болот бир жери кем,
Жагам деп ойлобосуң бардык калкка.
Көтөргүн, көтөрбөскө чараң да жок,
Тагдырың нени буйруп башка салса.

Ишенгин, бул жашоонун баары жалган,
Барбы же арманы жок жашап жаткан.
Бир гана бизге окшогон бечара эмес,
Хандын да бир күн тузу келип калган.
Алам деп колду сунба жетпегенге,
Ичели андан көрө, куй арактан.

Ким эле куу турмушка алданбаган,
Дүйнөдөн өткөн барбы кылбай арман.
Бекерден жаны күйүп айтпагандыр, Кыз
сүйүп, арак ич - деп Омар Хайям.
Кайгырып, капа болуп кереги не, Ичели
андан көрө, куй арактан.

Дүйнөнүн түбү тешик, таң калба аган,
Өтүшкөн бири калбай ата - бабаң.
Биз дагы бир күн басып жүрүп эле,
Өтөөрбүз кези келсе, бул жалгандан.
Артыңда калаар бир ууч боз топурак,
Ичели андан көрө, куй арактан.

Олтурчу кана досум, мындай кенен,
Сүйлөшкүм келип турат сени менен.
Жөн эле боор ооруган болуп сага,
Ичпегин аракты деп келжиреген.
Кыйналып жаның ачып турганыңда, Же
куюп элүү грамм берди бекен.

Ар кимге бул жашоонун кечи кирип,
Жашынат бүгүн турган Күнүң тийип.
Барабыз капкараңгы жер алдына,
Жеңи жок, этеги жок көйнөк кийип. Кел
досум, жүрөктөрдөн сыр чечели,
Алдагы арактан бир алып ийип.

Өмүрдүн кечи кирет сага, мага,
Өлбөскө дары барбы, болсо кана.
Баарына тегиз карап баа берели,
Нээтибиз сүттөн дагы болсун таза.
Тирүүңдө ошон үчүн сыйлашалы, Кана
дос, өз колуңдан куйчу баса.

Убакыт өмүрлөрдү жатат тоноп,
Көзүңдүн курчу кетип ирең соолот.
Жаралып кайра кетүү үчүн келген,
Дүйнөгө сен да конок, мен да конок.
Калтырбай бир берилген өмүр үчүн,
Эмесе алдагыны алып койсок.

Чыгарбай мына ушуну,
Жүрөлү дайым ойдон.
Төрөлдүк адам болуп,
Өлөлү адам бойдон.
Сөзүмө кошулганың, Ушуну
алып койсоң.
Мезгилдүү гүлдөп турган, Ишенбе
жаштыгыңа.
Карытып эртең эле, Чок
түшөт жаздыгыңа.
Ошондо там бересиң,
Өмүрдүн аздыгына.

Адамдын ден соолугу,
Темир же болбойт чоюн.
Бир күнү капкара жер, Сага
да ачат коюн.
Андыктан алдагыны,
Калтырбай алып койгун.

Өмүр деген учуп өтөт, Айырмасы
жок шамалдан. Шамал болсо
кайра кайтат, Өмүр болсо эч
качан.

Өздөрүн өлбөчүдөй,
Сезишет кээ бир, кээ бир.
Ал эмес олуялар, Өттү го
не бир, не бир. Билесиң
кези келсе, Жешилет,
сынат темир. Канакей
колуңа алып,
Тартып кой жана да бир.

Атыбыз адам деген, Бул
өзү өтө ыйык сөз. Ушуну

ыйык сактап, Жүрөлү
өткөнчө көз. Таптаза
алдагыны,
Алып кой кана эми дос.

Болбогонсуп өздөрү жаш кээ бирөө,
Тирүүлүктө ал күнөө дейт, бул күнөө.
Күнөө кылбас эч убакта жан болбойт,
Адам барбы түркүк болгон дүйнөгө.
Мен билгенден жалгыз кана күнөө бар,
Арак ичип, кыз сүйбөсөң бул - күнөө.
Азап чеккен махабаттын айынан, Жер
бетинде карап көрчү, азбы адам.
Айландырчу эки адамды бирөөгө,
Кунөө дейсиң сен сүйүүнү неге анан.
Жалынына күйбөгөн соң жалбырттап,
Жүргөнүңдөн пайда кайсы сен аман.

Арак ичсең күйүтүңө чыдабай, Ошол
маалда бактылуусуң көңүл жай.
Убактылуу бир азыраак болсо да,
Кайгы - капа кача түшөт ыраактай.
Жүрөк канап, көңүл ыйлап турганда,
Жолдош барбы сооротуучу арактай.

Бош аңгырап ээн калса түнөгү,
Тынчтык бербей кыйнап жатса жүрөгү.
Кыйналганың, ыйлаганың түшүнбөй,
Кокус таштап кетип калса түгөйү. Арак
ичсе ал күйүтүн басууга,
Ойлоп көрчү, ошол дагы күнөөбү?

Арак ичип, берилип кыз сүйбөсөң,
Тыйынчалык көрүнөбү бул дүйнөң.
Ойлобогун арты кандай болот деп,
Буйруганын көрө жатаар үй бүлөң.

Алганың да, балдарың да баары бир,
Ал тозокто кошо күйбөйт сен күйсөң.
Ошондуктан эркелөөгө акың бар,
Жаралып бир бул дүйнөгө келген соң.
Калтырбастан аппак кылып алып кой,
Азыр айткан бул сөзүмдү колдосоң.

Бул дүйнөдө эки гана жыргал бар,
Бирөөсү аял, экинчиси арак ал. Бул
жыргалдын экөөнөн тең кур калсаң,
Айырмаң жок, сенден көрө артык мал.
Ошондуктан, кеткичекти көз жумуп,
Аял сүйүп, керегинче ичип кал. Чындап
ушул айтканыма кошулсаң, Кана досум
көтөрөлү, колуңа ал.

Бир жери кем жаралган бүткүл аалам,
Кайгысы жок жаралбайт, болбойт адам.
Оорубастан жүргүлө ойноп-күлүп,
Бардыгыңа ден соолук гана каалайм.
Кана эмесе жолдоштор кармагыла,
Ушул тостту ден соолук үчүн алам.

Адам болгун нээти таза, көңүлү ак,
Кана досум, сүйлөшөлү жакшылап.
Мээнет менен буйруй берсин тапканың,
Көңүл ачкын, батышынча ич арак.
Жегичекти ырыскысын бирөөнүн,
Андан көрө арак ичкен жакшырак.

Айланам боз мунарык, баары боштук, көңүлүм эч нерсеге чаппайт. Мындан көрө өзүмө - өзүм кол салып, жан кыйгым келет. Оорукчан апамды аяйм. Кандай кылууну билбейм, эртеликеч эрмегим эле арак. Баары бир бул дүйнө менен коштошом го. Мен жашоого ашык баштай, же тескерисинче жашоо мага ашык баштай сезилет.

Кыл үстүндө өмүрүм тээп селкинчек,
Мендей болуп адамзаттан кем ичет.
Өчөгүшүп мени өксүткөн тагдырга,
Ажал менен көп ойнодум бекинчек.
Өлүүм менен тирүүм бирдей сезилип,
Кызыктырбай калган болчу келечек.
Кылыч мизин жылаңаяк бастырган, Ал
ошондой курак экен иничек.

Тепселип кор болду го сүйүүм менин,
Баарысы өлүп бүттү тунук сезим.
Күнөөмдү - тилегине жетпей калган,
Кечиргин, кош бол эми тууган элим.
Багымды ошол жактан ачса экен дейм,
Чыныгы дүйнө болоор бараар жерим.
Дүйнөгө жыпжылаңач келген бойдон,
Дүйнөдөн мен эч нерсе албай кеттим.

Ызаама, намысыма чыдай албай,
Өлүүнү максат кылып башты сайдым.
Бир күнү ойдогуну аткарууга, Аракка мен
өлөрчө тоюп алдым. Өткөндө көңүлүмө
түйүп койгон, Темтеңдеп аска учуна чыгып
бардым. Ойлодум мага такыр кереги жок,
Кор болгон жалгыз калып мындай жандын.
Балаңды турмушунан таяк жеген, Табият
коюнуңа катып алгын.
Ажалды көрдүм анык ырсаң күлүп,
Кырында ойноп турган типтик жардын.
Ансайын өчөгүшүп, көктүк кылып,
Көзүнө тике карап бара жаттым. “А
мүмкүн мени алсаң тоёрсуң”, - деп,
Мен аны андан бетер шылдыңдадым.
Ошентип эң акыркы демди жыйнап,
Аскадан сууну көздөй бой таштадым.

Көз ачсам денем сууга жетип-жетпей,
Жатыпмын төмөнүндө терең сайдын.
Таштардын беттеринде изи калып,
Тактары темгил кылган аккан кандын.
Добушу элдир - селдир кулагыма,
Угулат көбүк чачкан дарыянын.
Болжоого убакытты дарамет жок,
Билбеймин мен ал жерде канча
жаттым. Турууга орунумдан
умтулганда, Кайрадан алым куруп
эстен тандым. Өмүр менен өлүмдүн
ортосунда, Дарчыдай аркандагы, ойноп
жаттым. Канчалык жан кыйууну
кааласам да, Жашоого күчү жетпей
койду ажалдын. Кантейин багымданбы,
жашымданбы, Жашоого илкип - калкып
кайра кайттым. Ичээр суум, көрөөр
күнүм түгөнбөптүр, Иничек - мен
ошентип өлбөй калдым.

Ойлоп көрүп кылыгымды салмактап,
Калганыма ичим күйдү жан сактап.
Кутулмакмын жалгыздыктан, кайгыдан,
Өлгөнүмдө аскалардан бой таштап.
Кайра айнып тообо кылам өзүмчө,
Коркпогунуң сен жашоодон кылчактап.
Кеттиң дейли жер тоёбу ошондон,
Милдетиң бул - келгенден соң
жашамак. Өлүп калуу эр жигиттин иши
эмес, Көргүн баарын таразалап,
салмактап. Ажырашкан жалгыз эле
сенсиңби, Жүргөн азбы турмушунан же
аксап. Өлөмүн деп бир катындын
айынан, Өчөшпөгүн тагдырыңа сен
акмак. Жаралып бул дүйнөгө келгенден
соң, Парызың го эне сүтүн актамак.

Дөөрүй бербей кайратыңа кайра кел,
Каяктагы жок өлүмдү сен самап.
Мезгил келип түгөнгөндө насибиң, Ажал деген күтүп турбайт ал карап. Андан көрө кетирбестен кезегиң, Колдон келсе жакшы ырларды сен жарат. Билгениңди түшүрүп кал кагазга, Адам деген эмгек менен барк табат. Кээ бирлери жазмак түгүл сага окшоп, Айта алышпайт эки сөздү жамактап. А сен болсо билимиңди кор кылып, Жатасың го талантыңды ташка чаап. Талант деген ыйык нерсе бул өзү, Сыйлагының ыйыктыкты сен сактап. Курчтук кылып колдогуну кор тутпа, Сен өлгөндө бул ырларды ким жазмак.
Андан көрө өчөгүшкүн турмушка, Ал өзүңдөн, кандай болуп жашамак.
Мындан ары андай ишке барбоого,
Ойлоп - ойлоп чыгардым мен тыянак.

Өмүрдүн өйдө - ылдыйын эске салдым,
Өзүмө кол салууга дагы бардым.
Айтышат ажал башка, а дарт башка,
Ойлогон ойлорумдан кайра кайттым.
Колума калем кармап ойлой - ойлой,
Ошондо өзүмө арнап бир ыр жаздым.

“Мезгил учуп, өтсө жайкы саратан,
Жалбырактар учуп түшсө дарактан.
Көңүлүмө ийне сайып тыз этип,
Эске түшөт өмүр өтүп бараткан.
Азбы, көппү ай аягын ким билет,
Дагы канча жашоо берет жараткан.

Ошол жашоо мүмкүн турбас түккө да,
Жалп өчөөрмүн бир күн эле капыстан.
Кошо кетээр аруу сезим, максаттар,
Көңүлүмдүн түпкүрүнө жашынган.
Бүтпөй калган арманымды жатаармын,
Шамалга айтып мүрзө үстүндө шашылган.

Эрте келип мезгилинен дүйнөгө, Же
балким мен бакытыман кечиккем.
Канча адамдар тилегине жете албай,
Бул дүйнөдөн сапар чегип кетишкен.
Биридирмин а мен дагы алардын,
Кутулушкан максаты жок тентиштен.

Кулунум-деп бир чыңырып ошондо,
Апам ыйлаар үнү буулуп бышактап.
Алдырышып колдорунан ажалга, Бир
туугандар тураар мүрзө кучактап.
Ыйлашабы, кайгырабы ишим жок,
Мен кетээрмин бул жашоодон узактап.

Эч ким келип элесиме гүл койбой,
Унутулуп көпчүлүктүн бириндей. Мен
жатаармын эч нерсени сезбестен,
Мүрзө болуп менин энчи үйүмдөй.
Энем гана көзү өткөнчө мени ойлоп,
Эркелетээр элесимди тирүүмдөй.

Андан кийин билбейм - билбейм не болот,
Мезгил учуп өтөөр көзгө илинбей. Акырындап
унут болуп баарысы,
Тегизделип, мүрзөм калаар билинбей.
Ошондо да, күз келгендей биринчи,
Сар жалбырак учуп түшөөр дирилдей.

Бир күнү ал акем менен маектешип олтурууга дагы жөнөдүм. Өзүм деле жыргап жашап жатпасам да, кол баштыкка тапкан оокатымды, мөмө - жемиш салып алып, өзү айткандай жер кепесине баш бактым. Ал акем көзүмө баштагысынан анча эле чыйрак көрүндү. Сөз арасында экинчи эч нерсе алып келбей жүр, андан көрөкчө балдарыңды бак, ансыз да заман жаман, азыр бир нан табыш да кыйын болуп турат - деди.

Улуу урматтуу Аскар Акаевич акебиз акчаны убагы келбей туруп алмаштырып жиберди. Кыргыз мамлекетин эки жүз эсеге арзандатып жиберди. Аны түшүнбөгөндөр жана кошоматчылар "Биздин акчабыз күчтүү, долларга теңелейин деп калды", - деп жар салып жатышты. Бул эмне, көсөмдүкпү, же тонообчулукпу? Ар жагында эчтемеси калбай бара жатып, Кыргызстанды сызга олтургузуубу? Кагазды кагазга алмаштыра салуу менен иш бүтүп кетеби? Эмне, акча алмаштыруудан бир майнап чыкса орустар, казактар, өзбектер жана башка улуттардын кагаздары жетишсиз беле? Сөз саясат жөнүндө башталганда жүнүм жата түштү. Ал акем эч качан саясат жөнүндө сөз кылчу эмес. Саясат жөнүндө сөз баштасаң колун тетири шилтеп койчу. Ушул ирет заман оңолобу, эркиндик эми өзүбүздүн колубузга тийди го- десем, ал акем кымтыр күлүп – "Ооба иним, эми кыргыздар жыргайбыз, өзүбүз билип, өтүгүбүздү төргө илебиз. Бийлик өзүбүзгө тийди" деп койду да, сөзүн андан ары улады.

Келди заман кайра айланып сөз чыны,
Төлөгөндүн чорт деп сынган кылычы.
Мыкчегерлер бири - бирине баш бербей,
Кайталанаар Кокон хандын кылыгы. Ант
ургурлар улам бири алмашып, Кайра
баштан чыга берээр былыгы.

Башыбызда кайнаган шор көп али,
Кайра баштан хан шайланаар Шерали.
Бизден чыккан өзүбүздүн бала деп,
Жыргаткансып колдоп чыгат көбү аны.
Кайра баштан алданабыз кайран эл,
Карт тарыхка бербейбиз го эч маани.

Заман кооптуу, иним муну түшүнгүн, Эл
башына тушөөр бекен каран түн.
Башсыз калдык дагы орустан кол үзүп,
Кимдер коргойт эми элдин үмүтүн.
Далай баштар томолоноор топ сымал,
Башына окшоп билги агаң Нүзүптүн.
Бектер чыгаар кыйратам деп
баарысын, Иш түшкөндө салып кетчү
далысын. Акмак чыгаар кызыгы үчүн
керт баштын, Сатып ийээр тууган
элдин намысын. Ала берип чет
жактардан акчаны,
Куурaтышаар элге артып карызын.

Колтугуна тартып досун, таанышын,
Саясаттын ойлоп табаар жаңысын.
Көрбөсүн деп былык ишин башкалар,
Коркконунан койдой соер калысын. Ар
кими өз көмөчүнө күл тартып,
Тебелешээр далай эрдин намысын.

Алды жакта иштер али көп, саман,
Бийлээр элди баягы эле “беш каман”. Баш
кийимдей алмашса да бийлигиң, Таз
кейпинде калаар дале чор таман.
Кайдыгерлик туңгуюктан чыга албай,
Чындык сынып, чыркыратаар “каар заман”.
Кайгы муңда сени менен болушкан,
Бечараны биргелешип корушкан. Дагы
деле ошолорго баш катып, Элиң тозот,
жардам издеп орустан. Мөгдүрөткөн көр
турмуштун айынан, Элдер оошот безип
ата - конуштан.

Орустардан жардам тийип энчиге,
Нанды “нана” деп келгенбиз эмгиче.
Жаштар келсе кордук көрүп курчуган,
Секин - секин бутка турaaр телчиге.
Күтүп турат элди далай сыноолор,
Жакшы заман кайра айланып келгиче.

Башыбызды бир жакадан чыгарып,
Колубузду чыгарбасак бир жеңден.
Бактыбызды талашпасак өзүбүз, Бирөө
келип алып бербейт чет элден. Анан
келет башты сайып кармашып, Мекен
үчүн күйсөк кана сен да, мен.

Анан мага карап, азыркы жүрүп жаткан саясатка, жашоого арнап мен бир тамсил жазып койдум, ошону берем өзүң окуп көрүп бир жыйынтык чыгарып ал-деди. Мен болсо мага бергиче басмага бербейсизби десем - Азыр кайдагы басма, сенин дагы эле балалыгың кала элек окшойт, же эч нерсени түшүнө элексиң”, - деп ачуусу келе түштү. Мен сунган тамсилин алып алдым да, унчукпай жолго түштүм. Келип окусам ал тамсилинде мындайча жазылыптыр. Эч жерин оңдогон жокмун, оңдоймун деп кайра бузуп албайын дедим.

Замандаш ойлоп турсам, Оюма
келет бир тамсил. Балким
меники туура эместир,  Каякка
кетпейт кызыл тил. Бирок бул
жазганымдан,
Бир жыйынтык чыгара бил.

Илгеркиден өттү го далай заман,
Бир кездерде падыша болгон экен каман.
Сүрү өтө күчтүү, ачуусу андан жаман,

Каяша айта алышпачу дейт арстандарың да аган.
Бардык тоо - токойлордун башын бириктирип,  Бир
чоң мамлекет түзүп салган.

Бирок ачуусу чукул болгон менен,
Болуптур баарына тең, ичи да кенен.
Өзү тумшугу менен жер челип, Турчу
экен жаныбарларга дем берип.
Андыктан тартип күчтүү болуп, Тегиз
мээнеттенишчү экен, Жашылча,
эгин эгип.
Жомоктогудай баары жетиштүү,
Кампага салат экен ашыкчасын терип.
Курсак ток, кайгы жок болгондон кийин,
Ак нанды да карабай калышкан дешет жээрип.
Акыры бир күнү падыша каман, О дүйнө
кетиптир карылыгы жетип.
Тикесинен тик туруп көмүшүптүр,
Курт - кумурскалардан бери чогулуп келип.
Боорукерлери көзүнө жаш алышыптыр,  Падышабыз
мыкты эле дешип.
Ошондогу токчулук заманды,
Көпчүлүк жүрөт дейт эмдигиче эскерип.

Бир орунда канчага чейин турмак,
Убакыт өтүптүр өз жолун улап. Эми ар
кимиң өз жериңди башкар деген, Жогор
жактан жарлык чыгат.
Аны аңдып турган жаныбарлардын баары угат,
Башаламан, ызы - чуудан тунат кулак.  Баары
өз ара аңдып калышат, Бири - бирин сынап.
Падышалык сизге ылайыктуу - деп,
Айбанаттар арстанды сыгат. Ошондо
айкөлдүгүн көрсөтүп Арстан, Бул
сунушка каршы турат.

Мындай башаламандыкты башкара албай,
Менин көңүлүм сынат. Же баарын
тартипке келтиргиче,  Жүрөгүм жарылып
тынат.
Өзүңөр коюп ала бергиле - дейт,
Ичиңерден татыктууңарды тандап.
Эми мен боломун го деп жолборс, аюу, бүркүттөр, Өз
- өздөрүнчө бычат.
Калганы карап турмакпы башын тырмап, Карышкыр,
түлкүнүн түрткүлөөсү менен,
Коркконунан талапкерлигин коёт кашкулак.

Тамаша, чыны аралаш - макул болушуп баары,  Хан
көтөрүп коюшат аны.
Эскинин баары кулап, эми заман жаңы,
Мен тирүү жанмын дегендин,
Эми кайран кашкулак - бакыйган ханы.
Башын ийип жүгүнүп,
Айласыз сыйлап калышат баары.
Айрыкча катуу сүйүнүп,
Карышкыр менен түлкүнүн кирет жаны.
Ар түрдүү кылып макташып,
Кошоматчыларга табылбай калды.
Акылдуу көсөмгө чыгарышты, Баягы
эле уктап жүрчү “кашкулакты”.
Эми баягы кашкулак эмес - баш катчу,
Чакчарыла сүйлөп “Куке” болуп алды.
Бийлик деген бийлик, Эми Кукени
ким жаман дей алмакчы.

Жаңы хан айбанат, канаттуулардын баарын,
Чогултуп чоң жыйын курат. Пикирин угуп
бүткөндөн кийин, Кашынып ордунан турат.
Карышкырга берген убадасын ойлоп, Аны
кой чарбасына баш кылат. Кашкулактын хан
болушуна, Мунун да аракети күчтүү. Казына

башчы болуп ошондуктан, Урмат менен
шайланат түлкү.
Темир - тезек, ашыкча ыпыр - сыпырдын кереги жок,
Аларды пайдаланбагандан соң сатып ийели.
Башкаларга болбостон күлкү - деп,
Ачкычты коюнуна катат,
Чачылбасын деген болуп элдин мүлкү.

Шаңшып олтурган бүркүткө карап,
Башыма салбасын деп шорду.
Ар ишке татыктуу болсо да, Ага
чоң кызмат бергенден коркту.
“Коё туруңуз караштыралы” - деп,
Тайсалдата берди жоопту. Эптеп
буйрук чыгара салып, Бул
куштардын зору. Менин акылыма
акыл кошот, Мунун Ак Үйдө - деп
орду.
Колдон келип турганда жору, Ханга
биринчи жардамчы болду.
Карга, кузгун кудуңдап калышты,
Эми кудай жалгап алардын да ачылды жолу.

Эстен чыгып кала жаздаптыр кудай урган,
Келемишчи, келемиш жаңы ханга Жакын
тууган.
Көп деле болбостур өз боорун кууган,
Келемишти “айыл чарбасына башкаруучу” койду,
Өзгө өздөй мамиле жасап ошондуктан.
Баягы эле уйкучу суурбу?
Каарына калат азыр андай деген. Күбүр
- шыбыр болот макулуктар,
Ал кадимки ханыбыз менен
Атасы бөлөк, энеси башка Бир
тууган, тага - жээн -. Кандай

эркелесе өзү билет,  Эми
суурдун келечеги кең.
Ошондуктан суурду тургузуп,
“Алгын”, - деди каалаган кызматыңды сен.
Суур ойлонуп турбастан, Азыр - деди -
тоо - таш калды ээн. Мага кекиртектен
жетет, Ошол тоо - таштан чыккан кен.
Ансыз да үлгүсүн алып койгом, Чуңкур
каза берип ар жерден.
Өзүбүздүкү сатып коёт,
Жумушчуларды башка өлкөдөн алып келем.
Коркпогула баарыбызга жетет,
Макулуктарга көрсөтпөй болсок тең.
Азыр чаңында калышыптыр - дейт суурдун, Көкүрөктү
көтөрүшүп дешкендер “мен, мен”.

Кыйкырганынын пайдасы тийип,
Эртели - кеч дүрбөтө берип элди.
Депутат болуп шайланып алган,
Баягы короз деген дейди. Кайсы
мекиянды имерсем – деп,
Ошондо турат эси - дарти. Бир
чара көрөлү дешсе, Кашкулакка
жакын кайни.
Бир катынпоз жүрсө жүрөөр,
Жөн койгула – дешет мейли.

Иттин болсо илгертен дайын кызматы,
Эч ким талаша албайт аны.
Шыйпаңдап, кызматын кылат, Кимдин
колунда болсо наны. Тартип болбогон
соң, Кирип эле калды жаны.
Арсылдап үрө берет,
Ылгап олтурбайт ак - караны.
Иттен өзү да коркуп турчу, Көрүнүп
калса карааны.

Ошондуктан укугун чоңойтот, Алып
турсун деп көп - көп параны.
Макулуктарды каалашынча талап,
Ошондо бир ачылган дешет иттин арааны.

Калп айткан менен болбос, Өзүнө бийлик
тийбеген соң жолборс. Экөөнүн
айырмасы асман менен жердей,
Кашкулак менен кантип болсун жолдош.
Хандын жардыгын жактырбай, Болуп
кеткен андан бетер корс. Ошондуктан
токтоосуз көзүн тазалашты, Өздөрүнчө
чечим чыгарып, берип доош. Кыйынсына
каткырышты,
Кана кезек кимдики – дешип - коош.

Кашкулактын илгертен эле, Элдешкис
душманы аюу.
Кокусунан колуна түшсө,
Өлтүрүп коюудан да тартпайт таюу.
Ортого түлкүнү салып пара берсе,
Оюна да келип койбойт баюу.
Алардын максаты болчу, Артынан
“жегич” - деп ушак жаюу.
Койнундагы котур ташын көрсөтпөй,
Жагынып аюунун көңүлүн алуу.
Эптеп эле бир жалаа жаап, Абакка
тыгып салуу.

Заман эми чындап алмашты,
Баары каалаган кызматына жайгашты.
Каман кашыктап чогулткан мүлктү,
Чөмүчтөп чачып тез эле жалмашты.
Баарысы калбай калган соң,

Таш, кирпич, темир - тезекке
жармашты. Каршылык көрсөткөндөрдү,
Баш көтөргүс кылып жайлашты.
Өтө коркунучтуу делгендерин,
Түз эле “о дүйнөгө” айдашты.
Колдон келип турганда Кукени,
Дагы бир мөөнөткө кезексиз хан шайлашты.

Турмуштун алдым - жутумдар көрүп сыйын,
Мээнеткеч курт - кумурскага эле болду кыйын.
Же жасаган жумуштары үчүн, Ала алышпайт
бир тыйын. Баштагыдай арызданайын десе,
Ким укмак эле алардын ыйын. Дыңылдап
каяша айтам деп бир жолу, Канатын
сындырып алды чымын.
Адеп секире берчү чегиртке,
Кийе албай калды шыпырылган
шымын.  Кээси ачкалыктан кырыла
баштады, Жашырбай айтканда чынын.

Эркек жаныбарлар бала карап,
Ургаачылары кетти тоо - токойлорду аралап.
Алардын эптеп таап келгени,
Ар жагында болбосо, Эмнеге
жарамак. Баа болсо учуп
асманга чыкты, Жүрөктөрдү
эзип жаралап.
Тартип болбогон соң, Өлгөн -
тирилгениңе ким карамак.

Булбул, бөдөнө, торгой,
Аябай кор болушту курсактары тойбой.
Турмуш көчөгө айдап чыгат, Өз оюна
жөн койбой.

Мындан көрө өлүп калсакчы дешет, Бул
жашоого мынчалык кор болбой.
Кайрадан тообо кылышат, Хан
алмашып кетээр деп ойлой - ойлой.

Хан куруп калгансып,
Кашкулак болгондон соң мамлекет
ээси. Көз көрүнөө кол сала баштады,
Коңшулардын кээси.
Ийинге кирип кетсем кутулам го деп ойлойт го,
Кантсин башкага жетпесе мээси.
Кашкулак ойлонгонсуп далайга,
Серпип коюп каш. Бизге кереги
жок - деди, Шагыраган тоо, таш.
Аска - зоону бүркүт мекендээрин,
Оюна алгысы келбеди какбаш.

Баягы алаанын ичин аралап,
Жөрмөлөп жүрүүчү бит.
Жолдордун баарын бөгөп, Чыга
келди - болуп кит. Эки жакка каттоо
аябай кыйындады, Эч ким жардам
кылбайт өл, жит.

Деги билип болбойт кандай заман, Биринен -
бири кыйынсынып, башаламан. Биздин деле
уруктан, көзү ачыктар көп чыккан, Деп өзүнчө
байлап дем.
Мен деле болот умтулсам,
Эмики шайлоодо өзүмдү өзүм көрсөтөм - деп,
Оолугуп жүрөт - дейт көр чычкан.

Кашкулак бир күнү акылына келди,
Курт - кумурсканы какшанта бербей,
Чечим кылды, өткөрүп берүүгө жерди.
Дагы бир ушак бар, Биротоло

сатылат дейби? Жерди саткан
барабар го, Сатканга Мекенди. Жер
деген эне - баарын баккан, Эми
сатышабы баккан энени.

Карышкыр, карга, кузгун биригип, Үлпөт
куруп күндө тыраалаш. Кашкулакты
анча тоготушпай калды, Белен
болгондон соң тамак - аш. Майда
жаныбарлар болсо,
Карды тойбой ач - жыланач.

Көзүнөн жашын тыйбай ыйлап,
Жээшке нан таппай жандарын кыйнап.
Не кылаарын билбей макулуктар,
Жүрөт дале баштарын тырмап.
Биздин шорубузга жаралган,
Качанга чейин турат дешип кашкулак.
Мындан көрө тезирээк эле,
Басып калсачы - деп тилешет - таш кулап.

Андайларды урбайт жин,
Куйса суу кирбес, атса ок өтпөс,
Мүмкүн кашкулак казып жаткандыр ийин.
Бирок ушул бойдон кете берсе ,
Кандай болоор экен төрт - беш жылдан кийин.

Замандаш бул жөн эле тамсил, Бирок
жакшылап ойлонуп көңүлгө ил.
Ишенген ханың кашкулак болсо,
Бүткүл улутка зарп кетээрин бил.

Агамдын жазган бул тамсилин окуп алып, аябай таасирленгендигимден, кээ бир жаныбарлары азыркы бийлик адамдарына окшоштугун көзгө сайып көрсөткөндөй таамай берилиптир. Заман кайда баратат, биз мамлекетибизди

кимдердин колуна тапшырдык, элдин келечеги кандай болот? Ушунун баары өтө кылдат чечиле турган маселе. Кийинки жолукканда-бул тамсилинизди басмага бербейсизби деп алып – “Ээ иним, сенин акылың чын эле ордунда эмес окшойт, эмне, менин түрмөдө чиришимди каалап жатасыңбы?»- деген экинчи жолку кагуусун угуп калдым.

Бир күнү чогулуп,
Ооз, көз, кулак, мурун,
Өткөрүштү ич ара жыйын.
Биринин сөзүн бири укпай,
Өзүнчө эле болуп жатышты кыйын. Бир
айла кылып башка жактардан,
Таппасак тыйын.
Колу - бутту багабыз деп жүрүп,
Бизге убал болду, Айтсак
чынын.
Эптеп бир жолун табалы,
Уга бербей алардын ыйын.
Ошондо биринчи сөздү алып мурун,
Деп айтты:
Мен чек ара маселесин чечкени турум.
Жашырганда кандай кылат элек, Ал
үчүн көп каражат керек. Тиги
Каркыраны казакка, Үзөңгү – Кууштү
кытайга берсек. Ошентип чек араны
бекемдейли, Бизге калган жер деле
жетет. Ошондой жолдор менен болсо
да, Акча табабыз да, демек.
Акыл менен иш кылып, Болот
кыйын кырдаалдан, Чыгып
кетсек.

Аны угуп турган кулак, Андан
ары кетти сөздү улап. Менин

кое турган маселем, Айыл
чарбасын көтөрсөк.
Ал үчүн,
Союздан калган нерселерди, Чет
жактарга өткөрсөк.
Андан түшкөн пайдага, Кем
карчыбызды бүткөрсөк.

Ошондой чечсек бар кылабыз жокту,
Абалдан чыгып кетпей, Жаныбыз
жокпу.
Колу менен бутка масилет салбайбыз,
Алардын башка жакта орду. Ары -
бери шилтенгенден башка,
Шордуулар түшүнөбү покту.

Башка жактардан албасак колдоо,
Мамлекетти өтө кыйын оңдоо.
Биринчиден инвестиция тартуу керек,
Бул сунушум оң го.
Кен байлыктарды көтөрө албай жатат,
Канчалаган тоо.

Сен мага болуп жатасың деп жолтоо,
Эки көз бири - бирине, Кое кетишти
доо.
Сен чындыкты көрбөй жатасың деп,
Чыга келишти болуп жоо.
Күч келгенде экөө, Эки
жакты карап, Болушту
экөө эки тарап.

Бул жерде,
Жакшы пикирлер айтылды кооз, Деген
бойдон сайрап кирди ооз.

Бизге бюджетке акча керек, Андай
кылбасак,
Үзүлүп кетпейби кекиртек.
Мен мындай деп ойлоп жатам, Мага
койсоңор,
Кум-Төрдү Канадага сатам.
Ошонун эсебинен, Бюджеттин
кемтигин жабам.
Баалуу байлыктарды кытайга өткөрүп берип, Акчаны
өзүм табам.
Керек болсо ашыкчасына,
Швейцариядан эсеп ачам.

Токтой тургула,
Ойлонолу бир аз,
Бирок ойлонууга да убакыт аз.
Баарыбыздын жайгашкан жерибиз,
Болгондон кийин баш. Ынтымак
кылалычы,
Бири - бирибизге боло бербей кас.
Бизге оппозиция болсун дешти,
Чач менен каш. Аларды тешип
чыкмак беле, Бекер табылган
тамак - аш.

Ошентип оппозициясы болгондон соң,
Ойлоно берип нетишти. Чач менен
каш
Тез эле агарып кетишти.

Мезгил жеткенде,
Бардык нерсеге берүү керек го сурак.
Угушумча дүлөй болуп кулак, Эки
көздөн жаш жатты кулап. Мурун
болсо нақта, Болуп калыптыр
“маңка”.

Ооз болсо көрдөй ачылып,
Түшүп бүтүптүр тиштери чачылып.

Ооз, көз, кулак, мурун,
Туура эмес чечим чыгарыштыбы – же?
Бардыгы башкарып туруучу,
Ошолордун баардыгына ээ. Алардын
аңкоолугуна болуп себеп, Көрсө
көгөрүп кеткен экен мээ.

Денени башкарып туруучу, Баш
иштебегенден кийин кор го. Жөн
менен желке жешилип,
Айланып буткон жоорго. Жүрөк
инсульт болуп, Цирроз
жабышты боорго.
Иштебеген башты көтөрсө,
Күч келет турбайбы бут менен колго.
Баарына чыдап байкуш дене,
Илкип - калкып келатат зорго.

Мээ жакшы иштебесе чын эле,
Ал көгөрүп кеткен - демек. Бул
өтө кыйын эсеп,
Аны чыгарабыз десек. Көпкө
күтө бербей,
Мээни алмаштыруу керек. Анан
ооз, көз, кулак, мурунга, Өзү
эле келет кезек.

Акемдин жемесинен кийин мен да аракет кылган болуп, жазып барган ушул тамсилимди ага көрсөтө албай койдум.

Кайра ачылып сыр сандыктын капкагы,
Узун - узун сөзгө кирдик биз дагы.
Айтканына уюп - муюп олтурдум,
Түшүнгөнгө жан жыргатаар сөз баары.
Кандай гана балы таттуу алардын,  Бир
боз чымын болгон менен бал аары.
Алып жаттым акылыма сиңирип,
Ар бир сөзү таттуу дагы, эң дары.

Деп - сүйлөдү жылдар өткөн, жок саны,
Бир мезгилде көл болгондур саз дагы.
Минтип турбайт, кайра заман оңолоор,
Чапкан сайын чыга бербейт көз дагы.
Жер жарасын айыктырчу адам көп,
Кошоматчы, ач көз эмес бүт баары.

Баары өлчөлүү бул дүйнөдө, бүт
баары, Бардыгынын бара турган бир
жайы. Жер бетине батпай барат
адамдар, Бири кара, бири болсо ак -
сары.
Чексиз дебе, Галактика чегинде,
Алакандан чоңдук кылбайт Жер шары.

Айрылуу жалгыздыкты ичтен кайрып,
Сөзүндө күүгө келбес жатса кайрык.
Өткөнгө, келечекке түз баа берген,
Сезилет көздөрүнөн акылмандык.
Адамдык кичи пейил, боорукерлик,
Ичине кантип батат мынча байлык.
Баарысын ичтен чыдап көтөрүүгө,
Ойлоймун, керек канча чыдамкайлык.

Мен атайлап тийүүгө анын жинине -
Ага, менде мындай деген ой турат.

Мындай башты бекер эле кор кылбай,
Эл катары болбойсузбу депутат.
Мындай деди - Тамашаңбы,чыныңбы?
Мендейлердин сөзүн айтчы, ким угат?
Ойлоп көрчү, аларыңдын артында,
Байлык, акча, тааныш-билиш көп турат.
Аларыңдын колунда бар, башта эмес,
Көпчүлүгү чачып пулун, жеп утат.
Кээ бирлери абийиринен сурабай,
Кыйратамын, жайлап ийем деп утат.
Унутушса ата - баба арбагын, Аларды
да акыр бир күн ант урат.

Тамашалап-депутат бол - деп сөкпө,
Колдон келбейт мен эмесмин жел өпкө.
Кереги жок мага эми башканын,
Катын, балам болчу мага чоң өлкө.  Кана
азыр, чуркап келип алдыма,  Эки кызым
эки беттен бир өпсө. Байкап турдум,
жанын кыйнап жатканын, Толбой калган
тээ качанкы бир көксөө. Дагы деле
чыгара албай эсинен,
Эки кызын ойлойт окшойт - ал көрсө.

Ал агамдын Союздун таркап кеткенине ичи ачышып жатты. “Эгемендүүлүккө жеттик” - деп сүйүнүп жатабыз, бирок биз ошол эгемендүүлүккө даяр эмеспиз, алдыда көп кыйынчылыктар бар. Аларды жеңип, өзүбүзчө мамлекет үчүн көп убакыт талап кылынат, көптөгөн түшүнбөстүктөр пайда болот. Өтө алыстабай кечээгиге эле көз чаптырчы. Өткөн тагдыр бул - келечектин тарыхы.

Илгери, тээ илгери көзүн жарып,
Мынакей, бизге келип жетти тарых.
Учугу карт тарыхтын өтө эски,

Такалат миң - миллион жылга барып.
Пендеси көп - көп ката кетиргенден,
Жер эне бара жатат өтө карып.

Байыркы Обо Эне, Адам Ата, Кезинде
алардан да кеткен ката.
Бейиштин дал өзүнөн кубаланып, Алып
келген адамзатка кайгы - капа.
Биз пенде, билип туруп жаңылабыз,
Бул жалган эч адамга кылбайт оопа.

Суу каптап бир кездерде дүйнө жүзүн,
Адамдын, жандыктардын алган үшүн.
Сактоодо ошондогу топон суудан,
Жумшаган Нух пайгамбар болгон күчүн.
Алардай биз пайгамбар боло
албайбыз, Болгону биз пендебиз, туура
түшүн.

Тарыхта Манас бабаң баштап көчтү,
Жоолашкан душманынан алган өчтү.
Кырсыкка, канчалаган кыйындыкка,
Баатырлар элден чыккан, тоскон төштү.
Жаралып андан бери бизге чейин,
Чырактар канчалаган жанып өчтү.

Жүрөлү өткөндөрдү эске алып, Өчпөсүн
илгеркиден калган тарых.
От менен ойнойбуз - деп кокусунан,
Салбайлы Жер энени жарып - жарып,

Кокустан туңгуюкка такалбасын,
Адамзат, өз колуңдан бир күнү барып.

Жакшыдан жамандыкка жарым кадам,
Тарыхты жаратуучу бизбиз, адам.

Тарыхтын ойлонолу келечегин,
Жаңылып таштабайлы капыс кадам.
Бар болуу, жок болуу да өзүбүздөн,
Жок болсок билип туруп, ошол жаман.

Манастар, Алпамыштар, Муромецтер,
Дүйнөнүн алптары го, таазим этээр.
Алар да эл-жерим деп жанып - күйгөн,
Ойлонтот Азирет Али шерлер.
Ордуна бир айлантып кайра коймок,
Туткасы кара жердин болгондо эгер.
Жандуу эмес, жансыздын да тилин билген,
Улукман, дагы канча өткөн пирлер. Акылга
аалам сырын багындырган, Коперник,
Галилео-Галилейлер. Ньютон, Эйнштейн,
Менделеев, Келбеген бул дүйнөгө алар
бекер. Анда да куйтулары элден чыккан,
Кудайга каршы койгон түшүнбөстөр.
Тагдырдын өзү менен эрк талашкан,
Энгельс, Карл Маркс, Лениндер.
Адамдын эңсегенин ишке ашырып,
Биринчи Айга учкан Гагариндер.
Жашоонун кымбаттыгын ачып берген,
Лермонтов, Пушкин жана Эсениндер.
Кыргыздын Алыкулу, Чынгыздары,
Ааламдын сулуулугун сактап берээр.
Калтырбай баарын бирден сынай берсең, Ал
эмес кагазың да түтпөй кетээр.

Мекенди согуш оту каптаганда, Ким
чыккан алдыга озуп Сталинден.
Мылтыктар жүрөгүнө мээленсе да,
Ошончо кыйындыкка селт этпеген.
Карматып эл душманын кырып - жоюп,
Жок кылган адамдарды чыккан четтен.
Кошулуп күнөөлүүлөр арасына, Ичинде

күнөөсүздөр балким кеткен. Ошонун
баарына ал күнөөлүү-деп, Айтаарың
билип турам, алып беттен. Анда да
баш ал десе бөрк алгандар, Билегин
түрүнүшүп чыккан четтен.

Антсе да жаманынан жакшысы көп,
Аларды тарых сыйлайт, чыкпайт эстен.
Башына калайыктын күн түшкөндө, Ар
качан азаматтар чыккан элден.
Жаралып көпчүлүктүн бактысына, Аз
эмес бирөө үчүн жандан кечкен.
Чолпонбай, Александр дагы канча,
Мекенин калкалаган жүрөк менен.
Далайлар эл - жери үчүн башын сайып,
Элинин ар намысын коргоп келген. Уул-
кыздын улугу көп болгон үчүн,
Андыктан ыйык бизге Ата Мекен.

Карачы, тоо боорлорун мекендеген,
Илгертен кыйындыкка чыдап эчен.
Мокобой чапкан сайын курчуп кайра,
Улутун сактап келет бир ууч чечен.
Бирөөнүн зордугуна баш ийеби,
Ушундай уул - кызы бар Ата Мекен.

Кыргызым сени сыйлайм жаман дебейм, Сен
калксың баатыр мүнөз, пейили кең. Сенин да
карап турсам карт тарыхта, Башыңан сыноо
өткөн эчен - эчен.
Эркине башкалардын башын ийбес,
Мүнөзүң, эрдигиңди сыйлаймын мен.
Илгертен өтө күчтүү улут болуп,
Ааламдын алптарына болгонсуң тең.
Бир гана кемчилик бар моюнга алсак,
Кылыгың бири-бириңди буттан тартмай,

Адаттын болуп келет жаманы эң. “Адатты
мына ушундай таштайлы” – деп,
Балаңдын тилеги бар сага деген.

Жасаган убагында далай эрдик, Сталин
өзүмчүл, ал жаман - дедик. Өткөрүп
арасынан эки - үч пашаа, Брежнев
заманына кийин келдик.
Тебелеп курсагыбыз айрылганча,
Армансыз бекер тамак ичтик, жедик.
Чыгарып эми аны наркоманга, Көзү
өтүп кеткенден соң кылдык иттик.
Черненко, Андропов эсеп эмес,
Адамдар неге минттик, неге минттик.
Советтер Союзунун акырында,
Айланып Горбачевго тийди бийлик.
Качанкы эңсеп жүргөн эркиндигин,
Таратып өз - өзүнө кылды адилдик.
Өзүбүз төбөбүздө төөнү көрбөй,
Билбестен партияга көп катылдык.
Адамдар, уятыңдан өзүң качпай, Бир
жолу өмүрүңдө айтчы чындык.
Курулган жетимиш жыл бул Союзду,
Кулатып заматта эле жутуп тындык.
Болдук деп өзүбүзчө мамлекет,
Төштү уруп өзүбүзчө кыйынсындык.
Билбеймин ач - өжылаңач эркиндиктин,
Пайдасы барбы өзү бир тыйындык.
Тамшанып партиянын убагында, Ак
нанын сен жегенсиң, мен да жегем.
Безилдеп убагында ырдачубуз, Партия,
улуу Ленин, Ата Мекен -. Замандаш
ачык айтып ак сүйлөчү, Анибыз бир сөз
беле келжиреген. Айырмабыз айбан
малдан кайсыл анда, Жериген өзүн
баккан энесинен. Азыркы биздин ушул

жашоо үчүн, Ойлочу канчалаган өмүр
кеткен. Берилип аларга мен жан
тарткыдай, Коммунист же мүчөсү
эмесмин мен. Унутсак партиянын
жакшылыгын,  Абийирди унутканга тең
болоор дейм.
Ылгабай жетим - жесир, бардыгыңды,
Билсек биз баарыбызды багып келген.
Жулкунуп партиянын акырынан,
Калганбы убагында жем жебеген.
Жутунуп амалкөйлөр ошондо да,
Биринчи партияга алар кирген.
Болушкан партиянын эсебинде, Азыркы
коммунисттер жаман - деген. Бер десе
жанын сууруп берүүчүдөй, Койгулап
көкүрөгүн жанын жеген. Камчысын
партиянын чапкан азбы, Азыркы көзү
ачык лидерлерден. Бул жалган, мен
асмандан түшкөм-десе, Жашырбай
анда айтсын бардык элден.

Мусулман дини үчүн тике туруп,
Келебиз Мухаммедге кулдук уруп.
Орусту эми каапыр дей баштадык,
Аларың дини каапыр башка улут.
Эстегин кырылышып жүргөнүңдү,
Бөлүнүп болуп алып урук-урук.
Жадесе жармага да карын тойбой,
Жүргөнүң тоо-таштарда улуп-уңшуп.
Жоголуп акыр өчүп кетээринде,
Кыргыздын көзүн ачкан бүт чогултуп.
Суу ичкен кудугуңа түкүрбөгүн,
Орустар улуу калк го таза, тунук.
Башына кыйынчылык түшкөн кезде,
Дагы эле орус коргойт тике туруп.

Баарыбыз жер эненин балдарыбыз,
Адашпай ойлонолу акыл куруп.
Шайтандар акыл-эсти тумандатып,
Чыгарып жаткан жокпу жолдон буруп.
Жараткан амиринде жалгыз гана,
Адамдын баары тегиз, баары улук.

Тамчы суу тамып турган ташты оёт,
Эскирип дат басканда чирик болот.
Баарынын бул дүйнөдө өлчөөсү бар,
Сулуунун сыны кетип өчөт, оңот.
Башталып кайра баштан баары жаңы,
Ордуна өсүп - өнүп кайра толот.

Жер шары мына ошентип тегеренет,
Токтобой андан ары кете берет.
Бирөөгө кубандырып баарын берсе,
Бирөөгө ууктуруп зарын берет.
Жаратып кайра жыйнап алган үчүн,
Андыктан бул дүнүйө жалган делет.

Башына илгеркиден адат болуп,
Түгөнбөйт кыргызымдын бул жомогу.
Качанкы карт тарыхты коё турсак,  Ким
билбейт кечеги эле Исановду.
Алтындын өзүбүздө баркын билбей,
Жулдурдук шүмшүктөргө колдогуну.
Бийликтин баарын ээлеп албасын деп,
Айбандар ага дагы казды орду.

Кутулуп бирин-экин көчө менен,
Мектепке атын койдук бар болгону.
Уулдарын коргой алгыс, кыйын чыккан,
Кейитет кыйындардын оомалыгы.

Көзү өткөнүн Осмон уулу Бекмамат,
Угуп алып көздөрүмдөн жаш тамат.
Көздөгөндөн кайра артка тартпаган,
Адам болчу жолборс жүрөк азамат.
Шыйпаңдаган кошоматчы, шумдарды,
Жөнгө салчу ачуу келсе ал сабап. Аңыз
болуп далай-далай эрдиги, Учуп жүрөт
дале элди аралап.
Анын дагы капкан коюп жолуна,
Ушактадык аппак ишин каралап.
Түшпөгөндө акмактардын торуна,
Алда качан ал өз элин башкармак. Көзү
өткөн соң, жаман деген кээ бирлер,
Тирүү болсо тырмагынан айланмак.
Төп келишкен акыл менен кубаты,
Андай адам миң жылда бир жаралат.
Башты сайган элим менен жерим деп,
Андай уулду кыргыз эми кем табат.
Кыргыз байкуш адатыңбы башынан,
Мыкты чыккан уулдарыңды жайламак.
Көзүн чукуп чыгаандарга бут тосмой,
Качан калат, качан калат бул адат.
Деги арбагың колдой жүрсүн элиңди,
Кош бол эми элдин уулу Бекмамат.

Тирүүлөрдүн кадырын тирүү билбейт,
Жакалашып кээ бирде сөгүп, тилдейт.
Майда - чүйдө болбогур нерсе үчүн,
Жакыныңдан көңүлүң калып, кирдейт.
Өлгөндөн соң ушу адам жакшы эле деп,
Башын чайкап, бармагын анан
тиштейт.

Бирибизди - бирибиз кыйнашмайбыз,
Тирүүлүктө неге биз сыйлашпайбыз.

Кыйналганын көз менен көрүп туруп, Жардам
кылып жакындан ыйлашпайбыз. Жаш
чыкпаган көздөрдү жалган сүртүп, Өлгөндөн
соң артынан ыйлактайбыз.

Жол баштап эртең эле бирөө чыкса,
Илинет анын дагы портрети. Аны да
бүрсүгүнү унутабыз, Болот го бут
алдында тебеленди.
Заматта жакшылыкты унутабыз,
Адамдар уятыбыз барбы деги.
Табылбас ошол асыл адамдардын,
Арбагы эми бизди кечиреби. Урматтап
биз өткөндү сыйлабасак, Жашоонун
деги кимге бар кереги.

Кандайдыр бир нааразылык укпансыйм,
Кулак түрүп маркумдардын үнүнө.
Пенде экенбиз көкүрөк көр жаралган,
Тирүүсүндө сыйлай алдык кимди эле.
Баркын билбей бир берилген өмүрдүн,
Жашоо үчүн келеби же көр пенде.

Кылымдардын кыйроосуна багынбай,
Кайра катуу ташкындаган агымдай.
Чыйралууда кайра улам жанданып,
Өздөрү айткан шер Манастын сабындай. Ырдын
пири алп адамдар экен го, Кыргызымдын
Саякбай да, Сагымбай.

Жүрөк, жүлүн аңтарылта бүт козгоп,
Мыскал эже ырдаганда ыр козгоп.
Тыңшоо үчүн анын укмуш обонун,
Калчу дешет сайрап турган куш токтоп.
Азыр деле обончу көп болсо да, Ырдай
алсын эми ага ким окшоп.

Белек болчу жаратылыш бир берген,
Мыскал бирөө, жаралбайт ал, эми жок.

Шаршен элдин карапайым кулуну,
Көпчүлүктүн жандай сүйгөн куудулу.
Баш көтөртпөй жыгылгыча күлдүргөн,
Келген кезде айтаар сөздүн удулу.
Ичкич, жегич алдамчылык жек көрүп,
Бетке чапты элди жеген ууруну. Өмүр
кошкон күлкү менен өмүргө, Өлбөс
кылып жаратсачы ушуну.

Комузчулар Атай менен Ыбырай,
Кулагыма турат күүсүн шыбырай.
Ээ, алардын чертилгенде күүлөрү,
Чөп - чарлар да сүйлөп ийет тыбырай.
Азыр эле албууттанып чамынган,
Көлдүн бети тынчый түшөт жыбырай.
Кучагына чечилбеген сыр катат, Ар
бир күүсү өзүнчө бир кылымдай.

Токтогулуң, Алымкулуң, Жеңижок, Оо,
алардын чындыгында теңи жок.  Бири
дагы окшошпойт го аларга, Туурап
эми созолонто үн кошсок. Төкмөлөрдү
мактоо үчүн сөз таппайм, Аларыңдын
ар бир сөзү аткан ок. Жаралгандар
ырысына элинин,
Арабызда эми андайлар такыр жок.

Тилдеринен жалаң куйкум сөз тамган,
Ойлонбосоң өзү ойлонткон Райкан.
Найзага илип сатиралык тил менен,
Өчүн алган жегич менен куулардан.
Безге сайып чукугандай сөздөрү. Бир
берилген белек болчу кудайдан.

Бир күлкүлүү ишке калсам кезиге,
Кылт дей түшөт Мидин байкем эсиме.
Жан жыргатаар чыгармасы акындын,
Дал өзүндөй курч да болчу, шок эле.
Адамдардан кошоматчы, мансапкор,
Угуп жүрдү убагында көп жеме. Ал
аракпоз, тили жаман Midиндин-, Деп
көпкөндөр алуучу эмес теңине. Улуу
талант улам жаңы жол салат,
Кылымдардан, кылымдардын чегине.

Тагдыр танса андан бетер көгөрүп,
Турмуш жүгүн жүрдү Алыкул көтөрүп.
Ажал менен тике чыгып кармашка,
Жашап өткөн күрсө - күрсө жөтөлүп.
Алыкулду жоготобуз дегендер, Алда
качан калды баары өзү өлүп.
Наристелер канча келсе дүйнөгө,
Акын келет ошончо ирет төрөлүп.
Ошол адам эң жөнөкөй, өтө улуу,
Жашап калды сезимдерде түбөлүк.

Жолон кана, Турар кана жооп берчи,
Же ошолор өлө турган пендеби?
Жатсак - турсак жаздыктарга бекитип,
Жаттачубуз жаттагандай келмени.
Мына ошондой адамдарды алганда,
Кейир бекен, муңканабы жер деги.
Канчалары жап - жаш бойдон көз
жумду, Акындарда барбы ажалдын же
кеги. Жалаң бетке айткан үчүн
акындар, Же ошолбу алып кетээр
себеби. Жаратылыш бир жаңылып
бербесе, Кыйын эми андайлардын
келмеги.

Күчтүү обондун издеп тапкан турагы,
Жарык берип жанып турган чырагы. Чабуул
коюп, улам жаңы жол ачкан, Ыр жоокери,
ырдын гана Чубагы. Дүңгүрөтүп дүйнө
жүзүн таңданта, Эмес беле ырдай турган
убагы. Турмушунда балким алсыз, а ырда,
Бар эле го миң жоокердей кубаты. Аны
дагы тилегине жеткирбей, Илдиби дейм
көрө албастар тузагы. Бул жашоого
батпай-сыйбай калды окшойт, Көңүл калып
ырдап, ыйлап узады. Тамырына балта
урулган дарактай, Убагынан эрте соолуп,
куурады. Көрө албастар тузагына илинтсе,
Ошолорго эми жетсин убалы.

Турмуш кысып ачылбастан кабагы,
Учуп кетти жаштар сүйгөн Таалайы.
Угушканда кайран талант өчкөнүн,
Канча жүрөк капа болуп канады.
Аны менен сүйүүлөрү бирге өлүп,
Агарды го канча кыздын саамайы.
Эмдигиче көзү тирүү болгондо,
Чаңында калмак обончунун далайы.
Башка жылдыз эми анын ордунда,
Дал ошондой жарык болуп жанабы.
Кейигенде аттиң, колдон не келет, Боло
берсин эми жайы жаннаты.

Кош болгун эми Таалай,
Тагдырга багынуу бар. Жол
карап өтөөр күндөр,
Тарабай сагынычтар.
Үзүлөөр эми күдөр,
Үмүттөр өчүп калаар.
Сезимин чын дүйнөдө,

Жол болоор жолугушаар.

Ырын угуп өзүбүзгө сыйбадык,
Ырысбайды ырдап турса сыйладык.
Кадырына анын деле жете албай, Көп
кейитип, аны деле кыйнадык.
Кайталангыс ыр жылдызы өчкөнүн,
Билип туруп билбедик да, туйбадык.

Уккулуктуу үнүн созсо Рыспай, Бир
сезимге кабылчубуз кызыктай.
Көңүлдөрдүн чаңкаганын кандырчу,
Ар бир ыры кана жуткан кымыздай.
Бирин-экин адам эмес эл үчүн,
Ал эле го бир жаралган ырыстай.

Жорго минип, тандап кийим кийинбей,
Жашап өттү көпчүлүктүн бириндей.
Кыйкырыктан, куру убада сүрөөндөн,
Көңүл калды көкүрөгү ириңдей.

Карыбастай, өлбөчүдөй сезилчү,
Арабыздан өтүп кетти билинбей.

Байыркы Обо эне, Адам ата, Кезинде
алардан да кеткен ката. Бейиштин
дал өзүнөн айдалышып, Апкелген
адамзатка кайгы - капа.
Суу каптап бир кездерде дүйнө жүзүн, Адамдын жандыктардын алган үшүн. Сактоого ошондогу топон суудан, Жумшаган Нух пайгамбар болгон күчүн.

Тарыхта Манас бабаң баштап көчтү,
Жоолашкан душманынан алган өчтү.
Жаралып андан бери бизге чейин,
Чыракtар канчалаган жанып, өчтү.

Жер бети кайгы - капа муңга толуп,
Канча ирет эл кырылды кыргын болуп.
Водород, атом, бомба жарыла албай,
Дагы эле кырсык турат жерди тооруп.

Жүрөлү келечекти эске алып, Келаткан
илгеркиден ушул тарых. Кокустан
туңгуюкка такалбасын, Адамзат өз
колуңдан бир күн барып.

Жакшыдан жамандыкка жарым кадам,
Тарыхты жаратуучу бизбиз - адам.
Бар болуу, жок болуу да өзүбүздөн,
Жок болсок билип туруп ошол жаман.

## Чыңгыз Айтматов

Чыңгыз Төрөкулович Айтматов - бул адамдын замандашы болуп калганыма мен аябай сыймыктанам. Анын чыгармаларын өзүнүн көзү барында эле талашып окуп, ар бир каарманы менен кайгырып, кошо кубанып, сезимимде аралаш жашагам. Дүйнө элдеринин жазуучуларынын чыгармаларынын бир канчасын окусам да, Чыңгыздын чыгармаларына келгенде көзүмө жаш албай кое алчу эмесмин. Анын чыгармалары мени ушунчалык таасирленткендиктен, ал деле бизге окшогон жөнөкөй пенде экенине ишенгим келбей кетчү. Ал мен үчүн кара сөз менен ыр жазган адам эле.

Экөөсү эки доордо жашаса да,
Дүйнөнүн эли билет Чыңгыздарды.
Алдына койдой айдап адамдарды,
Багынтса күчү менен Чыңгыз ханы,
Миңдеген сезимдерге куттай уюп,
Багынтты акыл менен Чыңгыз аны.

“Гүлсарат” дүңгүрөтсө дүйнө жүзүн,
“Кыямат” адамзаттын алат үшүн.
Чыныгы ашыктыктын үлгүсүндөй,
“Жамийла” сездирет го сүйүү күчүн.
Казангап, Эдигейлер, Авдийлери,
Жүрөккө жакын мынча, эмне үчүн.

Дүйшөн болуп эң биринчи мугалим,
Калган болсо карт тарыхка катталып.
Чыңгыз болду азыркынын агайы, Миң
- миллион көкүрөккө жатталып. Акыл
- эстин, аң - сезимдин генийи,
Кубанамын сени менен мактанып.
Чыгарма эмес ал жазылган жөн эле,
Кыргызымдын энеси го Бугу эне.
Келечекке каалап дайым жакшылык,
Сүзө берет дүйнө кезип “Ак кеме”.
Ыйык китеп кыргыз тилде жазылган,
Көкүрөккө жаттап алчу ал келме.

Нургазы, Мырзагүлүң, Султанмурат,
Баарысы көз алдымда жанып турат.
Сага арнап бир чыгарма жаратсам деп,
Жаза албай олтурамын төрт сап курап.
Адамдын акылына сыйбай турган,
Там берип талантына кылам урмат.

2008-жыл, июнь. Бул күн менин эсиме жашоомдогу эн кайгылуу күндөрдүн тизмесине кирип калды. Себеби, ал күнү Чыңгыз Төрөкуловичтин түбөлүк сапарга аттангандыгы тууралуу суук кабар уктум. Уккан кулагыма ишенбей, чын жүрөгүмдөн кайгырып, аза күтүп жаттым. Бут алдымда жер майышып, тоолор кулап жаткандай сезилди. Суулар акпай токтоп, бир заматта табият оз коноздугун жоготуп, көзүмө кунарсыздай сезилди. Аалам бопбош калгандай, жалгыздык курчап алды.

Ишенбей кайра - кайра жаттым сурап,
Жүрөгүм бир болк эте алды туйлап.
Укканча улуу адам кеткендигин,
Кашайгыр, кер болсочу уккан кулак.
Өзүмдү кармана албай кеңгиредим,
Жаткандай көз алдымда тоолор кулап.

Ички дүйнөм аңтарылды - бүт көңдөй,
Мага дагы эми жашоо бүткөндөй.
Адилдикти, адамдыкты, чындыкты,
Сезилди го сени менен көмгөндөй.
Жетимдикти кайра баштан кечирип,
Өксүп турам атам жаңы өлгөндөй.

Укканда такыр чыдап тура албадым,
Өңгүрөп ыйлагандан уялбадым. Жан
дүйнөм жабыркады бопбош калып,
Кантмекмин, эми кандай кыла аламын.
Бир ата, бир энеден болбосок да,
Ниетимде эмес белең уялашым.

Айланчыктап баягы «танке» ташын,
Алаксыган Нургазы дале жүрөт.
Алыс жактан атасын күтө берип,
Үмүттөрүн үзө албай бүттү жүдөп.
Бир балээге кабылган алда качан,
Кайтып эми келбесин сезет жүрөк.

Баш болуп Алтынайың, балдар ыйлап,
Боздошот жараткандан жардам сурап.
Сүрөтүн Лениндин колуна алып,
Заманга наалат айтып Дүйшөн турат.
Чогултуп дагы эле элдин эсебинен,
Салынган жаңы мектеп калган кулап.

Толгонай баш жагында кошок курап,
Жамийлаң бетин тытып, боздоп турат.
Көл кылып Мырзагүлдүн жүз аарчысын,
Эринин кырча тиштейт Султанмурат.
Авдийиң бир сен үчүн тобо кылып,
Жалбарат жараткандан бейиш сурап.

Капкачан турагынан кеткен куулуп, Ак
чоку, тоо-таштары ууга жуулуп.
Турагы бир туруктуу жоктугунан,
Эмики күчүктөрү ара туулуп. Көл
кылып көздүн жашын аргасыздан, Ак
бараң талаа кезип, жүрөт улуп.

Кара нарың кайкалап баспай калды,
Кайсалактап Каймалды таппай калды.
Айласыздан акча үчүн жер которуп,
Жигиттериң кыз жандап баспай калды.
Өз жеринде өздөрү өгөй болуп,
Бишкегиңе балдарың батпай калды.

Фирмалар - көп жерлерди тосту келип,
Зым торго курчалгандай эне бейит.
Көзүнөн жашын тыйбай Найман эне,
Эмики балдарына жүрөт кейип.
Дүйнөгө устун болуп калуучудай,
Маңкурттар жатат элдин тузун жээрип.

Жетелеп боз ингенин дагы деле, Жер
жүзүн кезип жүрөт Найман эне. Эл
бузар акмактарды маңкурт десем,
Аларды коруп коет - андай дебе -.
Эненин жүрөгүндөй кечиримдүү,
Эч жерде жок экен го андай нерсе.

Абуталип баштанып ак жеринен,
Камалышып кетти го, таппай дайынын.
Чарасыздан чет жакка кете берип, Ата-
энесиз балдарга толгон айылың.
Кейисе да талаага таштай албай,
Ошолорго көз болот Толгонайың.

Чылбырын сүйрөп алып Гулсары атың,
Азынап издеп келет туш тарабын.
Танабай партбилетин тапшырса да,
Дагы эле тартып келет турмуш каарын.
Ажолор канча жолу алмашса да,
“Понтийлер” соруп келет элдин канын.

Ыйманга канчалаган ыйман коштуң,
Жок, жок сен ошондуктан өлгөн жоксуң.
Жүрөктөн орун алган ар бир сөзүң,
Күчүнөн күчтүүрөктүр аткан октун.
Ааламда канча жакшы адам болсо,
Алардын баарысына тен ортоксуң.

Улоого улуулардын жөрөлгөсүн,
Жөнөкөй пенде болуп төрөлгөнсүң,
Бирок да жаратканым өзү колдоп,
Бериптир пайгамбардын көрөңгөсүн.
«Канткенде адам уулу-адам болот»
Журогун кыйнап жүрүп сен өткөнсүң.
Түбөлүк карт тарыхта атың калчу,
Ийсанын шакиртиндей көөнөрбөссүң.

Мен дагы тагдырдын буйругунан алыс качып кутула албадым. Тирүү туруп үй бүлөмдөн ажырадым. Бараар жерим, басаар көчөм калбай бир тууган эжемдикинде жашап жүрдүм. Тамак-аш, кийим-кече белен болгону менен көңүлүм жарды.

Үмүт кылуу бирөөлөрдүн ашынан,
Пешенеме жазылганбы башынан.
Мындан көрө тирүү жүрбөй өлсөмчү,
Жети өмүрүм жерге кирип басынам.
Кенен жүрүү болбой менде сыгылам,
Жетим кыздай бурчтан бурчка
тыгылам. Чүнчүп бүттүм, сары ооруга
алдырып, Сыр алдырбай жүргөн менен
сыртыман. Кудай берген ырыскыдан
кол жууган, Айырмам кайсы колу -
бутсуз мунжудан. Бирөөлөрдүн
насибинен талашып, Эптеп карын
тойгузууга умтулам.

Бир карматпай улам изин жашырат,
Бакыт менден мынча неге жашынат.
Ушунчалык жазганмынбы кудайга,
Түшүнө албай жүрөгүмдөн кан чыгат.
Жашым менин кырк экиге келгенде, Үй
күтө албай болдум элге шерменде.
Бир сом акчам болбогон соң жанымда,
Менден башка барбы деймин шор пенде.

Ойго келбес, түшкө кирбес не жорук,
Бала - чакам калды ар жерде бозоруп.
Коколой баш тентип басып жүргөндөн,
Кеткен жокмун эч болбосо мен оңуп.

Бир көрүүгө барсам көзүм чачырап,
Кызым байкуш ыйлап моюнга асылат.
Атылууга даяр болуп ачуу жаш,
Көөдөнүмдү тиреп барып басылат.

Кабылбасам өзүм ушул балаага,
Үй бүлөмдү таштайт белем талаага.
Кутулаар күн болоор бекен бул

шордон, Күнү-түнү батып келем
санаага.
Жүрөгүмдү түнөк кылат капалык,
Билбейм менден канча кетти каталык.
Капастагы бөдөнөдөн айырмам жок,
Олтурамын жалгыз үйдө камалып.

Ыза тебет көңүлүмө сыйбастан, Ыйлап
келем көңүл жашын тыйбастан.
Эч нерсеге колум жетпей умтулуп,
Кантмек элем бир бечара болдум жан.
Бир кездерде гүлүн ачып көгөргөн,
Көкүрөктө үмүт өчкөн, сүйүү өлгөн. Эл
санында тирүү басып жүрсөм да,
Убагынан эрте баарын мен көмгөм.

Капкараңгы түндөн дагы айланам,
Жашоо, турмуш кызыктырбай кайнаган.
Бүркүт эмес кыялымда самоочу, Кем
болдум го самсып жүргөн каргадан.
Жалаң гана шор арылбай келдеден,
Байкуш болдум колунан иш келбеген.
Айырмам барбы малдан азыр
чынында, Аңдып жүрүп ар акырдан жем
жеген.

Көөнүм калды сүйүүдөн да баарынан,
Тата албадым мен турмуштун балынан.
Жүргүчөктү алдоо менен күн көрүп,
Аша кечип кетким келет жаныман.
Кызыктырып, ойлондурган эченди,
Түшүнбөгөм мансап, байлык дегенди.
Деп ойлоном билип туруп билбеген,
Эмесминби мен бир жүргөн апенди.

Кайда бассам боштук ээлеп көңүлдү,
Ойлогон ой аткарылбас көрүндү.
Кереги жок бир буюмдай ыргытып,
Эптеп эле чачып келем өмүрдү. Көп
саргайтпай келсечи деп тезирээк,
Чын көңүлдөн самап кетем өлүмдү.

Эмдигиче бир орундан жай таппай,
Темселеймин учуп жүргөн камгактай
Бакыт кушу улам менден алыстайт,
Колду сунуп умтулсам да карматпай.
Көп максаттын жете албастан бирине,
Ушул бойдон өтөмүнбү, аттиң ай.

Тагдырдан мага тийип татаал үлүш,
Маңдайга жазылганбы ушул жүрүш.
Туулгандай жалаң эле кайгырууга,
Бактыма туура келбей ойноп, күлүш.
Же мага такыр насип кылбаганбы, Жар
күтүп, жаным таштап бала сүйүш.

Колдо калем көкүрөктө толгон ый, Мен
өзүмө өзүм айтам акыл, сыр.
Көзүн жарып же жарыкка чыкпаса,
Кимге керек түн күзөтүп жазган ыр.
Кереги жок, жаның кыйнап жүргөнчө,
Андан көрө кетмен чапкан мээнет кыл.

Ушул турган турмушума жан ачып,
Ойлойм кээде мен шордуугa не жазык.
Кайрат кыла жетеленем үмүткө,
Тиеттир деп мага дагы күн ачык.
Курчап турган караңгыны тең жарып,
Мага бир күн бакыт келээр айланып.
Арканына кан какшаткан турмуштун,
Ушул бойдон өтпөстүрмүн байланып.

Мен кудайга ишенгенден ишенем,
Келет бир күн кутуламын кишенден.
Бакыт, байлык өзү болуп сүрөөнчү,
Ачылаттыр бир күн менин пешенем

"Өлгөндүн үстүнө көмгөн" - дегендей, араң жүргөнүмдө - агаң бул дүйнөдөн өттү - деген суук кабар уктум. Денем өлүп, бут алдымда жер чайпалып жатты.

Өмүрүң, бир нерсеге чала болжоп,
Белгисиз, чексиздикке атылган ок.
Же кайып, же адашып жолдо калат,
Болжогон мерчемине жетпей токтоп.
Өкүрүп, чачың жулуп өкүнсөң да,
Экинчи кайталанбайт болду эми жок. –
деп жүрөгүм сыздап жатты.

Эмнегедир дайыма дешип коёт,
Жакшы адамдын өмүрү кыска болот.

Илгеркиден бизге чейин калган нуска,
Жакшы адамдын өмүрү болот кыска.

*Бир тууган агам, 47 жаш курагында*
*дүйнөдөн мезгилсиз өткөн*
***Ашыркулов Абастын*** *жаркын*
*элесине арнайм. Иниңиз Султан*
*Ашыркулов*
*7-март 1997-жыл*

Колума ошол күнү эч иш кирбей,
Көңүлүм өзүнчө эле турду кирдей. Эшикке
тынымы жок кирип - чыгып, Кайрадан

телефонго имерилмей. “Пенделик, кайрат кыл” - деп сөздү укканда, Чайпалды бут алдымда жер титирей.

Алдырып сансыз ойго дүйнө кезген,
Арылбай капалыктан көөдөндү эзген.
Дүпүрөп жарык чыгып кетүүчүдөй,
Жамандык болоорлугун жүрөк сезген.
Үстүмдө караңгы түн, көзүмдө жаш,
Колумдан эмне келмек, эми кантем.

Ошол кеч отуз бири январдын,
Агамдын өткөндүгү болду дайын.
Заматта дүйнө астын - үстүн болуп,
Көзүмдөн жашым кулап, кетти шайым.
Мезгилсиз жашап турган журтун таштап, Агатай, кайда көчтүң кагылайын.

Укканда кармана албай деним бошоп,
Жер муштап эстен тана жаттым жоктоп.
Көгөрүп, жапжаш бойдон туруп эле,
Кеттиңби көчкү жулган арчага окшоп.
Жашоону неге таштап кеттиң эрте,
Болушу мүмкүн эмес андай, жок, жок.

Кайгыртып үй бүлөңдү ошол кечте, Кош деген эч болбосо келбей кепке.
Кеткениң бул дүйнөнү секин таштап,
Ыйлаймын көздөрүмө элестесе.
Арттагы балдарыңдын зарын угам,
Атаке бизди таштап кетпе, кетпе -.
Мезгилсиз шум ажалдын огу кайып,
Калды го, үзөңгүдөн бутуң тайып.
Чын эле бизди таштап кеткениңе,
Турган кез ишене албай аңырайып.

Артында жетим болуп уул - кыз калды,
Калды го, жесир болуп алган зайып.

Ойлонсом көздөрүмдөн куюлат жаш,
Өтпөстөн тамагыма тыгылат аш.
Эмеспи ойноп - күлүп жүрөөр учур, Не
деген эр жигитке - кырк жети жаш.
Эми эле боюн жазган дарак сымал,
Жан акем, жапжаш элең, өтө жапжаш.

Калбырдай шишип көөп жатса да
өпкөм, Аргасыз башым ийип жоошуп
көнгөм. Айрылып ара жолдо калдык
эми, Башка го, эми жашаар сенин
өлкөң. Каалагын, каалабагын жок экен
го, Өлгөндүн аркасынан кошо өлгөн.

Ажал менен жүз көрүшүп бетме-бет,
Ооруп - ооруп кайра айыктың канча ирет.
Чыныгы эрдей өмүр үчүн күрөшкөн,
Кайтпай калды канча мээнет, акыбет. Жаш
арчадай көктөп турган чагыңда, Алып
кетти ажал аттуу кара бет.

Жатса да жабышкан дарт жаның
сууруп, Денеңден күчүң кетип алың
куруп. Сыртыңа кыпындай сөз
чыгарбадың,  Өзүңдүн кетээриңди
билип туруп. Ошондо өзүңдү эмес,
бизди аяган, Өзгөчө адам белең өтө
улук.

Кантейин, күчүм жетпей канат талып,
Дармансыз бир бечара болдум карып.
Бир тууган көздөн учуп турган кезде,

Көрүүгө жарабадым жетип барып.
Кагылам уялашым, кечире көр,
Көөдөндү күйүт эзет жарып - жарып.
Сүйөнөөр арка белим, асыл агам,
Айрылып эми сенден кантип калам.
Башымдан акыл качып, ал кеткенде, Эми
мен кимге арызданып, кимге барам.
Азаптуу ушул күндү көрмөк белем,
Боорумдан эрте айрылып, оо Жараткан.

Жоксуң, жоксуң, эми жоксуң түбөлүк,
Ыйлап-ыйлап, көздүн жашы түгөнүп.
Олтурабыз эрмек болуп үшкүрүк, Сөз
кирбестен оозубузга түнөрүп. Ошол
күнү акыркы ирет коштошуп,
Томсоробуз биз боз үйгө сүйөнүп.

Эстегенде көзүмдөн жашым тамат,
Эсим кетип кыйналам жүрөк канап.
Дагы деле жогуңа ишене албай, Түшүм
болуп калса деп турам самап. Жан
дүйнөмдү жаралап өкүндүрөт, Жапжаш
бойдон кеткениң, атаганат.

Турмуштун казанында жаңы кайнап,
Бутагың жетилгенде мөмө байлап.
Кезексиз өмүрүңдү үзүп кетти,
Капыстан шум ажалдын шамалы айдап.
Тирүүгө жашоо керек болгондон соң,
Артыңда аргасыздан калдык зарлап.

Жан күйөөр жолдоштордун үшүн алып,
Жашоодон эрте көчтүң сапар карып.
Жылуулук айланага чачып турчу, Жалп
этип бир заматта өчтү жарык. Алганың,

бир боорлоруң, балдарыңа, Кең дүйнө
алакандай калды тарып.

Бой мүчөң, сын - сыпатың бүт
келишкен, Боорукер өтө ак көңүл адам
элең. Досчулук, жолдошчулук
мамиледе, Бир нанды тең экиге бөлүп
жеген. Өзгөчө бийик инсан экениңди,
Сөз таппайм сыпаттоого, кандай десем.
Көзүнөн жылуулуктун оту күйүп,
Мүнөзүң жактырчу эл баары сүйүп.
Күйдүргү кээ бир, кээ бир сөздөрүңдү,
Калууга ашыгышчу эске түйүп.
Күйдүргү сөзүң эмес, өзүң да жок, Бир
күндө салып кеттиң канча күйүт.

Сен менен жакында, же алыс жүрүп,
Сыртыңдан жактырышчу келин сүйүп.
Көзүңдүн тирүүсүнө үлгүрбөстөн,
Түбөлүк сезимиңе түштү бүлүк.
Канчасы оюн сыртка чыгара албай,
Калышты көңүлүндө кара кийип.
Колуңдан келишинче заман жүгүн,
Көтөрүп көп жылдары иштеп жүрдүң.
Энесин сагынгандай сагындырып,
Театр болгон эле экинчи үйүң.
Томсоруп жамандыкка кыя албастан,
Турушат башын ийип мына бүгүн.

Күндөрүң бирге жүргөн, эстеп аны,
Томсорот коллективиң бүгүн баары.
Ажалга такыр сени бермек эмес,
Өмүргө табылганда андай дары.
Аарчышып колу менен аккан жашын,
Мезгилсиз кеткениңе ачыйт жаны.

Ылгабай жакшыны да, же жаманды,
Сыйлаган тегиз көрүп бүт адамды.
Муштумдай кипкичине, өтө кенен,
Карачы кандай жүрөк сокпой калды.
Чын эле ак пейилдүү жакшыларды,
Өмүрүн кыска кылып жаратабы.

Төрөлүп миң жылдарда бир жол келген,
Миң кырлуу, жалгыз сырлуу талант элең.
Бирок да искусство майданынын, Сүзбөдү
толкунунда сенин кемең. Ачылбай сени
менен кошо кетти,
Айла жок тан беришке, тагдыр экен.

Каалasaң колдон келмек баары, баары,
Ыр курап, китеп жазуу дагы-дагы.
Чыгарбай бирин сыртка алып кеттиң,
Өзүңдөн бийик санап башкаларды. От
болуп күйө албастан жалп деп өчтүң,
Таланттын жаман экен тартынчаагы.

А балким кезек келээр күндү болжоп,
Күчүңдүн жүргөндүрсүң баарын топтоп.
Илешпей майда-чүйдө нерселерге,
Болом деп мезгил жетсе атылган ок. А
балким такыр билбей калгандырсың,
Айланып жүргөндүгүн ажал тороп.

Уулуңдун алды эми бойго жеткен,
Үйлөнүп калаарында бүгүн - эртең.
Кызыңдын тоюн көрөөр тилегиңе, Шум
ажал алып кетти жеткирбестен. Аттиң
ай, арманыбыз жок эле го,
Бетинен небереңдин сүйүп кетсең.

Кош болгунуң бир боорум, жаным агам,
Өлбөс болуп жаралган жоктур адам.
Уулуң турат артыңда, кызың турат,
Улантуучу өмүрүң бүтпөй калган.
Ошентсе да жаш туруп өчкөндүгүң,
Жүрөктөргө так салып, болоор арман.

Дайыма жүргөн жерин күлкү коштоп, Эч
качан - көрүнчүсүң - өлбөскө окшоп.
Келбеди колубуздан тагдыр экен,
Калууга шум ажалдан сени коргоп.

Элесиң жашай берет дайым бирге, Биз
үчүн сен тирүүсүң, өлгөнүң жок.

Бөлүүгө шум ажалдан жетпеди кол, Бир
боорум, уялашым, эми кош бол.
Кудайдан буйрук болсо ошол экен,
Баарыбыз бара турган бир гана жол.
Курандын сообу тийсе сага болду, Биз
кылаар бир аракет эми ошол.

Сен үчүн бул жашоонун кечи кирип,
Тагдырдын салганына башың ийип.
Кеттиң го, сапар карып бул дүйнөдөн,
Жеңи жок, этеги жок көйнөк кийип.
Кантели биз окуткан курандардын,
Жүрсүнчү эч болбосо сообу тийип.

Алоолоп туруп эле оттой жанып,
Пенделик карызыңды моюнга алып.
Кызыгын бул жашоонун көрөөрүңдө,
Кеттиңби бул дүйнөдөн сапар карып.
Тилейбиз бир кудайдан эртели - кеч,

Жай алгын сен бейиштен эми барып.

Чын дүйнөгө сен учуп кеттиң агам, Ар
пендеге өлүм ак, кантип танам.
Илкип-калкып жашоодо жүргөн менен,
Бир өлүмдөн башканын баары жалган.
Жакшы адамдын өмүрү аз болот дейт,
Жаратканым ал жактан берсин жардам.

Эми эле кырк жетиге барганыңда,
Кыш түштү гүлдөп турган чарбагыңа.
Калганын өмүрүңдүн эми берсин,
Балдарың, анан дагы алганыңа. А
биздин колдон келээр эми ушул,
Багыштап куран окуу арбагыңа.
Баспастан жарымында узак жолдун,
Журтуңа бара турган, эрте кондуң.
Өксүтөөр далай жолу али бизди,
Бош калган арабызда сенин ордуң.
Айла жок кан жутканда, кайгырганда,
Кантели топурагың торко болсун.

Капыстан булут каптап бетин күндүн,
Кырк жети курагыңда кеттиң күлгүн.
Жараткан ошол жактан айтып эми,
Бейиштин гүл багында ойноп жүргүн.
Айрылып арт жагыңда калгандарды,
Бозортпой эми арбагың колдоп жүрсүн.

Агама куран окутканга элдер аябай көп келишти. Шаар башчыларынан тартып, исскуство адамдары, ырчылар, обончулар ал эле эмес акындар да келип куран окуп кетип жатышты. Агам мага жөнөкөй эле адамдардай көрүнгөнү менен ушунча көп тааныш арттырганына ичим жылып, көңүлүм кубанып

жатты. Мен сырдаш, муңдаш болуп калган акем 4-5 күндөн кийин аябай катуу кейип, өкүрүп - бакырып ыйлап келди. Мен да токтоно албай ыйлап жаттым. - Мага эмнеге кабар берип койбойсуңар, мен сени эстүү деп жүрсөм, бул сенин эмне кылганың - деди. Мен аябай уялып калдым. Кетип жатып мага бир кагаз сунду. – “Сергей Есенин”, өзүмдүн котормом - деп койду.

Түшүнүктүү болсун үчүн мен Есениндин өзүнүн орусча ырын таап, башына жазып, этегине ал агамдын котормосун көчүрүп койдум.

## Сергей Есенин

До свиданья друг мой, до свиданья,
Милый мой ты у меня в груди.
Предназначенное расставанье,
Обещает встречу впереди.
До свиданья друг мой, без руки, без слов,
Не грусти и не печаль бровей. В этой
жизни умирать не ново,  Но и жить
конечно не новей.

## Котормосу:

Кайыр досум, кайыр, ким билет,
Кымбатымсың сен - дейт көкүрөк.
Экөөбүздүн айрылуубуз кайрадан,
Алдыдагы жолугууну белгилейт. Кайыр
досум, кол беришип сөз айтпайм, Капа
болуп кайгырбагын ээнсиреп. Бул
жашоодо өлүү жаңы эмес, Жашоо
болсо андан эскирээк.

Ал кишинин бир тууган агам өткөнүн укканда атайлап ушул ырды которгонун түшүнүп турдум.

“Экөөбүздүн айрылуубуз кайрадан алдыдагы жолугушууну белгилейт” - деп жазганы баары бир ал дүйнөдө да жолугушабыз, мени күт-дегендей маанини түшүндүргөндөй болду. Бул өзү не деген адам, мен анын котормочулугуна да там берип жаттым. Бир жагы мага көңүл айтуу иретинде атайлап которсо керек - деген ойдо калдым. Агамдын топурагы сууп баратты. Боз үйгө сүйөнүп алып ар түрдүү ойлорго жетеленем. Өмүр - өлүм, сүйүү - айрылуу, жакшы - жаман, улуу - кичүү, бакыт - кырсык, сулуу - кыйшык, жаз - күз, жай - кыш, адам - айбан ж.б.у.с. бул жашоодо бардык эле нерсенин карама-каршы жактары болот сыяктуу. Өзүмдү алаксытуу үчүн бирдемелерди чиймелеген болом, жазам кайра сызам, кыйналам. Акындардын моюнуна ушунча жүктү көтөрүп жүргөнүнө да таң калам. Тез эле башым ооруп чыгат. Толгоо тарткан бооз аялдай демигем. Алым куруй түшкөндө акындарың өмүр бою ушинтип жашаса эч медицинада кезиге элек оорулуу турбайбы. Бул ашыкча оору майыптык эмеспи - деп кетем. Ал сөздөрүм кайра эле эсимден чыгып, кайра эле калем кагазга жабышам. Менин тагдырымдын бир бөлүгү ушул калем, кагазга биротоло байланып калганын сезгендей болом. Кайгырам, бирок бирин - экин ырларым жакшы чыкса жаңы балалуу болгондой сүйүнөм. Кубанычым коюнума батпай бир жаңы ачылыш жасап койгонсуп, же бир эч ким жете албагандай бийиктикке жеткендей сезип кетем өзүмдү заматта. Кыялдар алыска алып учуп, үмүт жетелейт. Кайра эле-койчу, эми сен жазганыңдан эмне чыгат, эмнени катырмак элең?-деп жылдызым өчө түшөт. Эч болбосо өзүм үчүн жазгым келет.

Бара жатам турмуш аттуу чоң жолдо,
Кадам таштап темтеңдеймин оң -
солго. Караламан көпчүлүктүн
биримин,
Байлык - бийлик болбогон соң, же колдо.
Ошондуктан эстеп деле коюшпайт,
Азырынча алат дейсиң ким ойго.
Маңдайымда жанаар бир күн жылдызым,

Бакыт кушу колдорума конот го.
Лондондогу анын Мартин Идендей, Мени
көбү чакыраттыр конокко.
Сый көрсөтөөр эми жаңы көргөнсүп,
Жай таба албай жанын жерге коёрго.
Ач калганым, кыйналганым кезинде,
Көкүрөктөн чыкпай тураар ошондо.
Көрсөтүлгөн сый - урматка кечигип,
Кубанбастан кайра капа болом го. Ал
убакта турмуш баасын жоготоор,
Баарына кеч, өтө эле кеч болот го.

Эми жазганга кеч болуп калбадыбы-деп суроо коём өзүмө, бирок ийгиликтин эрте - кечи жок эмеспи - деп дагы өзүмдү өзүм сооротуп коём. Кандайдыр бир ички сезим жазгын - деп түрткү берет.

Кеткен кемтик жакшы ыр менен жетилет,
Андай болсо көп кечикпей кууп жет – деген
эмеспи Алыкул акын.

Такпаса да эч ким сага бир милдет, Ыр
жазууда бул өзүнчө чоң илдет. Өйдө
коюп бийлик менен байлыктан, Ыр
жазууга жасап келем аракет. Бул
пейилим жашоом кедей, ниетим бай,
Өлгөн кезде өзүм менен бир кетет.

Апендидей өзүнчө эле кайгы жеп,
Мейли айтышсын бир бечара жүрөт - деп.
Көөлөгөндөр өйдө - төмөн ушактап, Көрө
албастар сүйлөй берсин келжиреп.
Кайдан билсин сан байлыктан өйдөрөөк,
Көрөөрүмдү - бир сап ырды миң ирет.
Буйрук болсо андан кайда качамын, Азбы

- көппү, билбейм канча жашаарым.
Жаратчудай жакшы нерсе далбастап,
Бүгүнкүдөн эртеңкиме шашамын. Жалгыз
гана менден калаар эстелик, Ырым
болоор, ошон үчүн жазамын.

Бардыр деймин менин дагы энчим алаар, Ырымдын
багы ачылып, бактым жанаар.
А мүмкүн куру кыял, эңсөө болуп,
Кайдыгер көрө албастан ажал табаар.
Тилегим - эл алдына чыгара алсам,
Менин да карт тарыхта атым калаар.

Балким жүрөөр элдер мени эскерип,
Жазгандарым калса бир күн эр жетип.
Аз болсо да өмүрүмдү улоочу,
Арт жагымда ырым калаар мен кетип.
Жакшы нерсе жарата алсам жан үрөп,
Өлбөстүккө болоор менден эстелик.

Көңүлүм жок, жалган ойноп күлгөнгө,
Кайгырбаймын ач - жылаңач жүргөнгө.
Жалгыз сыйлык ошол болоор мен үчүн,
Кеткенимде сапар тартып о дүйнө. Түк
соолубас ырдан бүткөн жалгыз гүл,
Тилек кылам өсүп турса мүрзөмдө.

Мезгил өтүп, убакыттар жарышсын,
Мага куран окуганы барышсын.
Ыйдан бүткөн, ырдан бүткөн ал гүлдү, Жыттап
- жыттап моокумдары канышсын. Билсе болду
сан атакка алмашкыс,
Жаткандыгын жөпжөнөкөй бир акын.

Маңдайга жазып койсо кантмек элем,
Көз өтсө чирип бүтөөр менин денем.
Кайрадан чириндиден гүлгө айланып,
Ыр болуп бул жашоого кайтып келем.
Билинбей жүрөгүнө конуп алып,
Жаштарга жакшы маанай, сүйүү берем.
Бапестеп канча жылдар өтсө дагы,
Көңүлдүн тереңинде сактап келем.
Эненин боюндагы наристедей,
Ырымды дал ошондой көрөмүн мен.
Көз жарып кең ааламга чыгара албай,
Көтөрүп салмагынан сыздайт денем.

Кадимкидей кур калгандай олжодон,
Калемиме сөз токтобой болжогон.
Оттон алып, суугa салып өзүмдү, Тынч
ала албай бир орунга, толгоном.
Чыгара албай бир ырды да сыртыма,
Жатып - туруп, бооз аялдай толгоном.

Өтөөрмүн өмүр бою толгоо тартып,
Чыгаарда ар бир ырым көзүн жарып.
Канчалык кыйналсам да кейибеймин,
Ошондой жаралыптыр акын - майып.
Ырларым аман - эсен жүрсө болду,
Элдердин сезиминен орун алып.

Түн термеп толгонуп мен, жазган
ырлар, Кээсинин сезимине жетпей
калаар. Ичинде жакшылары болуп
калса, Көбүнүн жүрөгүнөн орун табаар.
Башкадан өз ырымды угуп калсам,
Өмүрдөн - ошол болоор сыйым алаар.

Кана деймин, эмне, кимден тартынам,
Карга болбой, тарпка тоюп самсыган.

Шумкар болуп шумкурулчу, канакей,
Бали! - деген сөз ээрчисин артыңдан.
Билек түрүп, киришкиниң белди бууп,
Бир сергичи көңүлдөгү дартыңдан.

Жүрө бербей канга сиңген күйүттөй,
Бир чуркачы узак - узак күйүкпөй. Кана
деймин кыйындыгың көрсөтчү, Алыс
келип намыс алган күлүктөй.
Арттан учкан даңканыңа көмүлсүн,
Көрө албастар, канды соргон сүлүктөй.
Жөн эле экиленип жатат десең,
Кааласаң ишенбегин, каала ишен.
Коркпоймун кол - бутумду кишендесе,
Жашоонун жалаң уусун мейли кечем.
Чырылдап чындык үчүн күйө берем,
Ырыма сала албастыр эч ким кишен.

Аргасыздан акысына тыйындын, Этегине
тооп кылбагын кыйындын. Колун сунуп
бирөөлөргө жалынбай, Андан көрө өз
күчүңө сыйынгын. Паска тартып - мен
байкушмун - дей берсең, Ар намысы учуп
кетет ырыңдын.

Жашоомо жалаң эле кайгы толуп,
Көңүлүм тура бербес үшүп, тоңуп.
Ишенем бир күн кайтып келээрине,
Башыма бир айланаар бакыт конуп.
Мен анда кайра баштан төгүлөөрмүн,
Жаздагы катуу жааган жамгыр болуп.

Тилек кылба алга койгон максатка,
Башкалардын күчү менен жетем - деп.
Ар жагында болбосо эгер өзүңдүн,

Эч ким сени алпара албайт жетелеп.
Тунук акыл, терең билим анан да,
Талыкпаган эмгек гана жеткирет.

## Атактуу чыгыш акыны Саадиге ой улай

Билебиз оор тагдыр кээде тийип,
Акылдуу кемсилтилет, акмак бийик.
Алхимик ачтан өлөт, илим жазган, А
акмак алтын табат таштандыдан.

***(Саади)***

Жашоонун алды кенен, арты туюк,
Акмактар шапар тээп, жешет куйрук.
Акылдуу каткан нанды сууга малат,
Айла жок пешенеңе койсо буйруп.

Жашоонун ак - карасын өлчөп кылдат,
Акылдуу оюн жазат кымбат - кымбат.
Жакшыга акылы анын жетпеген соң,
Жаратпай таштайт акмак аны сындап.

Тан берем мен тагдырдын оюнуна, Пас
кылып, кээсин бийик көкөлөткөн.
Айлантып акылдууну бир байкушка,
Акмактын бут алдына чөгөлөткөн.

Адам бул - калган нерсе бир төрөлүп,
Турсаң да сөзүн угуп, көзүн көрүп.
Сыртынан сени сыйлап турган менен,
Билбейсиң ит жатканын ичинде өлүп.

Терезеден сыртка көз чаптырып олтурам, кыштын кантип кирип келгендигин деле байкабай калыптырмын.

Карды мен карап туруп таң каламын,

Аппапак пахта болуп жаап жатканын.
Кичине колуң менен тийип койсоң,
Дененди ичирткентип муздатканын.
Көрдүм да салыштырып махабатка,
Үшүдүм сени ойлоп, калтырадым. Карга
окшоп жумшак болду, муздак болду,
Берилип сага арнаган махабатым.
Жаз келсе күйүп, жанып катууладым,
Таткамын алгач ирет сүйүү даамын.
Берилип ичимден көп жалынчумун,
Берекем, өмүрдөгү ширин бактым.
Жытына кайталангыс жыпар чачкан,
Канчалык жыттасам да тойбой калдым.
Жаздагы ашып - ташкан дарыядан,
Ташкындап турган болчу махабатым.

Жайкысын кадимкидей мөмө байлап,
Бериле бутагында жүрдүм сайрап.
Алоолоп ортобузда экөөбүздүн,
Сүйүүнүн жай чилдеси турду кайнап.
Дүйнөдө жакшылыктар канча болсо,
Ошонун бүт баарысын сага арнап.
Чатырап махабатым толуп турган,
Алдыда келе турган күздү самап.

Сүйүүнү жүрөгүнө койгон айдап,
Жазында, андан кийин жайды жайлап.
Күз болуп эми колум тиер кезде,
Бакытым мен ишенген өттү жандап.
Мөмөсүн, жалбырагын шамал жулган,
Куураган даракка окшоп калдым жайдак. Сыйлабай
менин тунук махабатым,
Кайрылбай ошол бойдон кеттиң алдап.

Өмүрдө айтканда не, деги койчу,
Кышы да, жазы, жайы, күзү болду.
Жай, күзү, кышы дагы унутулуп, Бир
гана жазы эсимден кетпей койду.
Өзүмдөн не болду деп сурап көрсөм,
Жүрөгүм мага берээр мындай жообу.
Өмүрүң баары толо бирок жалгыз,
Жоготкон махабаттын толбос орду.

## Нооруз

Бүгүн Нооруз, бүгүн Жаңы жыл,
Ушул күндү неге сыйлайм мен.
Ушул күнү алып теңчилик, Күн
менен түн экөө теңешкен.

Жараткандан тынчтык бергин деп,
Мен суранам аппак ниетимден.
Көккө сунуп эки колуңду, Сен да
сура Көкө теңирден.

Бүгүн Нооруз, бүгүн Жаңы жыл,
Каткырамын, ырдайм, элирем.
Көзүм жетет жакшы болот деп,
Коркпойм такыр келечегимден.
Кең пейилдик, чындык, адилдик,
Ушул менин коер демилгем. Бакыт
конуп ар бир адамга,
Тилектери кабыл болсо экен.

Дүйнөдөгү адам аттуунун, Баарысына
каалайм ак тилек. Жашагыла эч бир
кайгырбай, Майрамыңар куттуу
болсун деп.

Балалык, жашоо - өмүр, карылык бул-ар бир адамдын башынан өтө турган мыйзам ченемдүү нерсе. Ар бир адам баласы

бул тууралуу ой жүгүртөт болуш керек. “Балалыктан карылыкка чейин өтө узак”, - дептир бирөө. Узактыгы канча десе бир карыш чыгат го - дептир кебелбей.

Адам жаңы төрөлдү деп алдейлеп,
Ымыркайды, сүттөн башка биле элек.
Бешиктеги ушул жаман наристе,
Бек болоорун, хан болоорун ким билет.
Дүйнөң түгөл күйүп жатса иши жок, Бир
билгени ыйлайт жана сүт эмет.

Жашы келип калган кезде ондорго, Ал
акырын назар салат оң - солго.
Кайда бурсаң ошол жакка агылып,
Түшөөр маалы оң жолго, же сол жолго.
Тазалыкка акыйкатка үйрөтүп,
Мугалимдер ошол жагын коргосо. Эли
үчүн керектүү жан болсо деп, Ата-
энеси келечегин ойлосо.

Жыйырма жашта күйүп жанат от болуп,
Атылууга даяр турат октолуп.
Каалагандай эркелейт ал турмушка,
Кайгы - капа такыр билбей шоктонуп.
Асмандагы айды кармап алчудай,
Жүргөн кези ага дагы кол созуп.
Бардык жаштан сонундугу башкача,
Өмүрүндө турган кези жаз болуп.

Отуз деген кандай сонун жакшы убак,
Турган кезиң көзгө толуп кырчылдап.
Минип алып оозун чое чабаар кез,
Турмуш - атты башка - көзгө койгулап.
Тоону дагы томкоруучу мезгил го,
Киришсе эгер белди бууп ал чындап.

Дөөлөт, бакыт келе турган убагы,
Кетпөө керек өз күчүнө манчыркап.

Акыл менен күч айкашат кырк жашта,
Толгон убак бардыгына бир башка.
Айланага сын көз менен зээн салып,
Көз карашың токтоо болот турмушка.
Көздөгөнүн алып түшөөр учурун,
Жеңип чыгаар айыгышкан кармашта.
Мөмө байлап турган кезиң ыргалып,
Ушул жашты баалай билсе сыйлашса.

Ошентип элүү жашка келет кезек, Дагы
эле адам өзүн жаштай сезет. Көбөйүп
саамай чачта ак кылдары, Карылык
айылынан белги келет.
Түшүмүн көп жылдары багып келген,
Төгүлтүп берекесин элүү берет.
Кубанып көңүл тойсо молдугуна,
Бекерге өткөн эмес жылдар демек.

Болгон кезде жашын толуп алтымыш,
Бир кылчайып карап көрсөк артыбыз.
Өзүбүзгө али жаштай сезилсек,
Биз жаштарга ак сакалдуу карыбыз.
Кете берет улам эми ылдыйлап,
Толбой кайра төгүлөбүз, жартыбыз.
Эңсөө болуп аткарылбай көп иштер,
Көкүрөктө кала берет дартыбыз.

Сакал сылап кирип келет жетимиш,
Неге үлгүрүп, неге жетпей - жеттик биз.
Аркы дүйнө коркунучу уктатпай,
Кандай күнөө, сооп иш кылдык кимибиз.
Калуучу кез бүт баарысын эске алып,

Биз пендебиз жөпжөнөкөй кишибиз.
Эртели - кеч кудайды мен кайталап,
Эми ошол биздин кылаар ишибиз.

Айтканда не, сексен менен токсонду,
Ал жашты бар тоспогону, тоскону. Ден
- соолугуң, акыл - эсиң ыйдыйлап,
Ушул эми кайра бала болгону. Көңүл
самап колдорунан иш келбей,
Түгөнгөнсүйт бул жашоонун жомогу.
Калган жагы баарына эле белгилүү,
Созо бербей ушу менен токтойлу.
Ал билинет калган иштин артында,
Элиң баалап, жоктобойбу - жоктойбу.

Ал агамды дагы издеп бардым. Турмушунда бир өзгөрүү болгондугу байкалат. Өзү айтып жүрчү жаман кепеси жыйнактуу. Кайдадыр алыс жактарга кетүүгө камданып жаткандай сезилет. Дагы көпкө чейин турмуш, жашоо жөнүндө сүйлөшүп олтурдук.

Кош болгунуң армандуу махабатым,
Эми сенден адашып алыс калдым.
Азыр деле өзүңдү эстей калсам, Андан
бетер сыйрылып күчөйт кайгым.
Салбасын деп кудайдан тилей берем,
Айрылууну башына эч бир жандын.

Ажырашуу кандай тозок экенин,
Түшүнбөстүр өз башынан өтпөгөн.
Айыкпас дарт өмүр бою ал өзү,
Кагылган оң андан көрө өпкөдөн.
Көздун жашы, көңүл дарты дагы да,
Сөз жетпестир сүрөттөөгө тил менен.

Билбесең сен анда иним билип кой,
Ажырашуу - балдарыңдын көз жашы.

Канча болсо кайгы, капа дүйнөдө,
Себепчиси ошолордун - бүт баары.
Башка дартка мүмкүн даба табылат,
Табылбастыр бул ооруга эч дары.

Суранаарым ойлоп жүргүн ушуну,
Ажырашуу бул - тирүүнүн тозогу.
Ажыратып тагдыр такыр бөлбөсүн,
Каптабасын кайгы, муңдун тозоңу.

Алалычы тирүүбүздө сыйлашып, Биз
баарыбыз бул дүйнөнүн коногу.

Бажырайган тоо гүлдөрү кечээги, Бүгүн
кайра андан азып калыптыр. Көркү
кетип, эс тандырган жыты жок, Бир
жайда эле ал аябай карыптыр.
Күз келгенче кайгыргандай тез эле,
Асман дагы тез - тез ыйлап калыптыр.

Өмүр дагы ошол гүлгө барабар,
Эми ган жаз келгендей көрүнөт.
Максатыңа эми колуң жетээрде, Гүлдөп
турган гүлүң кайра төгүлөт.
Камыкпастан эшик кагып карылык,
Бул жашоонун жомогу анан түгөнөт.
Бирде катуу, бирде акырын себелеп,
Өмүр деген тынбай жааган жамгырдай.
Көптөн самап эми гана жеткениң,
Кызыгы өчүп андан кайра айнымай.
Колго кармап кала албайсың бирин да,
Өтөт - кетет, кетет баары кайрылбай.

Таарынышып болбос жерден жөн эле,
Тетир басып калышабыз биз кээде.
Бой көтөрүп керсейебиз эмне үчүн,

Жалгандыгын билип туруп бул дүйнө.
Бакыт үчүн келгенибиз чын болсо, Жөн
сыйлашып жашабайбыз эмнеге.

Ошондуктан көз ирмемдик өмүрдө,
Так кетирбей жашайлычы көңүлгө.
Айрылууну, азап менен кайгыны, Бүт
бардыгын чыгаралы төгүнгө.
Бардыгына жалгыз гана каалларым,
Бакыт - таалай ашып - ташып төгүлсө.
Башыңды ташка уруп зарла, ыйла,
Кайрылып өткөн өмүр келбейт кайра.
Не жетсин бир берилген бул жашоодо,
Сыйлашып бири - бириңди жашаганга.
Жылт өчөөр, өмүр чиркин көз
ирмемдик.
Баары эле жете бербейт самаганга,
Колуна кармап аны албаган соң, Кол
сунуп кереги не жылдыздарга.
Бирөөгө көз арткандын пайдасы жок,
Өзүңдүн бешенене буйрубаса.

# Апама

Апа - деген сөз ыйык. Ар бир эле тирүү жандын апасы болот го. Демек апасына арнаган ыры да болот. Мен да апама көп нерселерди арнагым келет.

Апакем жомок айтчу узун түндө,
Алп Кара Куш, Эр Төштүк, Алп
жөнүндө. Купуя анын сыры болсо
керек, Акыйкат адилдикке бизди үндөө.
Эске сиңип, көңүлгө жат болуптур,
Ал жомоктор биз уккан бала күндө.

Апакем бассак, турсак көп эскертчү,
Балдарым тентектенбей өскүлө эстүү.
Улууңар, кичүүңөрдү капа кылбай,
Кичүүңөр улууңарды сыйла дечү. Бай
болбо, баатыр болбо, бирок дайым,
Жөнөкөй адам бол - деп насаат берчү.

Шоктонуп чуркап барып бейчеки эле,
Жашыл чөп, кумурсканы тебелебе.
Жаралып бул дүйнөгө келгенден соң,
Жашоого акысы бар алар деле.
Мекениң ушулардан башталат деп,
Кайталап кайра - кайра айтаар эле.

Боорукер, өтө сезгич адам болчу,
Жамандык - жаманга да каалабаган.
Иш түшүп кокусунан сурап келсе, Эч
кимден колдогусун аябаган.
Жакшылык жасагын - деп көп айтуучу,
Акыры да бирөөнөн кайтат саган.

Дилиңди жүргүн - дечү таза сактап,
Ниетиң сүттөн дагы болсун аппак.
Алмашпай чирик дүйнө, кур мансапка,
Адамдык парызыңды өтө таптак. Эске
алып акыретти ойлой жүргүн, Өлүмдү
өткөн эмес эч ким аттап.
Жетимди колдон алып жетелегин,
Сындырба ансыз дагы сынган ниетин.
Жаманды көрүп туруп жандап өтпөй,
Ошого жаның ачып, күйсүн бетин.
Жаңылбай ак - караны ылгай жүргүн,
Эч нерсе бул дүйнөдө болбойт тегин.

Адамдын жан дүйнөсүн асырай бил,
Соолутуп нур ордуна чачпагын зил.

Ачуугa aлдырбагын шайтан сайып,
Жамандык жакшылыкка бир эле тил.
Жакшыдан жамандыкка жарым карыш,
Ушуну чыгарбастан көңүлгө ил.

Ушунча бала багып өстүргөн соң,
Апакем болчу бизге мөмөлүү бак.
Өзү да колу сындуу, чебер болчу,
Баарысын жасай билчү кийиз, шырдак.
Башкалар жасагандан айырмаланып,
Ар гүлү өз - өзүнчө турчуу ырдап.

Үйүнө бакыт менен кут келгенсип,
Кубанчу кадимкидей мейман келсе.
“Алгыла, жегиле” - деп оозго кармап,
Жайылган дасторкону кенен эле. Аялы
эркегине бирдей тигип,
Кол менен жан салуучу кездемеге.

Апакем башкача эле жапкан наны,
Эскербей коё албаймын азыр аны.
Канчалык жеген сайын даамы арбып,
Жегиңди келтирүүчү дагы - дагы.
Табакта дирт - дирт эте бийлеп турчу,
Жасаган жөпжөнөкөй күлчөтайы.
Балдарың бакытыңа болуп орток, Эч
качан сезилчүүсүң өлбөскө окшоп.
Билбедик бизди таштап кетээриңди,
Капыстан бир күнү эле жүрөк токтоп.
“Апаке, апаке”, - деп жер тепкилеп,
Темселеп калаарымды ордуң жоктоп.
Апамда көп болуучу жакшы сапат,
Баарысын жаза берсем кантип батат.
Ойлогон өзү калып башкаларды,
Өзгөчө мээрмандыгы мага жагат.

Дүйнөдө энелердин бүт баарысы,
Өзүңдөй болсо кана, атаганат.

Олтурам ойго батып калем тиштеп,
Бизге айткан насаатыңды турам эстеп.
Болгуча жаман акын, же ач көз бай,
Жашасам болду деймин эптеп - септеп.
Аткарып эң татаалын тилегиңдин,
Жөнөкөй адам болгум менин келет.

Менин жашым кыркка барып калса да,
Апакеме бала болуп көрүнгөм. Бет
келгенде жемелеген болсо да,
Жылуулукту сезээр элем көзүнөн. Өйдө -
төмөн, жакшы - жаман көп көрдүм, Азыр
болсо мен карымын өзүнөн.

Турмуш мени аласалып соктурат, Кээ
биринде мөгдүрөтүп кор кылат.
Эрегишип ашып түшүп андан да,
Келе жатам жашоо деген жолду улап.
Кубанамбы, кайгырамбы не болсом,
Апам үйдө баарын билип олтурат.

Жетпей калсам бир нерсеге жактырып,
Капа болом, ачууланам жан чыгып.
Андай кезде колдоруңа иш кирбей,
Сарсанаа убайымга бастырып. Жолум
карап - эстейм апа, далайга,
Олтурганың кур кыялга алдырып.
Санаа менен көп нерсеге чарпылдым,
Кыял менен жок нерсени бар кылдым.
Сезбептирмин көзүң өтүп кеткен соң,
Кандайлыгын эми билдим баркыңдын.
Жаман балаң кадырыңа жетпеди,
Кечире көр, айланайын алтыным.

Башка дүйнө болсо дагы түнөгүң,
Арбагыңдын билем келип жүрөөрүн.
Түшүмдө да аяп мени айтасың, Балам
байкуш, неге мынча жүдөдүң.
Балекеттен мага келээр, сак-сактап,
Айланчыктап учуп жүрөт жүрөгүң.

Сый көрбөдүң, эми тиштейм бармагым,
Ушул ырды кеч болсо да арнайын.
Мен ант берем ишенчиңди актайм деп,
Ал жакта да кейий бербей тынч жаткын.
Сагынганда кезигишип турганга, Мейли
келсе, келип жүрөөр арбагың.

Апамдын көзү өткөндөн кийин, өз тамыбыз мага жакын көрүнбөй, көзгө комсоо тарта баштады. Себеби ал үйдөгү башыбызды бириктирип туруучу эне мээрими кайтпай калды.

Тамак кысып муундурат ачуу жаш, Бир
чекитке топтой албай оюмду.
Куркулдайдын уясынан артыкча,
Жылуу болчу, жумшак болчу коюну.
Болбой койду канча аракет кылсам да,
Там жөнүндө мен эскербей коюуну.

Жылуу жумшак болуп менин өз уям,
Кайдан келсем тосуп алып көрчү кам.
Шашканынан жаза басып апкытын,
Босогодон тосчуу дайым мени апам.
Эми болсо көзгө комсоо көрүнүп,
Мурдагыдай сагындырбайт эми ал там.

Өткөндөрдү турам көпкө мен жоктоп,
Эми ал тамда дайым күтчү апам жок.
Жылуулуктун бири калбай баягы,
Чоочун болуп турат эми жатка окшоп.

Кайрат кыла кырча тиштейм эрдимди,
Ыйлап ийгим келип кетет шолоктоп.

Эскерүүлөр эскире албай жан кыйнап,
Унута албай койдум такыр ай, жылдап.
Апакемсиз бүткүл дүйнө бош калып,
Жүрөгүмдөн келем дале мен ыйлап.
Бала чагым баасыз бакыт сыяктуу, Көз
алдымдан чуркап өтөт жыңайлак.

Жалбарганың - балам, балам, адам бол!
Кулагыма шак дей түшүп ойлодум. Керээзиңдин
актай алдым канчасын, Аткарылбай калды
далай ойлорум.
Биреөлөргө эч жамандык кылбадым,
Ошол болду менин болоор - болгонум.

Азыр анда жашайт менин өз иним,
Барып калсам тосуп алат «оо, келиң».
Баштагыдай көрүнсө да баары эле,
Толбойт такыр өмүр бою бир кемим.
Башыбызды бириктирип туруучу,
Кайтпайт эми “Эне” аттуу чоң мээрим.

Көр турмуштун көйгөйү менен жүрүп, атамдын бейитине куран окутканы барбаганыма да көп жыл өтүп кетиптир. Ал жерге барып, жер менен жексен болгон бейитин тиктеп томсоруп турдум.

Желкелеп тагдыр деген кылып оюн,
Ойлогон ишке ашпады көп - көп оюм.
Там берип, болгонуна тообо кылаар,
Мына эми, мен да карып ак чач болдум.
Атаке - канча заман өтсө дагы, Мүрзөңө
бир жолу да баспай койдум.

Жөн эле себеби жок табаар эч бир, Көп
жылдар бир келбестен кылдым кесир.
Эми мен тизе бүгүп жалынаарым,
Кечирсин асмандагы Көкө Теңир.
Күнөөмдү ат көтөргүс сезип турам,
Атаке байкуш балаң, сен да кечир.

Жаралып топурактан ашып чекти,
Кайрадан топуракка кеткичекти.
Унутуп жада калса арбакты да,
Иштерди жасайбыз го көп бейчеки. Мен
деле көпчүлүктөй көр пендемин, Атаке,
атакебай, күнөөм кеччи.

Мен сизди өлүмгө эч кыйбаганмын,
Эсимде жер тепкилеп ыйлаганым. Күч
жетпейт кымбат күмбөз тургузууга,
Анчалык мен дүнүйө жыйбагамын.
Үзбөстөн куран окуйм арбагыңа,
Кантейин ошол окшойт сыйлаганым.

Арадан андан бери агып жылдар,
Көзүмдө жаш калбаптыр өксүп ыйлаар.
Томсоруп таш молодой катып турдум,
Бейитиң жер болуптур, топук кылаар.
Мен сизге бир күн барып кошулганда,
Балдарга керээз болоор ушул ырлар.

*Атамдын көзү өткөндөн кийин биздин суугубузга тоңуп, ысыгыбызга күйүп, эрезеге жеткирген эжем, “Чаткал районунун ардактуу атуулу” Ашыркулова Бузия болду.*

# Эжеме кат

Эжеке, кат жазамын сага арнап,

Нээтимди билдирүүгө мен атайлап.
Дени сак эл ичинде жүрө бергин,
Кем болбой эч нерседен күлүп -
жайнап. Эмгиче эркелесем кечирип кой,
Бөлүнбөйт, ажырабайт эттен тырмак.

Ооз ачкан биз балапан кезибизде,
Ишенген чынарыбыз калды кулап.
Жетимдин жыртык тонун
жамындырбай, Жашоону андан ары
кеттиң улап. Сен кылган жакшылыгың
аскар тоодой, Баарысы, бүт баарысы
эсте турат.

Бактылуу болсо экен деп тилечүсүң,
Өзүңдүн бакытыңдан кечип коюп.
Баарысын белен кылып тураар элең,
Жетимдей иш кылбадык колдор
жооруп. Башкадан кем болбосун
дегениңде, Жүрөгүң кетээр эле сыздап,
ооруп.

Ойлоймун кудуреттүү күчүм болуп,
Тагдырдын табышмагын өзүм чечсем.
Жаштыгың өмүрүңдү бизге кеткен,
Түптүгөл бүт кайтарып бербейт белем.
Оо анда, сурабастан эч бир жандан,
Көп нерсе, өтө көптү арнайт элем.

Жетелеп көп жерлерге алып бармакмын, Каалаган
тилегиңди аткармакмын.
Жатышмак бут алдында тебеленип,
Дүйнөнүн көп байлыгы күмүш, алтын.
Эжеке - кечирип кой, билем бирок,
Байлыкты, көр дүйнөнү баалабасың.
Билемин көрүп туруп баш тартаарың,

Дүйнөнүн үстүндөгү көп байлыктан.
Адамдык сапатыңды артык көрөм, Жөн
эле пенделик сөз, бул мен айткан.
Түшүнөм кайра ашыкча кубанасыз,
Бирөөгө бир жакшылык жасай алсам.

Кем болбой жүрүшсө - деп ичинде элдин,
Калкалап канатыңа коргоп келдиң.
Көтөрүп баарыбыздын жүгүбүздү, Окутуп,
бүт жогорку билим бердиң. Кудайга
шүгүр кылам эч болбосо,
Өзүмдүн тамагымды таап жээрмин.

Олтурам ойго батып калем тиштеп,
Бизге айткан насаатыңды турам эстеп.
Болгуча жаман акын же ач көз бай,
Жашасам болду деймин эптеп - септеп.
Аткарып эң татаалын тилегиңдин,
Жөнөкөй адам болгум менин келет.

Кээде олтуруп сиз жөнүндө ойлосом,
Келет эске ханышасы Алайдын.
Балдарынан өйдө койгон өз элин,
Курманжан - ал ачкычы эле таалайдын.
Мүнөзүңдөн көп окшоштук табам да,
Элге кылган эмгегиңди баалаймын.

Сизди эстесем эске түшүп негедир,
Тагдырыңар турган өңдүү үндөшүп.
Келе берет турган жери оюма,
Толгонайдын талаа менен сүйлөшүп.
Толгонайдай толгондуңуз сиз деле,
Башкалардын бактысы үчүн күрөшүп.

Өзүбүздү албаганда эсепке, Өзгөнү да
канча жолу жөлөдүң. Кыздарыңдын

тарбиялап уул - кызын, Сен аларды
экинчи ирет төрөдүң. Тилек кылам
кайтып кылган мээнетиң, Мен алардан,
сизди кайра көрөйүн. Канча үмүттөр
бирде өчүп, бир өнүп, Кээ биринде
айлаң кетет түгөнүп. Башыңды оорутуп
өзгөлөрдүн тагдыры, Келет дале
жүрөгүңдү жүдөтүп.
Бул дүйнөдө сиздей адам бар үчүн,
Жашоо, бакыт калбайт тура түгөнүп.

Аял башың аябастан көгөрүп, Эмгек
кылдың элдин жүгүн көтөрүп.
Курманжандын,Толгонайдын жана сиз,
Уул - кыз өсөт кадырыңа жөлөнүп.
Сиздейлерге эки дүйнө өлүм жат,
Турасыздар түбөлүккө көгөрүп.

Поэма сиз жөнүндө жаза албаймын, Антүүгө
келбейт колдон, жетпейт чактым. Турпатың
муктаж эмес мактоолорго, Андыктан анча
деле кайгырбаймын. Жасаган эмгегиңдин
миңден бирин,
Кайтарсам ырым менен ошол бактым.

Мен өзүмдү эссизсиң - деп жемелеп,
Жүрөгүмдү эзип келет санаа жеп. Апам
кокус жаны кейип калганда, Айтаар эле
үшкүрүнө мындай кеп: Башка тартсаң
бут тарабың ачылган, Тирилигиң
тирүүлүктөн катуу - деп.

Көңүл чөгүп болгон кезде, же капа,
Бул дүнүйө деп калуучу – бейопа -.
Сөздөрүңдүн маанисине түшүнбөй,

Сурачумун - чечмелечи, оо апа -. Азыр
жашсың ойноп калгын деп калчу, Учур
келсе түшүнөсүң, садага.

Анда жашмын гүл жыттанчу айланам,
Кооз көрүнчү жашоо түркүн саймадан.
Каяктагы жок нерсени айтат деп, Ал
сөзүнө назар деле салбагам.
Тирүүлүгүң азап чегүү, ый тура, Эми
ойлонуп там берем да, таң калам.
Жашоо өзү, кемчиликке кайрылуу,
Тирүүлүктү түзөт тура кайгыруу. Кара
ниеттик, көрө албастык аралап,
Сүйгөнүңдөн, жакыныңдан айрылуу.
Акыр жүрүп аягында табаарың,
Болот тура кара жерди жай кылуу.

Шум турмуштун чыга албастан торунан,
Бир жакшылык жасоо келбей колуман.
Кечирилгис катуу күнөө кылгансып, Жат
гана эмес, жакындардан корунам.
Оорулардын жакшысы жок бирок да,
Жаман экен көңүл сыздап ооруган.

Дос, жолдоштон көңүл калып ден сууган,
Бакыттан да, баардыгынан кол жуугам.
Болбогон соң колумда бир кызматым,
Баштагыдай боор толгочу жок тууган. Мен
өзүмдү салыштырам жоокерге,
Колу кыйрап кайткан алыс жортуулдан.

Апакемдин айткан сөзүн эстесем, Бул
турмуштан көңүл калуу көп экен. Төрт
тарабы төп келишкен адам жок,
Болот тура бул дүйнөдө бири кем.

“Тирилигиң тирүүлүктөн катуу”, - деп,
Ошон үчүн айтса керек апакем.
Бул дүнүйө чындыгында бейопа, Болот
тура - көрүп келем көз менен.

Ал агамдын - Эч нерсеге жарабайт - деп ыргытып таштаган кагаздарын да бирин койбой чогултуп алдым. Ал дагы - аларды эмне кыласың? - деп сураган жок. Мен болсо ыргытып жибергенге көзүм кыйбай, кайра көчүрүп жазып койдум.

Жалаң гана ажырашуу,
Жалаң гана кайгыруу.
Ойлобогун өмүр деген,
Жамандыкты арттыруу.
Өмүр деген сүйө билүү,
Жок нерседен бар кылуу.
Сүйүү - алдоо, сүйүү - алдоо,
Айтпагының андай деп.
Кайталангыс бакыт алып,
Сүйүү сага бир келет.
Бирок аны күтүп алгын,
Кайтып келбейт эки ирет.

Аны - муну ойлой берип,
Кыйнабагын жаш жаның.
Сүйгөнүңө жетпей калсаң,
Жыйынтыкка шашпагын.
Жашайсың сен жүрөгүндө,
Сени сүйгөн башканын.

Кайгы - муңга алдырбастан, Бир
берилген өмүрдү. Ошондуктан
жашоо керек, Колдон келсе
көңүлдүү.

Жаныңдан артык көрөөрүң, Аны
да сезип турамын.
Кападар келсем сапардан,
Алдымдан тосуп тураарым.

Тагдырым кылып тамаша,
Жүрбөдүк бирге жанаша.
Колумдан келээр жардам жок,
Жүрөгүң ооруп, канаса.

Кадырын билбей жаштыктын,
Баш койчу бирге жаздыктын.
Айланып анда жүрүпмүн,
Кулуна жалаң мастыктын.

Колумдан кушум качканын,
Асманда Айым батканын.
Алдырып ийип оозумдан,
Кечигип өтө байкадым.

Эңсеп бир жүрүп ар жакты,
Максатсыз далай жыл акты.
Өткөрүп ийген экенмин,
Күлгүн кез өрттүү куракты.

Айттырбай кырсык бут тооруп,
Төшөктө жатсам жан ооруп.
Жанымда тураар адам жок,
Алымды сурап жалooруп.

Жүрөгүң мен деп согоорун,
Айтпагын жаным, өтүнөм.
Жамандыкка кыйбашың,
Көрүнүп турат көзүңөн.

Көзүңө толгон кусалык,
Көөдөндө калды тушалып.
Аттиң ай, бирге боло албай,
Аралык барат узарып.

Барктабай убагында, Билбейбиз
өмүр баасын.
Байкатпай бир күнү эле, Тартат
го өлүм жаасын. Баары бир кача
албайсың, Сандыкка мейли
жашын.

Жалындуу жаш кезиңди,
Эстейсиң баарын, баарын.
Айланаң гүлгө айланып,
Гүл болуп турган чагың.
Тагдырдын бороону улуп,
Кууйт го анын баарын.

Аттиң деп жалган дүйнө,
Тиштейсиң бармагыңды.
Өткөнгө тобо кылып,
Сезесиң карыганыңды.
Оозуңдан келме түшпөй,
Ойлойсуң ар жагыңды.

Артынан чуркап жүрүп,
Кыз сүйүп алганыңды.
Көрүнөө көзүн боёп,
Башкага барганыңды.
Карылык улам тушап,
Кетирет дарманыңды.

Жарыбас жарды болгун, болгунуң чоң,
Жаралып өлбөс болуп калбаган соң. Оо

пенде, бири - бириңе сыртың салбай,
Сыйлашып тирүүлүктө жүргөнүң оң.

Эч качан жамандыкка кыйбагыла,
Адамды тирүүсүндө сыйлагыла.
Пайдасыз анын көзү өткөндөн соң,
Баары бир, ташты сүзүп ыйлагыла.

Бек өткөн, баатыр өткөн не бир, не бир,
Көтөрүп көкүрөгүң, кылба кесир. Сен
дагы башкалардан мыктысынба,
Батасың акыр жерге эки метр.

Айтышпа артыңардан эч жаман сөз,
Аңдышып бет келишсең чукушпа көз.  Оо
пендем, алды - артыңды ойлой жүргүн,
Болгону ороноруң он метр бөз.

Баш ийип эл алдында ийил, жүгүн,
Өлүмдү эсиңе алып дайым жүргүн.
Эскерип жакшылыгың эл чыгарат,
Дүйнөдөн өтүп кетсең дагы бир күн.

Адамдын көңүлү бул - жайнаган гүл,
Эсиңден чыгарбастан ушуну бил.
Көтөргөн жарым күндүк адам жүгүн,
Ай - жылдап көтөрө албайт аскадай
пил.

Жашасаң бүт жетиштүү, болуп бардар,
Боор тартып бечарага бергин жардам.
Күнөөсү, колунда жок, ошол гана,
Болбосо дал өзүңдөй ал деле адам.

Үмүтүң чын дүйнөдөн болсо эгер,
Корсунтуп бечараны сөкпө бекер.
Жашоонун өзү жалган болгондон соң,
Өзүнүн кыйналганы деле жетээр.

Ал адам, жасап алган эмес кулуң,
Жардам кыл бечарага, колуңду сун.
Жакшылык башкаларга жасай берсең,
Акыры кайра айланып кайтат мунуң.

Үмүтсүз жалгыз гана шайтан болот,
Акыры бечара да бир оңолот. Бак
берсе кудай жалгап бир күндө эле,
Эшикке ат байланып, малы толот.
Пулуң көп, чөнтөктөрүң мейли толо,
Жайытка малың батпай короо - короо.
Бир күнү алың куруп, ооруп калсаң, Ден
соолук боло алабы сага ошо?

Жакшы бол, бардыгына жатык болгун,
Эсиңе бекем сакта турмуш оюнун.
Ушинтип эркелетип туруп эле,
Капыстан бир күн ташка чаап койбосун.
Керилбе ушул бойдон өтөмүн деп,
Кез келет жооп берер аны ойлогун.

Сүйөнүп байлык менен бийлигиңе,
Ойлобогун каламын - деп түбөлүк.
Эртен эле түбү түшкөн челектей, Ичээр
сууң калат бир күн түгөнүп.
Биз жолукчу жалгыз гана дүйнө бар,
Жашоонун да негизинен түбү - өлүк.

Уч мейли канат күүлөп, аба жиреп,
Алды - артың карап жүргүн, бол этиет.

Мертинсең кокусунан билесиңби,
Бийиктен кулагандар катуу тиет.

Ат жалын тосот - дешет, эшек туяк,
Акылдуу бул сөзүмдү дароо туят.

Кызыгып кызматына бир күндөрү,
Тептирип сен эшекке болбо уят.

Эсеңгиреп көөп кетип көр пенде,
Кубанбагын бул дүйнөгө келгенге. Бир
жакшылык жаралдыбы колумдан,
Адам атын актадымбы, киммин? – де.

Дүйнөң куру, дүйнөнүн түбү тешик,
Шумдарга, зулумдарга ачат эшик. Бел
ооруп, кол жооруган бечаранын,
Күнүмдүк жашоосуна ашпайт кешик.

Мейли байлар, келди сенин кезегиң, Өз
кабыңа тере бербей тезегиң.
Бечаранын камын дагы ойлой жүр, Бул
дүйнөдөн эч нерсе албай кетесиң.

Ач көз болбо, пейилиңди оңдогун,
Жалган атак, бийлик кулу болбогун.
Башкалардын көз жашынан жыйналса,
Сага бакыт алып келбейт колдогуң.
Жыйындысы абийириңдин, өзүңдүн,
Адамсыңбы, же бир айбан болмогуң.

Ал агама жолуккан сайын, дагы жолуксам экен деп кызыгуум арта берет.

Сыртынан карап турсаң, бир жөн адам,
Ичине мынча дүйнө кантип баткан?

Жаралчуу бул дүйнөдө өтө сейрек,
Адамдыгын башында эле байкагам.
Мелтиреген анын оттуу көзүнө,
Батып турат жер гана эмес бүт аалам.
Бороондун катуу болоор алдындагы,
Мүнөзү океанбы, чалкып жаткан.
Андай болсо неге өзүнчө кысынып,
Элден четтеп, неге мында жашынган.
Жоготтубу ал көздөгөн багытын, Куулук
- шумдук четтеттиби ашынган. Ар
кандай суроолорго жооп таба албай,
Агамдын жашоосуна болгомун таң.
Турмуштун өзү койгон табышмагын,
Түйшөлүп ойлой берип чече албагам.

Ал агамдын – Айылыма биротоло көчүп кетем – деген сөзүн угуп, ичим сыйрылып турду

Жашоону мындан ары ойлой берем,
Көңүлдүн кири жуулуп тазарса дейм.
Артыман бир жакшылык калтырууга,
Ойлоймун эч болбосо бактар тиксем.
Биринчи киндик каным тамган жерге,
Андыктан биротоло көчүп кетем.

Бекитип, катып жүргөн кагаздарын,
Апкелип жаш баладай алпештеген.
Алгыньң керек болоор иничек деп,
Ишенип кол жазмасын мага берген.
“Ырахмат, көрсөттүңүз ишенимди,
Мунун да баарын кошуп жазам” -
дегем.

Менин болсо жашоом дагы деле оңолбоду. Тагдыр сыртын салып туруп алды. Айылыма кайра көчүп бардым. Айылда дале жашоо оор, эл ач - жыланач. Эптеп өлбөстүн күнүн көрмөй.

Ырыскыны кудай берет дегендей, элдин ырыскысына дагы тоо ташка алтын чачып койгонуна тооба кылам. Кары - жашы дебей алтын чайкоо менен күн өткөрүшөт. Алтын чайкап жарып кетишпесе да, күнүмдүк көр оокатка жетип турат. Мен дагы башка жумуш болбогондон кийин тоо - ташты кыдырып алтын издейм. “Кээде болсо кээде жок, ушундай экен дүйнө шок”, - дегендей эле, кээде көбүрөөк чыгып кубантса, кээде жеген -ичкен тамагыңды да актабай калат. Кээде үй бетин көрбөй айлап сандалган убактар да болот. Замандын жакында оңолуп кетишине көз жетпей, бир жагынан ошого кыжаалат болом.

Мен үчүн алакандай дүйнө тарып,
Колдо жок, жардылыктан болдум
карып. Кыдырып тоону, ташты, алтын
издеп, Андан да кеткеним жок такыр
жарып.

Колумда кетмен, күрөк жонумда кап,
Жүрөмүн тыным албай жайды жайлап.
Же бараар багыты жок жолоочумун,
Кыдырам тоону-ташты алтын чайкап.
Кантейин байып деле кете албадым,
Бутумда жыртык өтүк, жыртык байпак.

Жашоодо мен таянчу калбай илмек,
Күчөнө ташты чукуп, кумду иргеп.
Алдырам кур кыялга айла жоктон, Жараткан
көр пендеңе бере көр - деп. Кыйналып
кылган мээнет кайтпай калып, Кайтчумун
көп учурда көңүл кирдеп.

Күн чыккандан кечке чейин тырбаңда,
Баары өзүнчө, эч ким келбейт жардамга.
Бала - чакам кантип жатат экен - деп,
Көңүл түтөп, ичтен болом арманда. Үйдө

болсо бир камырлык ун калган, Келе
бергем май түгөнүп калганда.

Далай күндөр ысык оокат ичпедим,
Белим талып канча шагал иргедим.
Жер караткан жокчулуктун айынан,
Тойгонумду,тоңгонумду билбедим.
Төшөнчүм таш, асман болуп
жамынчым, Аска - ташта калды далай
издерим.

Алысмын, аралыктар болуп бөгөт,
Бир кесе ысык оокат көздөн өтөт. Көп
болду көрбөгөнгө тентип жүрүп,
Унуткам бала - чака, жылуу төшөк.
Көр пенде кыйналууга жаралганбы,
Оңой жол жок окшойт го, койгон төшөп.

Арбыныраак калаар бекен табылып,
Бере көр чоң - деп кудайга жалынып.
Тоңгонуна, бардыгына кайылсың,
Жатканыңа шор турмушка малынып.
Аргасыздан амандыгың тилейсиң, Алыс
калган балдарыңды сагынып. Жер
казууга калбай такыр дарманым,
Кыйналсам да уурулукка барбадым.
Аялымдын акыркы унун чогултуп,
Жасап берген нанын актай албадым.
Бирдемени мен кыйратып келгенсип,
Колум карайт үйгө келсем балдарым.

-Китеп алам, дептер алам акча бер-,
Кызым айтат камоктордон көргөнүн.

Карыз алам коммерсанттан жалдырап,
Таштай албай же алардын мен көөнүн.
Кайгырганда оңой беле деп кетем,
Мына ушинтип темселебей өлгөнүм.

Мына эми кийим керек мектепке, Колум
кыска, ылаажы жок эптешке. Болбосо
алтын, бересиңби өзүңдү, Катын
какшайт, келе койбой ал кепке. Болгон
жинин менден алат чыгарып, Ачуусу
анын жанга батат бир келсе.

Дагы жөнөйм төшөнчүмдү көтөрүп,
Өпкө ачышат күрсө - күрсө жөтөлүп.
Баскан жүктөн буттар калат иштебей,
Андан бетер өчөшөмүн көгөрүп.
Азоо дайра азыр жутуп койчудай,
Жолум тосот өткөрбөстөн бөгөлүп.

Тынч алдырбай көр тирилик, кор болдум,
Коргон - Төбө, Жарты - Суута көп кондум.
Алтын издеп барбаган жер калган жок,
Кадимки эле каарманындай Лондондун. Көп
жумшалган мээнеттерим кайрылып, Акыр
бир күн табаармын деп ойлодум.

Көчүп - конуп, түнөп жүрүп талаага,
Кабылдык го далай - далай балаага.
Жүгүбүздү көтөрүнүп жөө жалаң,
Жолдо калды китептеги “Канада”.
Колубузда эч нерсе жок болгон соң,
Бир айырмасы ит кошподук чанага.
Билбей кээде өңүмбү, же түшүмбү,
Баарысынан көңүл калып үшүдү.
Канча мээнет, үмүт кылып талаада,

Бербей койду жарытылуу түшүмдү. Ит
чыдагыс азаптарга чыдадык,
Билбейм, балким кыргыз болгон
үчүнбү.

Чыкса адам деп бизге дагы жан күйгөн,
Мен ушуну көңүлүмө көп түйгөм.
Техникадан берсе го деп бизге да, Кол
жетпести баштарыма көп үйгөм.
Болбошуна ынансам да эч андай, Улам
тиктеп үмүт кылам ак үйдөн

Чындыгында “компьютерный” азыр “век”,
Башы жетти бардыгына “человек”. Жүрөт
канча акыл эстүү уул - кызың, Жокпу
биздин элибизде келечек.
Колдогуну башкаларга бөлүшпөй,
Жарашпайбы биз өзүбүз иштетсек.

Кетким келип аша кечип жанымдан,
Далай - далай балээлерге кабылгам.
Кыштын күнү көчкү жиреп, суу кечип,
Тагдырыма капа болгом, таарынгам.
Колдор жооруп, бут иштебей калса да,
Бир кап унга жетпей калчу табылгам.

Сууктан жууна албай денем кирдеп,
Дит багып кийимдерди болбойт тиктеп.
Кашынам котур болгон койдон бетер,
Аларың алда качан бүткөн биттеп.
Тилдеймин өзүмө өзүм ачуум келип, Башка
иш кыл темселебей болду ит - деп.

Кыдырып Жарты - Сууну, Чандалашты,
Билбеймин кимдер канча алтын тапты.

Чилдеде музду жарып сууга түшүп,
Далбастап матырамын ковшу сапты.
Табигат табышмагын чече албастан,
Ашыкча кыйналганым жанга батты.
Туш келди чеңгек менен ташты чукуп,
Жаткандай ийне менен казып кудук.
Тамтаңдап таба албастан кээде күкүм,
Шалдырап олтурасың алың куруп.
Өзүңдү алдап өзүң жүргөнүңө,
Кээ бирде жиниң келет атып - уруп.

Койгондой коргошунду бирөө куюп,
Жумуштан көз тунарат, белиң уюп.
Түкүрүп алтынына, бардыгына,
Сай ылдый качкың келет туруп - туруп.
Элестеп ачка олтурган бала - чакаң,
Өзүңчө аласың бир улутунуп.
Кайрадан коврикти кармалайсың,
Сүйрөлүп орунуңдан араң туруп.

Кээсинин өтүгү жок, кээси тонсуз,
Чогулуп от жагабыз болбойт ансыз.
Олтуруп чоң жагылган от боюнда,
Кечээги токчулукту жомоктойбуз.
Каптагы каткан нанды катыратып,
Бирибиз - бирибизди коноктойбуз.

От боюна тегерене олтуруп,
Болбосторду кыял менен болтуруп.
Кубанабыз өзүбүзчө кудуңдап,
Коюндарды үмүт менен толтуруп.
Тамагыбыз караандай чай, каткан нан,
Карындарды кулдуратат жокчулук.

Кээсинде чарчап келип алыс жолдон,
Заманга наалат айтып канды соргон.
Колго алаар жарытылуу төшөнчү жок,
Кулайбыз от боюна ошол бойдон. Кырк
тешик, колго илешээр жери да жок,
Чулгоолор күйүп бүтөт, жайып койгон.

Омкоруп ары - бери ташты сүрүп,
Күчөнө киришесиң, билек түрүп.
Алданып арасында чыга калса, Өзүңчө
кудуңдайсың, кээде күлүп.
Адашып ат башындай жолукчудай,
Жетелейт куру тилек, алдамчы үмүт.

Торуңду суу га салган, жыярыңда, Эч
нерсе жок болсо да тыягында.
Окшото тамды салып, машина алып,
Сан жетпейт мал - жаныңдын туягына.
Өзгөчө бой көтөрө сөөлөт күтүп, Өзүңчө
бай болосуң кыялыңда.

Алтындын чоңураагын табамбы деп
Ичинде ар биринин жакшы тилек.
Чыдайсың ысыгына, суугуна, Баарына
бала - чака багуу милдет.
Жетишпей бирин тапсаң, бирине жок,
Тирилик жыртык куржун моюнга илет.

## Жарты - Суу

Жарты - Суу, коркуп кетем эстей калсам,
Чогулуп өзүмө окшош төрт-беш адам.
Тыгынчык бир нерсеге болобу деп, Кеч
күздө алтын издеп сага баргам. Качуруга
баарын таштап туура келген, Эки күн көз

ачырбай жааган кардан. Ошондо
жашоодон да үмүт үзүп,
Кайтууга жол таба албай курган айлам.

Айлана аппак карга калган тунуп,
Ышкырат бет алдыңдан бороон улуп.
Арбашып ажал менен тике маңдай,
Жыгылып, кар малтайсың кайра туруп.
Муз болуп жыгач сымал катып калган,
Кыбырап араң эле шилтенет бут.
Жоготуп эс - учуңду темтеңдейсин,
Боюңду кармана албай, алың куруп.

Көрсөтпөй башкаларга жашың сүртүп,
Түгөнүп ичээр сууң, күнүң бүтүп.
Ажалды көз алдыңа элестетсең,
Коркосуң андан бетер денең үркүп.
Өлүмгө эми моюн сунаарыңда,
Жаткансыйт тээ алыстан оттор күйүп.
Кайрадан өмүр үчүн жандалбастап,
Жетелейт алды жакка өчпөс үмүт.

Алаамат башыбызга кайдан түштү,
Айлана мунарыктап алат үштү.
Алмашып улам бири карды жиреп,
Үрөйбүз жан далбастап болгон күчтү.
Чынында өлүп барып тирүү калган,
Көрбөгөм өңүм эмес, андай түштү.
Ойлоймун өлүмгө да баш бербеген,
Баарынан адамдардын эрки күчтүү.

Көрүнгүс көзгө сайса, каптап туман,
Артынан шериктердин араң жылам.
Шыкаалып моюнума, коюнума,
Денемди жалап - жуктайт аяз-жылан.
Удургуйт жаман ойлор сезимимде,

Окулуп калабы деп бизге куран.
Каарына калаарлыктай неден жаздым,
Ээ кудай, сактай көр - деп дуба кылам.

Уч жагы көк асманга кеткен сиңип,
Өтүшкөн жолдор менен, өтпөс кийик.
Сыйынам арбагына бабалардын,
Урматы аларыңдын өтө бийик.
Ойлодум ошон үчүн тирүү калдык,
Урпагы болгон үчүн сообу тийип.

# Чуулдак

Оолугуп көздөн учуп ошол тарап,
Алтынын аламын деп келем самап.
Кош миздүү канжар менен жирегендей,
Суугуң бети - колду чарт - чарт жарат.

Үстүмдө таңылчагым ылдый басып,
Жол татаал, андан бетер оорлоп барат.
Эптесем бир эшекти жалдап албай,
Үшкүрүп ташка олтурам, атаганат.
Издетип жок нерсени темселеткен,
Кейиштүү тагдырыма айтам наалат.

Айланаң үйүлгөн таш, жалаң корум,
Даректын түрлөрүнөн эч нерсе жок.
Бузулбас кар мөңгүнүн мекенисиң,
Башына чыгып баруу андан тозок. Чын
атың Чуулдакпы, Куулдакпы, Экөө тең
туура го деп коём ойлоп.

Ааламдын чокусундай асман тиреп,
Түнөрүп улуу тоолор менменсинет.
Тизилип бир катарга турналардай,
Келебиз бороон кечип, мөңгү жиреп.

Тоңдуруп салуучудай жай чилдеде,
Заматта түн түшүрүп карлап ийет.
Турасың жакаларды муунта кармап,
Чыныңбы, жалганыңбы, оо кудурет.

Алчудай бирин койбой баарын жутуп,
Жинденет жырткычтана бороон улуп.
Башыңды быштак кылып салуучудай,
Коркутат алды артыңдан таштар уруп.
Там берип табияттын кубатына, Тообо
деп багынасың карап туруп.
Бул жакка биринчи ирет келгендердин,
Корккондон илебине чыгат учук. Асманда азыркы
эле көпкөк, тунук, Куушуп чыга келет эрке булут.
Шаштырып кулак, мурун шыпырчудай, Эсиңди
эки кылат мөндүр уруп.
Заматта кыяматты баштап ийет,
Чуулдак - куулдактан кулак тунуп.
Аскалар ошон үчүн ыйыксың го,
Булуттар сенде жашайт, сенде туулуп.

Жолдошторум жолукканда - оо кандай,
Жуугунуң - дейт тапканыңды бол, давай -. Ары
жагым эңшерилип турса да,
Алып берем намысыма чыдабай.
Алтынды мен каптап таап келгенсип,
Ичип таштайм, ошол күнү жыргал - ай.
Эртесинде мыкчый кармап башымды,
Күйүт күчөйт көөдөнүмдү тырмалай.
Кыйраткансып темпеңдебей жерге кир! -,
Жемени угам катынымдан бир далай.
Миң айтсаң да бербейт өзү билгенин,
Далай арман ичте калат айтылбай.
Кыйратамын эми баарын дегиче, Көзгө
илешпей өтүп кетет даа бир жай.

Мен көп жерин табамын деп алтындын,
Жетпегенге далай жылдар талпындым.
Ач - жылаңач тоону, ташты кыдырып,
Өмүрүмдүн көпчүлүгүн сарп кылдым.
Апендиче жок нерсеге урунбай,  Ыр
жазгын деп көп жемелейт катыным.
Талантыңды кор кылбастан бекерге,
Ыр чыгар дейт - ошол сенин алтының.

Кана эми сен, алтын казып оңгонуң,
Тентип жүрбөй турмушуңду оңдогун.
Элге окшоп эгин эгип, мал күтүп,
Балдарыңдын келечегин ойлогун.
Жазам дейсиң башкалардан артыкча,
Же кыйратып Джек Лондон болбодуң.
Жазганыңды жүрө берсең бекитип, Эми
качан аткарылат ойлоруң -.
Күнөөлүүдөй үшкүрүнө жер карайм,
Мени мокок бычак менен сойбогун.

-Кетмен, күрөк, төшөнчүңдү салынып,
Калдың эми, дагы кайда камынып?
Айтчы деги качанга чейин жашайсың,
Жардылыктын жаман тонун жамынып.
Турам дебе ушул бойдон дайыма,
Эртең эле тушайт сени карылык.
Тентип жүрүп ден соолугуң жоготсоң,
Тапкандарың тыйын болбойт дарылык -
. Кулагымды койбой какшайт катыным,
Койгун десем андан бетер чамынып.
Болду эми акыркысы ушул деп,
Күнөөлүүдөй көзүн карайм жагынып.

Силер – деймин – ден соолугум, байлыгым,
Алтын издөө - менин алаар айлыгым.

Издей бергин, издеген ал табат - деп, Үмүт
чертет жалгыз күүнүн кайрыгын. Табам
десем токтоткунуң, болду - дейт,
Канчаларын уктум андай калпыңдын.
Жашоо мага сыртын салат кайра эле, Дал
өзүнөн түзүлгөндөй кайгынын.
Алтын казып байып кеттиң кана? - деп,
Тартат кармап ал шымымдын айрыгын.

Сен жашооңо корстон болуп күнүмдүк,
Жүрө бербе кур кыялга чөмүлүп.
Билинбестен баркы жок бир таш болуп,
Алтын жатса жер алдында көмүлүп.
Ойлоп көрчү, пайдасы анын тийбесе,
Кадыры, же барбы бир кап көмүрлүк.
Көмүскөдөката бербе ырларың, Куру
оокатка алданбагын күнүмдүк.
Ырларыңды бекитпестен чыгар - дейт,
Ошол сага энчи болот өмүрлүк.
Мына эми, жашың барат улгайып,
Качангаче катасың – дейт - оо, сөйрүк.

Жаным күйүп, айтканына чычалайм,
Ачуум келип чыгып кетет чычалам.
Колго кармайм сүйөп койгон күрөктү -,
Каңкылдаба, мобу менен бир салам -.
Ушундайда катын душман, катын дос,
Ойлогонуң айтып коёт кыйладан.

Ушундайда катындын да акылын угуп койсоң ашыкча болбостур - деп ойлоп кетем кээде.

Ойлоймун күнүмдүк иш өтөөр - кетээр,
Көрсөтүп алганыңды какпа бекер.
Жакшысын бирөө сага берип койбойт,
Ажылдап сого берсең, акмак, сетер.

Колуңдан ишиң түшүп, карыганыңда,
Айланып кадырыңа ошол жетээр.

Кадырын ынтымактын жүргүн сезе,
Баласы ал бирөөнүн сендей эле.
Калкалап канатына катуу желден,
Кагылып аны дагы баккан эне.
Кемсинтип болбос ишке кагып, силкип,
Жарыңдын ар намысын тебелебе.

Ал сенин өмүр шерик перизатың,
Көп эле кор тутпагын аялзатын. Итти
да ура берсең өчөштүрүп,
Бир күнү тиштеп алат, бул го жарың.
Өйдө - ылдый кылыктарын кечире бил,
Токтоо бол, не болсо да “эркек” атың.

Тоо – таштын баарын чет элдик фирмалар басып кетти. Кыргыз байкушка өз жеринде жумуш жок.

Чет элдерден келип жаткан фирмалар,
Түрлөрү жок бизди такыр жыргатаар.
Билип туруп мен алардын максатын,
Айта турган сөздөрүм бар бир катар.
Байлыктардын баарын казып алган
соң, А ордуна даяр көрдү калтыраар.

Айланчыктап жандарында күнү - түн,
Алабы деп бир жумушка көп күттүм.
Өз жеримде өзүм өгөй сезилип, Каным
кайнап, ашып - ташат күйүтүм. Адам
экен алар деле бизге окшош, Же
ашыкча көрө албадым мүйүзүн.
Жасай турган ойлору жок жакшылык,
Өчтү акыры түк аларга үмүтүм.

Макул болбой биздин айткан сунушка,
«Сендейлерди албайды» - дейт кыргызча.
-Сендер такыр акылы жок “дупсуңар”,
Жарамайды силер андай жумушка -.
Жети өмүрүм жерге кирип басынам, Өз
жеримде бөтөн мени урушса.
Аргасыздан ичке жутуп ызааңды, Туура
келет кыңк дебестен турушка.

Мына сага, жарамайды - деп туруп,
Уруп калсаң салаңдаган тумшукка.
Эртең эле камап коёт антетсең, Өз
эркиңди талашууга кол кыска.
Кыргыз эле бирөө чыгып ичинен,
Кеткиле – дейт - болбойт мында турушка.

Ал чет элдик сатып алган жериңди,
Тирүү бойдон сыйрып жатат териңди.
Оо байкушум, бүжүрөйсүң алдында,
Жеп жаткан соң сен алардан жемиңди.
Кол куушуруп жагынасың аргасыз,
Кыңк - деп көрчү, чыгарат го желиңди.

Аларга бир менин күнөөм барсынып, Заарам
житет, кыла албастан каршылык.
Кокусунан сен алардын жеринде,
Сөз сүйлөсөң бирдемени тыңсынып,
Алда качан эркелетип олтурбай, Коёт
эле алкымыңа таш тыгып. Не
демекмин, өзүбүздөн жат чыгып,
Ойлоп турса өзүбүзгө каршылык.
Айтып калуу - бул адамдык милдетим,
Ойлобогун жасап жатат тарчылык.
Эске түшөт тээ илгерки бир тамсил,
Кээде жүргөн эл ичинде айтылып:

Бир күнү кабар келет мына мындай,
Жаш кайың айтат аны ыйлай - ыйлай.
Чыгыптыр балта деген балекети,
Токойду мойсоп келет эч ылгабай.
Кайыңдын суук кабарын уккандан соң,
Селт эте башын серпет карт карагай.

Карагай дарактардан терип - терип,
Кайтарат ак кайыңга кошуп берип. Балтанын
бар бекен - дейт жардамчысы, Аныгын
тактагыла билип келип.
Айтышат жыгач экен анын сабы,
Дуб экен, анык дубдун өзү - дешип.

Ойлонуп карт карагай турат анча,
Кантели ааламатты башка салса. Аттиң
ай, дуб дубдугун кылган экен, Жаман го
өз ичинен душман чыкса. Колунан бир
балтанын келмек эмес, Өзүңдөн
душман чыкса айла канча.

Жакшылык ойлобойт ал бөтөн башка,
Башыңды тыгып алып балта айтса. Туш
келди ырысыңды кыя берген,
Айланба оо “дубдарым”, жыгач сапка.
Айтышат асыл ташта, акыл башта,
Ойлогун, илгеркиден заман башка.
Жаштарың темир эмес болоттон курч,
Майышпас өсүп келет ташка чапса.
“Дубдарым” эсиңе ал жооп берериң,
Алардын ырыскысын уурдап сатпа.

Аралашып чет элдиктин ишине, Кире
албайсың биротоло ичине. Чөнтөгүңдө
өз акчаңды жедирип, Жүргөнүңдү

түшүнсөңчү кичине. Тоолоруңдун
баарын тоноп бүткөн соң, Теңеп
койбойт сени эшикте итине.

Кантип эле түшүнбөйсүң чоңдорум,
Кана сенин алтын казып оңгонуң.
Жыйырма беш жыл убакыттын ичинде,
Байлыгыңды кана, кантип коргодуң.
Көрүп туруп сен карама көр болсоң.
Артат беле, же элиңе жонконуң.

Кичинекей процентин калтырып,
Калганын бүт кетип жатат артынып.
Жатасың го өзүңдөгү байлыкты,
Өзгөлөрдүн колу менен алдырып.
Бөтөндөргө коркок билиш өңдөнүп,
Качанга чейин жүрөбүз биз тартынып.

Ата - бабаң таштап кеткен мурасын,
Чет элдикке талатканы турасың.
Алтынды өзүң казып алсаң болбойбу,
Капа болбо айтсам сөздүн туурасын.
Байлыгыңдын баарын берип койгондой,
Алар беле, же аталаш тууганың.

Кыргыз эли техникасы жок эле, Тээ
илгертен куюп келген ок, жебе.
Манас бабаң Акбараны, ак олпок,
Алардыкы, же башкадан кем беле.
Көп элдерден ашып түшөт акылың,
Анда кантип жасабайсың, эмнеге?
Суроо эзет канткенде эми, эмнеге?
Калк болдукпу, уучтай алгыс темене.
Мурдубуздун учундагы көрө алгыс,

Айландыкпы кыргыз сокур пендеге.
Алтынга да алмаштыргыс уул - кызың,
Тентип жүрөт күнөөлүүдөй чет элде.

Эсеп жеткис билими бар жогорку,
Геологдор жүрөт башын чөгөрүп. Жогору
жактан колдоо жоктон кол шилтеп, Алар
болду аргасыздан тирүү өлүк. Канчалаган
докторлору илимдин, Жагынышат кулдук
ура жөтөлүп. Чет элдиктен издегенче
машаяк, Албайсыңбы ошолорду көтөрүп.

Бул жерде да көнүп бүткөн парага,
Шылуундарың кирип алып арага.
Элдин башын көз буугучтай айлантып,
Туз сээп жатат араң турган жарага. Эч
болбосо кен байлыгың сактачы,
Айлантпастан чоңдор коррупцияга.

Карт тарыхка акыл өлчөп, көз салсаң,
Алтын казуу тээ илгертен башталган.
Анын дагы кытай көрүп үзүрүн, Бизде
жалаң дөбө - дөбө таш калган.
Ошолорду эми дагы кайталап,
Чыгарбагын дагы кайра бир мандем.

# Түбү-өлүк... Тур-муш... Жаш-оо...

Чындыкты айтуу кыйын, аны сезем,
Өзүм да билбей турам кандай десем.
Төрөлүп кайра жалт деп өчүп калуу,
Көр пенде ошон үчүн келет экен.
Жаралып келгенден соң кайра эле,
Өлүмгө кезек күтүү, жашоо деген.

Бир жаралып келгенден соң өмүргө,
Жамандыкты уялатпа көңүлгө.
Бул дүйнөдө конокпуз биз күнүмдүк,
Сууга салган самынга окшоп көбүрбө.
Ойлон досум бүгүн барсың эртен жок,
Жашоо өзү - кезек күтүү өлүмгө.

Жашоо өзү кезек күтүү болгон соң,
Тизгин тартып ошол жагын ойлосоң.
Топуракка гана тоёт эки көз, Арам
ойдон алыс болуп жүргөн оң.
Барганыңда адил соттун алдына,
Өтпөй калат - билбептирмин, ой
тообоң.

Бурай кармап ансыз да айрык өңүрүн,
Байкуштардын оорутпагын көңүлүн.
Баарыбызды бирдей кылып жараткан,
Максат эмес кыйын болуп көрүнүүң.
Алдым - жуттум ач көз болуп жашасаң,
Анда текке кеткендиги өмүрүң.

Кези келсе ар пендеге өлүм ак, Ажал
менен коркутпаймын эч кимди.
Медер тутуп бийлик менен байлыкты,
Бул жашоого мансап үчүн келдиңби?
Баары калат эч нерсе албай кетесиң,
Бейишти да сатып алам дейсиңби?
Байлык менен бийлигиңе сүйөнүп,
Ойлобогун каламын деп түбөлүк.
Эртең эле түбү түшкөн челектей,
Көрөөр күнүң агып кетет түгөнүп.
Биз жолукчу жалгыз гана дүйнө бар,
Жашоонун да негизинен түбү - өлүк.

Ойлор..., ойлор...., бири кетсе, бири келип жанымды жай алдырбайт....

От бүлбүлдөйт бирде өчүп, бир күйүп,
Келе жатат чыгыш жактан таң сүрүп.
Олтурамын ойго батып былк этпей,
Алда кайда ала качат ой күлүк. Бул
дүйнөгө келдим дейли жаралып, Не
кыйратып, нени койдум бүтүрүп.

Кандай адам, кимсиң өзү сен деймин,
Бир кереги барбы өзү сендейдин?
Басырынып байлык, бийлик алдында,
Чындык издеп канча жолу сенделдиң?
Жете албаган алга койгон максатка,
Бири экенмин мен деле көр пенденин.

Жүрчү кездер майдалайм деп
ташыңды, Мезгилдердин арасына
жашынды. Буза албастан
наадандыктын уюгун, Төктүм эчен
жүрөгүмдөн жашымды. Күрөшүүгө
дарман калбай тырп этээр, Аргасыздан
ийип турам башымды.

Көзүм менен көрүп туруп айбанды,
Күйүп жаным күлгө менин айланды.
Кээси жүрөт өкмөт ишин башкарып,
Койбойт элем койчулукка андайды.
Кара таман бир бечара жан болсом,
Күрөшүүгө алар менен ал барбы?

Жашырынып чоң кызматтын артына,
Колун салып көпчүлүктүн ашына.
Ырахатка азгырылып күнүмдүк,
Зуулдашат минип жаңы машина.

Бечаранын уурдабаса мээнетин,
Тапмак беле атасынын башына.

Акыретти алышпастан эч ойго,
Азгырылып түшүп алып терс жолго.
Өмүр, жашоо болсо эгер күнүмдүк,
Түштүгүнө мингиниң дейт суу жорго.
Алса - жутса, урса - соксо эсепсиз,
Акыреттин соту жок деп ойлойт го.

Бардыгы тирүүлүктө болбой бирдей,
Бири бай, а бирөөлөр жарды, кедей.
Кээ бирөө ак жеринен караланат,
Бирөөлөр ууру болот ичпей, жебей.
Аттанып чын дүйнөгө кеткичекти,
Ошентип турмуш оюнун ойной бермей.

Министр болуп бири эл башкарат,
Милиция болуп бири кан какшатат.
Акылдуу не бир, не бир асылдарды, Оо
кургур турмуш оюну нан суратат.
Зомбулук көзүн оюп акыйкаттын,
Кылымдан-кылымдарга кайталанат.
Байлыгын мекенинин бири талап,
Атыкты саясаттан кээси ж...п.
Кедейи бечарасы күнөөлүдөй,
Өлбөстүн күнүн көрүп жатат жашап.
Эске тут, чоңсуңбу сен, чочкосуңбу,
Өлүмгө бир гана жол алып барат.

Карап көрчү канча адамдар үй -
жайсыз, Кезээришет таңдан кечке бир
нансыз. Көрөт элем дуулаганын
чоңдордун,
Койчу, малчы, колу алтын дыйкансыз.
Көрүп туруп кор болобуз көбүнчө,

Биз адамдар мынча неге нааданбыз.

Көздү көрүп күлкү ордуна жаш аккан,
Кантип өтөт жеген ашы тамактан.
Менчигине баарын басып алгансып,
Жетим, жесир ырыскысын талашкан.
Ойлошобу анча - мынча пул берсек,
Кечирет - деп ал жакта да Жараткан.

Замана бара жатат кайда учуп,
Олтуруп ойлономун жерди чукуп.
Карынын кара таман тойгуза албай,
Журт дагы итчесинен калды улуп.
Байларың басып алган энчисиндей,
Кааласа кой союшуп жешет чучук.

Акчалуу турган жерде чындык сынат,
Ишиңди ак болсо да кара кылат.
Алардын тили бирге болгондон соң,
Кыйналып, ыйлаганын кимдер угат.
Кедейим бешенеге жазганы деп,
Жүрөсүң качанга чейин эми чыдап.

Кембагалым сенде күйүт менде бар,
Алдым камоо, а артымда туюк жар.
Бакыт, байлык деген нерсе каякта?
Карматпайбы бечарага же алар.
Бешенеге жазылганбы же биздин,
Жалаң эле азап - тозок, кайгылар.

Тагдырдан бизге татаал үлүш тийип,
Насиби ушул го деп башты ийип. Сыр
бербей сыртыбыздан жүргөн менен,
Жашайбыз дубананын кейпин кийип.
Бой жазып келээр бекен түзөлөөр күн,
Кор кылып бүтүштү го ийип - ийип.

Бир берилген өмүрүндө бир күндүк,
Ойлоп көрчү биз экөөбүз не көрдүк. Же
минээрге барбы сенин эшегиң, Мындай
турсун машиналар, ат - көөлүк. Бизда
жакшы жашагыбыз келет го,
Калбаган соң өлбөс болуп түбөлүк.

Тагдырдын салганы деп көнүп, чыдап,
Ичиңден күңгүрөнө кээде ыйлап.
Үйүңдө этиң эмес, унуң да жок,
Жегениң загара нан сууга чылап.
Уурдашып ырыскыңды көз көрүнө,
Жүрүшөт бир ууч чоңдор курсак сылап.

Башына жакырчылык үйүн тигип,
Жүрөгүң ачыштырат канжар тилип.
Чамаң жок бирдеме деп тил кайрууга,
Акчалуу баштан ылдый жатса сийип.
Себеби адат болуп басырынуу,
Кемсинүү каныбызга барат сиңип.

Жашоого көзүм жетпейт турсам ойлоп,
Үйүңдө аның да жок, мунуң да жок.
Дасторкон берекеси учуп кеткен, Кеткендей
жылкы жалмап, жылан сойлоп. Талашып
балдарыңдын ырыскысын, Ачкалык
босогоңдо турат ойноп.

Жакканың семичке отун, үйүң да суук,
Балдарың нан сурашат ичин уруп.
Аялың ала каптын түбүн кагып,
Олтурат акыркы ундан камыр жууруп.
Кирлери ар жерлерде додолонот,
Самындын жоктугунан чала жуулуп.

Илгерки жомоктогу кеңкелесче,
Заманың айла барбы темселетсе. Эти
жок, башкасы жок баары кымбат,
Ичкениң карандай чай, тапсаң кесме.
Үстүнө пыяз туурап күрүч жейсиң,
Бир айда эки жолу ашып кетсе,

Олтурганда түшкү чайга дем алып,
Кемшендейсиң кайнак суугa нан малып.
Кайсы жылы эт жегениң эсте жок,
Ойлоп көрчү арт жагыңа кылчайып.
Кечке чейин карандай чай ичкенге,
Кубанасың курсак калса кампайып.

Ачарчылык карыныңды эңшерип, Иш
кыласың башың менен жер челип.
Жер кайтарып жайы менен бакканың,
Кубанасың түшүм жыйнаар кез келип.
Матырышып уялбастан чеңгелин,
Болушат го анысына да тең шерик.
Бере көр деп жаан - чачында кудайлап,
Арыктарды кетмен менен ылайлап.
Эттен өтүп чучугуңа жетсе да, Чалп -
чулп этип суу кечесиң жыңайлак. Ошол
кезде бүлөлөрү байлардын,
Кийим тандайт жактырбастан
тыраңдап.

Үмүт менен жазда үрөн себесиң,
Картөшкөнү, пияз, сабиз эгесиң.
Чыгашаңа жер семирткич, суу үчүн,
Салыгына баарын төлөп бересиң.
Анча - мынча артышканы өзүңө, Башка
жактан таап кетет ээсин.

Кайтпай калган мээнетиңе күйүнө,
Олтурасың босогоңдун түбүнө.
Үлбүрөгөн чоң калпакты жерге чаап,
Аттиң дейсиң, аттиң арман дүнүйө.
Куулар, шумдар шапатада шапар тээп,
Пулун санайт алдап алган сүйүнө.

Жаанга эзилип, күнгө күйүп төгүлүп,
Кийим кеткен алба - далба сөгүлүп.
Атаңгөрү, алмаштырып албай - деп,
Коёсуң сен жалган эле сөгүнүп. Эски
шымы шаарга качкан балаңдын,
Жыртыгынан алаң турат көрүнүп.

Аялыңдын каргаганын кокуйлап, Эстей
калсаң жүрөктөрүң солкулдап. Акыл
качып басаар жолуң таппастан,
Сенделесиң бош кабыңды колтуктап.
Тагдыр деген таштап коюп талаага,
Кете берет андан ары жол улап.
Кышында өлбөй чыгып араң ачтан,
Тырмышып жер тырмайсың эрте жаздан.
Кедейим кап көтөргөн ойлоп көрчү, Каякка
кетип жатат тапкан пайдаң. Өзүңдүн
укугуңду толук билбей,
Заманаң тарып сенин, куруйт айлаң.
Чоңду көрсөк жашык жүрөк солк этип,
Жүгүнөсүң эки колдоп кол берип. Бирер
жолу жардам кылып жаныңа,
Маселеңди бердиби же ал чечип.
Бөдөнөдөй чий түбүнө бекинген,
Оо бечарам, карып болбос сенчелик.

Оюнчук жок колго кармап ойноорго,
Көзүң кыйбайт алып берип койгонго.
Үмүт менен жакшылыкка бел байлап,

Берилесиң терең сансыз ойлорго.
Балдар байкуш акыл - эси жетилбей,
Окшоп барат короодогу койлорго.

Кайыл болуп ач - жылаңач жашооңо,
Оо бечарам билбей такыр алыңды.
Чоң окууга өткөрөсүң уулуңду, Сатып
ийип эң акыркы малыңды. Ар
жагыңда колдоор кожоң жок болсо,
Кокуй эми ким ишке алмак аныңды.

Аты эле бар ошол окуу жайынан, Же
кыйратып билим алса мейли эле.
Ачкалыктан базарларды байырлап,
Окшоп калды оозун ачкан дейдиге.
Ошол малдын айран, сүтүн ичсең да,
Бир аш катык болбойт беле эмгиче.

Супараңда эч нерсең жок аты улук,
Мактанасың жатамын деп окутуп.
Сураса оозун, мурундарын көрсөтүп,
Андан бетер күчөп барат сокурлук. Ара
жолдо “балык эмес, эт эмес”, Башка
динге өтүп жатат чокунуп.
Жокчулуктан кара далы кыздарың,
Талашышат бири - биринин ыштанын.
Бере койсоң тапканыңды аларга,
Кантмек элең курсак камын, кыш
камын. Жалгыз уюң качан кеткен
сатылып,
Үйүңдө жок айран, сүтүң, быштагың.
Кара нанга күч чыгарат балдарың, Баш
оорутуп үтүрөңдөйт алганың.
Малкананда андан башка балээң жок,
Асып койгон турат эски балдагың.
Карманганың жалгыз торпок иш

бербей, Өлүп калган жазга чыкпай ал дагын.

Жылдан жылга куту качып корооңдун,
Калбай калды кирип, чыккан коногуң.
Корозуң жок, кошунаң да дагы жок,
Кызыр калды жалгыз кара тоогуң.
Тоок ордуна үйүңдөгү кызың бооз,
Кудай билет эми кандай болоорун.

Бул чындык го, сен да мен да күбөмүн,
Кайсы бирин айтып эми күйөйүн.
Курсак үчүн кетип жатат сатылып,
Келин, кыздар алмаштырып түнөгүн.
Айлап, жылдап тентип жүрөт талаада,
Долларларга арнап коюп жүрөгүн.
Коммерсант деп күндө айтып жат кылып,
Байкушуңдун жалгыз атын саттырып.
Мына эми желиң чыгып олтурат,
Тапканыңды таможняга тарттырып.
Калгандарын рекетке бересиң, Аны дагы
кете албайсың жазгырып.

Алганыңды ач - жылаңач калтырып,
Балдарыңдын баарын бүттүң жат кылып.
Налоговый, милицияны көргөндө, Көптөн
бери жүргөн өңдүү жактырып. Тытып
этин жегиң келип турса да,
Жылмаясың айла жоктон каткырып.

Үмүт кыла тилегениң жакшылык,
Ага койбой тирлик кысат шаштырып.
Камогуңда түн күзөтүп турасың, Ишиң
барат артка карай “жакшырып”.
Ойлоп көрчү пайдасына ошонун,
Бирер жолу жедиң бекен аш кылып.

Кол жуучудай таң эртеңки соодадан,
Жыгылчудай көзүң катып уйкудан.
Курсагыңды кулдуратып ачкалык,
Түкүрүгүң кылт - кылт жутуп сен улам.
Эми гана турганыңда “налог” - деп
Келет бирөө папке кармап жутунган.

Ажыратпай агы менен карасын,
Эптешиңче оптом - оптом аласың.
Тыйын коюп анча - мынча үстүнө, Аны
дагы кайра баштан сатасың.
Алармандын жатканы үчүн көөнү ооруп,
Ошондуктан сен байыбай жатасың.

Таап келген товарың бүт “самопал”, Же
эч жерде жакшылыктуу өтпөйт ал. Алда
качан бүт саттырып бүткөнсүң,
Корооңордо калбай калган чычкак мал.
Ачууңду анан чыгарасың эриңе,
-Таппаган соң тампаңдабай өлүп кал.

Эптеп эле бир нерсесин өөнөйүн,
Төрөсөм да мен байлардан төрөйүн -.
Абийириңди акчалууга алмашып, Эстен
чыгат үйдө күйөө сөрөйүн. Таштап
кетсе карганасың бир күнү, “Ой, ошонун
өлүгүн мен көрөйүн”.

Эңсеп жүрүп боломун деп мүйүздүү,
Каласың сен кулагыңдан айрылып.
Киргениңде сен шайтандын тилине,
Түшүнгөндө өкүнөсүң кайгырып. Же
үйдө эмес, же Чүйдө эмес каласың,
Өткөн өттү келбейт эми кайрылып.
Баш көтөртпөй улам тороп жолуңду,
Жокчулугуң жоорго айлантат жонуңду.

Аландайсың эки көзүң чачырап, Же
бир жерге топтой албай оюңду.
Максатыңдын бирине да жеткирбей,
Аргасыздык тушайт буту - колуңду.
Турмушуңда көрүнбөйт эч бурулуш,
Жетпей жатса каяктагы курулуш.
Батышпастан баягы эски тамына, Уул
- келиниң ортосунда күндө уруш.
Муундуруп, дагы кысып катуурак,
Укуругун мойнуна илет куу турмуш.

Отунуң жок жарып жага коюуга, Токту
уурдап кетиресиң кемчилик.
Текшергени келген кезде үйүңдү, Аландайсың
ач бүргөдөй секирип. Жалдырайсың - өзүң
сүйлөш кемпир - деп, Аялыңдын этегине
бекинип.

Тракторго жок болгон соң кара май,
Болгула деп карап турбай кана, ай.
Бала - чака, катыныңды бир каарып,
Жер челесиң өлгөнүңө карабай. Ак
эмгегиң колго тийсе мейли эле,
Аның дагы күздө болот таламай.

Түшүмүңдү өткөрө албай ай, жылдап,
Сөз угасың бир күн - мында апкелсин.
Көзүн сүзүп сорту начар экен - деп,
Турат бирөө кучактаган папкесин.
Тамекиңди кошо эгишип койгонсуп,
Сурайт сенин кайра өзүңдөн шапкесин.

Жерге да, суунга дагы налог салат, Ага
төк, буга төк - деп баса калат. Жай-
жайлап күнгө күйүп, белиң ооруп,
Саргарып тапканыңды тартып алат.

Эркиңди талашууга колуң кыска,
Каласың тагдырыңа айтып наалат.
Буга дагы жасайсың сен каниет,
Антпегенде айтчы, колдон не келет.
Издегендей минип жүргөн эшегин,
Апендиче “Бир чектирип койчу” - деп.
Колдо турган тамекиңди алдатып,
Көрүнгөндөн сурайсың сен сигарет.

Процентке акча алып өлө албай,
Болосуң сен көңүлүңдө орто бай.
Эгиндериң дары, суусуз чүрүшүп, Күздө
калат эч нерсеге жарабай. Кембагалың
ким карамак алына,
Тапканыңды өткөргүн дейт - бол, давай!

Алыс кетет айылдан чыгып атагың,
Колдо болгон мал - мүлкүңдү сатасың.
Көрүнгөнгө кайрылыш деп жалдырап,
Карыздарга кекиртектен батасың.
Тынчыңды алып, түрмө элестеп көзүңө,
Түшүңдө сен сыз бөлмөдө жатасың.

Куу турмуштун ачуу даамын татасың,
Келбей калат бул дүйнөдө жашагың.
Кеткиң келет башың оогон жактарга, А
өзүңдөн айтчы, кайда качасың.
Көпчүлүктө кредиттен сөз болсо,
Урдум - дейсиң дал ошонун атасын.

Сеникиндей баш жоксунбай эч кимде,
Төлөөрүңдү алгын аны эсиңе. Бермек
түгүл сен аларды кайтарып, Эртең эле
процентиң жетилсе. Кыйналбастан
жатайын деп тынчыраак, Бөз таба
албай жүрбө дагы кепинге.

Жетпей калып эч нерсеге өз күчүң,
Жогору жакка айтсам дейсиң күйүтүң.
Кимдер угат калкалашып өз башын,
Жатышса алар жакалашып күнү - түн.
Ишенбегин Ак Үйдөгү “агаңа”,
Андан такыр үзүп койгун үмүтүң.

Дагы эле баягы алдым – жуттумдар – ошолордун күнү туулду.

Кана чындап сүйлөшөлү ашына, Бир
сулууну олтургузуп кашыңа. Көп
жылдаган эмгек менен тапкансып,
Мингин дейли иномарка машина.
Кырсык болуп төгүлбөсүн бир күнү
Кайра айланып сенин кара башыңа.

Көңүл бурбай өтүп калган жашыңа,
Шляпаны баса кийип тазыңа.
Чындыгында чочкочолук эсиң жок,
Оонайсың сен саясаттын сазына. Канча
жылдар кашык менен чогултуп,  Кайда
кетти эл жыйнаган казына.

Жашабастан тообо кылып каниет,
Ойлоп алып жашоо деген бир келет.
Көңүл ачкын кыңшылатып кыздарды,
Кой сойдуруп күндө жегин жаңы эт.
Кыйынсынба кыйраткансып баарысын,
Кыңыр ишиң кырк жыл өтсө билинет.

Жөн жок эле жата бербей жеп наның,
Кел байкелер, ойлогула эл камын.
Туңгуюкка түшүп кетип баратат,
Ашыкчабы сенин элден, же жаның.

Тьфу акмак! - деп түкүрбөйбү бетиңе,
Ушундайда тийбесе эгер жардамың.

“Гумжардам” деп сага дагы, мага да,
Берип жатат кол учунан садага.
Чоңдор көрөт анын дагы үзүрүн, Артпай
жатат бечарага балээ да. Эриниңе
аздан коёт тийгизип, Буламыкты
жалаткандай балага.

Алтын, күмүш чекесинен ачылып,
Тоолоруңда жатат көбү чачылып.
Ээлеп алып келишкендер сырт жактан,
Бир четинен кетип жатат сатылып.
Ошолорду өзүң алсаң болбойбу,
Эштеңдейсиң неге мынча шашылып.

Жеткире албай таш көмүрдү, нефтини,
Кыргыз байым айла - амалың кеттиби.
Кайда калды фабрикаң, заводуң,
Тоноп бүттүң бүт баарысын - мейличи.
Чыгара албай калганыңда кашык да,
Же, башыңа эми гана жеттиби.

Сатып ийип жең ичинен тымызын, Кыя
бербей көпчүлүктүн ырысын.
Корксоңорчу акыреттин сотунан,
Ишсиз жүрөт канчалаган уул - кызың.
Өтө эле кеч боло электе баарына,
Эсиңе кел, айланайын кыргызым.

Күнүмдүккө кулу болуп акчанын,
Убактылуу кыйындыктан качпагын. Кыргызым
сен мейман доссуң деп койсо, Көрүнгөнгө
коюнуңду ачпагын.

Керек болот урпактарга кийин да,
Байлыгыңды кур талаага чачпагын.

Сата бербей керексиздей оштонуп,
Сен бир азга ойлоп көрчү токтолуп.
Алюминий, коргошунуң, жездериң,
Кетип жатат чекесинен жок болуп. Оо
кыргызым, кантип эле билбейсиң,
Кайра өзүңө атылаарын ок болуп.

Байке, байлар силерден бир сураныч,
Эки - экиден жакалашып күн алыс.
Көпчүлүктүн ишеничин актабай,
Калбагыла элден алып миң каргыш.
Эл башына мүшкүл түшүп турганда,
Эрдик кылып болгулачы бир калыс.

Кыйкырабыз бүтөлгүчө үнүбүз,
Кыргызстан баарыбыздын үйүбүз.
Алмаштырып ак сүйүүнү долларларга,
I love you - леп, сейлав йу - леп
жүрөбүз.
Баарын сатып эми уятты жеп бүтсөк,
Кандай болот кийин көрөөр күнүбүз.

Биз кыйынбыз, эгемендүү өлкөбүз,
Мактанабыз көкүрөктү ургулап. Аздан
берип жем койгондой капканга,
Акырындан жатат билсең тууралап.
Ойлогунуң бекер нерсе жоктугун,
Бир сом пулун миң сом кылып
туудурат.

Чычалабай чындык сөзгө көнөлү,

Болуш керек ар нерсенин өлчөөсү.
Теке эмес, төө да эмес не десем,
Аралашкан мээси менен өпкөсү.
Эмеспизби колдогуну кор туткан,
Биз чыныгы дөдөйлөрдүн өлкөсү.

Үнүң дале катуу чыгат кыйкырсаң,
Тайсалдабай тик карачы чындыктан. Кайра
айланып тийип жатат башыңа, Ташың
келип, өйдө карай ыргыткан. Бирөөлөрдүн
арты менен күн көрүп, Качанга чейин
жашайсың сен Кыргызстан.

Чет фирмалар ээлеп алып Бишкекти,
Сага “киргиз”, бармагыңды тиштетти.
Ээсин көрүп шыйпаңдаган күчүктөй,
Уул - кызыңды курсак үчүн иштетти. -
Туалетиң тазалоого макулмун -,
Жалдырашат - эптеп эле иш берчи.

Түрк, кытайлар ээлеп барат көчөңдү,
Мен Бишкекти таштап эми көчөмбү.
Чала түркчө, чала сүйлөп кытайча, Же
алардын таасирине өтөмбү.
Ажыкыздай ача бербей коюнду, Ээ
кыргызым кыссаң боло к...ндү.
Корпорейшн Америка, Канада,  Толуп
жатат андан башка жана да. Бөлүп
берип жерлериңдин баарысын, Анан
өзүң калып кетпе талаада.
Чымчык деле коргойт тура уясын,
Кыргызбайым алды - артыңды кара да.
Бир сайраган чымчыкчалык боло
албай, Өз багыңдын бутагына коно
албай. Тамаша деп откo түшүп
калбайлы, Төгүлгөн соң кайра баштан

толо албай. Четибизден сатылбайлы
базарга, Андай күндү көрсөтпөсүн
Кудай ай.

Жасачудай чын көңүлдөн жакшылык,
Жаткан жокпу ак жолуңдан жазгырып.
Моюнуңду сыйыртмакка илген соң,
Кеч болбойбу, кылган менен каршылык.
Байка боорум, дагы бир күн жүрбөсүн,
Өз көрүңдү дал өзүңө каздырып.

Ойногондо сен от менен ойнодуң,
Кандай болот эртенкини ойлогун.
Бергиниң деп алганыңды кайтарып,
Мокок бычак менен кыйнап сойбосун.
Карызыңа катыныңды берсең да,
Албайт, эстен түк чыгарып койбогун

Бир өзүңдөй ойлой бербе сен баарын,
Жумурткадан кыр чыгарып аларың.
Жакшысың деп жалган эле жонго чаап,
Ойлойт сени кантип алдап алаарын.
Жерди, сууну баарын сатып бүткөн соң,
Ойлогунуң өзүң кайда бараарың.

Башкаргандар бөтөлкөдө тыгындай,
Жүрө берсе эч нерсеге чыгынбай.
Жарытылуу бир маселе чечпестен,
Дыңылдаса кыкка үйүлгөн чымындай.
Сырыбыздын баарын алып бүткөн соң,
Өзүбүздү чегип коёт чылымдай. Колдо
болгон дүнүйөнү кымтылап, Ач
көздөнүп алар кайда умтулат.
Тамырыңды бирден-бирден жулбайбы,
Болбогон соң араңарда ынтымак. Кор

болосуң кокус бийлик алмашса,
Ушунчаңда акылга кел, тизгин тарт.
Кредитти ала берип чет жерден,
Карыздарга батып бүттүң белчеден.
Ансыз деле жондор турат жукарып,
Төлөйбүзбү долларларды сен жеген.
Кимдер болот эртең ага күнөлүү, Аны
дагы көтөрөбү эл деген.

Жөн жок эле жатат дебе каралап,
Көрүп жүрөм элдин ичин аралап.
Депутаттар салдырышат бюллетень,
Кыйратам деп арак куюп паралап. Эми
элим ишенебиз биз кимге,
Деги заман кайда кетип баратат.

Улуулугун сыйласаң да келменин, А
сен деле ошолордой пендесиң.
Көпчүлүктөй адам болуп төрөлүп, Бул
дүйнөгө бакыт издеп келгенсиң. Бул
жашоодон буйруганын алсам деп,
Кызыктыраар сени деле эртеңкиң.

Сүйлөшөлү сен кедей да, мен кедей,
Чындык сөздөн качпагының шоркелдей.
Эгер болсо ойгонсунчу намысың, Сөз
айтамын кулак салчы жок дебей. Шум,
кесептер териң сыйрып жатса да,
Болбойбу же бирер жолу жок демей.

Көпчүлүктөй ак бешикке бөлөнүп, Неге
келдик бул дүйнөгө төрөлүп.
Чакчарылган байлар менен бийлерден,
Энчибизди ала албасак же бөлүп.
Илкип, калкып жүргөн менен жашоодо,
Эмеспизби байлар үчүн тирүү өлүк.

Кембагалым ойгон - ойгон уйкудан, Тээ
илгери өткөн экен кул заман. Байлар
бизге бөлүп бербейт таратып, Өз
эркиңди талашып сен албасаң.
Бөркүндөй кор жүрө берсең ушинтип.
Кайра айланып кул, күң болуп
калбасаң.
Кул замандар кайра айланып келбесин,
Кудай бизге эми андайды бербесин.
Түгөнгүрлөр түшүп кетсин түпкүргө,
Каракчыдай карай албай эл бетин.
Куттуу элге каалагандар жамандык,
Жесе деймин дал өзүнүн келдесин.

Ойлонбостон баштап ийчү оюнду,
Мээси жоктор билип турам оюңду.
Кулкунуна куюп алган карыз үчүн, Эми
саткың келип турат тогуңду.
Карайлаган караңгыда там сүзөт,
Мыкчегерлер, мыкчып калба богуңду.

Эми сатсаң кыргыз аба жолдорун,
Мына ошондо анан чындап оңгонуң.
Жыл айланып кайра төлүн алгыдай,
Самолёттор эмес сенин койлоруң.
Каран күндү үйүп алба башыңа,
Кыргыз байым ошол жагын ойлогун.

Тууган жердин сезбей ыйык экенин,
Сүт бергени жакшы дешип текенин.
Араң турат чет өлкөгө качууга, Сатып
ийип туулган Ата Мекенин.
Андайларды урсун элдин каргышы,
Айланышсын ак сүтүнөн эненин.

Күндө майрам, күндө болуп сага той,
Тура бербейт ал жагын да ойлоп кой.
Ушунчаңда сурап элден кечирим, Эсиң
болсо каталыгың эми жой.
Түркүк болгон адам барбы дүйнөгө,
Тизгинди тарт айтаар сөзүм ошондой.
Ак үй жакка күндө кулак түрөмүн,
Жакшылыктан үзбөйм дале күдөрүм.
Кайратына ишенемин кыргыздын, Бир
жакшылык болооруна күбөмүн.
Гүлдөөр кезиң кыйындыктан бошонуп,
Али алдыда - сезет аны жүрөгүм.
Башка жактан издебестен бирөөнү,
Мекен үчүн биз өзүбүз күйөлү.
Ошондуктан кыргызымдын баарысын,
Жыйнап туруп бир муштумга түйөлү.
Жакшылыкта, жамандыкта бир туруп,
Кол кармашып ынтымакта жүрөлү.

Бизге эртең кубанычтуу таң атсын, Эң
алдыңкы өлкөлөргө жанашкын. Кана
күүлөн, кыргызымдын жаштары, Сен
элиңе уча турган канатсың.
Көтөрөлү ынтымакты туу кылып,
Колдой көрсүн арбагы эр Манастын.

Карап көрчү жериң бейиш, суу кенен,
Тоо, ташыңда толуп жатат кен деген.
Башкаларга тили кысык кылбастан,
Жумуш тапчы уул, кызыңа тентиген.
Талыкпаган эмгек жасап эл үчүн,
Бирге болуп чечишели эл менен.

Күйгөндүктөн сөздүн айттым чындыгын,
Куруп бүттү, өчүп сенин ындыны͏ң.

Дубананын кейпин кийип турабыз,
Калбай калды сандык эмес, сындыгың.
Кур намыска көкүрөктү урбастан, Эсиңе
кел ушунчаңда кыргызым.

Башкаргандар иш кылгыла ойлонуп,
Кыжыры элдин толуп бүттү топтолуп.
Тосмоңорду чабындыга айлантып, Бир
күн каптайт минте берсең сел болуп. Көз
көрүнөө топтой берип каргышты,
Түкүрүккө чөгүп кетпе көл толкуп.
Кошоматка керт башымдын камын жеп,
Айта албаймын ууру, бөрү жакшы деп.
Каракчылар алса коркпойм башымды,
Жандарына жакпай калып айткан кеп.
Болмоюнча элине бир жакшылык,
Ырым муңдуу чыга берет жанын жеп.
Аркасынан кууй бербей тыйындын, Сен
өзүңдүн намысыңа сыйынгын.
Урпактарга керек болот эртең да,
Ырыскысын уурдаба уул - кызыңдын.
Кыргызым ай, кутуң учуп турбаса,
Үнү башка чыкпайт беле ырымдын.

Өзүңчө эле акылман болуп, башкаларга асылбай жөн жүр – деймин кээде өзүмө, бирок баарын көрүп туруп чыдай албай кетем.

Боло бербей өзүңчө эле акылы бай,
Койгун деймин, башкаларга асылбай.
Сүзөм дейсиң каршы туруп агымга,
Ошондуктан ырың келет басылбай. Күнөө
кылбас пендесиңби сен эле, Айткын
деймин абийириңден жашырбай.

Кызмат үчүн кошоматка кой союп,
Жасадың го өзүң деле көп жорук.
Жашап келдиң белен тамак үстүндө,
Иш кылбадың белиң ооруп, көл жооруп.
Ашып өтүп адамдыктын чектерин,
Көңүл ачтың арак ичип, кыз соруп.

Жалгыз калып төшөгүндө алганың,
Бирөөлөрдүн колун канча кармадың.
Көпөлөктөй жаңы гүлдү самаган,
Сулуулардан сулууларды тандадың.
Башка жактан болсо болоор, а бирок,
Аял жактан калбагандыр арманың.

Ишеничин актабастан өкмөттүн,
Сызыгынан башка жакка көп кеттиң.
Теңиңе албай майда - чүйдө нерсени,
Теңир сүйгөн тентек болуп көөп кеттиң.
Күнөөлөрүң алгың жокпу мойнуңа,
Баштан эле мына ошондой көк бетсиң.

Өкмөт берген машинада чалкалап,
Арак ичтиң бөтөлкө эмес чакалап.
Жолборс болуп жол бербедиң эч кимге,
Жатса дагы чогулушта такалап. Кана
деймин кыйшаңдабай жооп берчи,
Жатат десең жөнсүз эле жалаа жаап.

Кое тургун чычалабай, ашыкпа,
Шылтабагын бүт баарысын жаштыкка.
Башкалардай убагында сен деле, Көп
эле иш жасагансың ашыкча. Момун
болуп эч нерсени билбеген,
Алдастаба жээкте калган балыкча.

Койгун деймин - аша чаппа жаңылба,
Намыс оту кайнай түшөт канымда.
Каршы туруп көр напсиге абийирим,
Кайра өзүмө - өзүм кылам каяша:
“Менин дагы жакшы жагым бар чыгаар,
Кошпогунуң наамарт жандар сабына”.

Ал кездерде башка болчу заманың,
Жалабагам мен эч кимдин таманын.
Кошо чуркап көрүнгөндүн артынан,
Кошоматка кой сойдуң деп айтпагын.
Жолобогом андай ишке таптакыр,
Бул чындык го аны кантип танасың.

Жүргөн менен арак ичип чакалап,
Бирөөлөрдү кемсинтпедим жакалап.
Кызмат үчүн кылыктанып түлкүдөй,
Барбаганмын чоңдун үйүн сагалап.
Ошондуктан өспөй калган себебим,
Баары келип ушул жерге такалат.

Ал кездерде мен жигиттин өктөмү,
Шумкар элем атырылган көктөгү. Канча
кыздар карааныма зар болуп, Мага
гана кол берүүнү көксөчү.
Тепсебегем биринин да намысын,
Болот андай, кыз сордуң деп сөкпөчү.

Үй бүлөсүн бузган жокмун бирөөнүн,
Андай иштен таза болду жүрөгүм.
Бирөө жарым жалгыздыктан жадаса,
Көрүп туруп андан бетер жүдөдүм.

Колдорумда мүлкү турду өкмөттүн,
Алабы деп, жулабы деп көп күттүң.

Там салбадым же машина албадым,
Жасайм дедим келген кезде өз күчүм.
Насип кылган ырыскымды терип жеп,
Нысап кылып тапканыма жөн жүрдүм.

Мээни жеген бассам - турсам болуп курт,
Сен ичиңден шыкасаң да - алгын, жут.
Колум менин андай ишке барбады, Уят
деген болот экен улуу журт. Чеңгел
салып агытпадым напсимди, Эсиңе
алып аны дагы эске тут.

Бирөө өссө көтөргөнмүн бутунан,
Далай ирет жакшылыкка умтулгам.
Көпчүлүгү максатына жеткенче, Боло
калчу көңүл кыйбас бир тууган. Кайра
кайтып жаман менен жакшылык,
Күндөр болду көңүл калып ден сууган.

Бул дүйнөнүн таттым балын, азабын,
Жакшыларын көрдүм дагы казабын.
Ырдап, ыйлап көпчүлүктүн бириндей,
Араладым тирүүлүктүн базарын.
Жалгыз гана ушунума мактанам,
Абийиримдин алдында мен тазамын.

Тагдыр менин туура тосуп жолумду,
Бечарага суна албадым колумду.
Беттешүүгө чөнтөк жука, тил кыска,
Айта албадым ойлоп турган оюмду.
Бир жөнөкөй көрүүчүсү катары,
Көрүп келем жашоо койгон оюнду.

Кур сөз эмес бекер эмес мактаныш, Так
жылдырбай чеңгелимен бир карыш.

Бир аз эле каалоом менин болгондо,
Колдон келмек чоң столду башкарыш.
Бечаранын ырыскысын уурдап жеп,
Каалабадым бир башыма миң каргыш.

Чын умтулсам билим жетмек, тил жетмек,
Өкмөт башы кыйындарга теңелмек. Эл
үчүнбү? Башка максат таптакыр,
Жатышпайбы бири бирин тебелеп. Бар
максаты мансап күтүү болгон соң, Андай
жерде уят - сыйыт не керек.

Баш тартканмын бул өзүмдүн сырым да,
Байлыктан да бийликтен да чынында. Өз
элимдин ысык - суугун бөлүшүп, Башым
ийип бүгүлсөм дейм сыйына. Кайгысын
да кубанычын да бөлүшүп, Көтөрсөм деп
тилек кылам ырымда.

Ал агамдын биринчи турмушунан жолу болбой, бирок кантсе да биринчи көз ачып көргөн түгөйүн такыр эле унута албай койгонун төмөнкү жазган ырларынан окуп түшүнүүгө болот.

# Сүйүү өзү ушунчалык туруксузбу, биз аны, же бейчеки урундукпу.

Эңсөөлөр жаңылуулар миң болсо да,
А жүрөк ар адамда бирөө болот.
Жалгыз мен жүрөгүңдөн орун алып,
Калгамын түбөлүккө анда орноп.
Андыктан өмүр токтоп калгычакты, Сен
мени унутууга акың да жок.

Бул турмуштун өрттүү суусун көп кечтим, Мезгил
өттү, акылыма кеч келдим.
Тарынууну, жаңылууну кечирип,
Келет дале сени менен элдешким.
Бирок эми сынган көңүл бүтөлбөс,
Бактыбызга жардам кылбайт эми эч ким.

Убагында билбей калдык жаңылып,
Жүрөгүмдө күйүт күчөйт жаңырып. Эми
экөөбүз эки башка өлкөбүз,
Турмушубуз болду жалган жаңырык.
Бул дүйнөдөн арман менен өтөөрбүз,
Жалгыздыктын жаман тонун жамынып.

Ыйласаң да жетпес болуп дабышы,
Артта калды эми ал кездин баарысы.
Башка жактан издегенде баары бир,
Табылбастыр чын сүйүүнүн дарысы.
Өмүр бою сени гана сагынып, Эңсеп
тураар жүрөгүмдүн кагышы.

Айлуу түн ошол кездер эсиңдедир,
Укмуш сөз арнашканбыз не бир, не бир.
Аялуу арабызда шертти бузуп, Ортодо
сүйүүбүзгө кылдык кесир. Экөөбүз эки
башка үй күтсөк да, Жүрөктөр өмүр бою
калды жесир.

Бакыттын бизге дагы күнү тийип,
Чөмүлдүк махабатка улуу, бийик.
Өлтүргөн өзүбүзгө күнөө коюп,
Жүрөктөн ыйлап келем башым ийип.
Экөөбүз тирүү басып жүргөн менен,
Сүйүүбүз кала берди кара кийип.

Жашообуз омкорулду түбү бошоп,
Сүйүүнү күтө албадык адамга окшоп.
Өлтүргөн эң алгачкы махабатты,
Жетимбиз аныбызга эч талаш жок.
Канчалык каалаcак да бириге албай,
Жүрөктөр өмүр бою кошоор кошок.

Кышта тоңуп жайда ысык өтпөгөн,
Дарак болдум жарым куурап көктөгөн.
Не кыларым өзүм дагы биле албай,
Сени эстесем өчөм кайра өрттөнөм.

Чабалактап уктай албай кыйналып,
Көп күндөрдү кирпик какпай өткөрөм.
Сөгүп сени кайра дагы сагынып, Бир
убакта толом дагы бөксөрөм.

Кыялымда бийик самап жүрүүчү,
Тилегиме жетпей калдым көксөгөн.
Жүрөктү ээзет эки сезим тең келип, Бир
мезгилде сүйөм дагы жек көрөм.

Өзүмдү алдап унуткамын десем да,
Ыйык сезим жашайт дале өчпөгөн.
Кыжырланып канчалык жек көрсөм да,
Өмүр бою сүйө берет өңдөнөм.

Кутулуп убагында өзүмөн сен,
Ишенбейм чоң бакытка жеттим десең.
Себеби өмүр бою сүйүү өлбөйт,
Андыктан сезимиңде жашай берем.
Сен менин кадырымды эстегенде,
Көзүңдөн жашың агаар эчен - эчен.

Дүйнөдө сен бактылуу боло албайсың,
Эске алып бул чындыкты туура түшүн.

Сенин да жан дүйнөңдүн баары
жалгыз, Бул жакта мен бозоруп калган
үчүн.
Болгону жалгыз - жалгыз көтөрөбүз,
Тагдырдын мойнубузга арткан жүгүн.

Эңсөөлөр, жаңылуулар миң болсо да,
А жүрөк ар адамда бирөө болот.
Жалгыз мен жүрөгүңдөн орун алып,
Калганмын түбөлүккө анда орноп.
Андыктан өмүр токтоп калгычакты, Сен
мени унутууга акың да жок.

Тагдыр сени мага насип кылбаптыр,
Буйрук экен ажыраштык экөөбүз.
Кайра баштан канча аракет кылсак да,
Кесилишпейт эми басаар көчөбүз. Жалын
болуп кайра баштан жана албай,
Акырындап бара - бара өчөөрбүз.

“Түбөлүккө мен сендикмин” - дечү элең,
Көкүрөккө башың коюп эркелеп.
А мен дагы сылачумун чачыңдан,
Өзүмчө эле жерге батпай энтелеп.
Ушунчалык тез түгөтүп алдыкпы, Биз
экөөбүз сүйүүбүздү эртелеп.

Биз жеңилип сокур намыс сезимге, А
мен сенден, сен да менден ажырап.
Эми кайра кезигишкис болсок да,
Үмүт менен жол карайбыз жалдырап.
Акырындап ак аралай саамайды,
Өмүр болсо мезгил жулган жалбырак.

Олтурамын отту жагып үңкүрдө,  Толуп
- ташат көөдөндө бир кусалык.
Акырындап чогулуп тамчы болуп,
Таштын жашы бутума жатты тамып.
Ыйлабадым, ордума таш ыйлады,
Менин жашым таш болуп калган катып.

Жылдар бою топтолгон көңүл жашы,
Ташты дагы эзгенге күчү жетээр.
Сен да мага кошулуп ыйламаксың,
Жалгыздыгым чын дилден сезсең эгер.
Жүрөк дартын эч нерсе өчүрө албайт,
Башкаларын а балким жууса кетээр.

Эгер күнөө бир гана менде болсо, Төшү
түктүү кара жер болсун калыс.
Карааныңа баш ийип жүгүнө албайм,
Андай ойдон деги эле болгун алыс.

Көлөкөңдөй артыңдан ээрчийт дебе,
Жол бербестир андайга улуу намыс.
Ажыраштык так калды жүрөктөрдө,
Жылдар жууп мезгилдер өчүрө алгыс.

Мактансам мактанчуудай жигит элем,
Кол сунган жаш сулуулар эчен - эчен.
Ичине жүрөктөрүн салып туруп,
Беришкен далай - далай каттар менен.
Тоготпой мүмкүн кесир кылгамбы деп,
Азыр да ал кездерди ойлоп кетем.

Жаштык кездин кумарына тойбогом,
Сүйүүнү мен шылдың кылып ойногом.
Өрттөнөөрүм, күйөөрүмдү жөн эле,

Ошол кезде эсиме алып койбогом.
Убагында кадырыңа жете албай,
Ошон үчүн күйдүмбү деп ойлоном.

Бир мен эмес турмушунан айрылган,
Ойлоп кетем ага неге кайгырам. Өмүр
бою жок нерсеге умтулуп, Адамзатты
акылынан тайдырган. Турмуш балким
ошон үчүн кызыктыр, Турган үчүн
ажырашуу, кайгыдан.

Калган көңүл кайра айланып келчүбү,
Алып бүттүң менден алаар энчиңди.
Сендей болгон дагы бирөө табылаар,
Бул дүйнөдө жалгыз гана сенсиңби.
Колду шилтеп тетир басып кетүүгө,
Кантем, кантем “сүйүү” деген элчимди.

Жалынып улуу сөздү сүйүү делген,
Жалбарып далай күнү издеп келгем.
Сөздөрүң даа бир ирет эстеп көрчү,
Сен үчүн жанымы да берем деген. Деп
ойлоп - кыз көңүлүн калтырбайын,
Андагы айтканыңа мен ишенгем.

Көңүлүм канча муздап тоңду сенден,
Көз жашым көп болду го аккан селден.
Тилимди тишке басып чыдап жүрдүм,
Уялып бизди курчап турган элден.
Алмаштың бакытыңды башкаларга,
Кем эле ошолордон менин эмнем.

Айланып чоң кудайдан сени берген,
Бакыттан экөөбүздүн үмүт эткем.
Тилегим бассам - турсам ошол болчу,
Турмушта болбойлу деп бирөөдөн кем.

Баалабай бир берилген бакытымды,
Башымды өзүң болдуң аттап кеткен.

Гүл элең сен мен үчүн, назик өскөн,
Кыялың жактырчумун тунук, өктөм.
Башканын сугу кокус түшпөсүн деп,
Дайыма кызганчумун суук көздөн.
Калды го ушунчалык сенден көңүл,
Төгүлгөн такыр эми толбос бөксөөм.

Кайгырып эми ыйлагын мейли өкүр,
Кайрылып кайра келбейт жаштык өмүр.
Төгүлгө аяк болсо кайра толоор,
Толбостур кайра баштан калган көңүл.
Ишим жок эми мага жат адамсың,
Күнөөгө башың менен батып чөмүл.

Бирибиз эрегишип бирибизге, Кеткисиз
так калтырдык дилибизге. Эмгиче баш
катырып жооп издеймин, Күнөөнүн
көбүрөөгү кимибизде. Экөөбүз ысык
жашап кете албадык, Жөн эле айткан
менен тилибизде.

Туруштук бир толкунга бере албаган,
Болдук го экөөбүз тең бечара жан.
Сүйүүбүз ушунчалык кыска беле,
Ичиме күйүт толот аттиң арман.
Өзүбүз канча каалап турсак дагы,
Сен мага - а мен сага жолуга албайм.

Экөөбүз биргелешип чечип туруп,
Сүйүүдөн турмуш деген кеме куруп.
Сүзөөрдө келечекке багыт алып,
Кыйратты тагдыр деген толкун уруп.

Чабалдык кылдык окшойт башкарууга,
Агызды агымдары тетир буруп.

Өз үйүбүз күлгө айланып кулады,
Түтүнүбүз эки башка булады. Тыңшап
койбой көңүл толгон кайгыны, Керең
болду куу тагдырдын кулагы.
Турмушумду каптап жатты сел болуп,
Жүрөгүмдөн аккан ыйдын булагы.

Ардагым менин алгач махабатым,
Алыста аман - эсен жүрөсүңбү.
Сезимге көз ирмем да тынчтык бербей,
Бүтүндөй ээлеп алдың жүрөгүмдү.
Караймын кайра - кайра колума алып,
Качанкы бирге түшкөн сүрөтүңдү.

Жашоодо алга карай шыктандырып,
Маңдайда чолпон элең жанып турган.
Апакай асманыма көркүң кошуп, Сен
элең ак кептерим кайып учкан.
Кол салып капыс жерден бактыбызга,
Оңбосун арабызды биздин бузган.

Жетпеген болжолдогон мерчемине, Ок
болдук атылганда кеткен кайып.
Алданып сокур намыс куру сөзгө,
Түшүнбөйм кимибизден кетти айып.
Ушунча ысык жашап туруп эле,
Болбогон бир нерседен ажыраштык.
Көңүлдү өксүү менен арман ээлеп,
Бир басчу жолубуздан калдык тайып.
Өткөн кез бирге жүргөн эстен кетпей,
Элесиң минутка да тынчтык бербей.

Экөөбүз ажырашып калдык эми, Мен
барбай же болбосо өзүң келбей.
Дүйнөнү миң кыдырып издесек да,
Табылбас мага сендей, сага мендей.
Жаңылып бир кетирген кемчилибиз,
Толбойт го өмүр жарды, жашоо кедей.

Кыйналам жан коерго жер таба албай,
Сагыныч куса болуу жүрөктү эзип.
Өмүрүм түккө дагы арзыбастан,
Жүргүчө өзүмдү өзүм макоо сезип.
Колума таяк алып баарын таштап,
Кетсемби дубанадай дүйнө кезип.
Билгизбей бир өзүмдүн каалоом менен,
Кээ бирде кетким келет жандан кечип.

Сыртымдан сыр алдырбас болгон менен, Ичимди
кайгы, санаа бүт жеп келет.
Билбеймин мага ошондой сезилеби,
Дүйнөдө мендей сүйгөн жарала элек.
Карааның көз алдымдан такыр кетпей,
Сагыныч кусалануу жүрөктү эзет.
Сен дагы менден бетер эзилээрсиң, Дүйнө
оомал, сага дагы келет кезек.

Түшүнбөй азыр мени кеткен менен,
Канчага жүрөөрүңдү көрөм чардап.
Күнүмдүк күлкү менен азгырыктан,
Каласың бир күнү эле өзүң чарчап.
Ошондо карааныма зар болоорсуң, Кеч
болоор ыйласаң да зарлап - зарлап.
Өтөөрсүң таштандыда гүлүң соолуп,
Өзүңдү өмүр бою өзүң каргап.

Ошондо бүт баарына кеч болоор дейм,
Кетээрмин башка менен турмуш куруп.
Сенин да жүрөгүңдү боштук ээлеп,
Калаарсың менден бетер улутунуп.
Малынып жалгыздыктын тозогуна, Сен
дагы эзилээрсиң тирүү туруп. Көз
көрүнөө калып кеттик биз каргышка,
Биз шылдың кылабыз деп сүйүүнү улук.

Бакытым, бүт өмүрүм сендик деген,
Жөн эле ооз учунун жели белем.
Өзүмдөн артык сага ишенчүмүн,
Кантейин ушунчалык жеңил белең.
Туруштук бир толкунга бере албадың,
Турмушта болбойт го акыр баары белен.

Сен дагы мени өзүңө окшоштуруп,
Алдыңбы сүйүүбүздү эрте өлтүрүп.
Болбосо ошондогу тилек кана,
Антташкан бак түбүндө бирге олтуруп.
Азыркы абалыңа түшүнө албайм,
Жөн эле жүрсөк керек ооз толтуруп.

Ошонун бүт баардыгы бекер беле,
Күнөөнү жалгыз мага коет дебе.
Билбеймин кандай ойдо жүрөсүң сен,
Мендеги жылуу сезим өчпөйт дале.
Ойлой бер мен жөнүндө жаман ойду,
Бирок да чын сүйүүнү тебелебе.

Сүйүүмдү келет менин тепсеп салгың,
Жөн эле куру аракет билсең аның.
Жашооңдон менин атым өчүрүүгө,
Канчалык аракет кыл келбей алың.
Жалгандан - канча мейли каргасаң да,
Ичиңден кайталайсың “жаным, жаным”.

Бир азырак убакыт күткөнүңдө, Мындан
да күчтүүрөөк сүйбөйт белем.
Таманыңды катуураак жерге койбой,
Колдорума көтөрүп жүрбөйт белем.
Менден кетип өзүңө өзүң кылдың,
Кош дегенден башка эми, не дейт элем.

Кадимки адамдардай жуурулушуп,
Кете албадык экөөбүз турмуш куруп.
Аргасыздан биз эми ажыраштык,
Көзүбүздөн сел агаар жаштар жууп.
Аргасыз жетим аталаар балдарыбыз,
Экөөбүздүн көзүбүз тирүү туруп.

Сен эле мени таштап кеткениңде, Кана
эми максатыңа жеткендигиң. Менден
тың менден көрө акылдуураак,
Көрбөдүм түгөй таап кеткендигиң.
Көбө бербей көп эле ошондуктан,
Сезүү керек ар адам пенделигин.
Жүрөгүңдү капалык кылып түнөк,
Жалгыздыгың жаныңа батып жүрөт.
Айрылып адашканың эстегенде,
Денеңди ичиркентип кайгы үшүтөт.
Башың коюп жаздыкка күндө
ыйлаарың, Менден башка ойлочу, ким
түшүнөт.

Кош болгун кызыл гүлүм, өмүр жазым,
Кем беле башкалардан менин бактым.
Бейчеки сени сүйүп көп короттум, А
балким билсем дагы өмүр азын.
Канымдан сыя жасап эл айткандай,
Сага арнап, бул ырларды сага жаздым.

Бул турмуштун өртүн, суусун көп кечтим,
Мезгил өттү акылыма кеч келдим.
Тарынууну, жаңылууну кечирип, Келет
дале сени менен элдешким. Бирок эми
сынган көңүл бүтөлбөс,
Бактыбызга жардам кылбайт эми эч ким.

Арадан жылдар өтүп эчен - эчен,
Арабыз сууду эми, болду дегем.
Билбепмин анда катуу жаңылганым,
Күн эмес мүнөт сайын сен деп келем.
Өзүмө эстебе деп буюрсам да, Сүйүүгө
буйрук берип болбойт экен.

Экөөбүз ажырашып кеткен менен,
Баары бир сени гана эстей берем.
Жалынам азыр деле элесиңе, Берекем,
алгач сүйүүм, жаным эркем. Сени
эңсеп арман менен өтөөр өмүр,
Тагдырга буйрук берип болбойт экен.

Мага эми тиешең жок болгон менен,
Карааның көп ичинен издей берем.
Өзүңсүз жашоом жарты экендигин,
Өтө кеч өтө эле кеч түшүндүм мен.
Баарына буйрук бергин мейли канча,
Сүйүүгө буйрук берип болбойт экен.
Көзүм көр, азыр билсең кулак керең,
Арзыбайт тыйынга да жашоо деген.
Бир гана элесиңди медер тутуп,
Милдетин тирүүлүктүн өтөп келем.
Жашаган сени менен бир күнүмө,
Эмкинин далай жылын берээр элем.

Кээ бирде жүрөгүмдү ыза тебет,

Баарына колду шилтеп кетким келет.
Айланып кайра сага келе берем,
Түшүнбөйм өзүм дагы эмне себеп.
Башканы кечирбесмин мынча чыдап,
Сыйлаймын сени чындап, сүйөм демек.

Кош болгун башка не дейм тагдыр экен,
Бир жашап кадырыңа мен жетпегем.
Тариел,Автандилдер, Мажнундарың,
Менчелик сүйө албаган аны билем.
Дүйнөдө канча турсам сен деп жашап,
Дүйнөдөн кеткенде да, сен деп кетем.

Сени эстеп калем алсам колума, Жүрөк
кургур зырп дей түшөт оолуга. Акыр
бир кун ажырашаар болгон соң, Анда
неге туура турдуң жолума.
Каркырадай каректерим чачырайт,
Жалгыз калган кошула албай тобуна.
Канакей жүргөн кездер кыналышып,
Бирибиз - бирибизге куп жарашып.
Маңдайга жазылганы ушул беле,
Калдыкпы жолубуздан биз адашып.
Акыры ажырашаар болгондон соң,
Экөөбүз анда неге кол кармаштык.

Кете албай көпчүлүктөй турмуш куруп,
Айрылдык экөөбүз тең тирүү туруп.
Күнөөнү өзүбүздөн издейличи,
Сүйүүгө күнөө койбойм, сүйүү улук.
Сындырган жакшы көргөн оюнчугун,
Калдык го жаш баладай улутунуп. Дал
ошол сынып калган оюнчуктай,
Калаарбыз бара - бара унутулуп.

Турмуштун бул кызыгын жүрчү көксөп,
Экөөбүз болбойт беле бирге көрсөк.
Тагдырдан баштан эле буйрук беле,
Армандар ичте калып жалгыз өтмөк.
Бөксөргөн бактыбыз толбос эми,
Канчалык капа болуп жашты төксөк.
Даpактай ичи көңдөй, куурап калдык,
Тургандай көрүнсөк да сырттан көктөп.

Каната жүрөгүмдү басып кеткен,
Уялбай калган изиң өпкүм келет.
Канчалык элесиңди кууган менен,
Кетпестен көз алдымда тура берет.
Унуткам, унутканмын - деген менен,
Дагы эле бир өзүңдү сүйөм демек.

Бир кезде өзүм чанып таштап кеткен,
Бакыттын үзүмүн да таппай келем.
Жашоодон андан дагы көптү самап,
Ойлосом көп кемчилик кетиргем бейм.
Кайрылса ошол кездин көз ирмеми,
Боорума баса калып өппөйт белем.

Сүйүүнүн кадырына мен жетпегем,
Убакыт жууп кетет, өлөт - дегем.
Мүрөктүн суусу менен жууса кеткис,
Көңүлдө арман калды көкөй кескен.
Өлөөрмүн ажал жетсе балким өзүм, Эч
качан улуу сүйүү өлбөйт экен.

Көңүлдү ойлор ээлейт түпсүз, сансыз,
Чыга албай туткунунан улуу намыс.
Башкача иш кылууга мумкун болбой,
Айрылып бир өзүңдөн калдым алыс.
Сенин да күнөөң тоодой экенине,
Түктүү жер, көгөргөн көк болоор калыс.

Шерт кылып сени такыр ойлобоого,
Өзүмө күндө убада бере берем.
Убайым, сары санаа, сагынуулар,
Курт болуп эзип келет ичтен жеген.
Жүрөгүм жарылчудай көөдөн ысыйт,
Билбеймин не кылаарым кантем, кантем.

Сенин да боштук ээлеп жүрөгүңдү,
Билемин күндө ойлоп жүрөөрүңдү.
Аргасыз алаксыган болгон менен,
Түшүнөм мени гана сүйөөрүңдү.
Эмесе неге илип алмак элек, Чоңойтуп
бирге түшкөн сүрөтүмдү.

Дагы эле мени менен жашаганда,
Болмоксуң кадыры жок сен бир катын.
Айрылып азыр сенден калганымда,
Кайталайм жүрөк канап күндө атың.
Ушул сөз бекеринен айтылбаптыр, -
“Жоголгон бычагыңдын сабы алтын” -.
Кенебей колдогуну кор кылууга,
Ушундай жаралабы адамзатың.

Муңканам өткөндөрдү эстеп - эстеп,
Мындан да жакшысына жетемин - деп.
Байкабай коюнумда жаткандыгын,
Жүрүпмүн бакытымды өзүм тепсеп.
Жоготкон бакытымдын баары эмес,
Табууга бир үзүмүн келем дегдеп.
Катаны кадам сайын кетирүүгө,
Келеби бул дүйнөгө, адам демек.

Умтулуп жаңысына эски жаман,
Чачылып өмүр чиркин болот саман.

Мүйүздүү боломун деп эңсей берип,
Айрылып калабыз го кулактардан.
Жаштыгым бир айланып келсе го деп,
Кейийбиз бармак тиштеп жетпеске анан. Жаралган
өзүн - өзү алдоо үчүн,
Ушундай бактысызбы шордуу адам.

Ошол мезгил бүгүнкүдөй эсимде, Кол
кармашып жүргөн кездер ыр ырдап.
Асманыбыз капыс жерден түнөрдү,
Бактар ыйлап, бакта өскөн гүл ыйлап.
Булут дагы алыс учуп кете албай,
Бут алдында чырмалышып ылдыйлап.
Ушунчалык ысык сүйүп турсак да, Биз
экөөбүз ажыраштык жан кыйнап.

Жаз келсе туш - тарапка жер көгөрүп,
Жадырап жер жайнаган гүлдөр өнүп. А
менин жүрөгүмдө муздар тоңот,
Кыйналам ал ансайын көңүл чөгүп.
Калтырайм, эми гана кыш келгендей,
Дүлөймүн кулак укпай, сезим өлүп.

Себебин түшүнөсүң өзүң деле,
Экөөбүз ажырашкан жаз айы эле.
Сыздатып капа кылып кеткендигиң,
Чыкпастан бүгүнкүдөй азыр эсте. Ал
жазым ошол күнү кышка айланган,
Таалайым ушунчалык тайкы беле.

Көзүмө көрүнбөстөн жашоо, өмүр, Зар
какшап ээн талаада кала бергем.
Аябай жараткандын өзүн дагы,
Кыйкырып күч жеткенче сага бергем.
Жашоонун кылчалык да кызыгы жок,
Сууга агып, же жарылып өлөм дегем.

Кол сунуп канча жолу барганымда,
Кылчайбай колуң шилтеп тетир бастың.
Жалындым намысыма балта уруп,
Жүргүнүң, кетеличи жыргал бактым.
Кейибей такыр сенден айрылганга,
Кейиймин кор болгон махабатым.

Арадан андан бери жылдар чубап, Өтсө
да андан бери канча убак. Аманбы,
кандай жүрөт болду экен? – деп, Дагы
эле көрүнгөндөн коем сурап. Элесиң,
мезгилдердин арасынан, Өзүнө
чакыргансып карап турат.

Көздө жаш, көкүрөктө арман болуп,
Кайрылбай сиңип кетти закымдарга.
Расул Гамзатовдун ырына окшоп,
Айланып учуп кетти каркырага.

Кантейин, убакыт тар, мезгил өктөм,
Кайрадан келип кетти канча көктөм.
Канча ирет ак кар басып жердин бетин,
Кача ирет жамгыр жаады бийик көктөн.
Бир гана ошол жазым кайрылган жок,
Ак жазым чыкпай калды көкүрөктөн.

Эч бир жаз окшошпойт го ошол жазга,
Ал кездер бой тумардай ыйык мага.
Чын эле мен башкача жашаар элем,
Кайрылып көз ирмемге келсе жана.
Үмүтүм дале үзүлбөй жүргөн менен,
Өткөндөр көкүрөктө арман гана.

Кечээки балалык кез артта калып,
Келебиз мезгил сызып биз улгайып.
Сыйлашып ала албадык тирүү кезде,

Калаттыр каруу кетип канат талып.
Кетээрбиз арман ичте өксүй-өксүй,
Келсе эгер ажал бизге торун жайып.

## Турмуш – ошол үчүн тур – муш...

Сүйүү эмне, ажырашуу, жаңылуу,
Бирөөлөрдүн көзүн карап жалынуу.
Күндө сенин көзүң боеп жүрсө да, Бет
келгенде жалган сүйлөп жагынуу.
Жашай албайт эч бир пенде күнөөсүз,
Сулуусуңбу, абдан ашкан акылдуу.
Ошондуктан сүйөм десе ишенбе, Чын
сүйүүгө бир гана адам акылуу.
Баласы үчүн аябаган жанын да, Чын
сүйүүгө эне гана татыктуу.

Балдар биздин келечегибиз, жашообузду улантуучулар. Алардын жүрөгү таза, көңүлү назик. Мен дагы кыздарымды жанымдан артык көрөм.

Бул жашоонун көйгөйүнөн ошолордун кыял жоругу, таза сезимине аралашып алаксыймын. Алардын жанында баарын унутуп, өзүмдү бактылуу сеземин. Ушул жазган ырларымды кыздарыма арнасам да, келечекте неберелеримдин оозунан уксам деп самайм.

Жаркынайым, Алтынай,
Аида аттуу кыздарым.
Эстүү болуп чоңоюп,
Бар болгула ар дайым.
Ушул жазган ырларды,
Мен силерге арнайын.

# Тилим бар

Кичинекей менин да, Эки
жашар кызым бар.
Тентектенбей, шоктонбой,
Айтсам кызым тилимди ал.
Айткан сөздүн маанисин,
Түшүндүңбү тетири саал.
Кереги жок албайм – дейт,
Өзүмдүн да да тилим бар -.
Түшүнөмүн мен анын,
Түшүнүгү али тар.

# Кыйшык эшик

Кубандырат дайыма,
Акылынын тетиги.
Батинкесин бирок да,
Кийип алат тетири.
Ачуулансам – Ата -
дейт, Урушпачы,
кечирчи. Не кылайын
мен анын, Кыйшык
болсо эшиги.

# Баш катты

Айлананы тептегиз,
Аппак кылып кар
жаады. Кызын көрүп
эшиктен, Ачууланат
апасы.  Мага келип
даттанат -, Токмокточу,
сабачы. Кантип аны
дарылайм,  Ооруп
калса тамагы -.

Кызым болсо муну айтат,
Ачылбастын кабагы: -
Балмуздактан бешбетер,
Кызганганын карачы.
Мен азыраак жегенде,
Кар түгөнүп калабы? -.

Чатагына экөөнүн, Дайым
болом арачы. Кандай
дээрим билбестен, Ушул
ирет баш катты. Кана
туура кимиси, Эгер
билсең сен айтчы.

## Ким жакшы?

Сурап калдым кызымдан,
Апасынын көзүнчө.
-Кимибизди жакшыраак,
Көрөсүң – деп - көбүнчө?

Баш жагына “А” келет,
Аягына “А” кетет.
Ортосунда бир тамга,
Айтпайм ага бар себеп.
Табышмагын кызымдын,
Таап алдым мен эптеп.

Ортосуна “Т” же “П”,
Айтпай жатат ал аны.
Капа болот бирөө деп,
Жашырганы атайы.
Кантип эле атадан, Жаман
көрөт апаны.

# Кыш жыртылып калыптыр

Эрте менен эртелеп, -Мен
жылгаяк тебем - деп.
Кечикчүдөй жумуштан,
Кызым кеткен энтелеп.
Кайра келди тез эле,
Ал чанасын жетелеп.

Не болду деп сурасам,
Колун шилтейт мурчуюп. -
Мен чанага олтурсам,
Жүрбөй койду умтулуп.
Жылгаяктын кары эрип,
Кыш калыптыр жыртылып-.

Кыш жыртылып калыптыр,  Деген
сөзүн жактырдым.
Беттен сүйүп кызымды,
Чын көңүлдөн каткырдым. Ошол
күнү баарыбыз,
Сездик жаздын жакынын.

# Балмуздак

Балмуздактан ал десе,
Көпчүлүктү көзүнчө.
Түшүнбөптүр
таптакыр, Сатуучунун
сөзүнө. -Ал эмне болду
экен-, Ойлонуптур
өзүнчө.

Кызым такыр башында,
Эч укпаптыр мындайды.
Кирип келип эшиктен,

Мага карап жылмайды. -
Кыргызчасы ал сөздүн,
Мороженое турбайбы.

Деген сөздү “балмуздак”,
Кайра айттырдым
суранып. Түшүндүрүп
койбогом, Каталыгым - ал
анык. Күлкүм келип турса
да, Бир аз калдым уялып.

## Табышмак

Окуп алгам китептен,
Айтып калдым табышмак.
Эки колду кошкондо, Болот
экен он бармак. Канча
болот он колду,
Кошконуңда ойлоп тап.
Кызым анда «Жүз»деди,
Такалбастан айтып бат. -
Жакшы окуучу деп жүрсөм,
Таба албадың-дедим каап.
«Дал ошончо болот»деп,
Кайра менден талашат.
Дагы баштан эсепте,
Бармагыңды ач да, жап.
Кана балдар силер да,
Ойлонгула жакшылап.

## Боорсок

Кызым бир күн кечирээк,
Келди дагы сабактан.
Жаңы бышкан боорсокту,

Жей баштады табактан.
Бөбөктөрдүн көзүнчө,
Кантип өтөт тамактан?
Баарын коюп ортого,
Жейсиңер да деп айтсам.
Кызым анда жооп берет:
-Мен да ошону эске алгам.
Ошондуктан аларга,
Көрсөтпөстөн жеп жатам.
Кызым такыр өзүнүн,
Каталыгын туйбады.
Кана балдар айткыла,
Ушул жооoбу туурабы?
Боорсок жесе бекитип,
Демек аны уурдады.

# Күчүгүм

Эртең менен ойгонсом, Баары
тегиз аппапак.
Кантип жетем мектепке,
Туруп калдым кылчактап. Чоң
кишидей анан мен,
Бара жаттым кар малтап.

Калгын десем болбостон,
Ээрчип алды күчүгүм.
Кубаласам жеткирбейт,
Кантем анын күлүгүн.
Ура берип кар менен, Мен
аябай үшүдүм.

Күчүгүмдү кубалап,
Кечигипмин мектепке.
Жоругумду жолдогу,
Алса керек эсепке.

Урушкандын ордуна,
Күлүп койду эжеке.

## Табышмагын өзүң тап

Конуп турган талдагы,
Карап турсам карганы.
Кызым келип жаныма,
Туруп калды ал дагы.
Бир табышмак айтайын,
Таап ал - дейт - сиз аны.

Ичи дагы өңүндөй, Анын
кара көмүрдөй.
Каркылдаса көз жашы,
Араң турат төгүлбөй.
Кышта келип жазында,
Такыр калат көрүнбөй.

Туруп калдым бозоруп,
Камалгандай мен жарга.
Жооп кайтарбай коюуга,
Болбой калды эч арга.
Шашып кетип мен эмес,
Карга-дедим-ал карга.

Мен да келип кышында,
Жазда калам көрүнбөй.
Эми такыр силерден,
Жашаймын дейм бөлүнбөй.
Ишенишпей калышты,
Айткан сөзүм төгүндөй.

Мүмкүн өңүм карадыр,
Бирок менин ичим ак.

Багамын деп силерди,
Тоодо жүрөм салпактап.
Каргамынбы мен киммин,
Көргүн өзүң салмактап.
Көп кыйнабай андыктан,
Табышмагын өзүң тап.
Аралашты апасы,
Кетпес үчүн узактап.
Атанарды жазында,
Коёбуз деп тузактап.
Жибербейм деп эч жакка,
Кызым коёт кучактап.

## Бүт баарым сен

Бир күнү кызым мектептен,
Жетип келди тез шашып.
Батинкасы, сумкасы,
Калышыптыр бүт катып.
Кирип келип эшиктен,
Чечине албай ал жатып.
Бериңиз дейт тезирээк, Кыш
жөнүндө ыр жазып.

От боюна мындайраак,
Олтур кызым оңдонуп.
Айттым кызым атаңды,
Кыйнай бербе шоктонуп.
Ансыз деле карачы,
Калыптырсың бүт тоңуп.
Кыш жөнүндө дапдаяр,
Калыпсың го ыр болуп.

Бир күн келип жайдары,
Сурап калды ал дагы.
Жаз жөнүндө жайнаган, Ыр
жазгын деп жапжаңы. Сени

кайда алып барам, Не
кыласың - койчу ары.
Турасың го гүл болуп,
Сенсиң – дедим - жаз айы.

Түшүнбөдү көрүнөт, Эркелеткен
сөзүмө.
Капа болуп калдыбы,
Жооп кайтарат өзүмө.
Кыш болуп да, жаз
болуп, Турамынбы
көзүңө. Ар нерсени
шылтоолойт, Ыр жаза
албай жөн эле.

Кышымсың да, жазымсың,
Канымсың да, жанымсың.
Керек болсо сен менин, Бут
баарымсың, баарымсың.
Чырагым да, чүрөгүм,
Жарыгым да, жүрөгүм.
Сен бар үчүн дүйнөдө, Мен
да жашап жүрөмүн.

Кызым анда эркелеп,
Куусуз ээ - дейт, кол кезеп.
Угуп турган апасы,
Койду бизди жемелеп.
Эркелетпе жөнү жок,
Тил албаган бул тентек.
Сөзүңөрдү укса эгер,
Күлкү кылат бүт мектеп.

## Жакшы көрөм экөөнү тең

Жүрөт элем эртелеп, Бак
ичинде сейилдеп.  -

Жоготтуңбу бирдеме -,
Кызым сурайт эркелеп.
Таптың дедим туптуура,
Жүрөм дедим ыр издеп.

Тамашалай бербеңиз,
Калбайт дале жаштыгың.
Жүрөмүн-дейт ыр издеп,
Карасаңар какшыгын.
Ордунда эле турат го, Ыр
салынган баштыгың.

Анда кайра деп айттым,
Кыйынсынба акмагым.
Мен аларды чогултуп,
Чөптөн, гүлдөн аламын.
Анан барып сен көргөн,
Баштыгыма саламын.

Алгының деп өзү эле,
Чыга бербейт жолумдан.
Мээнет менен мен аны,
Аздан - аздан чогултам.
Кубанамын өзүмчө,
Жакшы ырларга жолуксам.

Акындардын мээнети,
Кыйын болот баарынан.
Ашып түшөт миң эсе,
Бал чогулткан аарыдан.
Таттуу болот балдан да,
Ошон үчүн абыдан.

Бала ыйласа бир жерден,
Ооруйт акын жүрөгү.
Кандай болот эми деп,
Анык анын жүдөөрү.
Көргөн жерде аларды,
Урмат кылып жүрөлү.

Сезгин дайым бизге арнап,
Алар жазат ырларын.
Биз кубансак кубанып,
Капа болсок ыйлаарын.
Ошондуктан акынды, Сен
да мендей сыйлагын.

Акындардай дүйнөгө, Көз
сала бил жакшылап.
Боор толгосоң алардай,
Нээтиң дагы жакшырат.
Ошондуктан баарынан, Ырды
көрөм жакшыраак.

Бул дүйнөдө баарынан, Ырды
көрсөң жакшыраак. Мени
кандай көрөсүң, Айткының -
дейт батыраак. Аны өзүң тап
десем,
Башын коет кашылап.

Ырым мага эш болсо,
Сенсиң менин жөлөгүм.
Түшүнөсүң чоңойсоң,
Кагылайын “дөдөйүм”.
Ырым сенсиң, сен ырым,
Экөөң кантип бөлөйүн.

# Мышыгыңды жыттай бер

Турбайсыңбы батыраак,
Койдум аны какшыктап.
Эрте менен айттырбай,
Бетин жууйт жакшылап.
Сенден көрө көрдүңбү,
Таргыл мышык жакшыраак.

Бир аз туруп кенебей,
Жамандык жок кенедей.
-Бир жыттатчы мурдуңдан,
Дедим - кызым бери кел, эй.
Менден көрө жакшы - дейт,
Мышыгыңды жыттай бер.

Жарым карыш узасак,
Кетишчүбүз сагынып.
Сенден мышык жакшы - деп,
Алдым окшойт жаңылып.
Жыттатпады мурдунан,
Ошол сөзгө таарынып.

# Оңой эмес ыр жазган

Көпкө чейин ыр жамап,
Турган элем мен тажап.
Кызым дагы жанымда,
Окуп жаткан ал сабак.
Мен да жазып көрөйүн,
Бериңчи деп талашат.

Ачуум келип абыдан,
Койдум ага кыйкырып. -
Тоскоол болбой турчу ары,
Жатамын го иш кылып -.

Ыр жазган да ишпи-деп,
Кайра коёт бышкырып.

Апаң экөөң ойлобо, Оңой
го деп ыр жазган. Кетмен
алып колуна, Оңой
андан жер казган.
Мээнет менен жаралат,
Мезгил сымал аз - аздан.

Чыкса гана жүрөктөн,
Башкаларга ал жетет.
Көпчүлүккө жакса анан,
Ошол жакшы ыр делет.
Анын баары ыр эмес,
Жаза берсең чиймелеп.

Оңой эмес ыр жазган,
Чыгаргандай сен эсеп.
Жумшоо керек ар ырга,
Талыкпаган көп эмгек.
Бердим анан дептерди,
Кыйын болсоң жазчы - деп.

Бирдемени чиймелеп,
Көпкө чейин жатты ал.
Анан коёт сүйлөнүп -,
Окшошкондой эми саал.
Таппай жатам аягын, Ырың
менен катып кал.

Ачып көрсөм дептерин,
Жазганына кызыгып.
Сөздөр калган ар жерде,
Үстү - үстүнө жыгылып.
Азы калып көбү эле,

Бүт бүтүптүр сызылып.

Үйдө турбайт көбүнчө, Атам
менин жапайы.
Ошондуктан биринчи,
Жакшы көрөм апамы.
Кантээр экен деп мага,
Тийишкени атайы.

-Мен атамды сагынам,
Карыш чыкса жаныман.
Бирок дагы апамды,
Жакшы көрөм баарынан -.
Деп башына жазыптыр,
Анан уктап калыптыр.

Ручканы колго алып, Улап
койдум мен ары.
Кыйын болду кызымдын, Бир
ырды эптеп жазмагы. Уктап
кетти бырылдап, Чыгып
кетип акмагы.

# Сүйүү керек жүрөктөн

Тентектенбей жөнү жок,
Таштагының бул ойнуң.
Ачууландың, кантесиң,
Сынып кетсе тарс колуң.
Жүрөк менен баарысын,
Көрүп турам деп койдум.

Мага такыр жакпады,
Ата, ушул сөзүңүз.
Башта болот көз деген,

Байкап көрүңүз өзүңүз.
Элдикинен башкача,
Жүрөктөгү көзүңүз.

Жүрөк менен баарысын,
Көрүп турам - дедиңиз.
Жүрөк менен көрсөңүз,
Не иш кылат көзүңүз?
Бизге чындык үйрөтүп,
Калп айтпаңыз өзүңүз.

Ордунда эле турат го,
Кулагыңыз калдайган.
Жүрөк болсо көзүңүз,
Анда оозбу ашказан.
Мурун болсо мээңизде,
Агып кетмек капкачан.

Акылдарым жакпаса,
Койдум - дедим үйрөтпөй.
Капалыкты бирөөлөр,
Башыбызга үйгөндөй.
Капа болуп кызыма,
Калдым такыр сүйлөшпөй.

Эртесинде жарк этет, -Атоо,
сизди сүйөмүн.
Араздашып сиз менен,
Бир күндө эле жүдөдүм.
Ойлоп көрсөм аныгы,
Сиз экенсиз жүрөгүм.

Тийиштим дейт жөн эле, Ата
мени кечирчи. Түшүнбөйүн

мен кантип, Айткан акыл
сөзүңдү. Каяшамды жөнү
жок,  Жүрөгүңдөн өчүрчү.
Алдаса да башкасы, Дедим
жүрөк алдабайт.
Жашоодогу көздөгөн, Максатыңа
алып барат.
Катасы жок бир дагы, Атам
менин туура айтат.

Айтышпагын мени менен,
Кайда кетпейт кызыл тил.
Улуулардын насаатын,
Дедим - кызым көңүлгө ил.
Жүрөк менен уккун да,
Жүрөк менен көрө бил.

## Жалкоолугум ооруду

Убак болуп калса да,
Жата берди эркелеп.
Жалкоолонгон кызымды,
Тургуза албай мен эптеп.
Эмне болду жарыгым,
Калдыңбы же чикектеп.
Барбайсыңбы окууга,
Күтүп калды го мектеп.
Мугалимдер жумуштан,
Калышабы бир сен деп.
Тамашалай сүйлөдүм,
Ушул кантип болсун эп.
Ал тамаша сөзүмө,
Тамашалап жооп берет:
Барбашыма мектепке,
Болуп жатат чоң себеп.
Жалкоолугум аябай,

Ооруп жатат окшойт - деп.
Эки эле ооз сөз менен,
Жарга койду ал кептеп.
Анда айттым тургун да,
Жылгаяктан чана теп.
Не демекмин мен анан,
Таба албадым башка кеп.

## Эне тилден баштасак

Сөздүктү алып колума,
Келгин кызым мындайраак.
Кана сага өтөйүн,
Орус тилден мен сабак.
Еда - десе орусча,
Кыргызчасы ал тамак.
Кана орусча которчу,
Кандай болот мандалак.
Аны дагы жейби деп,
Башын чайкап таңданат. Апаң
деле ал эмес,
Люблю - идесем жактырат.
Привет - де апаңа,
Десем кызым каткырат. Жакын
турган апасы,
Экөөбүздү бир карап.
Привет - деп жооп берет,
Ал сөзүмө какшыктап.
Сүйлөй берет сөз келсе,
Ардемени тантырап.
Баягы эле атаң да,
Билбейсиңби деп алат.
Түшүнүксүз көп сөз бар,
Үйрөнүүгө шашпасак.
Коё туруп орусча,

Кыргыз тилден баштасак.
Үйрөнөлү эң мурун,
Эне тилин жакшылап.

Не демекмин мен ага,
Туура сөзүн ал айтат.
Тамашама өзүмдүн,
Туруп бердим баш чайкап.

# Какшык кеп

Күз айлары алыстап,
Кирип келди кыш дагы.
Бак - дарактар тунжурап,
Кар жамынды бүт баары.
Кадимки эле кыш келди,
Кызым айтат карачы.
Али далай убак бар,
Кыш келе элек койчу ары. Кыроо
али - бул кыроо,
Сынап койдум мен аны.

Билинбестен кеч кирип,
Үшүп чыктым заматта.
Колу бутту чымчылап,
Суук жармашат жакага.
Дароо отун алып келип,
От жак десем печкага,
Суук дебейт буну али,
Шапата - дейт - шапата.

Келмем түшүп оозумдан,
Туруп калдым кеңгиреп.
Калың карды аппапак,

Айткан үчүн кыроо – деп.
Шапата - деп аязды,
Угуп калдым какшык кеп.
Бул какшыкты угууга,
Болдум өзүм чоң себеп.
Күнөө койдум өзүмө,
Ушул кантип болсун эп.
Ошондуктан ар сөздү,
Айтуу керек эсептеп.

# Ыр жазалы, кел балдар

Кана балдар жаныма,
Жакыныраак келгиле. Ыр
жазалы баарыбыз,
Мага жардам бергиле.
Ката кетсем адашып,
Туура эмес дегиле.

Кимиң жакшы катышсаң,
Мыкты деген баа коём.
Ырдын шарты момундай,
Капустага тойбогон,
Кулактары упузун.
Мисалы үчүн ал (коён)

Кана балдар түшүнүп,
Салгылачы бүт кулак.
Жарды көргөн жанындай,
Коркпойт кетсе ал кулап.
Так секирип ойногон,
Туура таптың ал (улак)

Кыйынмын деп Маткалык,
Турат окшойт мактанып.
Кана эмесе биринчи,

Ырды сенден баштадык.
Жардам бергин сен бизге,
Турган кезде баш катып.

Ойлоп жатат Каныбек,
Кылыгына ал күлүп.
Кайда барса артынан,
Ээрчип алат жүгүрүп.
Үй кайтарат чоңойсо,
Азырынча ал (күчүк).

Чычкан көрсө сүйүнөт,
Кылыктары бир кызык.
Итти көрсө даракка,
Чыга качат тырмышып.
Үйдөн чыкпайт көбүнчө,
Билесиң да ал (мышык)

Издетпестен ал өзү, Көп
жерлерден кездешет.
Сүтү арам болсо да, Күчү
адал мал дешет. Чоңдугу
эле болбосо, Коёнго
окшош ал (эшек).

Канаты бар жорголойт, Тытат
баарын түк койбойт. Кеч
киргенде түнөккө, Тизилишип
бүт конот.
Пайдасы көп болсо да,
Мал санына кирбейт (поок.)

Көбөйтсөм деп мен дагы,
Келе берет мындай ой.
Чуркабайсың эч жакка,

Эгер болсо үйдө той. Кем
болбойсуң эт - жүндөн,
Асырасаң (эчки – кой).

Азыртадан үйрөтүп,
Канат минип баратат.
Ичи күйүп көп балдар,
Кызыгышып карашат.
Катуу чуркайт эмитен, Болот
окшойт күлүк (ат).

Мунун баарын эске түй, Эсиң
болсо малды сүй.
Челек - челек сүт берсе,
Бүт сыйлайбыз биздин үй.
Сүт завод деп күлөбүз,
Ушул биздин таргыл (уй).

Улам башың кашыбай,
Жакын келчи Акылай.
Биз ойногон оюнду,
Турасыңбы жактырбай.
Ыр жазганга чоңдор да,
Кызыгышат ал тургай.

Кана эмесе эми биз, Сөз
берели кыздарга. Үй
буюмдан айталы,
Кир жууйсуң сен ага.
Жумушуңду бүткөн соң,
Сыртта калат (дагыра).
Чоң энелер илгертен,
Ага дайым нан жапкан.
Тамак жасап ичүүгө,
Керек болгон ар качан.

Кулактары делдейген,
Кадимки эле ал (казан).

Жашап кеткен keминде, Эч
болбосо жүз таяп. Эстелик
деп энемден, Колдонушат
бүт аяп.
Жыгачынан жаңгактын,
Жасалыптыр сыр (аяк).

Бир маселе чечкенсип,
Ойлонбогун кыйлага.
Чайнек менен бир тууган,
Чай куюлат күндө ага.
Атын оңой табасың,
Өзүбүздүн (пияла).

Иче берип тамакты,
Калганбы же ал көнүп.
Жок деш болбойт эч анда,
Калса дагы бүт көмүп.
Билбейт бирок тойгонун,
Соргок дебе ал (чөмүч).

Каалашынча ар үйдөн,
Ким издесе ал табат.
Керек болот көбүнчө,
Салаарыңда сен тамак.
Ойлоп жүрбө эмне деп,
Кадимки эле ал (табак).

Бол тезирээк ойлоп тап,
Өткүр миздүү, мүйүз сап.
Жоголгонун карачы,
Турган кезде иш кычап.
Ордунда эле турчу эле,

Атакемден чоң (бычак).
Жакшы кызмат аткарат,
Болгон менен жупуну.
Мизилдете тазалайт,
Койбой бир да кыпынды.
Ансыз бүтпөйт эч ишиң,
Кыйын бекен (шыпыргы.)

Жүгөрүбү, буудайбы,
Чекесинен кемирген.
Ачка калат өзөрүп,
Ага барбай эринген.
Күрүлдөшү башкача, Каман
эмес (тегирмен).

Кереги жок көп эле, Аны
түрлөп өзгөчө.
Салынганда болду да,
Алдынан сыз өтпөсө.
Олтуралы алып чык,
Болсо ашыкча
(көрпөчө).

Турат үйдү тарытып,
Керек эмес жайында.
Отун менен көмүрдү,
Жесе келет табына.
Жакшы жери үйүңдү, Тез
ысытат ал (печка).

Турат көп да кошулбай,
Айжан, Гүлжан экөөсү.
Анда эмесе келгиле, Башка
сөзгө өтөлү. Катышкыла
жандуураак, Жаасын
сөздүн нөшөрү.

Карап турбай Карачач,
Сен да бизге каралаш.
Эми мындан аркысын,
Айтабыз биз аралаш.
Сезип турам болот го, Ортобуз
да көп талаш.
Жырткычтардын баарынан,
Саны аз калган абыдан.
Басып өтөт баарысын,
Шамдагайлык жагынан.
Бийик тоону мекендейт,
Ал кара чаар (кабылан).

Кыйын тапкыч экенсиң,
Баарысынан сен Ашыр.
Акын болот окшойсуң,
Такалбастан айттың шыр.
Айбандардын ичинде, Эң
жырткычы (карышкыр).

Болбойт балдар билгиле,
Аны менен көп ойнош.
Ачуусуна тийсе эгер,
Качырганын жөн койбос.
Падышасы токойдун,
Келе жатат хан (жолборс).

Эч нерседен коркпосо,
Элин дайым коргосо.
Жарак алып колуна,
Жоонун алдын торосо.
Жоокерлерди эр жүрөк,
Салыштырган жолборско.

Канча болсо кенебей,
Кыйындыкка ал түтсө.
Тосуп чыккан алдынан, Жоону
жалгыз үркүтсө. Жигиттерин
кыргыздар, Салыштырган
бүркүткө.

Билбесең сен билип кал, Ачуусу
анын чукул саал.
Жакшы көргөн тамагы,
Баарысынан таттуу бал.
Кышта кирет уйкуга,
Таптың - таптың аюу ал.
Илгертеден кыргызда,
Билбейсиңби тез сура.
Алар сулуу кыздарын,
Салыштырган ак ууга.
Азаматсың Алтынай,
Айткан сөзүң туптуура.

Мен табам деп Шарапат,
Бардыгынан талашат.
Таба албастан бирин да,
Улам сөздөн адашат.
Балдар күлсө каткырып,
Ал кызарып баратат.

Дем алгыла аз гана, Эми
өтөлү башкага.
Дүйнөдөгү эң жырткыч,
Балык кайсы (акула).
Тулпарычы Манастын,
Анын аты (Аккула).

Коё туруп быягын,
Баатырларга көчөлүк.

Жез кемпирди багынткан,
Кылып жүрүп ал көктүк.
Жер түбүнөн соо чыккан,
Эламандын (Эр Төштүк).

Көчүп келип Алтайдан,
Мекендеген Таласты.
Багындырган Пекинди,
Билесиңби ким айтчы.
Кантип эле билбейли,
Кадимки (шер Манасты).

Чурулдабай бирин айт,
Кана баарың бери кел
ээй. Санирабийга чын
аты, Ким таба алат
канакей. Жары болгон
Манастын, Чоң энебиз
(Каныкей). Айтчы муну сен
Тилек, Бука моюн, жез
билек. Кутулбаган
алдынан, Чыккан жоосу
бетме - бет. Анык досу
Манастын,
Ал кадимки (Алмамбет).

Акылына ийиккен, Баш-
аягы бүт Алтай. Хан
Манасың баш болуп,
Кеңеш алган бүт, такай.
Ак сакалын жайкалткан,
Чоң атаңар хан (Бакай).

Калмактардын алпына,

Эч ким койгон жолобой.
Өзү карып калса да,
Адам эмес ал оңой.
Сексен бешке чыкканда,
Намыс алган (Эр Кошой).

Алчаңдата ат минип,
Жоону көрбөй кенедей.
Келе жатат бастырып,
Эч нерсени кенебей.
Атасындай алп экен,
Манастын уулу (Семетей).

Сүрдөй түшкөн селт этип,
Семетейдей эр жүдөп.
Биригишкен түгөйгө, Экөө
болуп бир жүрөк.
Айланып учкан ак кууга,
Акундун кызы (Айчүрөк).

Укканда атын тамшанып,  Болот
го баары ыраазы.
Намысы бийик сүйүүдөн,
Кыздардан чыккан кырааны.
Элим деп кечкен бакыттан,
Айталы (Жаңыл Мырзаны).
Сездиңби күчүн кызыңдын,
Алпыңды аяп койду саал. Аңтара
коюп түшүрмөк, Манастан өткөн
ал көк жал.
Башка элде андай төрөлбөйт,
Кыргыздан чыккан (Кыз Сайкал).

Акын болуп ыр жазган,
Кызык бекен сөз казган.
Окуй берсең китепти,

Таанышасың аз - аздан.
Акындарды эми биз,
Эстейличи бир баштан.

Артта калып кечээгиң,
Тез эле бой жетесиң.
Али сен да жазасың,
Андай ырдын нечени.
Карегиңдей кадырлап,
Уул - кызы бол Мекендин.

Колго албай калемди,
Жатка айткан Манасты.
Дүйнө элинде мындай жок,
Бизде болсо жаманбы?
Саякбай да, Сагымбай,
Бил алардай абаңды.

Алымканды боздотуп, Ырга
кошкон өзү бул.
Ырлары үчүн атаган,
Элдер аны тоо булбул.
Кайтып келген Сибирден,
Эл-жерим деп Токтогул.

Биз менен болгон замандаш,
Алардан келет бир элес.
Төкмөлөр жолун улантып,
Аларда болчу чоң белес.
Эгиздей болуп сезилчү,
Токтосун менен Эстебес.
Тагасы менен жээни жок,
Комуздан башка эли жок.
Кыдырган Аксы, Таласты,
Кулунуң эле өтө шок.

Ырлары суудай куюлган, Төкмө
акын болчу Жеңижок.

Күүлөрдүн ачкан таалайын,
Устатың болгон агайың.
Комузуң өксүп калат го,
Кайрылбай койсок атайын.
Кулакка турат жаңырып,
Күүлөрү Ниязалы, Атайдын.

Ак куунун бийин бийлесе,
Теңдеши болбой сахнада.
Элинен чыгып алыстап,
Атагы кеткен капкайда.
Өзгөчө талант эле го, Ак
куудай болгон Бүбүсара.

Эңсеткен далай жигитти,
Закымбы анын сүйүүсү.
Чыңгыздын болгон өмүрдө,
Көкөйүн кезген бир күүсү.
Перинин кызы эле го,
Ай чырай кызың Таттыбүбү.

Айланып кетчү бүт күүгө, Дем
алып турчу аба да.
Ал кызына кол чапкан, Япония,
Канада.
Турпаты турган күүлөрдөн,
Кызбы деймбиздин Самара.

Заманга эмки дал келет,
Сен да катыш Эркебек.
Жазма акындар азыркы,
Аларды да эстесек.
Акын эмес ыр жазган,

Ал кудайдан келген бир белек.
Сен тап эми Жаныкул,
Жакшы ырларды жазган
бул. “Ата-Журт” - деп
ооруган, Кыргызымдын анык
уул. Акындардын акыны,
Осмон уулу Алыкул.

Акылдуу кыз деп жүрөм,
Кана Жаркын сен тапчы.
Пушкини деп кыргыздын,
Элдер аны көп айтты.
Туура айтасың, кадырлап,
Эскерели Жоомартты.

Ал экөө тең эсинде,
Нургазынын ыры эле.
Сактап калган кыргызды,
Анын бирөө Бугу эне. Ысык-
Көлдө калкыган, Экинчиси
Ак кеме.

Кара сөздү ыр кылган,
Эске алалы чындыкты.
Бүт дүйнөгө тааныткан,
Кичинекей кыргызды.
Акындарга атайлап,
Кошуп койдум Чыңгызды.

Билесиңби Бегайым,
Ырдын өчкөн таалайын.
Сүйүп аны биз дагы,
Окуганбыз далайын.
Балдар үчүн көп жазган,
Жангазиев агайың.

Келе жатат дагы эле,
Акындардын алдында.
Жатка билет көпчүлүк,
Ырын анын айылда. Ыры
да кыргыз жыттанган,
Сарногоев Байдылда.
Анын ырын окусам, Дүйнө
гүлгө боёлду. Эң
мыктысын акындын, Эске
албасак болобу.
Дайым эске сактайлык,
Биз Мамытов Жолонду.

Жакшы көргөн акының,
Кана эстечи ким Мунар.
Көлчүктөгү айына,
Болгон балдар бүт
кумар. Окугансың эстечи,
Акын агаң ал Турар.

Ушул атка бир азга,
Жерибиз бар токтолоор.
Айтып берсең түгөнгүс,
Ал өзүнчө кеп болоор.
Чындык издеп чарчаган,
Өжөр агаң ал Омор.

Силер үчүн эмгекти,
Жасап койгон көп
кылып. Жүрөт анын
ырлары, Ар бир үйдү
кыдырып. Аты Абзий
болсо да,
Фамилиясы Кыдыров.

Таанышып кой Аида,

Жазат ал да такалбай.
Акындардын ичинде,
Анын орду бакандай.
Агаң болот айылдаш,
Ал Акбаров Атантай.

Кандай ырды баштаса,
Жазгандары келет эп.
Айга кеткен жетим кыз,
Жүрөт качан келет деп.
Уулу экен го атанын,
Урмамбетов Кыялбек.
Арабага ыр топтоп,
Али салып бүтө элек.
Намысы үчүн кыргыздын,
Какшап келет жанын жеп.
Тартынбаган эч кимден,
Ал Дүйшеев Шайлообек.

Пушкин менен Лермонтов,
Гейне, Гёте бүт баары.
Дүңгүрөткөн дүйнөнү,
Болгон ырдын алптары.
Жаздыгыңа бекитип,
Сен да окуйсуң али аны.

Далай жакшы ыр жазган,
Акындар көп дүйнөдө.
Азыртадан таанышып,
Жүргүн балдар үйрөнө.
Адам болуп жарытпайт,
Ким аларды сүйбөсө.

Кана эмесе чогулуп, Эми
сөзгө келели. Ыр жазгын
деп баарыңар,

Кыйнабаймын силерди.
Акындардын эмгегин,
Бирок баалай билели.

Туура сурап жатыры,
Майрамдын бар - акылы.
Акын аял жөнүндө, Сөз
салсак деп акыры.
Бизде деле толтура,
Аялзаттын акыны.

Энекебиз Курманжан,
Баштайлыбы биз андан.
Хан ордо калып быякта,
Оруска барып чин
алган. Өзү датка болсо
да, Ал да биздей ыр
жазган.
Кыздарыбыз көп биздин,
Мыкты - мыкты ыр жазган.
Тенти, Зуура, Нинакан,
Сагын жана Майрамкан.
Кана кыздар силер да,
Ыр жазгыла аз - аздан.

Акын болбо, адам бол,
Токтотолу кел эми.
Түшүндүңбү мындай деп,
Айтканымдын себеби....
Ким болбойлу мекенге,
Кызмат кылып берели.

Бизди неге жазбайт деп,
Көп акындар таарынба.
Эскерүүчү силерди,

Кезек келет баарыңа.
Кийинкиде жазабыз,
Балдарды алып жаныма.

Мен балдарга каалларым,
Жалаң гана жакшылык.
Эгер силер калсаңар,
Жазганымды жактырып.
Таап туруп даректи, Жөнөткүлө
кат кылып.

Коёлу эми ар жагын,
Кийинкиге калтырып.
Ыр жазгыңар келсе эгер,
Мени алгыла таптырып.
Почточуга кат берсең,
Мага коёт тапшырып.

Ыр жазууну биригип,
Ойлоп келген мурунтан. Ким
эле деп сураса, Жүрбөгүлө
болуп таң.
Тааныштыра кетейин,
Ашыркулов ал Султан.

Мен ал агам жөнүндө: - Сиздин жазган ырларыңызды чыгарам деп берген убадам, анын мага өткөрүп берген аманаты көөдөнүмдү эзгилеп, көкүрөгүмдөн чыкпай туруп алды. Эч болбосо бир жолу учурашып келейин деп айылга жөнөдүм. Чаткалга кире бериш жерде, жол жээгинде ары – бери өткөн жолоочуларга өзүнүн мөлтүр суусун сунуп “Кыз - Булак” турат.

Чаалыгып, чапкылаган сапар бүтүп,
Келгенде сагынычка араң түтүп. Кыз-
Булак, сен да мени эңсегендей,
Турасың качан болсо мени күтүп.

Суу эмес, сүйүү балын шимиргендей,
Тамшанам, таңдайларым шак дей түшүп.

Боз улан сүйгөнүнө шашылгандай,
Жаш келин наристесин сагынгандай.
Мен дагы дайым сени эңсеп келем,
Сунасың мүрөк сууңду, ашык жардай.
Чынында мен өзүңө суусап турам,
Кыз-Булак кучактайын, жаным кандай.

Тамчы сууң дары болуп, дүргүйт каным,
Таттырып ага бергин өмүр балын. Ар
качан үмүт менен келгендерге, Өзүңдөй
тазалык бер, кагылайын. Мелтиреп,
Мекенимди эстегенде,
Дайыма сен болоорсуң сагынаарым.

Мен агамдын билсем дагы дарегин, Көп
болуптур жолугушпай калганга. Кайра
дагы анын сөзүн уксам деп, Ичим
бышып боло берем арманда. Келе
жатам күндө эртеңге калтырып,
Тирилигиң койбос бара салганга.
Калдым келсе тез - тез ага жолугуп,
Эмне жетсин учурашып турганга.

Сааты чыкса болот дешип коюшат,
Ошол күнү болуп турду окшойт шарт.
Сурап алдым жолдошумдун айгырын,
Адам эле колу ачык өтө март.  Кана
баатыр этият бол өзүңө, Көп элиртпей
- деди мага - оозун тарт. Жөнөп
кеттим буйдалбастан бир азга, Ала
качып, башын жулкуп азынайт.

Август айы жайкы чилде саратан,
Арылсам деп көңүлдөгү жарадан.
Тазартууга жан дүйнөмдү атайлап,
Агамды издеп, бийикти эңсеп баратам.
Кереметке көзүм тойбой суктана, Улам-
улам жан жагымды каранам. Айбат
кыла сулуулукту кызганып,
Колу - бутум апчыгылайт караган.

Күбө болуп табияттын тоюна, Келе
жатам эч нерсе жок оюмда. Мени
менен ойношконсуп бекинчек,
Кекиликтер кире качат корумга.
Куунакташып томпоңдошот суурлар,
Туура турат бара турган жолума.
Жатышкансып келгенимди куттуктап,
Көпөлөктөр коно калат колума.

Жаандан кийин жадыраган жайкы убак,
Жар боорунан шатырата таш кулап.
Тоюп алган энесинин уузуна, Боюн
керет сереңдеген кашка улак.
Бадалдардын арасына бекинген,
Томураңдап качып жөнөйт кашкулак.
Алымдагы азоо чалыш айгырым,
Атырыла асман чапчып кошкурат.

Мен бактылуу мага кошо күн күлүп,
Бара жатам андан ары жол жүрүп.
Кыраңчадан эми чыга калганда, Алдым
торойт айбаттана ит үрүп. Аксакалы
мага эски тааныштай, Жаш балдары
тосуп чыгат жүгүрүп. Салт - санааңдан
айланайын кыргызым, Пейилиңден
кетким келет үргүлүп.

Дасторконго бата кылып эми эле,
Ооздорубуз бошой түшсө эт, аштан.
Алыңыз - деп, ичиңиз - деп кош колдоп,
Кымыз сунуп кыйнап кирет бир баштан.
Келиндери мага сүйлөйт тийишип, Кана
эмесе, мейман жигит ыр баштаң - .
Тоолуктарым кылча кир жок ичинде,
Айта берсе өзүнчө эле чоң дастан.

Тоо тамырын кармасам деп камынып,
Жатам сыртта көк асманды жамынып.
Дал төбөмдө аста калкыйт алтын Ай,
Жылдыздарды шуру кылып тагынып.
Туулган жерден көпкө жүрүп алыста,
Калган экем аны аябай сагынып.
Жүрөгүмдү өйүп жүргөн жарадан, Бир
түндө эле канча калдым арылып.

Баары менен бир тууганга окшошуп,
Эрте менен турам жылуу коштошуп.
Бир топ балдар көтөрүп көк торпокту,
Ойноп жатат күч сынаша шоктонуп.
Кылчак - кылчак карап коём аларды,
Тээ качанкы жаштыгыма окшотуп.
Көзүн сүзө кыйгач тиктейт жаш келин,
Жетпей калган ак сүйүүмдү жоктотуп.

Жол татаалдайт кыйналчудай туюлуп,
Кайың, талдар барат аздан суюлуп.
Сапырыла көбүк бүркүп күмүштөн, Сай
- сайлардан суулар ырдайт куюлуп.
Сагындырган балалыктын учурун,
Музыкадай кетет кээде угулуп.
Башка дагы болду бекен деп коём,
Кыргыз жери, сеникиндей сулуулук.

Таш үстүндө бир аз туруп шоктонуп,
Мөлтүр булак ылдый ыргыйт топ болуп.
Сулуулуктун, аруулуктун баарысы,
Калышкандай ушул жерге топтолуп.
Кереметке таазим кылам баш ийе,
Жүрөк кургур ыргыйт - ыргыйт октолуп.
Караанындан кагылайын Ала - Тоо,
Кана сенде калсам бир тал чөп болуп.

Кымыздыгы кыздай ийип баштарын,
Ышкындары чачтай болуп өрүлгөн.
Назик булак кыт - кыт күлөт чулдурап,
Наристенин карегиндей төгүлгөн.
Чөбү деле, топурагы, ташы да, Ошол
жерлер бейиш болуп көрүнгөн.
Карегиме чөгүп калды кут болуп,
Өмүр бою орун алып көңүлдөн.

Айланам ааламда жок гүлдүн түрү,
Аңкытып айланага жыпар себет.
Баратам өзүмчө эле эс - мас болуп,
Көөдөндү алып учуп бир күч тебет.
Жаш эне наристесин жыттагандай,
Кучактап көкүрөккө өпкүм келет.
Бир гана аруулукту сенден көрөм,
Тоолорум, тирүүлүккө өзүң себеп.

Бара жатат оттомоксон агылып, Бир
топ жылкы тоо таяна жайылып.
Кундуз болуп кубулжуган тору айгыр,
Соору кашыйт боз байталга жагынып.
Бир кызганыч бийлеп анын сезимин,
Мени көрүп кулактарын жапырып.
Айбат кыла бир кишенеп алат да, Тике
таштайт, жеп салчудай атылып.

Аны көрүп ойго чөгөм кайрадан, Суроо
келет чечилбеген кыйладан.
Тору айгырбы, томолонгон топозбу,
Бул дүйнөдө кызганбаган барбы жан.
Кызгануунун өзү сүйүү эмеспи, Кантип
анан кызганбайбыз биз адам.
Сыноолордон ажырашуу, кызгануу,
Түзүлгөнбү чоң сүйүүдөн кең аалам.

Баштагыдай башын чулгуп оолукпай,
Аттын дагы акырындап басыгы.
Тер куюлуп кулагынан, мойнунан,
Кыйналгандан чарчап бара жатыры.
Суу жээгинде түтүн булайт жүлүндөй,
Келдим окшойт, ойлоп коём акыры.
Көз жиберем айланага делөөрүй, Мен
убара болгонума татыды.

Үй жанына секин келдим бастырып, Салам
айттым - кандайсыздар? - аптыгып. Тээ
баштагы түнөрүңкү агам жок,
Тамашалайт кучак жая каткырып:

-Чөп сындыра салайынчы башыңа,
Келдиң кайдан, кайсы шайтан
азгырып? Конок келди байлап алып
келе алгыс, Тосуп ал - дейт ал аялын
шаштырып.

Көпкө чейин чер жазышып олтурдук,
Көңүлдөрдү кусалыктан арылтып.
Баштагыдай акыл - эси, сөздөрү, Алды
кайра мени өзүнө багынтып.

Мен түшүнүп турсам дагы кечээги,
Жаштык кези тургандыгы сагынтып.
Өткөндөрүн эске салбай олтурдум,
Мен агамды албайын деп таарынтып.

Эрте менен кулун туйлап желеде,
Алоолонуп күйүп жатат кемеге.
Шаша - буша куржунумду аңтарып,
Агам көрсө калбайын - деп жемеге.
Артып келген базарлыктын баарысын,
Алып бердим сыртта жүргөн жеңеге. -
Магазинди келгенсизби көчүрүп,
Эх, кайним – дейт - койбойсузбу жөн эле.

Аңгычакты агам келди өңөрүп,
Куйруктары салаңдаган кучак кой. Кана
иним, келгениңди белгилеп, Кылалычы
кудай берсе бүгүн той. Каршы болдум
анысына таптакыр -, Коюң ага, мен
десеңиз сойбоң кой. Секиринип салтты
билбес немече, Бербе - деди ары -
бери ойдолой.

Агам мага кой соёмун дегенде, Коюң -
дедим бир жилик эт жегенде. Колум
менен төбөмдү алдым сыйпалап,
Мүйүз чыгып кетмек беле бул жерге.
Аялына карап агам сөз айтат:
-Бирдеме де, мобул дөдөй немеге.
Кокус эле дагы бир сөз уласам,
Коркуп турдум каламбы деп жемеге.

Келе түшүп кадимкидей ачуусу, Иним
– деди - сыйлуу конок келгенде.
Мейман кылып, ата салтын тутунуп,
Эмне жетсин колдо барын бергенге.

Издеп алаар жакындары жоксунтуп,
Уят кылба мени мобул элдерге.
Алардан бир жардам күтүп жаткансып,
Башын бурат балдарына, жеңеме.

Даяр болду таттуу куурдак, бал кымыз,
Жеп да жаттык, ичип жаттык тынымсыз.
Чындап келсе бир айлыкты бир жеген,
Тамак - ашка бардык элден кыйынбыз.
Сыймыктанам мүнөзүнө мейман дос,
Баарын берип колдо жокто - сыйынгыс.
Душманга да энчисинен бөлүшкөн,
Ойлоп коём ошон үчүн кыргызбыз.

Табактагы таттуу куурдак бүт желди,
Чара толо аркасынан эт келди.
Устукандан ооз тийип олтурдук, Эми
сөзгө өтүүчү да кез келди. -
Кана, кандай жанылык бар шаарыңда,
Эми иним учур – деди - кептерди.
Дагы деле жүрсөң керек бекитип,
Тээ качанкы сага берген дептерди.

Мен тайсалдап эки жагым карадым,
Сүйлөшкүсү келип турду агамдын.
Кана кандай экөөбүз иш бүтүрдүк, Бир
кереги барбы биздей жарандын.
Баркын билбес колуңдагы алтындын, Мага
окшогон бири окшойсуң жамандын.
Үй бүлөңдөн кеп курчу – дейт - иничек,
Мен го, өзүмдүн алтынымды таап алдым.

Мен ишенбей калганымда таптакыр,
Сүйүү бакыт болот десе жалганда. Бул
жеңеңди издеп жүрүп эчен жыл, Араң
тапкам жашым өтүп калганда.

Жолукпасам Бегимайдай безилдеп,
Мени таппай өтмөк экен арманда.
Раймалыдай өрттөгөмүн жүрөгүн, Агам
күлүп айтып жатты тамаша.
Ойлонгондой боло түшүп бир саамга, Апкел
– деди - базарлыктан бир маалда. Такыр
татпай койгонума негедир,
Ушул чакта болуп турам арманда. Эч
нерсе эмес шерик болоор адам бар,
Жеңең сага келет - деди жардамга.
Кана кемпир алып ийип ырдап кой,
Айтып кетсин ырчылыгың бул шаарга.

Карасам алтынына назар буруп,
Тепкилеп жатабы же ичимде угут.
Сөз да жок сулуулугун сүрөттөөгө,
Калгансыйт бул дүйнөгө кокус туулуп.
Ал эмес ырдаганы, күлгөнү да,
Жаткансыйт өзүнчө эле нурга жуулуп.
Пенделик лабизимен айрыла албай,
Ичимен алам секин улутунуп.

Сыртынан сыр алдырбай сынак куруп,
Байкадым чоң сүйүүнү таза, тунук.
Экөөнүн бактысына башым ийдим,
Алардын окшоштугун баалап туруп.

Ырыстуу улуу тоонун арасында,
Махабат өнөт тура, кайра туулуп.
Ыйыктык, улуулугун сездим дагы,
Сыйындым чын дилимден кулдук уруп.

Эртеси күнү аска - зоолорду аралап, эркимди сыноого бет алдым. Аба жетпей демим кыстыгат. Улам бир аскага жабышып, өжөрлөнө өйдөлөйм. Турмушумда көп нерсеге жетпесем да, ушул

жерде турганымда, ааламдын туу чокусунда тургандай башка адамдардан бийиктей сезем өзүмдү. Көнүлүм арууланып, жан дүйнөм тазалангансыйт. Дүйнөдөгү бардык адамдарга ушул тоолордогудай ыйыктык, бийиктик жана тазалык каалагым келет. Эч бир адам оорубаса, жамандык көрбөсө, ажырашуу болбосо, эч ким жалгыз калбаса экен деп, тоолорго жана Жаратканга сыйынам.

Кайрылып жигит курак келген сымак, Көөдөндө
дүрт!-дей түшүп күчтүү дымак. Тырмышып тик
аскага канжар миздүү, Турамын мен өзүмдү
өзүм сынап.
Илбирстей илгир курак өткөн экен,
Аргасыз шуу үшкүрөм, көңүл сынат.

Тескей беттен сапырылты кар бүркүп,
Бара жатат бир топ кийик ана үркүп.
Кожоюну аска - зоонун илгертен,
Сызып чыкты атырыла бир бүркүт.
Кайнай түшүп жапайылык канымда,
Башка тебет денем кызып кан дүргүп.

Кожожаштын тукумусуң - деп алам,
Жетип карма , эгер болсоң сен күлүк.
Эстей коюп баш айланып жатканын,
Пендесиң деп коем кайра үшкүрүп.
Өмүр бою көкүрөккө жатталып, Эсте
калды көз ирмемдик ал мүнөт.

Жүрөк кургур ыргычудай кабынан,
Кызыктай бир кыялдарга кабылам.
Корккonуман кош көрүнүп көзүмө, Тике
таштап атырылат кабылан. Бет
алдымдан тырмактарын арбайтып,
Кол салчудай ыкыс берет куу мастан.

Далайы өзүн көрбөй атын угаар,
Мекkenин дал өзүндө болгон тумар.
Таң эрте ташка чыгып таңшыганын,
Укканда кандай пенде болбойт кумар.
Таранып тоонун көрктүү эркесиндей,
Тамшантып таш короого конот улар.

Кар аралаш жамгыр келди себелеп,
Түндөсү кыш, күндүзү жай элестет.
Жуурулушуп жатат мында төрт мезгил,
Оо Жараткан, кандай гана керемет.
Сугуң түшүп сулуу кыздай көркүнө,
Сулуулукту баскың келбейт тебелеп.

Ак буладан булуттарды жамынып,
Аскалары кылымдарды карытып.
Аппак жоолук салып алып башына,
Тирүү гүлдөн турат мончок тагынып.
Турам көпкө келмем түшүп оозуман,
Табияттын сыйкырына багынып.

Катаал коздук кут нуруна киринип, Күн
күлүңдөйт аска учуна илинип.
Жаратылыш жан жыргата көз ымдайт, Түркүн гүлдөн шайы көйнөк кийинип. Элес келет бул коздукка кабылса, Өлгөн жан да кетүүчүдөй тирилип. Дал мүрөктүн суусунан да туптунук, Булактары ташты жарат жулкунуп. Жигиттери бийик болуп аскадай, Сүйүүсүнө бекем болот бек туруп. Ошондуктан кыргызымдын кыздары, Турат дайым тоо гүлүндөй кулпуруп.

Касиеттүү кең Чаткалдын баш жагы,
Асман тиреп Авлетимдин аскасы. Ушул
жерде сур эчкиге өчөшүп, Мерт болгон
го Кожожаштын жаш жаны. Ою жетип,

колу жетпей теңине, Канча аккандыр
Зулайканын көз жашы.

Булут менен аска турат бойлошуп,
Көпкө турдум ал жерде да ойлонуп.
Ушу аскада калган ээ дейм Кожожаш,
Зулайкага кайтып барбай зар болуп.
Кылда учуна жете түшүп асканын, Селт
дей түшөм ачуу түштөн ойгонуп.

Укмуштуудай бир коздукка кабылып,
Катып турдум аска - ташка жабышып.
Кызыл - тазыл түскө айланып кубулуп,
Күйүп жатты күн нуруна чагылып. Кар
жана гүл, гүл жана кар алмашып,
Жатамбы деп ойлоп коем жаңылып.

Ыйлап - ыйлап бактысы жок кем
таалай, Көрүп туруп түгөйүнө жете
албай.
Балким гүлгө айлангандыр Зулайка,
Ошол жерден кыйып аны кете албай.
Көк муз болгон Кожожаштын жүрөгү,
Гүлгө тийип, ээрип жатат, аттиң ай.

Бороон боздоп жатса дагы кар уруп,
Гүлдөр өсөт мында неге кулпуруп.
Чын назиктик жана сүрдүү сулуулук,
Бири - бирине ашык жардай умтулуп.
Болсо керек жакындаткан экөөнү,
Табияттын чын сүйүүсү өтө улук.
Айлар, жылдар бири - бирине
жалгашып, Жаткан менен канча
доорлор алмашып. Майдаланып бара
жатат эр - катын, Бири - биринин көзүн

боеп алдашып. А бул жерде
Зулайканын сүйүүсү,
Өсүп турат таш бооруна жармашып.

Колдон келсе жаным үрөп күнү - түн,
Сыйынаарлык баары келип тирүүнүн.
Көңүлүнө кылчалык кир калтырбай,
Өчүрөөрлүк бүт адамдын күйүтүн.
Авлетимдин аскасына жанаша, Курбайт
белем мунарасын сүйүүнүн.

Анда келип жашы менен карысы,
Таазим этип сыйынышмак баарысы.
Арам ойдон азгырылма мүнөздөн,
Тазаланмак жүрөгүнүн кагышы.
Тазалыктын аруулуктун дагы да, Бүт
табылмак ушул жерден дарысы.

Эртең кетем - деген күнү ал агам менен көпкө чейин турмуштун ой - чуңкуру, жаштык - карылык, төрөлүү - өлүү жана ушул сыяктуу маселелер жөнүндө кеп курдук. Турмуш деген эмне? Жашоонун өзөгү эмнеде? Бул жашоого эмне максат менен келдик, эмне жумуш бүтүрө алдык? Ар кимибиз өз көз карашыбызды ортого салып олтурдук. Негизинен көз карашыбыз окшош болуп чыгып жатты. Ал акем мага мына булар жөнүндө айтып берди:

Алдын ала кимдер болжойт ким билээр,
Өмүрүңдө көп болоттур боштук жер.
Кээ бир күнү канат байлап каткырсаң,
Турмушуңдан күнүң болот таяк жээр.
Көзүң катып туурам нанга зар болсоң,
Кызыктырбай калат бир күн алтын зер.

Айрый албай туурасын же катасын,
Билип туруп кокус жаздым басасың.

Артынан кууп колго тийбес бакыттын,
Далай - далай белестерди ашасың.
Өмүр өзү ашык баштай сезилип,
Кээ биринде келбей калат жашагың.

Боштуктарга батат өмүр чулганып, Ал
боштукту көз жаш менен суугарып.
Наадандардын, мерездердин айынан,
Ылайланат тунук сезим булганып.
Жакшы адамдар бирок дайым бар үчүн,
Ал көз жаштан чыгат күлкү таш жарып.
Суута чөгүп, отко күйүп ашыкча,
Болбосторду болтурам деп ашыкпа.
Куусаң качат карматпаган закымдай,
Эч ким тойбойт, тойгон да эмес бакытка.
Бакыт деген бул көп нерсе, өтө көп, Өлчөй
келсең толбой калат кашыкка.

Тагдырга туруп болбойт такыр каршы,
Пенденин ошол эле чама - чаркы.
Кайдагы жетпегенди эңсебестен,
Кадырын колдогунун билген жакшы.
Акмактын акмактыгын кечире бил,
Өмүрдүн түшүнгөнгө ошол баркы.

Турмуштун болот тура эки жагы,
Күңгөйү, тескей бети анын дагы. Он
беши айдын деле жарык болуп, Он
беши болот тура ай караңгы.
Каткырсаң бүгүн, кайра эртең өксүп,
Өмүрүн агат тура ойку - кайкы.

Жаздагы дарыядай ташып, ээрип, Бирөөгө
ашык болсоң жаның берип. Кайрадан
көчкөн журттай көөнүң калып, Аныңа
башка бирөө кылат ээлик. Жанчылып

жакшы үмүттөр таш сүзгөндөй, Бармагың
чорт тиштейсиң жаның кейип. Жашоодо
бирде кубаныч, бирде кайгы, Төп келген
төрт тарабы адам барбы.
Ден соолук, бакыт, байлык баары болуп, Асманда
Айды кармап алсаң дагы. Баары бир бир кемчилиң
толбой турат, Адамдын напси тойбойт, напси жарды.

Чындыкты айтуу кыйын аны сезем,
Өзүм да билбей турам кандай десем.
Төрөлүп кайра жалп - деп өчүп калуу,
Көр пенде ошон үчүн келет экен.
Жаралып келгенден соң кайра эле,
Өлүмгө кезек күтүү - жашоо деген. Бир
жаралып келгенден соң өмүргө,
Жамандыкты уялатпа көңүлгө.
Бул дүйнөгө конокбуз биз күнүмдүк,
Сууга салган самынга окшоп көбүрбө.
Ойлон иним, бүгүн барсың эртең жок,
Жашоо өзү - кезек күтүү өлүмгө.

Жашоо өзү кезек күтүү болгон соң,
Тизгин тартып ошол жагын ойлонсоң.
Топуракка кана тоет эки көз, Арам
ойдон алыс болуп жүргөн оң.
Барганыңда адил соттун алдына,
Өтпөй калат билбептирмин, ой тообоң.

Бурай кармап ансыз да айрык өңүрүн,
Бечаранын оорутпагын көңүлүн.
Баарыбызды бирдей кылып жараткан,
Максат эмес кыйын болуп көрүнүң.
Алдым – жуттум ач көз болуп жашасаң,
Анда текке кеткендиги өмүрүң.

Кези келсе ар пендеге өлүм ак, Ажал
менен коркутпаймын эч кимди.
Медер тутуп бийлик менен байлыкты,
Бул жашоого мансап үчүн келдиңби?
Баары калат эч нерсе албай кетесиң,
Бейишти да сатып алам дейсиңби.

Байлык менен бийлигиңе сүйөнүп,
Ойлобогун каламын деп түбөлүк.
Эртең эле түбү түшкөн челектей,
Көрөөр күнүң агып кетет - түгөнүп.
Биз жолукчу жалгыз гана дүйнө бар,
Жашоонун да негизинен түбү - өлүк.

Кайра айнып ойлоп турган оюман,
Андан ары дагы башка ой курайм.
Балдарымдын күлкүсүнө көз таштап,
Жаштыгыма бакытыма жолугам.
Мураска алып ата - баба энчисин, Ууч
узарып урпактарда жол улайм.
Кече гана толуп турган көл соолуп, Чымга
айланып кеткин дейли, күл болуп. Өз
каныңдан кайра айланып балага, Жашоо
деген - дагы ачылат гүл болуп. Канткен
менен тирүүлүктүн алдында,
Өлүм алсыз, жармашпасын миң тооруп.

Өмүр көктөйт күндө жаңы төрөлүп,
Ошондуктан жашоо турат көгөрүп.
Келген сайын ар бир жаңы наристе,
Арсыз ажал жатат күндө, өзү өлүп.
Кантсе дагы – адам дайым ишенгин,
Чыгаарына чириндиден гүл өнүп.

Ал акем - баягы мен берген ырларды эмне кылдың деп сурабаганы менен, мен өзүмдү анын алдында алсыздыгымды, эч

кандай аракетимдин жоктугун билгизип койдум. Экөөбүз тең ал ырлар жөнүндө сөз козгоодон качып турдук. Бирок мен ичимден ушунчалык алсыздыгыма, берген убадамды актай албаганыма, агамдын мага берген аманатын сөзсүз аткарам деп ага айта албасам да, ичимде өзүмө - өзүм катуу убада берип жаттым. Ал баарын сезип турду. Ал дагы ойго чөгө түштү да, иним – деди - азыр сотка деген немеңер чыгыптыр, колуңдан келсе ушул номерге ушул ырды жөнөтө аласыңбы? - деп мага төрт бүктөлгөн кагаз берди. Ал бир кездеги өткөн турмушун эстеп, кыздарын унута албай жүргөндүгүн ушу ырдын эки сабын окуганда эле түшүндүм. Ал ыры мындай деп жазылган экен -

Оо, ал кезде коркпой такыр кесирден,
Өз бактысын өзү тепсеп эсирген.
Силер үчүн кайыл болуп баарына,
Болмок анда апаңарды кечирсем.
Түштөн кийин актанганда не пайда,
Балким мен да катачылык кетиргем.

Дебегиле таш боор, мерез кандай жан,
Апаң айтса ишенбегин - ал жалган.
Жүрөгүмдө жашайсыңар мен барда,
Кызымсыңар боор этимден жаралган.
Өзүңөрдү бир көрүүгө жарабай,
Көөдөнүмдө жашап келет дале арман.
Эч ким тойбойт бул жашоонун оюнуна,
Бир күн кетем кара жердин койнуна.
Билбестиктен убагында кетирген,
Күнөөлөрдүн баарын алам мойнума.
Колдон келсе каталыгым кечирип,
Көзүм барда кабарлашып койгула.

Ал агам менен жылуу коштошуп, кайра артыма кайттым. Ал мени көзү менен узатып калгандыгын желкем менен сезип келаттым. Жолдо келе жатып ар кандай ойлорго берилем. Ар бир пенде бешенесине жазганын гана көрөт - деген сөздүн маанисине

жетүүгө аракет кылам. А балким, чын эле ошондойдур. Алла Таала пендесин жаратканда анын тагдырын, келечегин маңдайына жазып коет - деген сөздү ой калчап көрүп, чын эле адамды жаңы түйүлдүк болуп калыптана баштаганынан баштап эле келечекте кандай өмүр сүрөөрүн, кандай тагдыр күтүп тураарын азыркы компьютердин программасы сыяктуу эле программалаштырып койсо керек деген ишенимдүү жыйынтыкка келем.

Көрдүң беле бир адамды армансыз, Бул
жашоодо оңбу, же терс каарманбыз.
Кадам сайын батабыз го күнөөгө, Дал
ошондой жаралып биз калганбыз.
Бешенеге жазып койгон сызыктан,
Чыгуу үчүн бардык пенде дармансыз.

Бир да чымын өлбөйт экен бейажал,
Эгер болсо кырк жыл бою кыямат.
Шайтан минип олтурса эгер мойнуңда,
Адам напсин кимдер кантип тыя алат.
Биз калабыз кулу бойдон напсинин,
Ушундайча чыгардым мен тыянак. Биз
актербуз, турмуш оюнун ойногон,
Бирин колдоп, а бирөөсүн кордогон.
Мен кээ бирде таң каламын тагдырга,
Жакшыны тээп, акмактарды колдогон.
Кээде жаным өтө кейип кеткенде,
Турмуш өзү туура эмес - деп ойлоном.

Улам ылдыйлаган сайын айланам баштагыдай шаңдуу көрүнбөй, тээ качанкы өткөн турмушумдун бир үзүмү кылт - этип кайра-кайра эсиме түшүп келе жатты....

Дүйнөдө жакшы-жаман, Аралаш
жашайт экен.

Жаманмын анда өзүм,
Бардыгын жаман десем.
Сактаган адамдар көп,
Атакты “Адам” деген.

Кылчайсам өткөнүмө, Арада
кээ бир кээ бир. Тартылат
көз алдыма,
Арт жакта калган өмүр.
Жакшыдан сый көрсөм да,
Жамандан калды көңүл.

Апакем айтып калчу, Алып
жүр дайым ойго.
Түгөнгүр турмуш аттуу,
Чыгаарсың алыс жолго.
Суу кечсең, жылаңаяк,
Минээрсиң бир күн жорго.

Чындык деп чыркырасаң,
Малынаар башың шорго.
Беш манжаң бирдей эмес,
Унутуп муну койбо.
Алыңдын жетишинче,
Алсызды дайым корго.

Алдагы алтын башың, Ылайым
аман болсо.
Көрөсүң көзүн менен, Жараткан
болсун ойдо. Жакшыга таазим
эт да, Жаманга капа болбо.

Аллага ыраазымын,
Үстүмдө үйүм жаңы.
Балдарым барктап турат,

Не десем даяр баары.
Бирок да жашап келет,
Көңүлдүн бир арманы.

Акылсыз пенделер бар,
Көтөрүп мурдун көпкөн.
Жакшы көп жардам
кылаар, Экөөсүн бирдей
көргөн. Бир мисал
келтирейин, Турмуштан
баштан өткөн:

-Канча убак өтсө деле,
Дагы эле эстей берем.
Бир жолу тоого бардык,
Жетелеп үмүт деген. Ар
кандай кептен салып,
Жанымда Өскөн акем.

Эшекти айдап алып, Жол
жүрүп, баратабыз. Өр
тартат улам улам,
Бараар жер али алыс. Сыр
бербей чарчасак да,
Алдыга сүрөйт намыс.

Илешип артыбыздан, Итибиз
ээрчип алган. Шимшилеп
жортуп жүрөт, Куурагыр
ачкалыктан.
Ал эмес, бизге да жок.
Кор болчу баягы ак нан.

Артынып алганбыз бүт,
Төшөнчү, кетмен, күрөк.
Кайнаган жайдын күнү,
Барабыз күйүп, түтөп.
Мерчемге жете албастан,
Жолдо бир калдык түнөп.

Эртеси алтын издеп,
Тырмалап тоону - ташты.
Чукулап керки менен,
Көрүп ал жандалбасты.
Эч нерсе таба албастан,
Аябай маза качты.

Үзүлгөн үмүтүбүз,
Акыркы күчтү соруп. Далбастап
жанды кыйнап, Өсекем калды
ооруп. Кыңкыстап араң
сүйлөйт, Жаткандай ажал
тооруп.

Жүктөрдүн баарын таштап,
Кайтууга туура келди.
Акемди сүрөп - таяп,
Кайрадан аштык
белди. Мен аны
алаксытам, Аз калды
мына эми.

Тигилип боз үй турат,
Кыр ашып келген кезде.
Кымыздын жыты урат,
Жел жортуп өтсө кээде.
Жуталы деп ойлодук,
Кымыздан кере - кере.

Астейдил учураштык,
Жанына жакын барып.
Билмексен тетир басат,
Жылкычы сыртын салып.
Аттиң ай, пейилибиз,
Кеткенби ушунча тарып.

Мен аны саначумун,
Адам деп өтө мыкты.
Куу чөпкө оозун аарчып,
Көз көрүнөө битин сыкты.
“Аз эле сүт берет” – дейт,
“Куурагыр мобул жылкы”.
Эңсеген кымыз эмес,
Үйүнө кир - деген жок.
Башыма муш жегендей,
Жан дүйнөм кетти боздоп. Уялып
өзүм кайра,
Качканча шаштым окшойт.

Үйүнө конок келсе,
Келгендей ырыс бакты.
Бир кесе кымыз эмес,
Алдына тарткан атты.
Тоголоп тыйын үчүн,
Унуттук улуу салтты.

Жашообуз түзүк эле,
Пейлибиз тарып барат.
Жоготтук асылдыкты,
Болсо деп байлык самап.
Ырайдан кайтсак боло,
Үшкүрөм... атаганат.

Ылдыйлап баса түшсөк,
Кыштактын турат орду.
Ушуну көзүм көргөн,
Жан элем кандай шоордуу.
Бир кезде бейиш эле,
Ээледи кайра ойду.

Айылым Коргон-Төбө, Оо,
менин туулган жерим.
Киндик кан сенде тамган,
Кулунуң элем сенин.
Эмики абалыңа,
Билбеймин эмне дээрим.

Туруштук бере көргүн,
Турмуштун бул селине.
Кезеги көркоолордун,
Чыдабас эл демине.
Төгүлгөн кайра толоор Кой
деймин – көп кейибе. Бир
кезде бул жерде да,
Туруучу жашоо кайнап.
Дың жердин көзүн аччу,
Трактор эгин айдап.
Берешен талааларың,
Ээнсиреп калды жайдак.

Бардыгы бар болуучу, Медпункт,
мектеп дагы.
Бул жерде кыштаар эле,
Совхоздун сансыз малы.
Баары бир пайдасы жок,
Айтканда эмне аны.

Жаңы эле курулуштар,  Бардыгы
калган кыйрап. Азыркы көрүнүшү,

Жүрөктү эзет кыйнап. Чыгарып
букту келет,
Өңгүрөп алгым ыйлап.

Жакшылык тилек менен,
Жаш келин бетин жууган.
Чаңга оонап тоголонуп,
Тешилген жатат кумган. Тентитип
түптүү элди,
Мындан да жашоо кууган.

Куураган тал боорунда,
Илинип калган элек.
Түбүндө күлгө оонап,
Үргүлөп жатат эшек.
Шашпагын деп аламын,
Жакында кытай келет.

Көңүлдү кайгы ээлейт, Эшекти
карап алып.
Башында мээси жоктун,
Таштасаң баарын атып. Эшектен
айырмасы не, Жатышса жерин
сатып. Чоңдоруң чыккынчылык
Кылышып сатса жерин.
Далбастап чет фирмалар,
Алтындын казат кенин. Жөтөлсөң
камап коет,
Кимге өтмөк менин кебим.

Кайрадан кайрат кылам,
Бүтөттүр уруш - талаш.
Ашуунун аркы бети,
Чаткалга жакын Талас.
Кордуктан куткаруучу,
Чыгаттыр да бир Манас.

Башы жок билермандар,
Болбостур дайым саа кас. Түптүү
журт кутман элсиң,  Чыдагын
дагы бир аз.

Кыргызга тутка болоор,
Элимден чыгаар Манас.

Ылдыйлап келатабыз,
Жолдордун баары таштак.
Чолоңдоп чок баскандай,
Келатат эшек да аксап.
Чыдатпай чалыккандан,
Буттарым чыкты какшап.

Турмуштун көйгөйүнөн,
Ташыркап бүткөн жүдөп.
Суу жектеп ар ар жерде,
Кум элеп элдер жүрөт.
Бутунда жыртык өтүк,
Колунда кетмен, күрөк.

Аргасыз алтын издеп,
Челектеп шагыл ташып,
Илмейген арык бала,
Жаныма келди басып. “Канча
алтын таптың?”-десең
Желкесин коет кашып.
Ырысын ушулардын,
Көркоолор жатат жешип. Өз
элин таламайды,  Алышкан
кылып кесип.
Каргышы бүткүл элдин, Чыгат
го бир күн тешип.

Геолог болду аргасыз,
Беш жашар баласы да.
Курамын ар бир таштын,
Сурасаң айтат даана.
Билгиси келбейт такыр,
Бир “КыргызАлтын” гана.

Эч жерге сөзүң өтпөйт,
Жетпешин билем алдын.
Иштетет чет фирмалар,
Банкрот “КыргызАлтын”.
Үшкүрө ташка олтуруп,
Мында бир кейип алдым.

Бардык эл билишет го,
Чыкпашын сөзүн жалган.
Депутат бир гана эмес,
Премьер ээлеп алган.
Элине жоңкону да,
Таптакыр артпай калган.

Алтындуу жердин баарын,
Алптарың алган ээлеп.
Жанына жакын барсаң,
Кубалайт “кеткиле!”-деп.
Бизге эми жалгыз гана,
Ачкадан өлүү керек.

Көчүктү кыскының дейм,
Чоңдорго көп асылба.
Жөтөлдүн керегине,
Тийишпе - кой ашына.
Эринди кырча тиштейм,
Күч келет өз башыңа.

Баарыбыз билебиз го, Биз
Садыр Жапаровду.
Бийликте билермандар,
Анын да көзүн ойду.
Чыркырап чындык үчүн,
Түрмөдө болду орду.

Балээге башын сайып,
Чыркырап мекен үчүн,
Көзүнө көрсөтсө да,
Укпады эч ким үнүн.
Чындык деп шоору катып,
Түрмөгө алмашты үйүн.

Өзүмдү сооротомун
Бизди да түптүү эл дейт.
Дайыма чапкан сайын,
Көз дагы чыга бербейт.
Оңолоор бир күн заман,
Айланып келет кезек.

Кытайдын фирмасына, Акыры
келип жеттик.
Жардамга кайрылууну,
Экөөбүз бирдей чечтик.
Машина чыга келди, Ич
жактан сигнал берип.

Кароолу чет фирманын,
Баягы Болжур экен.
Мен аны көрүп эле,
Жолубуз болду дегем.
Анчалык кубанбасмын,
Төрөсө эркек энем.

“Кыйналдык алыс жолдон, Калды
го агаӊ ооруп.
Агаӊды ала кет”-деп,
Сурандым мен жалооруп. Биз
жакка мисирейе,
Тиктейт ал чылым соруп.
“Сала албайм бөтөн адам,
Урушат мени шефим”.
Дегенде бизди карап,
Жөн эле күйүп кеттим. Ишенбей
кулагыма,
Оозуман түштү кебим.

Ордуман жыла албастан,
Нес болуп катып турдум.
Машина жөнөгөнүн,
Үнүнөн анын туйдум. Тилденип
жиберипмин, Ылайым кусур
урсун.

Энтигип араӊ сүйлөп, Ал
акем карайт мага.
“Төрүмдөн чыкпачу эле,
Жашында ушул бала.
Өлтүрүп койбоптурмун,
Кейийт ал - мага чала”.

Мингизип эшегине,
Кайрадан жол уладык.
Жамандык – жакшылыктан,
Кеп салып сөз курадык.
Айынан ушулардын,
Деп коет – “биз куурадык”.

Жамаӊ го чыккынчыдан,

Мындайлар маалы келсе.
Сатканга баарын даяр,
Дүнүйө байлык десе.
Эсинен чыгып кетет,
Алпештеп баккан эне.

Дүнүйө бейопа деп,
Карылар айткан кеби. Жаныма
тынчтык бербей, Ойлонтуп
келет мени. Азыраак
улантпасам, Калгансып турат
кеми. Жакшылар жүрүшсө көп,
Таба албай ичээр ашын.
Акмактын неге анда,
Кулатат өйдө ташын?
Турмушуң тетириби,
Ушуга катат башың.

Аралаш жакшы – жаман,
Бири кем дүнүйөбү?
Колунан сүйгөнүңдүн,
Бир күнү ичесиң уу.
Гүл өсөт таш үстүнө,
Ушундай турмуш оюну.

Орустан оолак калып, Таркаган
Союз жаңы.
Кымкуут, чакчелекей,
Болгонун билет баары.
Ак ниет, момундардын,
Калбаган адам саны.

Союздун саясаты,
Сакталбай болду
тамам. Көркоолор
кудуңдашып, Башыңа

чыккан заман. Ак жүрөк
адамдарга,  Эң эле
болду жаман.

Катыным үтүрөңдөйт, Үйүмдө
балдар ачка. Жумушуң жок
болгон соң, Табасың кайдан
акча.
Карынын тойгузууга,
Далбастап издейм арга.

Чыдабай оор турмушка
Арада ичип алам.
Жерге кир темтеңдебей,
Какшанган сөзгө калам.
Бир өзүм күнөөлүүдөй,
Мен жерге башты салам.
Бир жолу алтын издеп,
Суу өрдөп сайга баргам.
Лесхоздон уруксат жок,
Сатам деп отун алгам.
Капыстан прокурордун,
Колуна түшүп калгам.

Штраф төлөйсүң-деп,
Күнүгө суракка алат.
Таппасаң жата бер - деп,
Бир күнү койду камап.
Акча издеп жүрдү байкуш,
Катыным далбасалап.

Заманың - минтип турса, Бирөө
ага бермек беле. Жалдырап
ага буга,

Мээнети кетти текке.
Түшүнүп турдум баарын,
Ал куру далбас эле.

Жатамын камерада,
Кантем деп башты тырмап.
Кыйратып коюшкансып,
Жөнү жок сабап урат.
Мээси жок немелерче,
Менттерден кеткен нысап.

Бир күнү прокурору,
Чыгарып сөзгө тартты.
Мынча сом бересиң деп,
Ал мага ачык айтты.
“Акчаны кайдан алам” -,
Ойлонуп башым катты.

Муунтуп таштасамбы, Ар
жакка кетти оюм. Мен
андан өйдө экенмин,
Сездирди акыл - туюм.
Бул итке теңелип мен,
Ойлодум ит болбоюн.
Далбастап иштеп
жаткан, Балдарга чыгып
бардым. Алардан сурап
жүрүп, Азыраак алтын
алдым. Акчага
алмаштырып,
“Мегин!” - деп бере салдым.

Алгын деп эсептешип, Эми
сен “лесхоз” менен.
Прокурор ишин жапты,
“Жокмун” - деп акча жеген.

Тыгылып алкымына,
Андайдын калбайт экен.

Кичине картошка эккем,
Он сотых буудайым бар.
Аларды төгүп берсем,
Балдарым ачка калаар.
Эми эмне кыламын деп,
Куурулат заманам тар.

Ошентип лесхозу да,
Аябай төктү каарын.
Картошка буудайымдын,
Өткөрүп алды баарын.
Каяша кайтарууга,
Кантмекмин... барбы алым.

Калганын бересиң деп,
Артыман алды кууп. Эч
нерсем калбай калса,
Аларга беремби тууп.
Оңоюраак болоор беле,
Жанымды алса сууруп.

Тамсили Крыловдун,
Бүт ээлеп алды ойду.
Күнөөсүз күнөөлөшүп,
Көркоолор көздү ойду.
Карышкыр заманында,
Эл байкуш козу болду.
Лесхоздо иштейт экен,
Бир аял таанызбаган.
Жакшылык кылды мага,
Эч бири жасабаган.
Жараткан жеткирдиби,
Билбеймин аны маган.

Жакшылар бар экенин, Эскерем
эрте кечте.
Ошондо бул аялдын
Жардамы дале эсте.
Баарына карап туруп,
Сүйлөдү ал эркекче:

-Болду эми токтоткула,
Кыйнабай жөн жок эле.
Көзүңөр көрүп турат,
Калбады анда эчтеме,
Санынан кесип алып,
Же бөлүп бермек беле.

Жамандык көрө берип,
Баарынан көңүл калган.
Бир сөзгө жибип турду,
Жүрөгүм музга айланган.
Ээ боло албай койдум,
Жашыма көздөн аккан.

Жеп - жутуп тойбосоңор,
Мен төлөйм калган кемин.
Жекире баарын тиктеп,
Деди ал - бара бергин.
Эмгиче жүрөгүмдө,
Сактаймын ошол кебин.

Ал аял жүрсө керек,
Жакшылык дале жасап,
Жогорку сотто олтурат,
Баягы ууру кесеп.
Ушундай теңсиздикке,
Келебиз чыдап жашап. Өзүмдү
сооротомун,

Ойлордон жадаганда.
Каракчы прокурорду,
Жөнөкөй ал аялга. Мен
өзүм чын нээтимде,
Албаймын садагага.

Бирөөгө май талкан да,
Бирөөгө жашоо тозок.
Кыйынсып кээ бирөөлөр,
Элине атышат ок.
Жардамга колун сунат,
Ичинде карасы жок.

Жүрүшөт колдон келген,
Колдонуп амалдардын
Билишпейт кыяматта,
Кудайдан алаар каарын. Кордосо
бечараны,
Кордукка кабылаарын.

Эсирбе бечаранын,
Ыйманын жерге тепсеп.
Жолугуп кыяматта,
Бересиң бир күн эсеп.
Эсиңден чыгарбагын,
Алчу бар баарын тескеп.

Кошо алып кете албайсың,
Дүнүйө атак мансап. Мал
эмес - адам болсоң,
Артыңда ошол калат.
Андыктан абайла да,
Жашагын көзгө карап.

Ушуну ойлон пендем,

Мен киммин, кайдан келгем.
Бирок көп талтаңдаба,
Эркеле эркелесең.
Бардыгын көрүп турат
Жараткан өзү - эгем.
Айланып бизге дагы, Бир
күнү кезек келээр.
Капалык кайгылардын,
Бүт баарын жууп кетээр.
Качанга жүрө бермек,
Сайрандап балакеттер.

Жоготуп ал аялды,
Эмгиче таппай келем.
Ыйманым тазаланмак,
Алдына таазим этсем.
Бир жолу колун кармап,
Арман жок анан кетсем.

Чын эле жоготтумбу,
Издеймин эми кайдан.
Мен жазган ушул ырды,
Кокустан окуп калсаң.
Суранам үн салып кой,
Арылсын мендеги арман.

Өсекем баягыдай,  Кыңкыстап
келе жатат. Жыгылып
түшпөсүн деп, Арада коем
карап.
Замана не болот деп,
Баарына башым катат.

Көз таштап айланага,
Кылчактап карайм улам.
Ыдырыс кайып болгон,

Күмбөздү карап турам.
Элиме жардам кыл - деп,
Тиленип бата сурайм.

Каапырлар камаганда,
Тапкызбай кеткен дайнын.
Ороодой оозу турат,
Ыдырыс кирген жайдын.
Чаткалдын чок ортосу,
Күмбөзү пайгамбардын.
Келишет сыйынганы, Туш
- туштан элдер чубап. Ден
соолук, бакыт бер деп, Кээ
бири бала сурап. Аткарып
тилектерин,
Пайгамбар баарын угат.

Белгилеп Куранда да,
Айтылган ушундай кеп:
-Меккеге келбегиле, Алыстан
сооп издеп. Ыдырыс
пайгамбардын, Жайына
сыйынгын деп.

Чаткалым, ыйык жерсиң,
Пайгамбар мекендеген.
Өзүңдө изи калган,
Пирлердин эчендеген.
Андыктан жаңылышпайм,
Эли да ыйык десем.

Айылга жакындадык,
Алдыда жолду тороп.
Сүдүрөп оор темирди,

Бир бала сорок - сорок.
Ал четке чыга берип,
Ормое карап коет.

Мен аны тамашалап,
Темирди сатасыңбы?
Акчасын алып анан,
Кызыкка батасыңбы?
Камоктон арак алып
Мас болуп жатасыңбы?

Орунсуз тамаша айткан, Сөзүмө
сууп деми.
Наарaзы көзү менен,
Жекире тиктейм мени.
Силердей арак ичем,
Шу эле калды эми.
Өзүмдүн тамашама,
Какшыгын уктум кептин.
Чын эле бул темирди,
Сатасың кимге дедим. Кыжырын
келтирди окшойт, Азыркы
менин кебим.

Бардыгын сата бербей,
Болбойбу катып койсок.
Ойлонгун, эртең эле,
Элиме керек болот.
Жегичти ата турган,
Жасайм дейт болбосо ок.

Орустан калгандарды,
Кытайлар тоноп кетет.
Кайдыгер болсоң
кыргыз,  Түбүңө ошол
жетет. Кеч болуп кала

электе, Мекенди коргош
керек.

Чыгат деп күтпөгөнмүн,
Баладан мындай кепти.
Талылуу жерге тийип,
Өзөгүм өрттөп кетти.
Кубандым - бар экен го,
Кубалап алаар кекти.

Көмүлгөн баланы эстеп,
Жоомарттын жомогунда.
Ишендим эми чындап,
Мындайлар болооруна.
Ишендим кайра гүлдөп,
Мекеним толооруна.

Колунан кысып аны, Башынан
сылап турдум. Мындайлар
өсүп турса,
Кор кылбайт эми журтуң. Уучубуз
кур эмесин,
Ошондо чындап туйдум.
Ойлонткон саардан берки,
Капалык таркап кетти.
Элине тутка болоор, Мен
андан көрдүм чепти.
Тапшырсак болот демек,
Ишенип келечекти.

Аллага ыраазымын,
Үстүмдө үйүм жаңы.
Балдарым барктап турат,
Не десем даяр баары.
Бирок да жашап келет,
Көңүлдүн бир арманы.

# Мазмуну

Түбү - өлүк.... Тур - муш .... Жаш - оо ........ 3
Чыңгыз Айтматов ........ 159
Сергей Есенин ........ 175
Котормосу: ........ 175
Атактуу чыгыш акыны Саадиге ой улай ........ 181
Нооруз ........ 183
Апама ........ 188
Эжеме кат ........ 194
Жарты - Суу ........ 211
Чуулдак ........ 213
Түбү-өлүк... Тур-муш... Жаш-оо ........ 221
Сүйүү өзү ушунчалык туруксузбу, биз аны, же бейчеки урундукпу ........ 246
Турмуш – ошол үчүн тур – муш ........ 263
Тилим бар ........ 264
Кыйшык эшик ........ 264
Баш катты ........ 264
Ким жакшы? ........ 265
Кыш жыртылып калыптыр ........ 266
Балмуздак ........ 266
Табышмак ........ 267
Боорсок ........ 267
Күчүгүм ........ 268
Табышмагын өзүң тап ........ 269
Бүт баарым сен ........ 270
Жакшы көрөм экөөнү тең ........ 271
Мышыгыңды жыттай бер ........ 274
Оңой эмес ыр жазган ........ 274
Сүйүү керек жүрөктөн ........ 276
Жалкоолугум ооруду ........ 278

Эне тилден баштасак.......................................................................279
Какшык кеп........................................................................................280
Ыр жазалы, кел балдар...................................................................281

***Султан Ашыркулов***
***Түбү-өлүк.... Тур-муш.... Жаш-оо....***

*Башкы редактору*-КР. Журналисттер кошуунунун мүчөсү, Чаткал районунун www.chatkal.kg маалыматтык сайтынын редактору ***Мухамедалы Эшназаров***,

Компьютерде терген жана корректору-**Самара Субанова**

---------------------------------------------------

Нускасы 100 даана. Көлөмү 11 б.т. Басууга 23.12.19-ж. берилди.
"***Чаткал басма***" басмаканасында басылды.
Басмакана тел.: **Ватсап:** +996 777 745 914